**Кубан АБДЫМЕН**

# ТЫНЫМСЫЗ АККАН САЯСАТ

Бишкек - 2016

УДК ______
ББК ______
О ____

Кубан Абдымен.
**Тынымсыз аккан саясат:** Публицистика
– Б.: 2016. – 320 б.

ISBN ________________________________

Китепте эл аралык окуяларга байланыштуу жаралган ой-жүгүртүүлөр жана түрлүү божомолдор менен прогноздор, баа берүүлөр, аларга сары эсеп салып, талдоолор, түшүндүрүү аракеттери келтирилген. Китеп негизинен келечекте саясый илим жана эл аралык журналистикага кызыккан жаштарга, студенттерге жана кеңири аудиторияга арналган.

О ________________________________

ББК ______

ISBN ________________________________

© Кубан Абдымен, 2016
© «ММК колдоо борбору», 2016

# КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

*Китепте дүйнө жүзүндө жана ар-кыл аймактарда коомчулуктун кызыгуусун жараткан маанилүү окуяларга байланыштуу жаралган көз караш жана баамдоолор келтирилген. Негизги мазмунун 2014-2016-жылдары болгон окуялардан кийинки ой-толгоолор түздү.*

Дүйнөлүк маалымат агымы жок чоң саясат жүргүзүлбөйт. Саясаттын көптөгөн аныктамаларынын биринде: «саясат бул экономиканын концентрацияланган көрүнүшү» деп айтылат. Дагы биринде: «саясат бул мүмкүнчүлүк искусствосу» деген жери бар. Аны менен бирге эле ар-бир саясый кыймыл-аракеттин артында экономикалык кызыкчылык да тураарын унутпаш керек. Ал кызыкчылыкты ишке ашырып, пайдасын көрүү үчүн жөнөкөй атуулдан баштап ири мамлекеттик кызматтагы адамга чейин түрлүү иш-аракеттерди жана жүрүштөрдү жасоосу керек. Саясат ошентип жаралат.

Азыркы өнүгүү маалымат агымы менен тыгыз байланыштуу. Ааламдашуу процесси күч алган сайын, маалымат технологияларынын жетишкендиги  адам турмушунун баардык жагын каптап баратат. Интернеттеги социалдык тармактардын коомдо терең жайылышын токтотуу мүмкүн болбой калды. Андыктан аны менен кошо келаткан маалымат агымын да токтотуу мүмкүн эмес. Соцтармактагы ар-бир жарыя коомдук турмушка жаңы өзгөрүүлөр тууралу маалыматты киргизип, таасирин күчөтүүдө. Сан ариптик заманга чейин маалыматтын коомчулуктун баарына жетээр-жетпеси тууралуу сөз кылуу кыйын болчу. Азыр болсо маанилүү маалыматты жашырууга мүмкүн болбой калды. Натыйжада «реал-политик» деген терминдин заманы келип, анын таасири өсүүдө. Бул

термин мамлекеттик саясый курстун түрү. Аны алгачкы болуп атактуу немец саясатчысы Бисмарк киргизген. Бул курстун негизин саясат жүргүзүүдө мамлекеттик багыттын өзөгү катары кандайдыр бир идеологияны кабыл алуудан баш тартуу түзөт. Мындай саясат жүргүзүүдө максатка жетүү үчүн идеологиялык же моралдык көз караштан эмес, анын иш жүзүндөгү, практикалык жактан алгандагы пайдасын кароо маанилүү /Wikipedia/. Реалдуу саясаттын таасирлүү алгачкы тарапкери катары белгилүү италиялык саясат таануучу Никколо Макиавелли болгон.

Азыркы кезде бул түшүнүк коомдун турмушунун реалдуу жагын камтып, анын маани-маңызына жана зарылдыгына жараша адекваттуу жоопту талап кылган жаңы турмуштук мазмун катары кабыл алынат. Сунуш кылынып жаткан китептин максаты дүйнө жүзүндөгү болуп аткан түрлүү деңгээлдеги окуялардын коомдун жашоосуна, өнүгүү шартына жана турмушуна кандай таасир кыла алат, оң жана терс жактарын кандайча ажырата алуу мүмкүндүгү, ал үчүн эмнелер зарыл жана эмнелерди билүү керек деген түшүнүктөр камтылган. Китеп негизинен саясатка, өзгөчө эл аралык саясатка, жана маалымат агымынын азыркы учурдагы таасирин түшүнүүгө кызыккандар үчүн пайдалуу. Китепте эл аралык окуяларга байланыштуу жаралган ой-жүгүртүүлөр жана түрлүү божомолдор менен прогноздор, баа берүүлөр, аларга сары эсеп салып, талдоолор, түшүндүрүү аракеттери келтирилген. Китеп негизинен келечекте саясый илим жана эл аралык журналистикага кызыккан жаштарга, студенттерге жана кеңири аудиторияга арналган.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# КӨП ПОЛЯРДУУЛУКТУН ЗАРЫЛДЫГЫ

Эл аралык алака XXI кылымдын башында абдан ылдамданып, өзгөрүүлөр көз көрүнө байкала баштаганы талашсыз. Эки полярдуу болуп бөлүнүп келген дүйнө кыска убакыттын ичинде тарыхта болуп көрбөгөндөй өзгөрүп, бир полярдуу болууга ооп бараткан. Кылым башында дүйнө жүзү баардык жагынан кубаттуу жана алдуу болгон бир ири мамлекеттин күчтүү таасири астында калууга жакын калган. Ал мамлекет Америка Кошмо Штаттары. Түзүлгөнүнө жана дүйнөлүк аренада абдан таасирлүү күчкө айланганына салыштырмалуу аз болсо да, бул мамлекеттин уникалдуулугу эмнеде жана анын таасири качанга чейин уланып, эмнеге алып келиши ыктымал, анын келечеги кандай болот деп ойлонбогон саясатчылар же саясат таануучулар аз. Бул мамлекеттин башкалардан өзгөчө болгон белгиси ал түзүлгөндөн тарта ушу күнгө чейин 1787-жылы кабыл алынган Конституциясына, анда-санда гана оңдоолорду киргизбесе, башында кандай жазылса, ошо бойдон негизги мазмунун сактап келатышында. Баш-аягы болуп 27 түзөтүү менен алымча-кошумчалар киргизилген жана алардын баары турмуштун талабына жараша зарыл гана учурда кабыл алынган. Анын өзөгүн жеке менчикке кол тийбестик, демократиялык баалуулуктар жана сөз эркиндиги түзөт. Дал ушул пастулаттардын 1776-жылы Кошмо Штаттары негизделгенден ушу күнгө чейин өзгөрбөстөн, эффективдүү иштеп келатышы, тандоонун тууралыгын далилдеп, башка улуттарга үлгү болуп берүүсүн аныктоодо.

Айтылган үч пастулаттын актуалдуулугу азайбастан, күн өткөн сайын мааниси менен баркы өсүп баратат. Ошого байланыштуу АКШнын демократиялык баалуулуктар менен сөз эркиндигин жайылтуу аракеттери бир жагынан прогрессивдүү делген мамлекеттер менен улуттар үчүн абдан жагымдуу болсо, экинчи жагынан чоочун жана жат келген баалуулуктардын таңуулануусу катары кабыл алган өлкөлөр да арбын. Соңку ондогон жылдардын арасында түрлүү ыкма менен батышчыл көз караш таңууланып, тамыры илгертен бери калыптанып калган тарыхый жана маданий салттарга карабастан, дүйнөнүн ар-кыл бурчунда күчкө салынып, жайылтылып жатышы өзүн өзү сыйлаган элдердин арасында каршылыкты жаратпай коймок эмес. Алардын арасында демократиялык нукта өнүгүүгө абдан кызыгып, бирок түпкүлүгүн унутуп калган улуттарда, америкалык жана батышчыл көз караштар үстөмдүк кылып, өнүгүү багыты таптакыр башка жакка бурулуусу баарына жага бербейт. Терс жактары оркоюп көрүнүп калган учурларда элдин наааразылыгы да чыгып жатышы, батыш менен АКШнын улуттарды өнүктүрүү жана «прогресске» түртүү аракеттери баарына жараша бербээрин айгинелейт. Буга мисал катары Украинадагы февраль революциясынын эпкини менен 2014-жылкы бийликтин алмашуусун АКШнын эч-бир тартынбастан колдоого алуусу эмнеге алып келгенин келтирсе болот. Океандын ары жагындагы достордун колдоосу менен башталган жаңы кыймыл-аракет Европада жайгашкан мамлекеттин шаштысын кетирип, эл аралык деңгээлдеги маселеге айланышынын артында чоң күчтөр турганын туюндурат. Андай болбогон күнү деле азыркыдай өз алдынча аракет жасоо Киевде эбак эле башталмак. Анын биринчи үлгүсү катары КМШ түзүлүп жатканда эле Украина өзү үчүн өзгөчө шарттарды талап кылганы далил. Бирок саясый ажырым четтен жасалган кийлигишүүдөн катализдешип, Россия менен Украинанын мамилесин согуштук деңгээлге чыгарып салды. Башынан бийлик катмарындагы болуп жаткан касташуу азыр башка катмарларды аралап баратат. Улуу Ата-Мекендик

согуштун жыйынтыктары катуу бурмаланып, орустарга каршы турган баардык топтор баатырларга теңделип, нацисттер менен кошо жасаган кылмыштарына карабастан, мамлекеттик деңгээлде даңазаланып жатышы Россияны абдан кабатырлантууда. Миң жылдан бери бирге жашап, бир мамлекет катары өнүгүп келген Россия менен Украинанын ортосундагы азыркы түзүлгөн мамиленин оңдолуусу үчүн эми кеминде эле ондогон, а мүмкүн андан да көп убакыт керек болот. Албетте бул эки улуттун ортосундагы азыркы мамилеге бир эле АКШ күнөөлү деп айтыш туура эмес. СССР ыдырагандан кийин өзүнүн дүйнөлүк урмат-сый менен беделинен ажырай түшкөн Россия, мурдагыдай баарына, анын ичинде Украинага да, метрополдук мамиле жасап, үстүртөдөн башкаруу ыкмасынан чыга албай жатышы да чоң себепкер. Эки эл илгертен жакын болушса да, тымызын тирешүү жана улутчулдук маанайдагы эки тараптык чатакташуу бир заматта пайда боло калган жок. Кылым башында адегенде Кара деңиздеги аскер деңиз базасынын тагдыры, кийин Крым, андан кийин Донбасс маселелери эки өлкөнүн ортосунда чоң жараканы жарашууга кыйын деңгээлге алып чыкты. Ал эми батыш менен АКШ түзүлгөн кырдаалдан өз пайдасына упай топтоо мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарган жок. Аны менен кошо Украинага 1954-жылдан тарта таандык делген Крым жарым аралынын Россияга киргизилиши, андан соң Донбасс аймагында атуулдук согуш чыгып, орусчул топторду Россия колдоого алуусу, АКШ менен батыш өлкөлөрүнүн Москвага жана таасирлүү орус саясатчылары менен бай адамдарына каршы санкция киргизүүнү шарттады. Бул кадам Россияга катуу тийгени, өзгөчө мунай-заттын баасы кескин арзандап кетиши, Москваны абдан жүдөттү. Бирок анын таасири батыш күчтөрү күткөндөй деңгээлге чыга алган жок. Ал турсун киргизилген санкцияларга каршы орустардын жооп катары жасаган кадамдары кээ бир батыш өлкөлөрүнө катуу тийди. 2016-жылы эки тарап тең тирешүүдөн пайда аз экендигине акырындап ынанып келаткандай таасир калтырышууда.

Кийинки мезгилдерде мунай-заттын баасы аркылуу өзүнүн дүйнөлүк таасирин күчөтүүгө өткөн АКШ, араб өлкөлөрүндөгү санаалаштарын көбөйтүү максатында «араб жазы» аты менен белгилүү болгон 2010-2011-жылкы элдик толкундоолорду колдоп, анын натыйжасында бир нече араб өлкөлөрүндө бийлик алмашты. Мисалы Тунисте жөнөкөй нааразылык акциясынын натыйжасында күчөгөн элдик толкундоолор президенттин кызматтан кетиши менен аяктаган. Анын коңшусу Ливияда болсо 40 жылдан ашык убакыт бийликте турган полковник Муаммар Каддафинин өлтүрүлүшү менен гана чектелбестен, өлкөнүн үчкө бөлүнүүсүнө алып келип, ал жердеги абал ушуга дейре калыптана элек. Эки ортодо Бенгази шаарындагы АКШнын Генералдык консулу 2012-жылдын сентябрь айында Ливиядагы бийликти алмаштырган топтордун курмандыгы да болуп кетти. Консулдун өлүмүнө байланыштуу түрлүү божомолдор менен шек саноолор АКШнын мартабалуу чөйрөсүндө катуу талкууну жараткан. Ливиянын келечеги кандай болуусу тууралу ойлонгондор ал жердеги бийликти алмаштыруу операциясын иштеп чыгууда толук кандуу талдоо кыла албаганы азыр ийне-жибине чейин тастыкталды. Натыйжада Муаммар Каддафи 2011-жылы эле айткандай, Африкадан Европага агылуучу мигранттар агымын Ливия тоскоол болуп, кармап туруусу бузулуп, азыр жалгыз Германияга бир миллиондон ашык качкын кирип келди жана алардын Европага болгон агымы жакынкы арада токточудай түрү жок. Качкындардын агымын аз да болсо ирettештирүү максатында Түркия менен Германиянын бийликтери атайын келишимге келишкен. Анын негизинде Европага кирип, бирок мыйзамсыз деп табылган качкындар Түркияга чыгарылат. Ар-бир чыгарылган адамдын ордуна Түркиядагы качкындар лагерлеринен мыйзамдуу деп табылган мигранттар Европага Грекия аркылуу кирүүгө укук алышат. Түркия болсо бул иш чара үчүн 3 млрд. евро каражат алып, аны мигранттардын агымын ирettөө үчүн коротууга жана мыйзамсыз деп табылгандарды мекенине кайтаруу үчүн пайдаланат деп чечилген.

Бул чечим бир жагынан туура көрүнгөнү менен, Афганистан менен Сириядагы уруштан качкан жана Европага эптеп атып жеткен миңдеген мигранттардын наразылыгын жаратты. Ал эми батыш, өзгөчө Германия, Түркия менен жетишилген келишимдин алар каалагандай боло албай жатканына наразылыгын айта баштады.

2011-жылы Африканын түндүгүндө түтөгөн «араб жазы» акыры келип Сирияга да жетип, такалды. Бул өлкөнүн жүргүзгөн өз алдынча саясаты, ал жерде авторитардык башкаруу ыкмасы орнотулса да, анда жашаган элдин турмушу туруктуу, экономикасы өнүккөн, чет элдик туристтер үчүн абдан кызыктуу, кирешеси стабилдүү болушу дүйнөлүк таасирлүү жана ойлору алысты чапчыган күчтөргө жаккан эмес. Андай күчтөрдүн көксөгөнү коңшу турган бай араб мамлекеттеринен чыгарылган газды Европага жеткирүү үчүн Сириянын аймагы аркылуу өтүүчү газ түтүгүн курууга шарт түзүү, керек болсо бийликти алмаштырып, ал аркылуу экспортту көбөйтүп, киреше табуу болсо, газга муктаж болгон Европа өлкөлөрү Россиядан тышкаркы булактан арзан газ алууга жол ачуу пландары көрүнүп эле турат. Ошол себептен бир жагынан Сауд Арабиясы, дагы бир жагынан АКШ, үчүнчү жагынан Түркия расмий бийликке каршы чыккан Сириялык ички оппозицияны колдоого алып, 2011-жылдын күзүндө атуулдук согуш башталган. Эгерде Сирияда Россиянын илгертен, СССР кезинен, бери сакталып келаткан аскер базалары жана Россиянын акыркы он жылдын аралыгында бутуна толук кандуу туруу жана аскер тобун күчөтүү аракети ийгиликтүү болбосо, бул араб өлкөсү да бирөөнүн кезектеги жеми болуп калмак. Атуулдук согуш күчөгөн сайын, исламчыл экстремисттик топтор белгисиз деп айтылганы менен, кайсы бир баамдалган күчтөрдүн жардамы менен Ислам мамлекети (ИМ) аттуу куралдуу топту курап, ал Ирак менен Сириянын жарымынан көп аймагын өзүнө каратып алган. Акырындап күчүн топтоп, ИМ Сириянын расмий бийлигин кысымга алып, Дамаскинин жанына чейин кирип барган. Төрт жыл ичинде алсырап калган Сириянын расмий

күчтөрү жоготууларга дуушар болуп, акыр-аягы Россиядан жардам суроого мажбур болот. Ошондон баштап Сирияда гана эмес, жалпы Жакынкы Чыгышта жаңы этап башталып, эл аралык алака кескин өзгөрөт. ИГИЛ аты менен белгилүү топторду абадан бомбалоо операциясы 2015-жылдын октябрь айынан тарта Россиянын аскер учактары менен жүргүзүлүп, анын кесепети Россиянын Түркия менен мамилесине залакасын тийгизди. Ноябрь айында бомбалоодон кийин кайтып келаткан орустардын аскер учагы түрк аба күчтөрү тарабынан чек араны бузганы үчүн делип, атып түшүрүлгөн. Ошондон тарта абал дүйнөлүк чоң саясатка да терс таасирин тийгизип, чыңалуу бир эле Жакынкы Чыгышта эмес, бүт дүйнө жүзүндө күчөдү. Чыңалуунун өтө курчуп баратышы дүйнөлүк саясый лидерлерди ойлонтуп, алгачкы болуп Россиянын президенти В.Путин АКШ президенти Б.Обама менен Сириядагы согушуп жаткан күчтөрдүн ортосундагы ок атууну токтотуу демилгесин 2016-жылдын февраль айында көтөрүп чыгышына алып келди. Эки тарап өзүлөрү колдоп келген куралдуу топторду айдын аягында активдүү согуш жүргүзүүнү токтотууну сунушташат. Натыйжада Сириянын президенти Башар Асад жыл ичинде жаңы парламенттик шайлоо өткөрүүгө мүмкүнчүлүк алды. Бирок ок атышуу террористтик топтор болгон ИГИЛ, «Аль Каида» жана «Жумхат ан Нусра» уюмдарына каршы токтотулбастыгы да баса белгиленген. Бул планды ишке ашыруу максатында Россия менен АКШ Сириядагы базаларында бийлик жана оппозициялык тараптагыларга маалымат борборлорун түзүп, сүйлөшүү жүргүзүү аркылуу куралдуу тирешүүнү саясый тандоо жолуна чыгаруу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. ИГИЛдин негизги куралдуу топтору абадан өтө сезилээрлик соккулардан кийин көз көрүнө алсырай түшкөнү байкалган. Аны сезген Сириянын өкмөттүк куралдуу күчтөрү душманын ого бетер кысымга алып, тарыхый жактан абдан баалуу болгон Пальмираны жана бир топ маанилүү аймактарды бошотот. Россиянын сунушу менен расмий бийлик жана куралдуу оппозициянын ортосундагы куралдуу тирешүү токтоп, Башар

Асадка каршы чыккан Сириянын аймактарындагы тургундар согушту токтотууга макулдугун беришет. Расмий бийликке каршы Сириялык күрдтөр да согушун токтотушат. Бирок алар ИГИЛге каршы согуш аракетин токтотпостон, улантышат да Иракта исламчыл экстремисттер басып алган аймактын 40 пайызын, Сирияда болсо 20 пайызын бошотууга жетишет. ИГИЛдин мыйзамсыз мунай-затын сатуудан тапкан каражаты кескин азаят. Алар тарапта күрөшүп жаткандардын арасында мүңүрөйүү күчөп, кыйынчылыктар башталат. Абалдын өзү каалаган нукка бурула баштаганын байкаган Россия Сириядагы Хмеймин базасындагы аскер тобун жана аскер учактарын март айында мекенине кайтарат. Сириядагы абалды курчутуп жаткан ИГИЛди алсыздандыруу аркылуу өзүнүн шериги болгон Башар Асадтын тагдырын оң нукка бура алган Россия дүйнөлүк аренада абалын жана беделин бекемдөөгө жетишет.

Ошол эле кезде АКШга тең келе ала турган жаңы күч Азияда жанданып, Кытай азыртан эле эң ири экономикага айланып бараткан тануууга болбойт. Ошого жараша Кытайдын таасири да күчөп, буга чейинкиге караганда кубаты да, кайраты да өсүп, баралына жеткендей көрүнө баштады. Илгертен бери АКШ менен алакасы атаандаштык болуп келгендиктен, Кытай азыр да Американын Азиядагы ушуга чейин ойногон ролу жана таасирине ынана бербейт. Ал эми АКШнын абдан активдүү аракеттери күч алган сайын, Россияга окшоп, Кытай ага туруштук гана бербестен, каршы пикир айта тургандай деңгээлге чыгып калганын дүйнө жүзү байкап турат.

Акыркы он жылдан бери батыш менен АКШнын санкциялары жана чектөөлөрүнө тушуккан Иран акыры саясый сүйлөшүүлөрдүн негизинде жалпы бир тилге келип, 2016-жылдын башынан тарта өзүнө болгон мамилени өзгөртүүгө жетишти жана тирешүүнүн себеби болгон өзөктүк проектилери боюнча жалпы тил тапты. Натыйжада санкциялар алынып, эми Иран мунай-зат рыногунда да, экспорттук товарларды чыгарууда да, инвестицияларга жол ачууда да, мурунтан тоңдурулган

каражаттарын иштетүүгө мүмкүнчүлүк алды. Аны менен кошо Жакынкы Чыгыштагы саясатка да активдүү аралашууга кызыкдар экенин көрсөтүп, ал турсун Сирияга байланыштуу Сауд Арабиясы менен саясый-экономикалык көз карашы карама-каршы экендигин билдирип, эки өлкөнүн дипломатиялык алакасы туңгуюкка капталды.

Европага ассоциативдик мүчө болуу мүдөөсүн ишке ашыруу максаты менен революцияны ишке ашырган Украина 2016-жылдын апрель айында катуу сынууга туш келди. Евробиримдиктин эң туруктуу жана башкаларга үлгү боло тургандай деңгээлге чыккан Голландияда референдум өткөрүлүп, анын жыйынтыгында Украинага Евробиримдиктин бир бөлүгү болууга эл терс мамиледе экендигин билдирди. Бул украин бийлиги үчүн күтүүсүз жана катуу соккуга тең жыйынтык эле. Ошол эле кезде бир топ саясатчылардын оюу боюнча Голландияда өткөрүлгөн Украинага байланыштуу референдум биринчи болгону менен, кийинки боло турган ушундай сурамжылоолор да терс жооп алып келүүгө жол ачты. Бирок анын мааниси бир эле Украинанын келечеги менен чектелбестен, бүтүндөй Евробиримдиктин келечегине да кедергисин тийгизиши ыктымал. Консенсустук чечим менен жашап келген бул Биримдик мындан кийин улуттук деңгээлдеги кабыл алынган чечимдерди эске албаса, анда ички пикир келишпестик уюмдун ыдырашына алып келиши мүмкүн. Анын үстүнө Евробиримдиктин кубаттуу мүчөсү деп эсептелген Улуу Британия «Брекзит» атуу элдик референдум өткөрүп, анда уюмга мүчө болуусу тууралу суроону көтөрүп чыкты. Элдин көпчүлүгү каршы чыгып, бул процесстин орун алуусу Биримдиктин тагдыры кылга илингендей абалда экендигин көрсөтөт.

Жалпылап айтканда дүйнө жүзүндөгү чоң саясат тынбастан өз жолу менен жүрүүдө. Аны башка нукка буруу аракеттери болуп жатса да, негизги багыты өзгөрө тургандай кырдаал түзүлө элек. Бирок ошо эле кезде АКШ үстөмдүк кылып келген бир полярдуу дүйнө азыр трансформацияланып, өзгөрүү жолуна түшүүгө аргасыз. Аскерий жагынан да жана саясый

таасири жагынан да АКШга тең-ата болууга даярдыгын көрсөтүп, биринчи болуп Россия чыкса, андан кем калбастан Кытай да саясатын өз алдынча жүргүзүүгө активдүү өтө баштады жана жаңы көп полярдуу дүйнө куралып, эл аралык коомчулук жаңы шартта жашоого өтүүгө аргасыз болот.

*Бишкек, май, 2016-жыл*

## Асманы жабылган Америка жана жалгыз учактын сыры

Саясый турмуш өзү менен өзү ага берээри турмуш деңгээли бийик болгон коомдо таң калууну жаратпайт. Таң калуу ошондой өлкөдө карапайым, болгондо да абдан оорукчан, адамдын турмушуна саясат киришип, анын тагдырына түздөн-түз таасир кылганда пайда болот. 2001-жылдын сентябрь айында Америка Кошмо Штаттарынын аба мейкиндигинде алыскы Аляска штатынан Вашингтон штатындагы Сиетл шаарына учуп бараткан чартердик учакты кокусунан АКШнын аба күчтөрүнүн эки учагы капталынан кысымга алып, жерге конууга аргасыз кылат. Ал учакта абалы начарлап бараткан Сиетлде жашаган америкалык 28 жаштагы Браян Кортез үчүн көптөн бери күтүлүп жаткан донорлук жүрөк атайын жасалган медициналык камерада жеткирилип бараткан. Медициналык көрсөткүчтөр боюнча донордон алынган кайсы гана орган болбосун, ченелүү саатта ооруган адамдын денеси менен бириктирилбесе, анда ал калыбына келе албайт жана донорлук орган катары жарабай калат. Дүйнөлүк саясатка таасир кылган окуянын натыйжасында Кортезге окшогон оорукчандар жардамсыз калганын эсепке алуу кыйын. Буга бир гана – 2001-жылы 11-сентябрдагы абадан террордук сокку уруунун кесепетинен АКШнын бийлиги Американын асманында бир да коркунуч туудура ала турган учуучу аспап болбосун деген чечимдин чыгышы себеп болгон.

Дүйнөлүк тарых 2001-жылдын 11-сентябрынан тарта экиге бөлүндү. Террордук сокку уруу коркунучу эске келбеген бейкапар жашаган мезгил жана террордун кара түтүнүнө чумкунган дүйнө болуп. Ошо күнү таң эртең менен АКШ президенти Джорж Буш-кенже (мөөнөтү 2001-2009 ж.ж.) Флорида штатындагы резиденциясында күнүмдүк чуркоого аны кайтарган сакчылары менен кошо чыгат. Ошол эле кезде, саат 07:59 «Американ эйрлайнс» компаниясынын 11-рейстеги учагы Бостон шаарындагы Эл аралык Логан аэропортунан Лос-Анжелес шаарын көздөй учуп чыгат. Жүргүнчүлөрүнүн арасында «Аль Каида» уюмунун беш мүчөсү кошо учат.

Болжолу менен ошо маалда Вашингтон шаарынын Даллас эл аралык аэропортунда дагы эки Сауд Арабиялык жаран баягы эле «Американ эйрлайнс» компаниясынын 77-рейсиндеги учактын Лос-Анжелеске учушун күтүп турушат. Аларды коштоп дагы үч араб улутундагы жаран отурат. Учак саат 08:10 уча турган болгон. Эки учак тең абага көтөрүлөөрү менен ичинде отурган террористтер эч кыйынчылыгы жок учактарды



барымтага алышат жана мурунтан Лос-Анжелес деп белгиленген маршрутун кескин өзгөртүшөт да, Нью-Йорк шаарын көздөй багытташат. Саат 08:46 биринчи учуп чыккан учак Нью-Йорктун көркү болуп, башка имараттардан кооздугу жана бийиктиги менен алыстан айырмаланып турган Дүйнөлүк Соода борборунун түндүк имаратына келип урулат. Ошо кезде президент Джорж Буш мурунтан белгиленген план боюнча Флорида штатындагы Сарасота шаарынын Эмма Букер башталгыч мектебине бараткан болот. Нью-Йорктогу имаратка учактын келип тийишин угаары менен «Бул кандай үрөй учурган кокустук!» деген баамдоосун айтат. Террористтик чабуул экени эч кимдин оюна да келе электе, баары чынында эле бул окуяны кокустук гана деп баамдашкан. Дж. Буш мектепке кирип, ал жердеги жаш окуучулар менен маек куруп, аларга аралашып, сүрөткө түшө баштайт. Ошо кезде «Юнайтед Эйрлайнс» компаниясынын барымтага алынган 175-рейстеги учагы Нью-Йорктогу Дүйнөлүк Соода борборунун түштүк имаратына келип тийип, жарылат. Биринчи террордук чабуул болоору менен Американын өтө ыкчам реакция кылууга жөндөмдүү телеканалдары окуя болгон жерге жакын аралыктан түз алып берүүнү эфирге чыгара башташат. Биринчи болуп окуяны Си-эн-эн телеканалы түз эфирге алып чыгат. Анын берүүсү түз көрсөтүлүп жатканда, экинчи имаратка учактын келип тийгенин телевизор көрүп жаткан бүт дүйнөнүн телекөрүүчүлөрү өз көздөрү менен көрүп, күбө болушат.

Экинчи учактын эң бийик имаратка урулуп жарылышы, бул окуялардын кокусунан эмес, атайын уюштурулган террордук иш-чара экенин далилдейт. Тез арада президент Буш жашырынуучу жайга жеткирилет да, ал жерде бир сутка жашынып турууга аргасыз болот. Ошо эле кезде АКШнын Коргоо министрлиги атайын буйрук чыгарып, Американын асманын бүт бойдон учактар менен кошо абада уча турган баардык аппараттардан тазалай баштайт. Американын асманында учуп жүргөн аспаптардын баары жерге кондурулат. Ошентип

Сиетлдик оорукчан Браян Кортез үчүн деп жеткирилип келаткан донорлук жүрөк, пациентке жетпей калат.

Андан соң 77-рейси менен Лос-Анжелеске учуп бараткан жүргүнчү учак барымтага алынат да, ал бир аз убакыттан кийин Вашингтон шаарындагы Пентагон деген аты менен белгилүү АКШнын Коргоо министрлиги жайгашкан имаратка келип тийип, жарылат. Баарынан кызыгы дал ушул окуянын сыры көпчүлүккө даана белгилүү эмес. Кырсыктын кесепети кандай болгону тургай, бул окуя жалпысынан эле болбогондугу, болсо учактын калдыктары кайда калды, эмне үчүн биринчи эки учактын жарылуулары баарына мүнөтүнө чейин белгилүү да, ал эми бул учак тууралу маалымат дээрлик жок деген суроо абада асылып калгандай. Мүмкүн Коргоо министрлигинин атайын сырларына байланыштуу ишке ашырылган теракт катары аны коомго тааныштыруу мүмкүн болбой калган чыгаар. Дагы бир «Юнайтед Эйрлайнс» компаниясынын Ньюарк шаарынан учуп чыккан 93-рейстеги учагы Пенсильвания штатынын үстүндө барымтага алынып, ушуга дейре тактала элек жана белгисиз бойдон калган себептерден улам, Питсбург шаарынын жанында саат 10:06 жерге кулап түшөт. Кийин Голливуд тарткан атайын көркөм тасманын негизин дал ушул учактын пассажирлери террористтерге каршылык көрсөтүп, учакты бошотууга аракет кылганда, ал жерге кулап түшкөн окуя түзөт. Баш аягы болуп бул террордук аракеттин натыйжасында 3 миңге жакын адам курман болгон. Дүйнөлүк Соода борборунун эки имараты тең кулап, азыр алардын ордунда атайын тургузулган жана жарык менен коштолгон имарат көтөрүлгөн. Урандыларды тазалап, жаңы бийик имаратты курууга АКШ көп убакытты жана каражатты коротот. Бирок жаңы имарат дүйнөдө биринчи эркин делген ири өлкө болгон Американын террористтердин кылганынан тайсалдабаганын жана элдин духу сынбагандыгын көрсөткөн символ катары эсептелип калды.

Ошо жылы 11-сентябрда түштөн кийин АКШнын асманы буга чейин тарыхта болуп көрбөгөндөй жасалма учуучу

аспаптар менен учактардан тазаланды. Абадан коргоо кызматынын радарлары асманды теше текшерип, учууга тыюу салган эрежени бузгандар бар-жогун көзөмөлдөөгө өттү. Абада бир да чоң эмес, чакан учак калбады. Учуп келаткан ар-бир учак кыска мөөнөттө жакынкы аэродромго конууга мажбурланды. Миңдеген учактар АКШнын аймагына жете албай, коңшу өлкөлөрдүн аэропортторуна конууга аргасыз болушту. Европадан чыккан бир топ учактар Атлантика океанынын түндүгүндө жайгашкан кенедей Исландия аралына келип конушуп, алардын саны миңдеген рейсти түздү. Алардан чыккан жүргүнчүлөрдүн саны заматта аэропорттун айланасында жайгашкан айыл-шаарлардын тургундарынан көп болуп, жашоочулардан ашып түштү. Мейманканаларга батпай калган келгин эл жергиликтүү тургундардын үйлөрүнө жайгаштырылды. Жүргүнчүлөр эмне болгонун дароо боолгой албай, экинчи күн дегенде гана АКШга каршы террордук чабуулдун кесепетинен белгисиз мөөнөткө эч жака чыга албай калгандыгын түшүнүштү. Бир жума убакыттан кийин гана Исландияга чогулган учактар бара-бара өз маршруту менен учууга мүмкүнчүлүк алышты. Аргасыздан бир топ күн бирге болууга мажбур болгон учактын жүргүнчүлөрү өз-ара достошуп, мамилесин ушуга дейре сактап келаткандыгы маалым.

Флорида штатында жашырынып жүргөн президент Джорж Буш ошо эле күнү саат 09:30 бүт элге кайрылуу жасап, эки учактын Дүйнөлүк Соода борборуна келип урунганын, мунун баары атайын уюштурулган террористтик акт экенин айтып, бирок муну менен АКШ элин сындырууга болбой турганын жарыя кылды. Ал эми АКШнын Борбордук Чалгындоо башкармалыгынын ошо кездеги башчысы Джорж Тенет теракты-лар тууралуу маалыматты угаары менен, ал «Аль Каиданын» колунан келгенин айтып чыккан. Анын айтымы боюнча, бул чабуулдун артында «Усама бин Ладендин колу көрүнүп турат».

АКШнын аба мейкиндиги учактар үчүн толугу менен жабылган кезде, АКШнын мурдагы вице-президенти Альберт Гор Австриядан абага көтөрүлө албай күтүп калат. Ал эми

АКШнын мурдагы президенти Билл Клинтон Австралияда такалып калат. Түрлүү спорттук оюндарга тынымсыз учуп турушкан жүздөгөн командалар уча албай, бир топ маанилүү коомдук иш-чаралар кийинкиге жылдырылат. Бүт Американы калтырак басып, турмуш токтоп калгандай сезилет.

Ошо кезде Сауд Арабиясынын АКШдагы элчиси Бандар бин Султан Абдул Азиз өзүнүн 140-тан ашык мекендешин террактыга кабылган өлкөдөн чыгарып кетүү аракетин көрүүгө киришет. Алар негизинен эки чоң уруунун өкүлдөрү эле. Бири королдук Сауд үй-бүлөөсүнүн мүчөлөрү болуучу. Алар мунай-затын сатуу аркылуу дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесине кирген. Экинчи уруунун өкүлдөрү Саудтардын үй-бүлөөсүнө жакын жана дос болгон бин Ладендин үй-бүлөөсү болчу. Дал ушул үй-бүлөөдөн бир аздан соң атагы таш жарган чоң террорист Усама бин Ладен чыгат. 11-сентябрь күнү Техас штатынын Хьюстон шаарынын аэропортунан ичинде 140-тай адамы бар «Боинг» учагы түштөн кийин учуп чыгып, чыгышты, Атлантика океанын көздөй бет алат. Абадан коргонуу кызматтары күчүнө кирген тыюу салуу эрежеси бузулуп жатканын көрсө да, учакка каршы эч бир чара көрүүгө аракет кылынбайт. Бул окуя америкалыктар үчүн белгисиз бойдон кала бермек. Анткени бул АКШнын Борбордук Чалгындоо Кызматынын атайын тапшырма менен аткарып жаткан иш-аракети эле. Мунун артында Нью-Йорктогу терактыдан кийин аны уюштурган жана тиешеси бар деп шектелген жарандардын баары камакка алына башталганы турган эле.

Техас штатында Сауд Арабиясынан келип, ири жерлерди, анда турган үй-турактарды сатып алган бай арабдар жашоочу. Алар Джон Кеннеди АКШнын президенти (мөөнөтү 1961-1963-ж.ж.) болуп турганда келип жайгашып, эки тараптын ортосундагы ишкерлик чөйрөнү өнүктүрүү максатын көздөгөндөр эле. Арабдар түбү Техастан чыккан атактуу Буштардын үй-бүлөөсү менен жакындап, мунай-заты боюнча ири долбоорлорду бирге ишке ашырууга аралашып калган. Ал эми Буштардын үй-бүлөсүнөн кийинчерээк АКШнын эки президенти чыккан. Бири

Джорж Буш-улуусу (мөөнөтү 1989-1993 ж.ж.), экинчиси анын уулу Джорж Буш-кенжеси болгон. Ал кезде АКШ мунайзатка абдан кызыгып, өзүнө керектүү көлөмдөгү чийки мунайды Сауд Арабиясынан арзанга сатып алууга өткөн. Ал эми буга жооп катары АКШ арабдарды мунай-заты көп катылып жаткан Техас штатындагы аймактарды изилдеп, өздөштүрүүгө кол-кабыш кылууга жана ал жерде ири бизнес жасоого чакырган. Арабдардын бул штатка келип, жашап калгандардын негизги бөлүгүн Сауд Арабиясынын Королдук үй-бүлөөсүнүн мүчөлөрү жана бай катмарына кирген бин Ладендин уруусунан чыккандар түзгөн. Алар ошо кезде эле АКШ президентинин Администрациясы менен тыгыз байланышта болгон Джорж Буш-улуусу менен 1960-жылдары абдан жакын мамиле куруугa жетише алышкан. Эки тараптык алака мунай-затты сатууга АКШда 1973-жылы коюлган эмбаргодон кийин күчөп, Кошмо Штаттар жүздөгөн миллиард долларга мунай-затын жарашыктуу баада сатып алып, экономикасын өстүрүүгө чоң өбөлгө түзө алган. Ошол эле кезде Сауд Арабиясы жүздөгөн миллиард долларга тете келген америкалык курал-жаракты сатып алып, куралдуу күчтөрүн модернизациялаган. Бирок аны менен бирге Сауд Арабиясы АКШнын Ирак менен Иранга каршы жүргүзгөн саясатын колдоого алганы аз келгенсип, ал кездеги мусулман дүйнөсүнүн Израилге каршы чыгуусуна кошулуудан баш тарткан. Чийки мунай-затка болгон баанын төмөндөшү Рональд Рейган (мөөнөтү 1981-1989-ж.ж.) менен Бил Клинтон (мөөнөтү 1990-1998-ж.ж.) президент болуп турган мезгилде АКШнын экономикасынын гүлдөп өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Ошо кезде эле, азыркыдай ислам дүйнөсүнүн чордону жана башаты болгон «Сауд Арабиянын башкаруу чөйрөсү АКШнын өкмөтү менен түзгөн алакасын акчанын, бийлик жана өз-ара ишенүүчүлүктүн эң орой оролгон түрүнө айланткан. Консервативдик Ислам фундаментализминин алып жүрүүчүсү менен Кошмо Штаттары болгон эки атаандаш күч, ортодо орногон тыгыз байланыштан улам, сырткы иштерге жана түрлүү багыттардагы кадамдарга көз жумгандай

мамилеге кылууга өткөн». Азыркы учурда да, Сауд Арабиясы АКШнын сланцалык май чыгаруу аркылуу мунайзатка болгон бааны түшүрүүгө жасаган аракетине каршы чыкпастан, күнүнө өндүрүлүүчү мунай-заттын көөлөмүн кыскартуудан баш тартып келатат. Натыйжада чийки мунайдын бир баррелге болгон баасы 30 доллардан да төмөн түшүп кеткен. Ал эми Сауд Арабиясы АКШнын мындай кадамдарына мурдагыдай эле чыдамдуулук менен лоялдык мамиле кылып, ОПЕК баш болгон Россия окшогон бир топ мунай өндүрүүчүлөрдүн абалына катуу жана терс таасир эте алды. Натыйжада эл аралык саясый абал гана кыйынчылыкка кабылбастан, бир топ мамлекеттер экономикалык жактан да оор шартка тушукту. Алардын арасында баарына себепкер болгон араб мамлекеттеринин эң таасирлүүлөрү да бар. Сауд Арабиясынын өзүндө мунай-затын сатуудан түшкөн киреше кескин азайып, ондогон жылдардан бери биринчи жолу 2015-жылы мамлекеттик бюджеттин таңкыстыгы байкалды. Көптөгөн социалдык колдоо көрсөтүүчү иш-чаралар аткарылбай, экономикалык үнөмдөө аракеттери башталды. Абал кыйындап баратса да, Королдук бийлик өлкөдөгү өндүрүлүп жаткан мунай-заттын көөлөмүн азайтуудан же жок дегенде аны бир калыпта кармап туруудан баш тартып келди. 2015-жылкы маалымат боюнча эгерде Россия күнүнө 10,9 млн. баррель мунай-заттын чыгарса, Сауд Арабиясы – 9,8 млн. баррель бойдон кармап турат. Андан кийин эле сланцалык майды жер кыртышынан сыгып чыгарууну ири көөлөмдө өздөштүргөн АКШ турат. Ал жерде күнүнө 9,3 млн. баррель мунай-заты чыгарылып, аны чыгарууга кеткен чыгаша аз болгондуктан, Америка ашык көөлөмдөгү майды экспортко арзанга чыгарууга жетишкен. Бул кадамы менен АКШ дүйнөдөгү акыркы ондогон жылдан бери түзүлгөн балансты бузуп, бааларды кескин түшүрүүгө жетишкен. 2016-жылдын январь айында мындан жабыркаган Россия Сауд Арабия, Катар жана Венесуэланын энергетика министрлери менен сүйлөшүү жүргүзүп, өндүрүлүп жаткан мунайдын көөлөмүн көбөйтпөстөн, туруктуу кармап туруу сунушун айтып чыкты. Бирок бул төрт

өлкө колдогон сунуш башкалар тараптан колдоого алынбай, макулдашуу ишке ашпай калды. Анын негизги себеби Сауд Арабиясы менен Ирандын ортосундагы тирешүү болгон.

2001-жылы 11-сентябрдагы АКШнын аба мейкиндигинде жап-жалгыз жана эч кооптонуусуз учуп бараткан бир учактын ичинде дал ошол Сауд Арабиясынын Королунун үй-бүлөөсүнөн чыккан адамдар отурушкан. Алардын бараткан багыты Азиянын дал чордону болгон Сауд Арабия мамлекети эле. Терактыдан кийинки АКШдагы кырдаал кандай болуп кетээрин баамдай албаган бийлик өзүнө жакын жана келечекте кызматташуудан үмүтү чоң болгон таасирлүү жана бай араб атуулдарын өлкөдөн тез арада чыгарып кетүү аракетин ошентип ишке ашырган. Бул тууралу америкалык саясый жазуучу Крейг Унгер (Craig Unger) «Буштун үйү, Саудтун үйү», «дүйнөдөгү эң кубаттуу эки династиянын тымызын алакасы» («House of Bush, House of Saud») деген аталыштагы атайын китепти жазып, 2002-жылы «Scribner» басмаканасынан АКШда Нью-Йорк шаарында жарыкка чыгарган. 11-сентябрдагы болгон окуялардын көпчүлүгү китептин автору тарабынан документалдуу булактардан алынып, баяндалып, көпчүлүккө белгисиз учурлар алгачкы жолу маалымдалган.

11-сентябрдагы окуяларга байланыштуу териштирүүлөр ошо кездеги АКШ администрациясы тарабынан иликтөөгө алынып, чыныгы күнөөкөрлөр ким, аларга ким көмөктөшкөн, теракттынын башында кимдер турган, кимдер колдоо көрсөтүшү мүмкүн эле деген көптөгөн суроолорго жооп изделген. Андан бери Американын президенти болуп Джорж Буш бир ирет, кийин азыркы Барак Обама эки ирет шайланып, бирок иликтөө толугу менен бүтө электиги маалым. Иликтөө Борбордук чалгындоо Кызматы тарабынан да, АКШ Конгрессинин атайын Иликтөө комиссиясы тарабынан да жүргүзүлүп, дагы эле аягына чыкпай келатканы, анда түшүнүксүз көп жагдайлар бар экенин көрсөтөт. Бул темага 2016-жылдын күзүндө Кошмо Штаттарында өтө турган Президенттик шайлоого катышып, Республикачыл партиясынын өкүлү Дональд

Трамп да кайрылып, бул маселеде акыркы чекит коюла электигин кыйытты. Анын айтымында «Теректыны уюштургандар ирактыктар эмес болчу, силер анын артында ким турганын биле аласыңар, себеби бул тууралуу атайын даярдалган маалыматтар сыр бойдон калууда. Мүмкүн бир кезде ошо сыр бойдон калган маалыматтарда Сауд Арабиясы террактыга тиешеси бар делген маалыматты таба аласыңар», деп февраль айынын ортосунда шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу элге кайрылуу учурунда айтып чыккан. Д. Трамп бул маселени бекеринен козгогон жок. Себеби ал ойлогондой эле божомолду АКШнын өкмөтү мурунтан бери көтөрүп, бирок жетишээрлик далили жоктугунан, аны жарыялоого батынбай келген. 2005-жылы АКШнын Борбордук чалгындоо Кызматынын Генералдык инспекциялоо бөлүмү иликтеген 500 барактуу маалымат даярдалып, Трамптын айткандарына жооп катары 2015-жылдын июнь айында жарыкка чыгарылган. Бирок анын кээ бир бөлүктөрү коомчулуктан жашыруун бойдон кала берген. Анда Сауд Арабиясынын бийликтеринин 11-сентябрдагы окуяларга тиешеси бар-жогу тууралу аныкталган маалыматтар камтылган. Бирок баш-аягы болуп 28 беттен турган жашыруун маалыматты 2002-жылы эле ошо кездеги АКШ президентинин администрациясы коомчулукка таркатпоо тууралу чечим чыгарган. Ал эми Буштун үй-бүлөөсү көп убакыттан бери Сауд Арабия менен тыгыз байланышта болуп келгени баарына маалым. Дал ошол себептен 28 беттен турган маалыматта Сауд Арабиясы менен 11-сентябрдагы окуянын ортосунда кандайдыр бир байланыш бар деген шектенүү жана божомолдор күчөй баштаган.

Көз каранды эмес иликтөө жүргүзгөндөрдүн жана жалпы абалды реалдуу көз караш менен баалагандардын арасында, Сауд Арабиясы 2001-жылы 11-сентябрда АКШда жасалган террактыларга түздөн-түз тиешеси болбостугу башынан эле айтылып келет. Ондогон жылдардан бери тыгыз байланышта болуп, ишкер чөйрөдө колдоо көрсөтүшүп келген эки өлкөнүн таасирлүү чөйрөлөрү өз-ара душмандыкка бара албайт

болуучу. Бирок ошол мезгилде, өлкөдөгү жана эл аралык майданда түзүлгөн кырдаалдын натыйжасында жана мамлекеттик деңгээлде кабыл алынган чечимдин негизинде, Сауд Арабиясында Ислам иштери боюнча министрлик түзүлөт. Анын өзгөчөлүгү министрликке ислам динин жана таасирин бүт дүйнөгө таркатуу жана күчөтүү укугу берилип, аны менен кошо өлкөнүн ичиндеги королдук үй-бүлөөгө каршы чыккандарга татыктуу жооп кайтаруу жоопкерчилиги да жүктөлөт. Ошо кезде Афганистандан кайтып келип, АКШны СССРдей эле өзүнүн душманы катары карай баштаган Усама бин Ладен Сауд Арабияга келип, Королдук чөйрөгө аралашып, андан колдоо таппаган соң, бийликке каршы аракеттене баштайт. Жаңы түзүлгөн министрлик ишке киришээри менен Усама бин Ладен өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болот. Ал эми укугу кенен болгон министрликтин колдоочулары диний чөйрөнүн таасирлүү жана акчалуу бөлүгү болгондуктан, алар көптөгөн иштерди расмий бийликтин аралашуусу жок эле ишке ашырганга жана көп каражат коротконго жарай тургандар болгон. Алар колдоого алган иштердин арасында дүйнөгө жихад жарыя кылган топторду да колдоо аракеттери болгон. Себеби бул диний чөйрө эч качан өкмөттүн толук көзөмөлүндө болгон эмес. Ал эми ислам дини катуу сакталган жана элге таасири күчтүү болгон Сауд Арабиясынын диний чөйрөсү бийликке билгизбей, дүйнө жүзүндө өз алдынча аракет кылып келгенин бир топ мисалдар далилдей алат. Алардын бири, 11-сентябрда терактыны уюштурган араб жарандарынын экөөсүнө Сауд Арабиясынын Ислам иштери боюнча министрилик менен байланышы болгон, өзү АКШда жашап жүргөн жарандын сырттан келген арабдарга жайгашууга жардам берип, батирлеринин төлөмүн төлөп турганы аныкталган. Мындай кайма-на байланышты көрсөткөн майда-барат мисалдар аз эмес болуучу. Жихадды түздөн-түз колдоого албаса да, билбестиктен байкабастык менен террористтерге кол-кабыш кылуусу тууралу күмөн жараткан ойлор менен шек саноолор дале болсо арбын. Акыркы убакта мындай маалыматтар көп тарала башташы да

бекеринен эмес. Бул тууралу АКШда чыгуучу www.vox.com сайты иликтөөнүн негизинде сары эсеп жүргүзүү аркылуу жана андан жаралган күмөн саноолорду Дональд Трамптын айтып чыкканына байланыштырып, 2016-жылдын февраль айында маалымат тараткан.

Дүйнөлүк өнүгүү процессине олуттуу таасир эте алган 11-сентябрдагы окуя мындан кийин да АКШнын эле тагдырына эмес, көптөгөн өлкөлөрдүн да тарыхы менен тагдырына таасир кыла тургандай жагдайлары катылып жатканы шек туудурбай калды. Мындан кийин өткөрүлүүчү президенттик шайлоолорго катышам деп, Дональд Трампка окшогон талапкерлер дагы кандай фактыларды таап, алып чыгып, шайлоодо өз пайдасына колдонууга аракет кылуусуна жарай турган жашыруун маалыматтарды колдоноорун азыр баамдап болбойт.

2016-жылдын апрель айында Перс булуңунда жайгашкан мамлекеттер менен Америка Кошмо Штаттарынын жетекчилери Эр-Риядта атайын жыйналыш өткөрүшүп, ага президент Барак Обама да катышкан. Жыйындын көздөгөнү Сауд Арабиясы менен Перс булуңундагы калган өлкөлөрдү Ислам Мамлекети аттуу экстремисттик топторго каршы аракетин күчөтүүгө жана согуштан жабыркаган Иракка жардам кылууга чакыруу эле.

Жыйынга келген башка араб өлкөлөрүнүн жетекчилерин Сауд Арабиясынын падышасы Салман бен Абдель Азиз аль-Сауд өзү аэропорттон тозуп чыгып, ал толугу менен улуттук телеканалдан көрсөтүлгөн. Ал эми Барак Обама келгенде аны тосууга аэропортко Эр-Риядтын губернатору гана барышы эл аралык деңгээлдеги чоң темага айланган. Падыша менен кезигишүүгө Барак Обама келгенде да буга чейинки сүйлөшүүлөрдөн айырмаланган суз маектешүү болгону да байкалганын маалымат каражаттары баса белгилешкен. Сауд Арабиялык бийликтин «атайылап суук» тосуп алуусунун артында эки тараптык мамиленин чыңалып бараткaны турат деп бааланган. Барак Обама менен Сауд падышасынын кездешүүсүндө эки тараптык алака достукту жана стратегиялык шериктештикти

дагы бир ирет баса билдирет делгени менен, учурдагы мамиле мурдагыдай эместиги даана байкалган. АКШнын сунушу Иранга карата кайчы пикирден улам жана Сирия менен Йемендеги чатактарга байланыштуу татаалдашуусу күчөп баратат. Андан тышкары АКШда Нью-Йорктогу 11-сентябрдагы терактыларга тиешеси ыктымалдыгына байланыштуу Сауд Арабиясын жоопкерчиликке тартуу чакырыктары кеңейүүдө.

Батыш маалымат каражаттары мындай мамиленин артында Сауд Арабиясынын Американын лидерине ишенүүсү азайганын көрсөтөт деп баалашкан. Ал эми АКШнын араб өлкөсүн сотко тартуу тууралу сунушу айтылгандан кийин, арабдар Америкадагы 750 млн. долларлык активдерин сатууга бара турганын эскертип, Вашингтонго сөөмөй көзөгөн. Ошондон кийин Б.Обама Сауд Арабиясын сотко тартууга байланыштуу мыйзам долбооруна вето салаарын убада кылууга аргасыз болгон.

Жакынкы Чыгыштагы абалдын татаалданышы бир гана Сириядагы чатакка байланбастан, Сауд Арабиясы менен Ирандын ортосундагы алакага да байланыштуу. Бирөө суннит, экинчиси шейит болгондуктан эле эмес, экөөнүн ортосундагы пикир келишпестик жалпы аймакта таасирлүү мамлекетке айлануудагы талаштан жана экөөндө тең чыккан мунай-затты экспорттоодогу атаандаштыктан келип чыккан. Анын үстүнө АКШ Иран менен алакасын жумшартуусу Эр-Рияддагы бийликке көп жага бербеди. Ал эми буга Россиянын аралашууга аргасыз болуусу, дүйнөлүк рынокто мунай затына болгон баанын арсар болуп туруусу да чоң таасирге ээ. Бирок Сауд Арабиясы менен АКШнын мамилесинде жарака кетсе, анын кесепети канчалык болоорун айтуу кыйын. Ошо себептен АКШда 11-сентябрдагы терактыга байланыштуу жүргүзүлгөн териштирүүнүн 28 барагы жакынкы арада коомчулукка чыгат деп айтууга убакыт келип жете элек.

*Бишкек, май, 2016-жыл*

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ОРТО АЗИЯ

## Өзбекстан куралдуу күчтөрүнүн чыныгы алы

Өзбекистан өзүнүн куралдуу күчтөрүн бекемдеп жаткан дүйнөдөгү алдынкы мамлекеттердин катарына кирди деген маалымат тарады. Атайын изилдөөлөрдүн натыйжасы көрсөткөндөй, өзбек бийликтери куралдуу күчтөрүн баардык жактан камсыз кылып, жаңы аскер куралдары жана техника менен жабдуу үчүн мурдагы жылга караганда 2014-жылы көбүрөөк каражат короткон. Быйыл да өзүнүн ички дүң продукциясынын бир топ бөлүгүн Өзбекстан өз армиясын камсыздоого жумшаары белгилүү болду. Орто Азия менен дүйнөдөгү башка бир топ өлкөлөрдө мынчалык ири каражат жумшалбайт. Учурда Өзбекстандын Ички дүң продукциясынын көөлөмү баш-аягы болуп 56 млрд доллар түзөт.

Мынчалык каражатты коргонуу жаатына Орто Азия чөлкөмүндө экономика жагынан алдыда турган Казакстан да бөлүп берүүгө барган эмес. Учурдагы статистикага караганда, Казакстандын ички дүң продукциясынын көөлөмү 224 млрд долларга теӊ. Ал эми куралдуу күчтөрүнүн саны 60 миӊ аскерди түзөт. 17 млн адам жашаган мамлекет үчүн бул жетиштүү же аз болоорун айтуу кыйын. Бирок экономикасы абдан олуттуу бийиктикке жетсе да, куралдуу күчтөрүн ирилетпестен, сапаттуу кылууга аракет кылынууда.

Ал эми 30 млн-дон ашык калкы бар Өзбекстандын куралдуу күчтөрүнүн сан жагынан алгандагы көрсөткүчү 80 миң жоокерден ашкан деген маалыматтар айтылып кеткен. Алардын 65 миңи учурда армияда кызмат өтөгөндөр, дагы 20 миңден ашык жоокер менен офицерлер кызмат өтөөгө запаста даяр турушат. Эгер чынында эле бул сан туура болуп чыкса, анда салыштырмалуу Өзбекстан менен Казакстан пропорциялык жактан алганда тең келатат. Бирок экономикалык алына караганда, албетте, өзбек бийликтери тапкан каражатынын көпчүлүк бөлүгүн экономикалык өсүшкө эмес, армиясын бекемдөөгө жумшоого аргасыз. Аскер күчтөрүнүн деңгээли боюнча Эл аралык рейтингке кирген 106 мамлекеттин ичинен Өзбекстан былтыркы жылы 48-орунга көтөрүлгөн. Ал эми пост-советтик чөлкөмдө үчүнчү – Россия менен Украинадан кийин – орунга чыккан. Өзбекстандын коргоо иштерине өтө ынтызарлык менен мамиле кылышына эки себеп бар. Биринчиден – эл аралык аренадагы азыркы кырдаалга ылайык диний экстремисттер менен сырттагы өзбек оппозициясынын жакындашуусу, экинчиден ички тымызын күчтөрдүн кокусунан бийликке коркунуч туудуруу потенциалы. Мындай күчтөргө татыктуу жооп бериш үчүн Ташкент бийлиги армиясы менен коопсуздук күчтөрүн күчөтүүгө аргасыз.

Азыркы маалда Өзбекстандын армиясы 420 танкага, 164 аскер учагына ээ. Алардын 69 истребитель болсо, 65 тик учактар. Андан тышкары 715 аскер ташуучу брондолгон унаалар. Лондон шаарында жайгашкан белгилүү Эл аралык стратегиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн борбордун маалыматына караганда, Өзбекстан жылына 1,4 млрд доллар каражатты куралдуу күчтөрүнө коротот. Өзбекстандын бир жылдык мамлекеттик бюджети дээрлик 17 млрд долларды түзөт. Демек, куралдуу күчтөргө королуучу каражат бир жылдык бюджеттин 9 пайызын түзөт. Орто Азияда бир да мамлекет мынчалык каражатты армияга корото албайт.

Афганистандагы кырдаал өзгөрүп, АКШ баштаган НАТОнун куралдуу күчтөрү чыгарыла баштаганына байланыштуу, ал

жердеги бир топ аскер жабдыктары менен курал-жарак да чыгарылып, башка мамлекеттерге таратыла турган шарт пайда болгондо, Ташкент бийликтери соода кылууга чейин аралашып кеткени маалым. Өзбекстан аркылуу чыгарыла турган НАТОнун аскер күчтөрү үчүн акы алуу ордуна Ташкент бийлиги батыштын аскер техникасын алып калуу боюнча өзү каалаган курал-жарак жана техниканын тизмесин АКШ бийликтерине тапшырган. Буга батыш макул болгон. Бул факт билинип калган соң, батыштын коомчулугу менен укук коргоо уюмдары чатак чыгарып, маселе токтоп калган. Чоң каражатты талап кылбаган америкалык куралга жетпей калганына карабастан, Ташкент бийлиги аскер күчтөрүн өз бюджетиндеги каражат менен камсыз кылууга өтүп, азыр дүйнөдөгү эң күчтүү делген 50 мамлекеттин катарына кириши бекеринен эмес. Бирок, ошол эле кезде Өзбекстан пост-советтик өлкөлөр кирген Бирдиктүү коопсуздук келишими уюмуна (ОДКБ) мүчө болуудан баш тартып, 2012-жылдын июнь айында андан чыгып кеткен. Өзбек бийлигинин негизги жүйөөсү «мүчө өлкөлөрдүн ичиндеги кырдаалга эч ким киришпеси керек» деген талап коюлган. Ал эми бири-бирине зарыл шартта колдоо көрсөтпөсө, анда бирдиктүү коопсуздук уюмунун кереги жок деген көз караш күчтүү болгондуктан, Ташкенттин талабы колдоого алынган эмес.

*Бишкек, январь, 2015-жыл*

## Бирдиктүү Орто Азия түзүү мүмкүнбү?

Бир мамлекеттин курамында болуп, бирок өз алдынчалыкка жеткен жаңы өлкөлөрдүн ортосундагы мамиле дайыма алар каалагандай деңгээлде өнүгө бербээрин тажрыйба тастыктап жатат. Мурдагы Советтер Союзунун курамына кирген үч чөлкөмдө жайгашкан мурдагы Советтик республикалардын азыркы мезгилдеги абалы жана коңшулар менен болгон алакасы бир өңчөй эмес. Балтика боюндагы үч республика азыркы

тапта Евросоюзга кирген, алды НАТО уюмуна мүчө болушкан. Жалпы жагы үчөө тең 50 жылга жакын үстөмдүк кылган Россия менен чектеш. Бул жаңы мамлекеттердин өз ара мамилеси сабак ала тургандай деңгээлде болбосо да, башкаларга тең укуктуу өлкөлөр кандайча өз ара алака түзөө аларын көрсөтүүдө. Үч республика бири-бирине каршы эч саясат жүргүзбөйт жана керектүү учурда чогула калып, жалпы маселени бирге чечүүгө даяр. Үчөө тең экономикаларын тез калыбына келтирип, жашоо шартын бийик деңгээлде кармап турууга жетишти.

Экинчи чөлкөмдө да үч мамлекет өз алдынча укукка ээ болду – Кавказ республикалары. Балтика өлкөлөрүнөн айырмаланып, бул чөлкөмдө эки түрлүү динди кармаган эл жашайт. Грузиндер менен армяндар католиктер болсо, аларга коңшу азерлер мусулман калкы. Бул өлкөлөрдүн ортосундагы түзүлгөн алака эки өңүттө өнүгүп жатат. Азербайжан менен Грузия өлкөлөрүнүн алакасы достук деңгээлге чыкпаса да, соода-сатык жана саясый байланыштар туруктуу. Ошондой эле Армения менен Грузиянын өз ара мамилеси да тең укуктуу жана өз-ара пайда алып келе тургандай өнүгүүдө. Ал эми Армения менен Азербайджан ортосундагы алака 1989-жылы Тоолу Карабах областына байланыштуу куралдуу конфликттен кийин кастык, душмандык деңгээлге түшүп кеткен. Карабахтагы калктын 90% армяндар, ошол себептен бул чөлкөм Азербайжандыкы эмес, өз алдынча өлкө же Армениянын курамында болуусу керек деген жүйөө менен бир нече жылга созулган согуш аракеттери, эки элдин алакасын элдешкис деңгээлге алып келген. Азыркы мезгилге чейин армяндар Азербайжандын 20% аймагын өз көзөмөлүндө кармап турат. Серепчилердин айтуусунда, Россия азерлердин нефтисине канчалык кызыкпасын, өзүлөрү менен бир диндеги армяндарды курал-жарак менен жабдып, моралдык жактан колдоо көрсөтүп келатканына байланыштуу, күчтөнүп алган Азербайжан армиясы эч бир аракет кылууга бара албай жатат. Бул маселе эл аралык деңгээлге чыгып, дүйнөлүк коомчулук ортого түшүп да, оң жыйынтык чыгара албай жатат. Мындай шартта

бүт чөлкөмдүн өнүгүүсү басаңдап, залакасы ал жердеги жашаган баардык элге тийүүдө.

Үчүнчү чөлкөмдө – Орто Азияда – бир диндеги 60 млн калк жашаган аймакта беш мамлекет өз алдынча өнүгүүгө укук алган. Учурда жаратылыш кендерине байыраак болгон Казакстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан болуп, андай байлыктан кур калган, бирок абдан чоң маанидеги суу байлыгына ээ Тажикстан менен Кыргызстан болуп бөлүнөт. Мындан 100-150 жыл мурун бул аймак эл аралык алакада бир чөлкөм катары кабыл алынып, ал жерге болгон кызыгуу сооданын өсүшүнө алып келе алган эле. Натыйжада бул аймакта жашаган ар-бир калк өз үлүшүнө ээ болуп, достук мамиледе жашап келген.




*XX кылымдын башында Пишпектеги чоң базардын көрүнүшү*

Ар-бир улуттун өз тили болсо да, өз-ара түшүнө тургандай тилде сүйлөшчү. СССР ыдыраган соң, кенге бай мамлекеттер экспорттук кирешени көбөйтүүнүн негизинде потенциалдуу бай өлкөгө айланып, натыйжада жакыр калган мамлекеттерге үстүнөн карай башташкан. Совет доорунда кайсы республика эмнеге муктаж болсо, аларды коңшулары эч бир шарты жок берип турчу, себеби өз кезегинде өзүнө жетпеген товарды башкалардан шарты жок алып туруучу. Анын баарын көзөмөлдөп туруучу метрополия Москвада эле. Азыр болсо беш мамлекет

өз көмөчүн өзү тартып, өз дасторконун өзү жайган шартка такалып, биринде жетишсиз товарды түрдүү шылтоолор менен же сатпайт, же башка жактан киргизбейт. Анын кесепетинен, Кыргызстан менен Тажикстан энергетика маселесинде абдан жабыркап, кыйналуусу жыл сайын күчөп турган. Тилекке каршы эгемендик алганда эле демилге кылып, Евразиялык бирикме түзүү тууралуу казак Президенти Нурсултан Назарбаев айткан сунуш чөлкөмдө эч бир тараптан колдоого алынган эмес. Ал ой Россия менен Беларусь тарабынан колдоого алынган соң гана, адегенде Бажы биримдиги түзүлүп, эми болсо ал Евразиялык биримдикке айланып жатат. Ошондо да бул уюмга кирүүгө кызыккан Казакстан менен Кыргызстан эле болууда. Мындан сырткары беш мамлекет бир чөлкөмдө түрлүү саясый өнүгүү системасын кармангандыктан лидерлердин өз ара тирешүүсү да күчөп, алаканы жакшы жакка буруугa тоскоол болуп жатат.

Эгерде чөлкөмдөгү беш мамлекеттин лидерлери бир бүтүмгө келип, биргеликте өнүгүү шартына көнүп, суверенитетин жоготпой тургандай, чогуу-чара жашоо эрежесин киргизсе, эч бир жергиликтүү калк каршы чыкмак эмес. Тескерисинче, чогуу өнүгө тургандай шартка көнүшмөк, алака бекемделмек, биргеликте коопсуздук маселеси чечилүүгө жол ачылмак, инвесторлор чочулабастан бүт аймакка бирдей көңүл бурмак. Натыйжада ар-бир мамлекеттин өнүгүүсү коңшуларына оң жагынан гана таасир кыла тургандай абал түзүлүп, бүт чөлкөмдөгү саясый кырдаал туруктуу болмок.

*Бишкек, февраль, 2015-жыл*

## Бутага алынган Орто Азия

«Ислам мамлекети» аты менен мусулман гана дүйнөсүн эмес, бүткүл дүйнөлүк коомчулукту дүрбөлөңгө салган куралдуу уюм согуш аракеттерин акырындап Азиядан Африкага жайылтып, андан ары баруусун билдирип жатат. Негизги

таянычы Жакынкы Чыгыштагы араб өлкөлөрү болуп саналат. Каражат жагынан кыйналбаган бул уюмга кошулгандар башка аймактардан акча үчүн деп келип, арбып баратканы да белгилүү. Алардын арасында Сирия менен Ирактын бийликтерине каршы күрөшүп жаткан Орто Азиялык жарандар да бар. Бир эле Кыргызстандан барып, колуна курал алып, согушуп жаткан кыргыз жарандарынын саны 230 болуп кеткенин Улуттук коопсуздук кызматы жарыя кылган. Ал эми Орто Азиянын башка мамлекеттериндеги бийликке наараазы болгон жарандар, кулачын Афганистанга чейин жайган «Ислам мамлекетинин» курамына кирип, өз өлкөсүндөгү бийликке каршы чыгууга даяр болгондор да арбын. «Өзбекстандын исламчыл кыймылы» аты менен белгилүү болгон саясый уюм Афганистанда 2000-жылдары куралдуу топко айланып, Ташкенттеги бийликке каршы экендигин бүт дүйнөгө билдирген.

Азыр ошол топ кеңейип, курамына бир нече миңдеген Орто Азия өлкөлөрүнөн чыккан адамдарды топтогон. Өзбекстандын коопсуздук кызматтары маалымдагандай, жарымын өзбек улутундагы жарандар түзөт. «Ислам мамлекетинин» негизги максаты мусулмандар жашаган өлкөлөрдө жаңы тартип киргизип, коомду шарияттын негизинде башкаруучу системаны орнотуу. Эгерде буга чейин Борбордук Азия чөлкөмүндөгү негизги коркунучту «Талибан» кыймылы жаратат деп айтылып келсе, азыр андан да агрессивдүү жана мүмкүнчүлүгү чоңураак болгон «Ислам мамлекети» үрөйдү учуруп, дүйнөлүк коомчулукту кыйын абалга алып келди. Араб жарым аралынын түштүгүндө жайгашкан Йемен мамлекети исламчыл күчтөр тарабынан кысымга алынып, өлкөнүн президенти Сауд Арабияга качууга аргасыз болгон. Коркунуч бүт араб өлкөсүнө тарап баратканына күбө болгон араб мамлекеттери, Араб өлкөлөрүнүн Лигасы аты менен белгилүү болгон уюмдун кезексиз жыйынында «Ислам мамлекетинин» Йемендеги куралдуу тобуна бириккен жана катуу сокку уруу тууралуу макулдашты. Натыйжада Йемендин исламчыл күчтөр басып алган шаарларын абадан Сауд Арабиясынын, Катардын, Бириккен

араб Эмираттарынын, Египеттин жана башка өлкөлөрдүн учактары соккуга алды. Бирок жер үстүндө аскерий операциялар жүргүзүлүүсү тууралу маселе каралган эмес.

Душманы күчтүү жана максаты баардык мусулман өлкөлөрү экендигин түшүнгөн мамлекеттер биригип каршылык көрсөтпөсө, бир-бирден исламчылардын жеми болуп калаарына эми көзү жеткендей. Ирактын расмий куралдуу күчтөрү «Ислам мамлекетинин» куралдуу топтору басып алган Тикрит шаарын бошоткону исламчылдар менен согушууда ийгиликке жетишүүгө боло тургандыгын далилдеди. Батыш мамлекеттери «Ислам мамлекетинин» каражат табуу булагы негизинен мунай-зат сатуу болуп тургандыгын түшүнүп, ушу багытта тоскоолдуктарды жаратууга белсенүүсү да оң жыйынтык берип жаткандай. Нефтинин баасы 2 эсе түшүп кетүүсү жана мунай-зат чыккан жерлерди бошотуу аракеттери исламчылардын колун бууй баштады.

«Ислам мамлекети» Орто Азияга кире тургандай сүр көрсөтүшү, азыр Афганистанга коңшу болгон Түркмөнстан менен Өзбекстанды абдан чочутуп жатат. Маал-маалы менен афган-түркмөн чек арасында куралдуу жаңжал чыгып, исламчыл топтор колдогон талибдер өлкөгө кирип келүү коркунучу өсүүдө. Буга туруштук берүү максатында өзүн бейтарап мамлекет деп жарыя кылган Түркмөнстан чек арасын кайтарууга Өзбекстан менен АКШны жардамга чакырды. Алардын кеңешчилери азыркы маалда түркмөн чек арачыларын окутууга жана даярдоого жардам бере башташты. Аны менен кошо түркмөн бийлиги куралдуу күчтөрдүн курамына резервде тургандарды чакырууга мажбур болду. Натыйжада түркмөн армиясы саны жагынан эки эсе өсөт.

Ал эми Афганистан менен чек арасы 230 чакырым болгон Өзбекстан да, кокустуктардан сактаныш жана өз армиясын күчөтүш максатында АКШдан аскерий атайын чыгарылган автомашиналарды бөлүп берүүнү суранды жана алардын биринчи бөлүгү келе баштады.

Орто Азияда исламчыл көз караштагы саясый платформасы расмий таанылган партияга расмий уруксаат берген жалгыз мамлекет болгон Тажикстанда Ислам кайра жаралуу партиясы кысымга алына баштады. Анын себеби «Ислам мамлекетинин» күчөй баштаганынан чочуганыбы, же бийликтин саясый атаандаштарын жоюу максатыбы, февраль айында өткөн парламенттик шайлоодо бул партия бир да өкүлүн утушка алып келе албады. 1997-жылы аяктаган атуулдук согуштан кийин Ислам кайра жаралуу партиясына бийликте 30 пайыз орун беребиз деген макулдашуу азыр тап-такыр аткарылбай калды. Буга партияны колдогон эл наараазы болуп жатышы жана эгерде бир жаңсал чыгып кетсе, бийликке каршы чыгууга даяр болгондордун саны өсүп жатышы азыркы бийликти кабатыр кылса да, партияга каршы чыгуусун токтото алган жок. Мунун аягы кандайча бүтөөрүн да айтуу татаал.

Батыш менен Чыгыштын дал ортосунда турган Орто Азиянын учурда стратегиялык мааниге ээ болуусу күчөп жаткан кезде, «Ислам мамлекетинин» аракеттерин колдой тургандардын санын азайтуу баардык өлкөлөргө маанилүү. Андай аракеттер эл аралык коомчулуктун колдоосуна ээ боло тургандай ишке ашырылса, коопсуздук маселеси баарына жагымдуу багытта ишке ашмак.

*Бишкек, апрель, 2015-жыл*

## Өзбекстан жана валюта

Евразиялык экономикалык бирикмеге эмес, жалпылап коргонуу боюнча Келишимге (ОДКБ) кирбеген Орто Азиядагы ири өлкө Өзбекстан тууралуу маалымат аз эмес. Алардын көбү же президенти Ислам Каримов тууралуу, же анын үй-бүлөө мүчөлөрү, алардын коррупциялык иштерге аралашуусу тууралу. Акыркы 2 жылдан бери дүйнө жүзүн каптаган кризис Өзбекстанды да аттап өтпөстөн, терс таасирин тийгизип

жатканы боюнча далилдүү фактылар чыгууда. Башка мамлекеттерден айырмаланып, Өзбекстанда чет элдик валютанын эки курсу бар. Бири расмий курс – аны менен мамлекет тышкы соода жүргүзүп, алтын, пахта, газ, жайында жер-жемиш сатып пайда табат. Ал эми өлкөнүн ичиндеги кардарлар болсо, эки жакка чыгууга укук алгандары зарыл болгон валютаны жетишээрлик алмаштырып алуу үчүн, көмүскөдөгү валюта сатуучулардан кара рыноктук баа менен сатып алууга мажбур. Себеби чет жакка чыгууда өзү менен кошо алып бараткан валютаны кайдан тапканы тууралуу ашыкча суроолордон коркуп, мамлекеттик же башка банктарда алмаштырганга кызыкпайт. Бишкектегидей валюта алмаштыруучу жайлар ачык-айкын иштей албайт, баары көзөмөлдөнүп турат. Ошондуктан валюта сатып алам дегендер валютаны тымызын сатып алууга аргасыз. Акыркы мезгилде АКШ долларынын курсу расмий банктарда 2522 өзбек суму болсо, валютаны тымызын алмаштыруучу базарда 1 АКШ доллары 4900 сумдан 5000 сумга чейин көтөрүлүп кетти. Бул тууралу өзбек маалымат каражаттары ачык эле жазып чыгышты. Баасы эки эсе көтөрүлсө да, валюта сатып алуу оңой эмес. 2015-жылы март айынын башында доллар тымызын сатуучулардын колунда 3700 сум турса, кескин түрдө 400 сумга кымбаттап, 4100 сумга чыккан. Андан бир ай өтпөй дагы бир ирет кымбаттоо болуп, 4500 сумга чыгып кеткен. Май айында доллардын наркы 4900 сумга чейин көтөрүлдү.



*Өзбек акчасы – сум*

Валютанын наркынын өсүүсү ички соодага катуу таасир кылып, товарларды сырттан алып келген сатуучулардын кирешеси менен пайдасын кескин азайтты. Андай соодагерлердин тапкан пайдасы 60% азайды. Соодагерлер баанын өсүшүнүн натыйжасында өлкөгө киргизиле турган товарлардын көөлөмү азайды деп айтышса, сатып алуучулар ошол эле товарлар базарда мурдагыдан кескин кымбаттап кетти деп арызданышат. Ал эми керектелүүчү товарларды өлкөгө киргизүү үчүн Түркия, Иран же Кытай өңдүү өлкөлөрдөн сатып алууга валюта керек. Аны сатып алуу ай-сайын 400-500 сумга кымбаттап жатса, кардарларга эле залакасы тийип жатат дегендер көп.

Турмушу негизинен соода менен өткөн өзбек тургундары кымбаттоонун кесепети дүйнөлүк кризиске байланыштуу деп ойлошсо, адистер чет элдик валютага карата азыркы мамлекеттик саясаттын кесепети деп эсептешет. Себеби Өзбек бийлиги 2013-жылдан тарта өлкөнүн атуулдарына чет элдик валютаны сатууга тыюу салган. Евро жана долларды кардарлар банк аркылуу гана алууга укук алышкан. Аны менен бирге эле чет өлкөлөргө чыгып жаткан өзбек атуулдары үчүн ар-бирине болгону 2 миң гана доллар кошо алып чыгууга укук берилген. Андан ашык каражат чыгарууга болбойт.

Учурда Өзбекстандын эмгек мигранттары негизинен Россия, Казакстан жана Түркияда иштешет. Алар жылына мекенине кеминде эле 7 млрд доллар которот. Калкы 30 млн адам түзгөн Өзбекстан үчүн бул сумма анын Ички дүң продукциясынын (114 млрд доллар) орточо алганда 6% түзөт. Салыштырмалуу кыргыз мигранттары 2014-жылы өз мекенине 2 млрд доллар которсо, ал Ички дүң продукциясынын 25% ашып кеткен. Ал эми Тажикстандык мигранттар өлкөнүн Ички дүң продукциясынын 49% тең каражат которгон.

2014-жылкы статистика көрсөткөндөй, Өзбекстандын экономикасынын бир жылда өсүүсү орточо 7% түзгөн. Аймактагы эң ири экономика деп аталган Өзбекстандын экспорттук көрсөткүчү 15 млрд доллар болсо, импорттук көрсөткүчү 12,6 млрд доллар. Былтыркы инфляциянын көрсөткүчү 12% түзгөн.

Учурдагы тышкы карызы 8,7 млрд доллар түзсө, алтын-валюталык кампасы 14,6 млрд долларга барабар.

Экономикалык кубаты күчтүү болуп турса да, ачык экономикада элге абдан зарыл болгон чет элдик валютанын курсун мамлекет туруктуу кармай албай туруусу, финансылык тармакта абал тышкы факторлорго абдан сезимдүү экендигин далилдейт.

*Бишкек, май, 2015-жыл*

## Орто Азиядагы суу маселеси

Эгемендүү мамлекет болгондон бери Орто Азиядагы беш өлкө суу маселеси боюнча суктанаарлык, чыр-чатаксыз бир да сунушту уга элек. Аймакка кирген өлкөлөрдүн үчөө суугa абдан муктаж болгондор – алар Казакстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан. Ал эми суугa мол жана аны башкарууга мүмкүнчүлүгү бар өлкөлөргө Кыргызстан менен Тажикстан кирет. Акыркы жылдары суу маселеси жана аны эффективдүү колдонуу боюнча толгон-токой иш-чараларга миллиондогон долларлык каражат королгон. Мындай иш-чаралар негизинен эл аралык уюмдардын колдоосунда түрлүү проекттердин алкагында өткөрүлөт. Канчалаган жыйындар, талкуулар тегерек үстөлдөр, конференциялар менен сүйлөшүүлөр өткөрүлбөсүн, жыйынтыгында суу маселеси Орто Азияда башында кандай болсо, ошо бойдон эч өзгөрүлбөстөн калууда. Муну түшүнгөн таасирлүү эксперттердин айтуусунда, маселени оң жагына чечүү үчүн жаңы жана баардык өлкөлөрдүн жетекчиликтери колдой турган стратегия иштелип чыгып, өкмөттүк деңгээлде кабыл алынышы керек. Антпесе калкынын саны жыл сайын миллиондон ашык адамга көбөйүп бараткан чөлкөмдө суу маселеси чыр чатактын башы болушу ыктымал. Азыр эле Орто Азияда 70 миллионго жакын адам жашап жатат. Анын арасында эң эле көп сандагы, ошо себептен суугa баарынан көп

муктаж болгон өлкө Өзбекстан. Анын калкынын саны 30 миллиондон ашты. Мындан 2 жыл мурун өзбек президенти Ислам Каримов Казакстандын президенти менен болгон кездешүү учурунда «аймакта суунун айынан согуш чыгып кетиши мүмкүн» деп ачык эле айткан. Себеби суу азайса, өзбек экономикасына чоң зыян тийгизет. Жер-жемиш, пахта, айыл-чарба өсүмдүктөрү сугат суусу жок өндүрүлбөй калса, өзбек мамлекетинин айласы накта кетээрин Каримов жакшы түшүнгөн.



*Кыргызстандан башталып Орто Азия аркылуу аккан Сырдарья*

Мындай маселенин көтөрүлүп чыгышынын артында аймактагы чарбалык-экономикалык алакалар саясый мамилелерге кедергисин тийгизе баштаганы турат. Кээ бир эксперттердин айтуусунда аймактагы өлкөлөрдө суу маселеси эле эмес, дагы толгон-токой маселелер чечилбей келатышы өз-ара мамиленин начарланышына алып келген. Натыйжада ар-бир өлкөдөгү жашоо деңгээли экономиканын алына жараша болуп, суудан башка жаратылыш байлыктарына негизделген күчтүү өлкөлөрдө тургундардын жашоосу өйдөрөөк, ал эми суусу көп болсо да, экономикалык жактан начар өлкөлөрдө жашоо деңгээли төмөн болуп калган.

Эгемендүүлүккө жете электе аймактагы беш республика Москвадагы бийликтин көрсөтмөлөрүнүн негизинде иш алып барып, талаш-тартыштын баары үстүнөн чечилип келген. Ошо кезде суу байлыгын бөлүштүрүү пландык системанын негизинде болуп, баары бир борборго баш ийип келген. Азыр андай система жоюлуп, ар-бир мамлекет өз кызыкчылыгы үчүн башкалардын ой-пикири, сураныч-талаптары же сунуштары менен эсептешпей калган. Ал гана турсун суу ресурстарына бай делген «Кыргызстан менен Тажикстан өзүнөн чыккан суунун жардамы менен пайда табабыз» деп, атаандаштыкка чейин барып атышат деген пикирди айткан эксперттер чыккан. Ал эми суунун төмөнкү агымында жайгашкан Өзбекстан, Түркмөнстан менен Казакстан азыртадан эле суунун дефицитине учурай баштады. Арал деңизинин соолуп баратышы суунун чоң тартышка калганын айгинелейт. Бирок жалпы бир чечимге келе тургандай сүйлөшүү жүргүзүү жана андай жаратылышка зыян эмес, пайда келтире тургандай иш алып баруу сунуштары ишке ашпай келатат. Натыйжада кошуна болуп туруп, аймактагы ар-бир өлкө бири-биринен алыстап баратат. Бир жагынан мындай маселе бир эле Орто Азияда эмес, башка аймактарда да бар. Мисалы Сирия менен Түркиянын ортосундагы суу маселеси, Африка өлкөлөрүн аралап өткөн дарыя сууларынын маселеси өтө орчундуу бойдон калууда. Бирок ушуга окшогон маселелер Европа өлкөлөрүнүн ортосунда бири-биринин кызыкчылыгы эске алынып чечилгендиги үлгү боло тургандай мисал. Орто Азияда сууга байланыштуу чиеленген маселе, мамлекеттердин өнүгүү жолунун тандап алуусуна жана ал өлкөдөгү бийликтин жүргүзгөн саясаты менен тыгыз байланышкан. Эгерде демократиялык өнүгүү жолун тандап алган мамлекеттер көбөйсө, анда суу маселеси ортого алынып, талкуу жолу менен баардык тараптын кызыкчылыгы эске алынган жол табылмак. Тилекке каршы күчтүүбүз деген аймактык өлкөлөр экономикалык потенциалына таянып, Кыргызстан жана Тажикстан менен тең ата болуп сүйлөшүүгө баргысы келбейт. Ошол эле мезгилде бул маселе

чечилбесе, анда алар эле эмес, бүт аймак кыйын абалга туш болушу жакындагандан жакындап баратат. Жаңы форматтагы сунуштардын негизинде суу эң эле көп колдонгон өлкөлөр Өзбекстан менен Казакстан, өйдөдөн агып келген сууну сарамжалдуулук менен колдонуу боюнча кепилдик бериши абзел, ошондо суу чыккан Кыргызстан менен Тажикстан өзүндөгү суу сактагычтарды эффективдүү башкаруу боюнча сөз беришмек. Натыйжада ар-бир өлкөнүн өнүгүүсү аймактын жалпы кызыкчылыгы үчүн болот эле. Бирок көп тараптуу бир келишимге жетүү үчүн аймактагы ар-бир мамлекет коңшусу менен эки-тараптык суу келишимин түзүүсү керек.

*Бишкек, июнь, 2015-жыл*

## Тажик бийлиги жана Исламчыл партиянын сүрүлүшү

1997-жылы июнь айында Тажикстанда тынчтык орнотууга жол ачкан Келишимге кол коюлган. Келишим Москва шаарында Россиянын президенти Борис Ельциндин катышуусунда тажик президенти Эмамоли Рахмон менен тажик бириккен оппозициясынын лидери Саид Абдулло Нури ортосунда жетишилген. Анын негизинде атуулдук согушка катышып жаткан эки тарап куралдарын жыйып, бийликти коалициялык жол менен түзүүгө, анын курамынын 30 пайызы оппозициялык кыймылга таандык болоору, мындан ары эки тарап тынчтык жол менен кызматташууга макул болушкан.

Ошондон бери Тажикстандын исламдык кайра жаралуу партиясы бийликке түздөн түз тиешеси болуп, баардык шайлоолорго катышып, парламентке өзүнүн өкүлдөрүн киргизе алган. 2015-жылдын февраль айында өткөн парламенттик шайлоого да Исламчыл партия катышкан. Бирок 18 жылдын арасында партия биринчи жолу парламентке эч бир өкүлүн өткөрө албай калган. Чындыгында исламдын таасири жылдан

жылга күчөп бараткан жана динди тутунган мусулмандардын саны арбын өлкөдө алардын кызыкчылыгын коргоо үчүн түзүлгөн партиянын жалпы добуш берүүчүлөрүнүн болгону 1, 6 пайызы добуш бериши көп нерседен кабар берип турат. Бийликте 1992-жылдан бери тынбай келаткан Эмамоли Рахмон жана аны колдогондор акырындап исламчыл саясатчыларды бийликтен сыгып чыгууда. Ал эми акыркы бир жылдын арасында Тажикстандын ислам кайра жаралуу партиясын каралоо процесси күчөп, аны беш жылдык атуулдук согуштун себепкери катары көрсөтүү аракеттери жайылган. Бул партияга боор тартып, аларды колдогон адамдар куугунтукка алынып, кысым көрсөтүү процесси күч алган. Мунун баары акыры келип, Ислам кайра жаралуу партиясын Саид Абдулла Нуринин көзү өтүп кеткенден кийин башкарып келген Мухиддин Кабиринин өлкөдөн чыгып кетүүсүнө алып келди. Азыр Түркияда жашап жаткан Кабири мырза, «1998-жылы кыймылсыз мүлктү мыйзамсыз саткан» деген жалаа менен камакка алуу чакырыктары «Жумхурият» гезитинин бетине чыккандан кийин өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болгонун ачыкка чыгарган. Ал гана турсун анын бир тууган иниси азыр 90 жашка чыккан атасы менен калгандыктан, ага эч тоскоолдуксуз жардам берип, көзөмөлдөп туруш үчүн партиянын курамынан инисинин чыгууга мажбур болгонун кошо билдирген.

Мурдагы Совет өлкөлөрүнүн арасында биринчи болуп бийликке ислам динин туу туткан партиянын киришине жол ачкан Тажикстан, акырындап отуруп коңшу Өзбекстан менен Түркмөнстанга окшоп, бийликти сындабаган гана партиялардын иштешине мүмкүнчүлүк берүүгө өттү. Бул натыйжа акырындап отуруп, атаандаштарын саясый аренадан гана сүрүп чыкпастан, бүтүндөй өлкө ичинде да иш жүргүзө албагандай шартты түзө башташы менен тыгыз байланыштуу. Кээ бир эл аралык серепчилердин айтуусунда тажик президенти Э.Рахмон абдан жакшы үлгү алуучу катары, Ислам Каримовго, же түркмөн жетекчилерине окшоп, атаандаштарын чеберчилик менен кысымга алып, быйылкы парламентке бир да башка саясый көз карашы бар

саясатчыны жолоткон жок. Буга чейинки шайлоолордо Ислам кайра жаралуу партиясы бийликте, анын арасында парламентте 30 пайыз курамга ээлик кылса, 2005-жылкы шайлоодо болгону 10 пайызга ээлик кылган. Ал эми 2010-жылкы шайлоонун жыйынтыгында парламентте болгону 2 гана исламчыл депутат, анын бири Кабири мырза, калган. Исламчыл күчтөрдү катуу кысымга алуунун жана өлкөдө коррупция менен непотизмдин, башкача айтканда тууганчылыктын, күч алып кетиши элдин арасында наразылыктын күчөөсүнө алып келүү коркунучун ошол эле Кабири мырза ачык айтып чыккан. Ал эми андай наразылык карапайым калк эмес, Рахмондун жакынкы чөйрөсүнө кирген аскер кызматкерлеринин арасында да пайда болгону белгилүү. Жакында эле тажик ОМОНунун командири Гүлмурод Халимов, бийликке болгон наразылыгын ачык айтып, ИГИЛ деп белгилүү болгон Ислам мамлекетинин куралдуу топторуна шериктери менен бирге өтүп кеткени жана ал Дүйшөмбү шаарындагы бийликке каршы уруш ачууга даяр экендиги жарыяланып кеткен. Аны менен кошо Тажикстандагы нааразы болгон көптөгөн топтор айласыздан тынч турууга аргасыз болуп атканы да маалым. Ал эми Евразиялык экономикалык бирикменин түзүлүшүнө байланыштуу Россияда жүргөн тажик мигранттарынын үйлөрүнө кайтып келе башташы социалдык абалды чыңалтып, кыйынчылыктарды чектен чыгарып ийиши ыктымал. Мындай шартта «жаштар арасындагы радикалдашууну жөнгө сала тургандай Исламчыл партияны жабуу аракеттери бийликти чоң тобокелге такашы ыктымал», деп Кабири мырза бекеринен айтпаса керек.

*Бишкек, июнь, 2015-жыл*

## Россия жана коргонууга муктаж Казакстан

Мунай-затына бай болгон Казакстан көпчүлүккө авто-техниканын иштөөсүнө зарыл болгон күйүүчү майга деги эле муктаждыгы жоктой сезилет. Себеби бул өлкөдө мунайдан

күйүүчү майларды иштеп чыгуучу заводдордун үчөөсү бар. Ал эми аларга зарыл болгон мунай-заты өлкөнүн өзүндө жетишээрлик деңгээлде чыгарылып, ашканы сыртка экспорттолот. Ошол эле мезгилде Казакстан өзүнө зарыл болгон күйүүчү майларды Павлодардагы нефтини кайра иштетүүчү заводунда чыгаруу үчүн бир топ көөлөмдөгү чийки мунайды коңшусу Россиядан сатып алууга аргасыз. Анын да себеби бар – өзүнөн чыгуучу мунай-заты негизинен өлкөнүн батыш аймагы болгон Каспий деңизинин боюнда өндүрүлгөндүктөн, аны өлкөнүн чыгышына ташыш кымбатка түшөт.

Жалпысынан алганда Казакстан мурдагы СССРге кирген өлкөлөр менен соода-сатыгы күчтүүрөөк – экспорттун 59 пайызы менен импорттун 63 пайызы дал ушул өлкөлөргө дал келет. Арасынан экономикалык жактан байланышы Россия менен абдан күчтүү. Ал эми Евразиялык экономикалык биримдигине айланган уюмга киргенден тарта Казакстандын экономикалык өсүүсү өлкөнүн ички дүң продукциясынын 19 пайызга көтөрүлөөрү күтүлүүдө. Казак экономикасынын өнүгүүсү биринчи иретте чийки затты экспорттоодон түшкөн кирешенин негизинде болууда. Учурда Казакстандын экспортунун структурасы төмөнкүдөй:

- Мунай-заты жана анын продуктылары – 35%,
- Түстүү металл – 17%,
- Кара металл – 16%,
- Жаратылыш кендери – 12%,
- Дан-азык – 9%,
- Башка түрлөр – 11%.

Ошол эле мезгилде Казакстан өзүнө керектелүүчү товарларды импорттоодо эң чоң көөлөмдөгү товар болуп баягы эле өзүндө да чыгарылган чийки мунай-заты эсептелет. Андан сырткары түрлүү машиналар менен жабдыктар, транспорттук техника, химиялык продукциялар, азык-түлүк товарлары жана башкалар. Акыркы 10 жылдын ичинде калктын кирешеси бир топ өскөндүктөн, колдонууга даяр болгон товарларды импортто кескин өскөн. Алардын арасында пахтадан жасалган

кездемелердин көөлөмү 33 млн кв метрге чейин чыккан. Бут кийимдин көөлөмү 26 млн жупка чейин, муздаткычтар менен тоңдургучтардын саны 0,5 млн даанага чейин, телевизорлордун ар-кыл түрлөрү 1,2 млн даанага чейин өскөн.

Бирок экономикасы канчалык өнүксө да, Казакстан тышкы карыздын көөлөмү боюнча бир топ өлкөлөрдөн алдыда турат. 2014-жылкы маалымат боюнча жалпы карыздын көөлөмү 149 млрд доллардан ашкан. Болгону бир жооткоткон көрсөткүч – ошол карыздын 6 пайызы гана мамлекеттик карыз болуп саналат. Калгандары жеке менчик ири компаниялардын сырттан алган инвестициялык карыздары. Эгерде 17 млн калкка жалпы карыздын көлөмүн бөлсө, ар-бир жаранга 8760 доллардан туура келет. Салыштырмалуу алсак, 3,4 млрд доллар карызы бар Кыргызстандык ар-бир жаранга туш келген карыз болгону 600 доллар түзөт.

Экономикалык потенциалы күчтүү делген Казакстан алдыга бир топ амбициялуу максаттарды койгон. Мисалы күчтүү экономикасына ээ болгон 30 мамлекеттин катарына 2050-жылы кирүү пландары кабыл алынган. 2017-жылы дүйнөдөгү эң ири көргөзмөсү болгон «Экспо – 2017» өткөрүүгө кызуу даярдыктар жүрүүдө.

Ошол эле кезде казак Өкмөтү ички экономикалык структуранын тышкы соодадан чоң көз каранды болгондугун эске алып, түрлүү кадамдарды жасоого аракет кылууда. Ички өнөр-жайчылар менен рынокту сырткы терс таасирден сактап калуу максатында зарыл чараларды көрүүгө өтүп жатканы байкалууда. Мисалы, Павлодар мунай кайра иштетүү заводу өзүнө зарыл болгон чийки затты Россиядан алганын толугу менен токтото тургандай чечим Өкмөт тарабынан чыгарылган. Анын негизги себеби, Россиядан келе турган мунайдын баасы казак жеринен чыгарылган мунайдын баасынан арзан болгондуктан, автоунааларга зарыл болгон дизель майы менен бензинге болгон баалар арзандап кеткен. Казакстандык бензин өтпөй калуусунан чочулаган Өкмөт россиялык мунайды сатып алууну убактылуу токтотуп турууну чечкен. Чынында алып караганда, Россиядагы

экономикалык кризистен улам бир топ товарлардын баалары салыштырмалуу арзандап кеткен. Анын үстүнө ЕАЭБке киргенден бери эки өлкөнүн ортосундагы бажы төлөмдөрү алынып салынгандыктан, россиялык компанияларга товарларын Казакстанда сатуу пайдалуу. Бир литр 95 маркасындагы бензиндин баасы орустардын шаарында казак шаарларына караганда 4 рублга арзан. А бирок түшкөн киреше Казакстанда калбастан Россияга кетип жатышы, албетте Казакстандын экономикасына терс таасирин тийгизет. Мындан Кыргызстанга да маанилүү бир жыйынтык чыгарууга болот – өлкөгө керек болгон товарлардын бир топ бөлүгүн республиканын ичинде чыгаруу экономикага пайдалуураак. Андыктан ошондой товарларды импорттоого тыюу салуу кыргыз экономикасына пайда гана алып келет.

*Бишкек, июль, 2015-жыл*

## Экономикалык интеграциянын логикасы

Кубаты теңдешкис болгон СССР мамлекети күчтүү кезде дүйнөнүн негизги саясый оюнчусу болуп келген. Натыйжада «суук согуш» мезгилинде жаралып, дүйнөнү экиге бөлүп, эч бир тарапка кирбегендер «үчүнчү» деген аткан конуп, жаңы геосаясый кырдаал түзүлгөн. Эки тарапка бөлүнгөндөр өзүнүн экономикалык гана кубаты менен эмес, негизинен куралжарактын күчтүүлүгү жагынан тең-тайлаша алган абалга келишкендиктен, дүйнө жүзү эки полярдуу системага айланып, бирине батышты бириктирген АКШ баштаган өлкөлөр кирсе, экинчисинде СССР баштаган чыгыш мамлекеттери болгон. Бирок «суук согуштун» жана экономикалык жактан атайылап алсыратуунун натыйжасында, СССР кыйынчылыктарга чыдай албастан, саясый тирешүүдө утулуп, 15 майда мамлекет жаралган. Батыштын таасири күчтүү болгондуктан, алардын жарымы батыш демократиясы деген дүйнөлүк түзүмдү көздөй бет алган. Алардын арасында биринчилерден болуп Балтика

боюндагы үч республика болсо, андан соң аларга Грузия, эми болсо Украина менен Молдова кошулууга кызыкдар экендигин билдиришти. Ал эми СССРдин мураскери болгон жана илгертен бери келаткан жакын алакасын башкалар менен сактоого аракет кылган Россия баштаган өлкөлөр экинчи топту түзүштү. Саясый жактан аты белгилүү болгону менен, таасири жокко эсе КМШ аттуу уюм 1991-жылы түзүлгөн. Андан он жыл өтпөй бул уюмдан тышкары, бирок экономикалык жактан пайдасы көбүрөөк тийе турган Бажы биримдиги түзүлүп, ага Россия менен Беларустан тышкары Казакстан кирген. Бул уюмда бажы төлөмдөрү төлөнбөгөндүктөн мүчө өлкөлөр арасында соода кылуу пайданы көбүрөөк алып келет. Ошол себептен бул уюмга кирүүгө кызыккандар да пайда болду. Анын үстүнө экономикалык жактан кубатын күчөтүп алгандыктан, бул уюмдун дүйнөлүк аренада ойногон ролу да өсө баштаган. Тилекке каршы мурун бир чоң мамлекеттин курамына кирген эки славян элинин ортосундагы пикир келишпестик, акырындап отуруп, жыйырма жылдан кийин ачык кагылышууга алып келди. Натыйжада ЕАЭБтин негизги мүчөсү жана түзүүчүсү болгон Россия батыштын санкцияларына туш келип, анын кесепетинен уюмдун мүчөлөрү да жапа чеге башташты. Ошентсе да ЕАЭБдин экономикалык потенциалы менен мүмкүнчүлүктөрү жетишеерлик экендиги байкалууда. Ошол себептен бул уюмга кире тургандар каалоосун ачык айтпаса да, бара-бара кошулууга кызыгаары байкалууда. Уюмга алгач 2014-2015-жылдары Армения менен Кыргызстан кирди.

Эксперттердин баамында ЕАЭБдин келечегине эки сырткы фактор таасир кылат. Биринчиден ЕАЭБке кирген мамлекеттердин негизгилери Шанхай кызматташуу уюмуна мүчө. Бул уюм болсо экономикалык таасирин күчөткөн соң, эми саясый таасирин бүт дүйнөгө жайганга жол ачты. Натыйжада ШОСко кирем дегендер кезекке туруп калганына көп болду. Быйылтан баштап алгачкы алты мамлекетке Индия менен Пакистан кошулуп, уюмдун беделин ого бетер күчөттү. Ал эми Россиянын уламдан-улам бекемдеп баратышына БРИКС уюмуна мүчө

болушу менен дүйнөлүк экономикада анын ойногон ролунун өсүшү себеп болду. Бир топ адистердин айтымы боюнча Россиянын батыштын экономикалык санкцияларына туш келгени бумеранг сыяктуу батыш өлкөлөрүнүн өзүнө да зыян алып келип жатат. Ал эми эки дөөнү уруштуруп коюп, океандын ары жагында карап турган АКШ болсо атайылап убакытты созуш үчүн, толгон себептерди чыгарып, Россияга каршы Европа өлкөлөрүн тукурууда.

Кырдаал кызык мезгилде ЕАЭБке кире турган мамлекеттердин алгачкысы болуп Тажикстан болушу мүмкүн. Адистердин оюу боюнча буга негизги себеп болуп, тажик экономикасынын, мурдагы СССР кезиндегидей эле, байланыштарынын КМШ өлкөлөрү менен тыгыз болуусу. Ал кезде жалпы экономика кластерлик болуп бөлүнүп, ар-бир республика килтейген мамлекетке керек болуучу товарларды эч кыйшаюусуз чыгарып келген. Биринде пахта менен алтын чыгарылса, биринде көмүр менен мунай-зат, башкасында гидроэнергия менен мал чарбасы болуп, ар-бир республика адистештирилген. Азыркы ааламдашуу мезгилинде өз алдынчалыкка жетишкен ар-бир өлкө өзүндө чыгарылуучу товарларды жалпы ири рынокко чыгарууга алы жетпей жаткан кезде, ЕАЭБтин түзүлүшү, албетте, чоң олжо. Эл аралык тартипке жараша соода-сатык эрежелери иштесе, анда ЕАЭБтин да экономикалык өнүгүүсү менен алакасы ар-бир мамлекетке пайда гана алып келээри көрүнүп турат. Андыктан бул уюмга кийинки мүчө болуп Тажикстан кирет. Азыркы тажик бийлиги экономикасы начар экендигин түшүнүп, аны диверсификация кылууга аракетин токтотпойт. Чыгыштагы Кытай менен алакасы кеңейип, андан келген инвестициялар көбөйгөн сайын, тажик экономикасы бир тарапка көз каранды болуп калат деген кооптонуулар көп. Анткени тажик товарларын Кытайга чыгаруу өтө кыйын, себеби Кытайда өзүнүн товарларын сатуу маселеси турат. Ал эми тажик товарлары болсо, мурдагыдай эле, Россия менен КМШ өлкөлөрүнө гана кызыктуу. Муну менен бирге Тажикстандын коопсуздугуна Афганистандагы абал

терс таасирин тийгизүүдө. Аны камсыз кылуу үчүн ишенген мурдагы эле шериктери керек болот.

Анын үстүнө тажик мигранттары негизинен ЕАЭБ өлкөлөрүндө гана иштеп, тапкан каражатын өз өлкөсүнө жиберүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. Эгерде бул маселе жогору жактан колдоо таппаса, Тажикстандын абалы ого бетер начарлайт. Андыктан Тажикстандын Евразиялык экономикалык бирикмеге кирүүдөн башка өнүгүү жолу жок.

*Бишкек, июль, 2015-жыл*

## Сыркоосун жашырууга аракет кылган мамлекет

1990-жылдары элге көптөгөн жаңы терминдер күнүмдүк турмуштун бир бөлүгү болуп кирген эле. Алардын арасында суверенитет, суверендүү, башкача айтканда – эч кимден көз каранды болбогон, мамлекет, өз алдынчалык, эгемендик деген түшүнүктөр болгон. Бул түшүнүктөрдүн актуалдуулугу дагы эле күчтүү. Орто Азия аймагындагы мамлекеттер да 1991-жылы эгемендикке ээ болуп, көз каранды эмес мамлекет болушканын жарыя кылышкан. Арасында ошо кезде эле өзгөчө көңүл бурууга арзыган Кыргызстан болчу. Аймактагы 5 республиканын арасынан Кыргызстан биринчи болуп өзүнүн көз каранды эместигин 31-август күнү жарыялап чыккан. Экинчи болуп көз каранды эмес мамлекет болгонун Өзбекстан жарыялап, эгемендүүлүк күнүн 31-август жана 1-сентябрь күндөрүндө белгилөөнү салтка айланткан. Кийин Тажикстан, Түркмөнстан жана акыркы болуп декабрь айында Казакстан эгемендүүлүгүн жарыя кылышкан. Андан бери 24 жыл өтүп, ар-бир аймактык мамлекет өз алдынча өнүгүү жолун тандап алган багытында жүргүзүүдө. Арасында Союз мезгилинде эле абдан кубаттуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болушкан Өзбекстан

менен Казакстан эл аралык коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурушкан.

Ошо кезде бул эки мамлекет экономикалык жактан да, саясый жактан да башка аймактык өлкөлөргө караганда күчтүү экендигин көрсөтө алышкан. СССР кулай электе эле кубаттуу делген мамлекетти башкаруу чөйрөсүнө Өзбек жана Казак Республикаларынын жетекчилиги кирип, аралашып келишкен. Ал эми калган үч республиканын жетекчилиги экинчи катардагы бийлик чөйрөсүнө киргендиктен, Москвадагы жетекчиликтин астында өз өлкөлөрүнүн кызыкчылыгын жана келечегин коргоого мүмкүнчүлүгү чектелүү болучу. Натыйжада Өзбекстан менен Казакстан эгемендүүлүккө башкаларга салыштырмалуу бир топ артыкчылыктар менен чыгууга жетишкен. Мисалы Өзбекстан Орто Азиядагы биргелешкен энергочордондорду башкаруучу укукка ээ болгон. Казакстан болсо «Байкоңур» космодромун Россияга арендага берүү укугуна ээ болуп, жылына 100 млн доллардан ашык каражат тапканга жетише алган.

Бул эки республика эгемен мамлекет болгондон бери бир жагынан кыйын, бир жагынан кызык, опурталдуу жана көптөн үмүттөндүргөн турмушту башынан өткөрүп келишти. Өзбекстан бул мезгил ичинде мамлекет башчысын алмаштырбастан, аны шайлоо же референдум жолу менен 26 жылдан бери бийликте кармап келатат. Батыштын өнүккөн мамлекеттери туруктуу өнүгүү жолунда болуп, элдин жашоо шартын өйдөңкү деңгээлге чыгара турган шартты түзсө, Өзбекстан өзгөчөлөнгөн өткөөл мезгилин бир лидер менен өткөрүп келди. Мунун артыкчылыгы бийлик курамынын туруктуулугу болуп келсе, кемчилиги эл аралык коомчулукту көптөн бери өкүндүрүп келген өзгөрүүлөрдүн жоктугу болууда. Союз мезгилиндеги башкаруу системасынын сырты гана өзгөрүп, ал эми башка жагы мурунку тоталитардык система кезиндегидей эле келатканы мамлекеттин азыркы замандын талабына ылайыктуу деңгээлге чыгалбай жатканынын себеби. Натыйжада жалпы саны 30 миллионду түзгөн өзбек калкынын көпчүлүк

бөлүгүнүн турмушу төмөнкү деңгээлде калууда. Турмушун оңдоого, күнүмдүк кыйынчылыктан чыгууга аракет кылган өзбек жумуш мигранттарынын саны Орто Азияда эң көп санды түзүп, 3 млн-дон ашып кетти. Мурдагыдай эле саясый көз караштар бир өңчөй болуп, көпчүлүк бийликтин үстөмдүгү менен жашоого аргасыз болууда. Жашоо шартынын уламдан-улам өзгөрүп баратканын эске алуу талабы күчөгөнүнө өзбек бийлиги көп маани бербей жатат. Тескерисинче, өзбек бийлиги мамлекеттин экономикасы өнүгүү темпи боюнча дүйнөдө алдынкы беш өлкөнүн катарына киргенин жүйө кылып айтып чыкты. Бул сөздү өзбек президенти Ислам Каримов эгемендүүлүк күнүнө арналган жыйында айткан. Андан тышкары өзбек президенти эгемендүүлүк жылдары Өзбекстандын жетишкен ийгиликтерин тизмелеп, элдин жашоо шарты жылдан жылга оңолуп баратканын кошумчалаган. Ал эми бүт дүйнө жүзүнүн үшүгүн алган Ислам мамлекетине каршы аракеттерге кошулууга болгон чакырык тууралуу ал үн катпады. Ал гана турсун Афганистан жактан коркунуч туудуруп жаткан исламчыл террористтерге каршы чогуу иш аракет кылуу тууралу да бир сөз айткан жок. Өз убагында «Талибанга» жана «Аль Каидага» каршы согуш аракеттерин жүргүзүү үчүн 2001-жылдан бери Термез шаарында жайгашкан Германиянын аскер тобун эске албастан, Өзбекстан өз жеринде чет элдик бир да аскер базасына жол бербей тургандыгын жаңыртып айтып чыкты.

Ошол эле кезде эл аралык байкоочулардын айтымында Өзбекстанда адам укуктары эң эле көп бузулуп жатат. Кээ бир маалыматтарга караганда түрмөдө отургандардын саны Орто Азиядагы башка мамлекеттердеги түрмөдө отургандардын санынан арбын. Ал эми мындан 2-3 жыл мурун эле мектеп окуучулары жашына карабастан күз киргенден баштап мамлекет үчүн бекер пахта терүүгө талаага чыгып келген. Эл аралык уюмдардын жана пахта кездемелеринен кийим тигишкен ири фирмалардын кысымы астында гана өзбек бийлиги окуучуларды талаага чыгарбай калган. Бирок алардын ордуна

азыр мамлекеттик мекемелерде иштеген бюджеттик сферанын өкүлдөрү кыш кирип, кар жаагыча пахта терүүгө аргасыз. Антпесе ээлеген ордунан ажырап калуудан чочулашат.

Кээ бир өзбек оппозициячыл күчтөрүнүн айтуусунда 24 жылдан бери Өзбекстан сыркоолоп жатканын билсе да, билбестикке салып жашап жаткан адамга окшошуп баратат.

*Бишкек, сентябрь, 2015-жыл*

## Басаңдаган Түркмөнстан жана тышкы коркунуч

Афганистан менен КМШ өлкөлөрүнөн үч мамлекет чектеш – Тажикстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан. Түркмөндөрдүн афгандар менен чек арасынын узундугу миң чакырымдан кем эмес. 5,2 миллион калкы бар түрк тилдүү топко кирген өлкө 1991-жылы көз каранды эместикке жеткен соң, башкалардан өзгөчөлөнүп, бейтараптык мамлекет боло тургандыгын 1992-жылы жар салган. Бул позициясын Бириккен Улуттар уюму да таанып, атайын расмий макам берген. Натыйжада дүйнө жүзүндөгү Швейцария жана Австрия мамлекеттерине окшоп, Түркмөнстан бейтараптык позицияны карманган үчүнчү мамлекетке айланган. Мындай макам өлкөгө өзгөчө артыкчылыкты бере албаса да, тышкы күчтөрдүн өлкөдөгү кен байлыктарга болгон агрессивдүү кызыгуусун басаңдаткан. Бул мамлекеттин ички дүң продукциясынын 2012-жылкы көөлөмү 55 млрд долларга жетип, киши башына бөлүштүргөндө 16 миң долларды түзгөн. Салыштырганда Кыргызстанда бул көрсөткүч болгону 1200 долларга барабар. Мынчалык ири көрсөткүчтөргө жетишүүнүн бир гана булагы жер кыртышынан чыгарылып, өндүрүлүп, экспорттолуучу жаратылыш газы эсептелет. 2010-жылдарга чейин түркмөн газынын негизги экспорттоочусу катары Россия эсептелип келген. 2009-жылкы газ түртүүчү чордондун орус тараптын күнөөсүнүн айынан жарылып

кетиши, эки тараптык алаканы начарлатып, газды экспорттоо 75 пайызга азайган. Россияга газды арзан баада сатып келген түркмөн бийлиги буга, газ инфраструктурасынын жоктугунун айынан аргасыздан көнүп келген жана бааны көбөйтүү үчүн ыңгайлуу учурду күтүп жүргөн. Натыйжада түркмөндөр газды башка өлкөлөргө сатууга кызыга баштаган. Бирок алуучулар болгону менен, аны жеткирүү маселеси инфраструктуранын жоктугуна такалган. Коңшу Иранга батыш өлкөлөрү экономикалык эмбарго киргизгенден кийин, түркмөндөр эки тараптык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, экономикасы начарлап бараткан Иранга газын жеткирүү максатында газ түтүктөрүн куруу келишимине кол койгон жана эки жылдан кийин экспорттоону баштаган. Бирок Иран Түркмөнстанда чыгуучу газдын чакан бөлүгүн гана сатып алууга жараган. Ошол себептен Ашхабад бийлиги башка коңшуларына да газ сатууга кызыга баштаган. Тилекке каршы коңшу Афганистандагы кырдаал жана анын экономикалык кубаты жаңы газ түтүктөрдү куруууга жетишсиз эле. Андыктан 2012-жылы экономикасынын өнүгүүсүнө зарыл болгон газды Өзбекстан менен Казакстандан сырткары Түркмөнстандан алуу тууралуу Кытайдын сунушу түркмөндөр үчүн көктөн издегени жерден табылгандай болду. 2013-жылы Кытайдын жетекчиси Борбордук Азия чөлкөмүнө жасаган расмий иш сапары учурунда Ашхабадка келип, ал жерде 30 млрд долларлык келишимге кол койгон. Ага ылайык экспорттолуучу газды Кытайга жеткирүү үчүн курулуучу газ түтүгү коңшу Тажикстан менен Кыргызстан аркылуу өтүшү керек жана Кытайдын Сыньзян аймагына чыгаары белгиленген. Бул жаңы газ түтүгү курулгуча түркмөн газы Өзбекстан менен Казакстанга таандык түтүктөр аркылуу Кытайга чыгууга мүмкүнчүлүк алган. Дал ушундай ири көөлөмдөгү газды экспорттоодон түшкөн каражат Түркмөнстанга башкаларга көз каранды болбостон, өз алдынча экономикалык-чарбалык гана эмес, саясый жактан да өз алдынча өнүгүүгө жал ачкан. Дүйнө жүзүндөгү азыркы чыңалуу Афганистандан башталып, бүт дүйнөгө тараган. Азыр болсо Афганистанда кырдаал курчуп,

бир гана оппозициячыл «Талибан» кыймылынын жандануусу менен коштолбостон, исламчыл террористтик «Ислам мамлекетинин» күчөшү жана тарашы менен коштолууда. Алар азыр Түркмөнстандын чек арасына жакындап, акыркы эки жылдан бери афган тарапта жашаган түркмөн урууларына таасирин тийгизип, ал гана турсун чек араны бузуп, куралдуу жаңжалдарды күчөтүүдө. Айрым талдоочулардын айтымында исламчыларга Түркмөнстандын бейтараптыгы кыпындай да мааниге ээ эмес. Аларга Түркмөнстанда чыгуучу жаратылыш байлыктары кызыктуу жана исламчыл террористтер жете турган болсо, алардын каржы маселеси бир топ жеңилдейт болчу. Андыктан алардын чек арадагы провокациялары бекеринен эмес.

Абалдын уламдан-улам начарлап баратышын сезген түркмөн бийлиги зарыл чараларды көрүүгө өтүп, чек ара кызматы менен куралдуу күчтөрүн күчөтүүгө аргасыз болууда. Акыркы маалыматтарга караганда Түркмөн куралдуу күчтөрүнүн 70 пайыз курамы Афганистан менен өткөн чек арага жакын жылдырылган. Чек арачыларды машыктырууга АКШ менен коңшусу Өзбекстандын аскер адистери чакырылган. Мунун баары Түркмөн бийликтеринин кооптонуп жатканын көрсөтүүдө. Ошого жараша башка мамлекеттер менен алакасын күчөтүү аркылуу абалдан чыгууга аракет кылууга өтүүдө. КМШ уюмунун мүчөсү болгону менен Түркмөнстан анын коргонуу бөлүгү болгон ОДКБга мүчө эмес. Бейтарап мамлекет болгондуктан, аны коргоо үчүн деп атайылап түзүлгөн бир да келишим жок. Ал эми сентябрдын аягында Афганистандагы Кундуз шаарын талибдердин басып алышы, кырдаал өтө эле начарлап баратканынан кабар берет. Орто Азияда куралдуу күчтөрүнүн кубаты боюнча алдыда турган Өзбекстан түркмөн бийликтери менен алакасы жылуу болгонуна карабастан, исламчыларга каршы аракет көрүүдө Түркмөнстанга көп ишене бербейт. Муну түшүнгөн түркмөн президенти К. Бердымухамедов Ташкентке расмий иш сапары менен келип, эки тараптык алакаларды талкууга алып, анын өзөгү катары

коопсуздук багытында чогуу-чара иш кылуу тууралу да сүйлөшүү жүргүздү. Бирок ОДКБ уюмуна кирбеген Өзбекстан эгерде тышкы агрессияга дуушар болсо, жалгыз туруштук бере алышын айтуу кыйын. Ал эми Тажикстанда түзүлгөн кырдаалды эске алганда, ал жактагы абалдан улам тутанып кете турган жаңжалдын алдын алыш үчүн Өзбек бийлиги да, Түркмөн бийлиги да, жана өзгөчө Тажик бийлиги да биргелешип иш алып бара тургандай позицияга келишпесе, абал чатак болуп кетиши ыктымал.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## Россия-Сирия жана Орто Азия

Россиянын аскер аба учактары Сириядагы Исламчыл террористтерди абадан бомбалоого өтүп, күнүнө 50-60 жолу операция өткөрүүдө. Ага удаа эле, Кыргызстанда парламенттик шайлоо болуп аткан күнү, 4-октябрда, Каспий деңизинин түштүк-батышынан, Азербайжан менен Ирандын жээгине жакын аймактан орус аскер деңиз кемелери «канаттуу ракеталар» менен 26 жолу Сириядагы террористтердин объектилерин аткылады. Мынчалык ырааттуу аскер операцияларын жүргүзүү Ислам мамлекетинин жетекчилигине гана эмес, батыш мамлекеттери менен АКШнын өзүнө да күтүлбөгөн жерден болду. Бир жагынан алганда мынчалык кубаттуу аракеттин башталуу мөөнөтү эбактан бери эле күтүлүп жүргөн. 2013-жылы Россия ИГИЛдин үстөмдүк кылуусуна жол бербөө максатында Сирия менен Израилдин чек арасы өткөн Голан тоо кыркасында жайгашкан австриялык тынчтык күчтөрүн орус аскерлери менен алмаштырууну сунуш кылып чыккан. Андан соң Россия Иракка аскер учактарынын эң мыктыларын сатууга макул болгон. Иран да орустардын аскер техникасына кызыгуусун көрсөткөн. Бирок 2014-жылы башталган Украина окуялары Россиянын жетекчилиги Жакынкы Чыгыштагы кырдаалдын

айынан киришүүгө батына албай, маселени басаңдатууга аргасыз болгон. Ал эми азыр болсо, Россиянын таң калтырган жана өзүнүн аскердик күч-кубаты батыш аналитиктери менен аскер адистери күткөндөн бир кыйла жогору экендиги далилдеген кадамдарды жасады. Сириядагы террористтердин базаларын бутага алууга чейин эле Россиянын куралдуу күчтөрү эки жылдан ашык убакыттан бери согуш кырдаалына жакын шарттагы аскер машыгууларын байма-бай өткөрүп, ал гана турсун континенттер аралык ракеталарды сыноосун күчөткөн. Аны менен кошо орус бийлиги Казакстандын аймагында жайгашкан «Байконур» космодромуна тең ата боло тургандай мүмкүнчүлүгү бар эки космодромду Россиянын ичинде курууну күчөткөн. Анын бири Архангельск областында жайгашкан «Плесецк» космодрому болсо, экинчиси Амур областында жайгашкан «Восточный» космодрому. Бул космодромдордун куруу зарылчылыгы бир гана космоско ракеталарды учуруу менен чектелбестен, коопсуздук жана коргонуу жаатында да көптөгөн маселелерди чечүүгө багытталган. Ал эми Каспий деңизинен учурулган «Калибр» деген аты менен белгилүү болгон «канаттуу ракеталар» алыстыгы 1500 чакырымга чейинки буталарга таамай тийип, аларды жардырганы дүйнөлүк коомчулукту таң калтырды. Мынчалык күчтүү аскерий кубаты бардыгын баамдап жүрүшсө да, Россиянын соңку аракеттери бир топ батыш өлкөлөрдүн жетекчилигинде чочулоону пайда кылды.

Россиянын Сириядагы согушка аба мейкиндигинде катыша баштаганын ачык-айкын төрт мамлекет колдоорун айтып чыкты. Алар Сириянын өзү, Иран жана Ирак. Парламенттик шайлоодон кийин басма сөз өкүлдөрү менен баарлашуу учурунда Кыргызстандын президенти Алмазбек Атамбаев да Россиянын аракетин колдоорун айтып, төртүнчү колдогон мамлекет Кыргызстан экенин маалымдады. Бирок коңшу бир да мамлекет мынчалык айкын түрдө Россияны колдоорун ачыкка чыгара элек. Ал эми Москванын бул кадамынын артындагы себептер да талкууга көп алынууда. Көптөгөн булактардан

жыйналган маалыматтарга караганда, азыр Сириянын ичиндеги ИГИЛдин курамында эле кеминде 70 миң куралдуу мүчөсү бар. Алардын арасында Россия менен Борбордук Азия өлкөлөрүнөн чыккандардын саны 5 миңден кем эмес. Орус президенти Владимир Путин телевидениеге берген маегинде, учурда ИГИЛдин курамында согушуп жүргөндөр машыгып, тажрыйба топтоп, күчтөнүп алса, жана ИГИЛ Сирия менен Иракта өз бийлигин орнотсо, 5 жылдан кийин алар кайра өз өлкөлөрүнө келе баштайт. Кайра келгендерди идеологиялык жактан абдан өзүнө тартип алган исламчылар террористтик иш-чараларды жүргүзүүгө түрткүлөйт. Ал гана турсун мындай топтор саясый бир максаттарды көздөгөн радикалдуу кадамдарга да барышы ыктымал. Ошол себептен, Путиндин оюу боюнча, ошондой кадамдарга барууга даярданып жаткан куралдуу топторду, алар күчөй электе, Сириянын ичинен эле алсыратып, ал турсун жок кылуу зарылдыгын кошо айткан. Андыктан сентябрь айынын аягында башталган абадан сокку уруу операциясы, Россиядагы коопсуз жашоону, туруктуу өнүгүүнү коргоо аракетин өзүнүн чек арасынан алысыраак жерде өткөрүүнү көздөп жаткандагысын көрсөтүүдө. Ал эми ошол 5 миң террористтердин дээрлик жарымы Орто Азиядан чыккандар болсо, алар үйлөрүнө кайтып келген соң, бийликке каршы кадамдарга баруудан качышпайт, себеби көпчүлүгү авторитардык мамлекеттен чыккандар болгондуктан, ага каршы курал менен күрөшүүдөн кайра тартпайт. Ушундай кырдаал түзүлүшүн сезишсе да, Орто Азиялык мамлекет башчылары үн чыгарбай, Россиянын кыймыл-аракетин карап турушу түшүнүксүз. «Биз тийишпесек – бизге тийбейт» деген пикир туура эместигин тарых эбак эле далилдеген. Бул тууралу да В.Путин өз маегинде баса көрсөттү.

Россия бул аба операциясын, АКШ менен батыштан айырмаланып, Сириянын азыркы легитимдүү бийлигинин кайрылуусунан кийин ишке ашыра баштады. Жана аскер операцияларын баштаар алдында, ага тиешелүү баардык мамлекеттерге маалымат катары эскертүү да жиберген. Батыштан

айырмаланып, ачык-айкын баштаган кадамынан Россия саясый жактан алганда өз пайдасына упай топтой алды. Экинчи жагынан, Сириядагы террорчулардын курган инфраструктурасын жакшылап талкаласа, Россияга кайтып келе ала тургандардын санын азайтат. Демек коркунуч азаят. Үчүнчүдөн, Россия куралдуу колдоо көрсөтүү аркылуу азыркы Сирия бийлигин сактап калууга жол ачат. Натыйжа катары бул өлкөдөгү өзүнүн аскер базаларын сактап, геостратегиялык жактан таасирин күчөтө алат. Ал эми булардан кем калбаган дагы бир артыкчылык – Россия канчалык катуу кысымга алынбасын, канчалаган экономикалык санкцияларга дуушар болбосун, баары бир дүйнөдөгү абдан таасирлүү жана күчтүү мамлекет катары кайрадан жаралганын далилдей алат. Ушул себептерден улам Россиянын кубаты менен келечектеги потенциалы башкалар суктанаарлык деңгээлде экени байкалат. Демек Кыргызстан бул себептердин баарын эске алып, түзүлгөн кырдаалга абдан тыкандык менен мамиле кылып жатышы түшүнүктүү.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## Япониянын Орто Азияга кызыгуусу

Кыргызстан жана Орто Азия өлкөлөрү өз алдынча мамлекеттүүлүккө жетип, жаңы шартта өнүгө баштаганда сырттан кызыгып, колдоо көрсөтүүгө даяр өлкөлөр көп чыккан. Алардын бири алыскы чыгыштагы Япония болчу. Ал кезде Япония эң өнүккөн мамлекеттердин арасында АКШдан кийин турган экономикалык жактан кубаттуу мамлекет эле. Азыр деле Япония өнүккөн делген мамлекеттердин биринчи бешилтигине кирет. Эгемендүүлүккө жетишип, өнүгүүнүн түрлүү моделдерин тандаган Орто Азиялык мамлекеттердин баары үчүн Япония кайсы бир деңгээлде идеалдуу өнүгүү жолун тапкан өлкө сыяктуу сезилген. Андыктан япондор сунуш кылган соода-сатык жана инвестициялык сунуштардын баарын кош колдоп жактырып,

эки тараптык мамилени бекемдөөгө өтүшкөн. Өзгөчө япондор демократиялык нукта өнүгүү жолуна түшкөн Кыргызстанга көбүрөөк ыктаганга кызыккан. Ошо кездеги Япониянын адегенде СССРде, андан кийин Россия Федерациясында элчи болгон Ватанабе мырза Кыргызстандын тунгуч президенти менен аласын достук деңгээлге чыгарып, япондук инвестициялар менен түрлүү гранттык каражаттарды көп тартып келген. Япондордун кыргыздарга болгон ысык мамилеси тилекке каршы көпкө узаган жок. Авторитардык бийликтин негизинде күчөгөн коррупциялык иштер япондорду аймактагы башка өлкөлөргө көңүл буруусун күчөткөн. Ошо кезде Орто Азия өлкөлөрүнө азыркы кездегидей Кытай жана Түштүк Корея көп кызыкчу эмес. Алардын экономикалык потенциалы жаңы мамлекеттерге жардам кыла тургандай деңгээлге чыга элек болчу.



*Япониянын премьер-министри Синдзо Абэ президент А.Атамбаев менен*

Абал 2000-жылдары өзгөрө баштады. Акыркы 15 жыл аралыгында Орто Азия аймагына көңүл буруп, өз кызыкчылыгы менен кошо мурдагы советтик республикалардын экономикасына салым кошууга Кытай, Түркия, Түштүк Корея, Индия сыяктуу күчтүү экономикага ээ болгон мамлекеттер аракетин күчөтүштү. Ал эми акыркы убактагы күчтүү дүйнөлүк

экономикалык кризис Японияга сезилерлик таасир кылып, анын абалын оорлотту. Сырьёлук товар аркылуу экономикасын өнүктүрүп келген Япония акырындап отуруп артка түшө баштады. Анын кесепетинен Орто Азиядагы пландаштырылган ири проектилер да токтоого аргасыз болуп, япондордун аймактагы таасири солгундай түштү. Буга салыштырганда Орто Азияга таасирин Кытай күчөтүп, ири проектилерге гана каражат бербестен, жаңы өндүрүштүк ири ишканаларды өзү кура баштаган. Учурда Орто Азиядагы эң таасирлүү делген мамлекеттердин арасында Кытай эч шексиз биринчи орунда турса, андан кийинки орунга Түркия менен Түштүк Корея чыкты. Ал эми Япония алардан кийинки орунга түшүп калган. Орто Азияга өнүккөн өлкөлөрдүн кызыгуусунун негизги себеби – бул аймактын энергетикалык заттардын кубаты. Биринчиден ар-бир экономикага зарыл болгон мунай-заты менен газдын чыгарыла турган көөлөмү абдан чоң. Ага азыр Кытай көзүн кызыктырып, ондогон миллиард долларга бааланган нефть жана газ түтүктөрүн салууга киришкен. Андан кийин кызыгуусун Индия билдирип, эл аралык деңгээлде таанылган ТАПИ проектисин каржылоого даярдыгын айтып чыкты. Мындан башка өлкөлөр да Орто Азиядагы энергоресурстарга кызыгуусун жашырбайт.

Ушундай кырдаалда бир кризистик абалдан кийинки кризиске дуушар болуп отуруп, энергоресурстардан кур-жалак калганга жакындап калган Япония эсине келгендей болуп, энергоресурстарды экспорттоого жана ага өбөлгө түзүүгө кызыгуусун көрсөтүүдө. 2015-жылы октябрда Япониянын премьер-министри Синдзо Абэ алты күндүк расмий иш сапары менен Орто Азия чөлкөмүнө келди. Анын максаты эгергоресурс менен кен байлыктарга бай аймактын жетекчилери менен энергетика жаатында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, аларды кызматташуунун жаңы барагын ачууга үндөө. Япондордун аймактагы мамлекеттерге кызыгууну жарата тургандай бир сунушу бар – «кен байлыктар үчүн жаңы технологиялар». Эң алдынкы технологияларга жетишкен Япония үчүн жаратылыш

ресурстары абдан зарыл, ал эми аймактагы өлкөлөр үчүн япон технологиялары абдан кызыктуу. Премьер Абэнин алгачкы сапары газга абдан бай келген Түркмөнстандан башталды. Ал жердеги жакында ачылган «Галкыныш» газ чордонун иштетүүгө японлор кошулууга кызыгып, түркмөн бийлиги менен келишим түзүүгө даярдыгын эбак эле билдирген. Дал ушул газ кенинен ТАПИ проектиси башталып, ал аркылуу төрт мамлекетти газ менен камсыз кыла алат. Аны ишке ашыруу үчүн Япония 10 млрд доллар салым кошууга даяр экенин билдирди. Андан сырткары японлор Түркмөнбашы шаарындагы өлкөнүн эң ири деңиз портун курууга 2 млрд доллар каражат берүүгө макул.

Геосаясый жактан алганда, Япониянын учурдагы Орто Азиялык өлкөлөр менен алакасын тыгыздоо себеби, Афганистандан АКШнын аскерлеринин чыгарылып жатышына байланыштуу. Вашингтон бул аймакка тарап келаткан ИГИЛ күчтөрүнө каршы жалгыз туруштук берүүсү кыйындап бараткандыктан, жакынкы шериктери менен Афганистанга коңшу мамлекеттерди аралаштырып, бул кыйын маселени чечүүдөн четтөөгө бет алгандай. Дал ошондуктан Японияга окшогон шериктери жана Кытай бул маселеге акыр-аягы киришип, АКШ оор жүктөн арылууга аракет кылат окшойт. Ал эми Орто Азия азыркы исламчыл террористтерден өзүн коргоп калышы үчүн, аларга баардык тараптан көмөк кылуу зарыл. Мындай абалда Түркмөнстан ИГИЛдин Орто Азия тарапка болгон жолундагы аскерий даярдыгы эң начар өлкө. Муну түшүнгөн Түркмөнстан азыр коңшу Өзбекстандан тышкары АКШга да кайрылып, колдоо алууга далбастап жатат. Аны менен кошо Россия менен Казакстанга сыртын көрсөткөндөй кадамдарга да барууда. Бул түркмөндөрдүн батыш менен алакасын оңдоп, коопсуздугун камсыз кылууга кызыгуусу.

Япониянын премьер-министринин сапары бир эле Түркмөнстан менен чектелбестен, аймактагы башка өлкөлөргө да болот. Алардын арасында Казакстан менен Кыргызстан да бар. Кыргызстан менен алакасы учурда чакан өлчөмдөгү

соода-сатык менен чектелип турат. Эки тараптык алаканы кеңейтүү жана Кыргызстанга зарыл болуп турган инвестициялар менен жаңы технологияларды тартуу маселеси да актуалдуу бойдон калууда. Ал эми жакында ийгиликтүү өткөрүлгөн парламенттик шайлоонун эпкини менен Кыргызстан япондорго демократиялык нуктагы мамлекет куруудагы алгылыктуу иш кылганын көрсөтүү менен, аларды өзүнө көбүрөөк тартууга жол ачылышы ыктымал.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## Япония жана геостратегиялык аймакка айланган Борбордук Азия

Кыргызстан менен Япониянын ортосундагы эки тараптык алака коңшуларга салыштырмалуу эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарында абдан өнүккөн. Кийинчерээк алакалар солгундап, кызматташуу элчиликтердин деңгээлине түшүп кеткен. Буга себеп бир эле Кыргызстандагы үй-бүлөөлүк жана авторитардык башкаруу гана болбостон, дүйнөлүк экономиканын өнүгүү ылдамдыгы басаңдап, ал Ыраакы Чыгыш өлкөсүнө да залакасын тийгизгенден келип чыккан. Андан кийинки кыйынчылыктар, техногендик катастрофалар Япония үчүн чоң кыйынчылыктарды туудуруп, дүйнөдө экинчи орунда келаткан япон экономикасын үчүнчү-төртүнчү орунга алып түшкөн.

Акыркы жылдары экономикалык кыйынчылыктар Япониянын ичиндеги саясый кырдаалга да терс таасирин тийгизип, бир нече жолу Өкмөт курамы алмашып, аны түзүүчү парламент да мөөнөтүнөн мурда шайланууга мажбур болгон. Азыркы өкмөт башчысы Синдзо Абэ бийликке былтыркы парламенттик шайлоодон кийин дайындалган жана өкмөттүн курамын туруктуу иштей турган деңгээлге чыгара алган. Натыйжада япон экономикасы учурда төмөндөөсүн

басаңдатып, кризистен чыга тургандай деңгээлге жакындап калды. Өзүнүн өнүгүүсүн бийик деңгээлде кармап турууга жол ачкан экономикасы негизинен сырттан алынып келинүүчү сырьёго негизделген. Башынан экспорттоого багыт алган Япония азыр жаратылыш байлыктарына, мунай-затка, газга, башка толгон-токой чийки заттарга абдан муктаж. Ошол себептен өлкөдөгү ири компаниялар өз товарын чыгарып, аларды экспорттоо үчүн жаратылыш байлыктарына бай өлкөлөр менен мамилесин кызматташтык деңгээлде кармап туруусу зарыл. Ал эми Японияга жакын жайгашкан ири Кытай мамлекети да, экономикасы дүркүрөп өскөн сайын, анын жаратылыш байлыктарына болгон муктаждыгы өсүп барат. Ортодо атаандашуу чыгып, ал тирешүү деңиздеги аралдарды талашууга чейин жеткен. Буга кошумча, Кытай өзүнө керек болгон энерго ресурстарды жакынкы коңшуларынан япондордон озунуп, келишимдерди түзүп, коңшусуна кыйынчылыктарды жаратып келет.

Борбордук Азия өлкөлөрү Япония үчүн энергоресурстары менен абдан чоң кызыгууну эбактан бери жаратып келет. Эки ортодогу алыстык экономикалык байланыштарды күчөтүүгө чоң тоскоолдук болуп турат. Мындай кыйынчылыктарга карабастан, Япония азыркы учурда Борбордук Азия аймагынан өзүнө зарыл болгон мунай-заты менен газдан тышкары, уран кенин да кайра иштетүү процессин колго алууга абдан ынтызар.

Синдзо Абэ 2015-жылкы Орто Азияга иш сапарын Монголиядан баштаган. Бул эки өлкөнүн алакасы акыркы 20 жылда бийик деңгээлге чыгып, монголдордун экономикасына пайда алып келе тургандай ири долбоорлор ишке ашырыла баштаганына көп болду. Сапарында япондор монголдорго Кытай убада кылып, салып беребиз деген темир жолду толугу менен каржылоого макулдугун беришти. Андан тышкары демократиялык өнүгүү, болгондо да япондорго жакын болгон парламенттик демократияны япондор кош колдоп, сүрөп келишет.

Япон премьеринин кийинки барган мамлекети Түркмөнстан болду. Бул өлкөдөгү эң ири газ чыгуучу кен «Галкыныш» деген аты менен белгилүү. Аны 2013-жылы Кытай лидери Си Цзиньпин расмий иш сапары учурунда толугу менен ишке киргизүүгө көмөк кылабыз, керектүү көөлөмдөгү каражат менен камсыз кылабыз деп айтып чыккан. Азыр япон премьери президент Курбангулы Бердимухамедов менен макулдашып, «Галкыныш» газ кенин иштетүү үчүн кошумча 16 млрд доллар берүүгө макулдугун берди. Кытай менен мурда түзүлгөн келишим боюнча, бул кенди иштетүү үчүн 15 млрд доллар каражат каралган эле. Бул кенден чыккан газ эл аралык мааниси чоң жана өз убагында АКШ тарабынан сунушталып, ишке ашырылбай келаткан ТАПИ газ түтүгүн камсыз кылууга жарайт. Япония бул кадамы менен Орто Азиядагы жөн гана экономикалык проектиге катышпастан, ири геосаясый мааниси бар стратегиялык иш-чарага чоң кадам шилтеди. Аны менен кошо мурдагы сүйлөшүүлөрдүн негизинде Каспий деңизиндеги Түркмөнбашы портун жаңыртуу үчүн кошумча 2 млрд доллар да берүүгө кол коюлду.

Синдзо Абэ Орто Азияга кур кол келбестен, Өзбекстан менен Казакстанга ири проектилик каражат менен келген. Ташкентте президент Ислам Каримов менен сүйлөшүү учурунда Япония 8,5 млрд долларлык келишимге кол коюлду. Анын негизинде япондор Өзбекстандан чыгуучу уран кенин иштетүүгө, темир жолдорду курууга, тоо-кен иштерин жүргүзүүгө, телекоммуникация, электроника, жеңил-өнөр жай тармактарын биргелешип иштетүүгө жол ачты. Буга кошумча, япондорго абдан маанилүү болгон энергетика жаатында да макулдашуулар ишке ашты. Эми япондор жаңы газ чыга турган кендерди изилдеп, аларды иштетүүгө катышмай болду. Өзөктүк энергетиканын оош-кыйыштарынын кесепетинен чочулап калган Япония эми сырттан келе турган газ менен электр энергиясын чыгарууну көздөп, жаңы проектилерди ишке ашырууну көздөп жатышы толук ыктымал. Анда баасы жагынан ылайыктуу болгон өзбек газы япондорго абдан кызыктуу.

Казакстанга болгон сапары учурунда Синдзо Абэ уран энергетикасы боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, казактардын уран менен иштей турган электростанцияларды курууну пландаштырып жатышын колдоого алууга даярдыгын айтып чыкты. Казактар болсо биринчи атомдук электростанциясын куруу боюнча макулдашууну Россия менен түзгөндүктөн, дагы бир станцияны куруу үчүн япондордун сунушун колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ал эми андай атом станцияны куруу үчүн 3, 7 млрд доллар керек болот. Ага кошумча өзөктүк энергияны колдонууда топтогон япондук тажрыйба менен алдынкы технологиялар зарыл болот.

Экономикалык жана энергетикалык кубаттуу болгон өлкөлөрдөн айырмаланып, япон премьер-министринин Тажикстан жана Кыргызстанга болгон иш сапары жупуну көрүнүшү ыктымал. Бул эки өлкө япондор менен ири энергетикалык проектилерди түзүүгө чамасы жок. Экономикасы начар абалда турган бул эки мамлекетке Япония каражат жагынан гранттык негизде жардам берүүгө болгон чакырыкка дайыма эле макул боло бербейт. Ошондуктан япондор биргелешип кээ бир мамлекеттик структуралардын ишин эффективдүү деңгээлге чыгарууга көмөк кылуу менен гана чектелди.

Жалпысынан алганда Япониянын Борбордук Азияга болгон кызыгуусу жана Синдзо Абэнин иш сапары жөн жерден чыккан жок. Мунун артында бир эле Япониянын экономикалык кызыкчылыгы турбастан, анын шериги болуп келген АКШ жана батыш өлкөлөрүнүн маанилүү деп эсептелген аймакта таасири азайып баратышын теңдеш үчүн жасалган кадам катары да баалаш керек. Анын үстүнө бул аймакта Россиядан кем эмес таасирге ээ болуп бараткан Кытайдын аракетин басаңдатууга болгон жүрүш да болушу ыктымал. Ал эми Борбордук Азияга, анда катылып жаткан энергоресурстарга, башка кен байлыктарга кызыккан күчтүү мамлекеттер кезек күтүп туруусу япондорго да белгилүү. Абэге чейин бул аймакка Си Цзиньпин келип кетсе, аны менен удаалаш эле Индиянын өкмөт башчысы Мооди да келип, маанилүү келишимдерди түзүп

кеткен. Эгерде булардын катарына өзүн ишенимдүү сезген Россияны кошсо, анда Борбордук Азия чынында эле абдан маанилүү геостратегиялык аймакка айланып баратат.


*Бишкек, ноябрь, 2015-жыл*

## Борбордук Азия жана геосаясат

Орто Азия өлкөлөрү учурда экиге бөлүнүп, илгертен келаткан туугандык жакындыгын ыдыратып, араздашкан кошуналарга окшоп калган. Бир бөлүгү жаратылыш байлыктарына таянып, алдыга өнүгүп, эл аралык аренада өзүн салмактуу алып жүргөнгө аракет кылууда. Алардын башында Казакстан туруп, эффективдүү мамлекеттик башкаруу пост-советтик шартта кандай болоорун баарына көрсөтүүгө аракеттенип келатат. Дагы бир мамлекет бейтараптык саясат жүргүзөм, ага газ байлыгыбыз жол ачат деген көз караштагы карманган Түркмөнстан. Бул өлкөдөгү башкаруу ыкмасы авторитардык ыкмадан диктатурага чейин аралашып кеткен. Ал эми үчүнчү байлыгына таянган мамлекет – Өзбекстан. Мында да кен байлыктар мол болуп, элинин саны аймактагы калктын жарымын түзүп, 30 млн. адамдан ашып түшкөн. Мында да авторитардык менен диктатуралык башкаруу ыкмасы орун алып, мамлекет элдин турмушун оңдой элек. Экинчи топту кен байлыктары аз, бирок суу потенциалы ири болгон Кыргызстан менен Тажикстан түзөт. Бирөө парламенттик демократияга багыт алып, кыйналса да, элдин аң-сезимин замандын нугуна жараша буруууга аракет кылууда. Тажикстанда акыркы жылдары авторитардык башкаруу күчөп, элдин абалы жыл өткөн сайын оңоло албай келатканы маалым. Бул эки мамлекет башкалардан бир топ көз каранды абалда калганы белгилүү болсо да, адистердин айтымында бул убактылуу көрүнүш. Бирок ошо мезгил качан келээрин башкалар эмес, жергиликтүү элдин заман талабын тез өздөштүрүп, турмушун өз колу менен

оңдоого түшөөрүнөн көз каранды. Ошол себептен акыркы үч мамлекеттен сыртка чыгып, эмгек мигранты болуп оокат кылып аткандар абдан көп.

Ошол эле мезгилде Орто Азия илгертен бери геостратегиялык мааниси чоң аймак экени белгилүү. Аймак ич ара беш мамлекетке бөлүнүп, ар-биринин турмушу ар-башка экенине карабастан, дүйнөлүк чоң саясатта бул чөлкөм бир бүтүндөй кабыл алынат. Акыркы мезгилде мындай көз караш ааламдашуу процессинин туундусу катары күчөп баратат. Буга акыркы 2-3 жылда Орто Азияга дүйнөлүк ири мамлекеттердин кызыгуусунун күчөшү далил. 2013-жылы Кытайдын азыркы жетекчиси Си Цзиньпин келип, беш мамлекет башчысы менен сүйлөшүү жүргүзүп, ири проектилерге миллиарддаган каражат бөлүү тууралу келишимдерди түзүп кеткен. Андан кийин аймакка экономикасы күүлөнүп бараткан Индиянын Өкмөт башчысы Мооди да келип, ар-бир мамлекет башчысы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп кеткен. Кийинки ири конок катары Япониянын премьер-министри Синдзо Абэ келип, тарыхта алгачкы жолу бир сапар учурунда беш мамлекетти бүтүндөй кыдырып, жетекчилери менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп кайтты. Үч ири мамлекеттин баарынын кызыгуусу аймактын энергетикалык күч-кубатына байланыштуу экени белгилүү. Кытай да, Индия да, өзгөчө Япония да, бул жерден чыгуучу энергоресурстарга, өзгөчө мунай-заты менен газга абдан муктаж болгон мамлекеттер. Булардын аймакка кызыгуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш десе да болот.




*XIX кылымда түзүлгөн «Улуу оюн» концепциясы*

Бирок бул аймакка жакында эле АКШнын Мамлекеттик катчысы Джон Керринин келип, ал дагы алгачкы жолу беш мамлекетти бир сапарда кыдырып, жетекчилиги менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп кетиши чоң окуя катары кабыл алынып, анын артында кандай себептер турат, максаты кандай деген суроолорду жаратты. Джон Керри биринчи Кыргызстанга келип, АКШ элчилигинин жаңы имараты менен Америка Университетинин жаңы кампусунун ачылышына катышып, мамлекет башчысы менен да кездешип кетти. Анын Кыргызстанга негизги берген белгиси, «Кошмо Штаттары силерге карата мамилесин өзгөрткөн жок, алака улана берет» деген мааниде болду. Өзбекстанга баргандан кийин Самарканд шаарында Орто Азиялык мамлекеттердин баарынын тышкы иштер министрлерин чогултуп, жаңы C5+1 форматындагы топту түзүп кетти. Бул топтун мааниси чоң экенин азырынча айтууга эрте. Бирок жалпы Борбордук Азияга анын айланасында түзүлүп жаткан саясый кырдаал кандайча таасир кылышын баамдап, ага адекваттуу жооп кайтаруу макулдашылып жасалышына биринчи кадам кылынды десе болот. Өзбекстанга болгон сапары учурунда өзгөчө маани бериле турган жагдай катары өзбек президенти Ислам Каримовдун Дж. Керрини өзү тозуп алып, сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнү болду. Ташкентке келген бир топ маанилүү конокторду өзү тосуп албай келаткан өзбек президентинин Самаркандга барып, АКШнын Мамкатчысын өзү тосуп алышы бекеринен эмес. Андан кийин Дж. Керри Астанада казак президенти Нурсултан Назарбаев менен жолугушуп, эки тараптык алака тууралу талкуу кылды. Сапарынын соңунда Дж. Керри Тажикстан менен Түркмөнстанга барып, жергиликтүү жетекчилер менен маектешти. Үч күндүк сапар учурунда беш мамлекет башчы менен кезиккен бийик мартабалуу америкалык өкүл катары Джон Керри Орто Азияга болгон кызыгуу чынында эле абдан чоң экенин көрсөттү. Мунун себеби, Кыргызстандан америкалык авиабаза чыгарылгандан кийинки солгундай түшкөн мамилелерди кайра жандандырып, бул аймакта Кытай, Индия жана

өзгөчө Россиянын таасири күчөп баратышына карата өз мамилеси бардыгын көрсөтүү болду. Өзү эле аралаша бербестен, жакынкы шериги катары таанымал Японияны да бул процесске тартып, анын муктаждыгына жараша кызыгуусун күчөтүү аркылуу, башка ири саясый оюнчуларга атаандаштык түзүү максаты да байкалып турат.

Ал эми «амалдуу музоо эки эмчекти эмет» дегендей, Орто Азиядагы мамлекеттер өзүлөрүнүн деңгээлине жана саясый кызыкчылыктарына жараша кызыккан мамлекеттер менен алакасын бекемдеп, алардан келе турган колдоону четке какпастан, кызматташууга даярдыгын көрсөтө алышты. Бул аймак канчалык өнүгүп, кубаты күчөгөн сайын, эл аралык аренада ээлеген орду да бекем боло баштаары күмөн туудурбайт. Беш мамлекеттин тез аранын ичинде бутуна туруп кетүүсүнө залакасын тийгизип келген бир гана нерсе – жалпысынан экиге бөлүнүп калган беш мамлекеттин ортосунда ынтымактын жоктугу. Анын себеби тандап алган өнүгүү жолунун түрдүүлүгү. Баардык мамлекет башчылар бириге тургандай иш алып барса, анда Орто Азиянын ойной турган ролу тез арада күчөмөк. Бөлүнүп, араздашып турган кезде эле аймактын мааниси чоң экени байкалып турат. Эгерде жалпы бир ойго жана максатка келсе, Орто Азия экономикалык жактан эле эмес, геосаясый жактан да таасирлүү аймакка айланмак.

*Бишкек, 5-ноябрь, 2015-жыл*

## Алсыраган түркмөн бейтараптыгы

Орто Азия чөлкөмү геостратегиялык жактан абдан маанилүү эл аралык аймак болуп эсептелээри эч бир күмөн туудурбайт. Муну айгинелеген фактылар жетишээрлик деңгээлде. Алардын эң көрүнүктүү мисалы катары Кытайдын, Индиянын, кийин Японияянын жетекчилиги, андан соң АКШнын Мамлекеттик катчысынын келип, бир учурда баардык беш

өлкөнү кыдырышын айтса болот. АКШдан келген Джон Керри бул аймактын маанилүүлүгүн көрсөтүп, Өзбекстандагы Самарканд шаарына барып, ал жерде аймактык беш мамлекеттин тышкы иштер министрлери менен кезигип, С5+1 форматындагы жаңы түзүмдү курушу, анын келиши бекеринен эместигин далилдейт. Кыргызстанда жабылган АКШнын аба аскер базасы анти-террордук операцияга гана эмес, жалпы америкалык таасирди бүт аймакка жайылтууда чоң роль ойноп келген. Ал жабылгандан кийин АКШ Афганистандагы өз аскер күчтөрүн чыгарууга киришип, таасирин ого бетер азайтууга алып келгени маалым. Анын үстүнө Афганистанга Ирак менен Сирияда чоң күчкө айланып бараткан террористтик ИГИЛ уюмунун жайыла баштышы аймактагы кырдаалга терс таасирин тийгизе баштады. Талибдерден ашып кеткен жана башка өлкөлөрдүн өкүлдөрү катышкан бул исламчыл ашынып кеткен уюм Орто Азияга жайыла тургандай шартта, ага каршы турууга жөндөмдүү күчтөр бириге албай, кырдаал курчуп баратат. Исламчылардын Орто Азия аймагына тарашына тоскоолдук болууга Түркмөнстан менен Өзбекстан эсептелет. Бирок бул өлкөлөрдүн аскердик кудурети менен күч-кубаты ченемдүү. Андыктан бул эки мамлекет, Тажикстан сыяктуу эле, сырткы күчтөрдөн колдоо алууга аргасыз. Муну түшүнгөн жана жалпы абалды колдон чыгарбай, өз кызыкчылыгы үчүн колдонууга жарамдуу сырткы күчтөрдүн арасында биринчи иретте Россия, андан кийин эле Кошмо Штаттары турат. Россия Ташкент менен да, Ашхабад менен да алакасын өзүнө пайдалуу жакка бура албай турган кезде, АКШ абдан чоң аракеттерди жасоого өтүүдө. Өзү эле аракет кылбастан, шериктерин да ортого салып, адегенде Түштүк Кореяны, андан соң Индияны тартууга аракет кылып көрдү. Бул эки мамлекет аймактагы беш өлкө менен соода-сатык, жалпысынан экономикалык байланыштар менен чектелип, коопсуздук маселесинде алым сынаарлык жүрүштөрдү жасай алышкан жок. Андыктан АКШнын кийинки шериги катары Япония бул маанилүү аймакка көз-кырын салаарын, соода-сатыкта байланыштарды

күчөтүүгө кызыкдар экенин көрсөттү. Токионун аракети мамлекеттик конституцияга өзгөртүү киргизип, анда Японияның тышкы иштерге куралдуу күчтөрдү колдонууга тыюу салган беренесин алып салуу аракети учурунда болууда. Кытай менен Тынч океанында жайгашкан талаштуу аралдарга байланыштуу тирешүүдө куралдуу күчтөр зарылдыгы келип чыккан. Андыктан Японияның Орто Азиядагы инвестициялык проектилери да дал ушул өңүттөн каралышы абзел. Миллиарддаган инвестициялык проектилер Түркмөнстан, Өзбекстан жана Казакстан менен түзүлгөндөн кийин, аларды коопту жагдайда калтыруу эч кимге кызык эмес. Японияның премьер-министри Синдзо Абэ беш аймактык республикаларды кыдырып кетээри менен, Джон Керринин келиши, анын беш аймактык президенттер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшү, ал турсун тышкы иштер министрлери менен бир маанилүү саясый түзүмдү уюштуруп кетиши, АКШнын бул аймакка кызыгуусу кайрадан күчөй баштаганынан кабар берет.

Ал турсун жалпы жагынан алаканы оңдоо гана эмес, эки тараптык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу Орто Азияда кандайдыр бир жол менен аскер базасын, же жок дегенде аба аскер базасын орноштуруу аракеттери байкалат. Түркмөнстанга болгон сапарында Дж. Керри Мары шаарында аскер объектисин түзүү тууралуу сөз болушу ыктымалдыгы серепчилердин оозунан түшө элек. Батыш эксперттеринин айтымында мындай талкуу болгондугун айгинелеген бир топ белгилер бар. «Манастагы» база жабылгандан бери АКШда башка бир Орто-Азиялык аскер базасынын зарылдыгы тууралу сөздөр күчөп баратат. Россия менен батыштын алакасы сууй баштагандан бери, АКШ Орто Азиядагы Россиянын таасирин азайтуу максатын көздөөдө. Бул талашсыз. Бирок азыркы исламчылардын коркунучу күчөп турган мезгилде Россияга анча ыктабаган Түркмөнстан менен Өзбекстанды өз орбитасына тартуу, аларды бир отоло Москвадан баш тартууга алып келе албайт. Муну америкалык адистер толугу менен түшүнүп турушат. Анын

үстүнө Түркмөнстан бейтараптык саясаттагы өлкө катары АКШга тез арада ыктап кете албайт.

Муну менен катар эле, АКШнын аскер адистери учурдагы абалга жараша Каспий деңизинин мааниси кескин өскөнүн баамдашты. Буга Россиянын Каспий деңизинен Сириядагы исламчыларды аткылоого ала тургандай кубаты бардыгын көрсөтүшү себеп болду. Германдык Орто Азия боюнча адис Михаэль Лаубштун айтышы боюнча, акыркы беш жылы АКШ түркмөндөрдүн Мары шаарындагы аскердик потенциалын колдонуп келатат жана бул тууралу маалымат сыр бойдон сакталып келген. Буга чейин түзүлгөн келишим боюнча, Мары аскер базасы Афганистандагы анти-террордук операцияга зарыл болгон жабдыктарды жеткирүү үчүн колдонулуучу база катары иштеши керек эле. Бирок Пентагон келишимден сырткаркы бир топ аракеттерди дал ушу Марыдагы база аркылуу ишке ашырып келген. Алардын арасында гуманитардык жүктөн башка согуш аракеттерин жүргүзүүгө зарыл болгон жүктөр да өткөн. Муну түркмөн оппозициясынын сырттагы өкүлү Нурмухаммад Ханамов да тастыктап, «Түркмөнстандын бейтараптык статусуна карабастан, Мары базасы боюнча келишим кеңейиши толук ыктымал» деп айтып чыккан. Буга далил катары түркмөндөрдүн тышкы иштер министри Рашид Мередовдун АКШга болгон расмий сапарын айтса болот. Сапар убагында түркмөндөргө коркунуч туудуруп жаткан исламчыл күчтөргө каршы турууга АКШ кол-кабыш кылуу тууралу сөз болгон. Бирок Дж. Керринин Ашхабадка болгон сапары учурунда Мары базасы тууралу талкуу камтылган маалымат эч бир жерде чыккан эмес. Р. Мередов АКШга бараар астында түркмөн президенти Курбангулы Бердимухамедов Ташкентке зыярат кылып, өзбек президенти Ислам Каримов менен сүйлөшүү жүргүзгөн. Анда эки өлкөгө коркунуч туудурган жагдайлар тууралуу сөз болуп, андан бирге чыга тургандай жолдор талкууланган. Америкалык базанын Түркмөнстанда ачылышы коңшу өлкөлөргө жакпай тургандыгын сезген түркмөн бийлиги, алдын ала тургандай кадам жасаган жана адегенде

Ташкенттин көз-карашы менен таанышкан. Алардын максаты кенедей болсо да, бейтараптык позицияны колдогон чет элдик аскер базасын Түркмөнстанда ачып, анын жардамы менен өз коопсуздугун камсыз кылуу аракети турат.

Кандай болгон күндө да, АКШ Афганистандан толугу менен чыкпай тургандыгы маалым. Ага жараша Орто Азиядагы түзүлгөн кырдаалга көз салып турган Вашингтон, абалдан колдонуп, өзүнүн таасирин жоготкусу келбейт. Тескерисинче, колдон келе турган аракет аркылуу, аймакта аскер базасын орнотуу зарылдыгын ишке ашырууну каалайт. Ал эми өтө кыйын абалга тушуккан Түркмөнстан өзүнүн көз-каранды эместигин жана коопсуздугун камсыз кылуу чараларын көрүүгө аргасыз. Жалгыз өзү бул максатты ишке ашыра албастыгына көзү жеткен Ашхабад сырткы күчтөрдөн колдоо алууга абдан кызыгат. Андай күчтөрдүн арасында Россия, Кытай, Индиядан мурун Түркмөнстан үчүн батыш өлкөлөрү менен АКШ тураары да айдан ачык. Демек, Марыдагы аскер базасы ачылууга себептер жетиштүү.

*Бишкек, ноябрь, 2015-жыл*

## ЕАЭБ бирдиктүү маалымат булагына муктаж

Бирдиктүү экономикалык аймак түзүлгөн соң, Евразиялык экономикалык биримдикке кирген мамлекеттердин кийинки маанилүү маселеси – бирдиктүү маалымат мейкиндигин ачуу болууда. ЕАЭБ уюмуна кирген өлкөлөр акырындап бажылык, салыктык, чек ара боюнча көз караштарды жакындатып, учурда абал эмгек мигранттарынын укуктарын теңдөө талабына келип жетти. Россиянын мамлекет башчысы Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы эки өлкөнүн жарандарынын жүрүү эрежеси боюнча келишимди ратификациялаган соң, кыргызстандык мигранттар 30 күнгө чейин Россияда каттоодон өтпөстөн жүрүүгө укук алышат. Ал гана турсун,

мигранттардан тышкары учурда эреже катары кабыл алынган 7 күндүк мөөнөттө каттоого туруу талабы транзиттик жарандарга, ооруканаларга баргандар үчүн, иш сапары менен жүрүп калгандар үчүн да бир топ жеңилдикти берүүгө жол ачат. Буга окшогон дагы бир топ мамлекеттер аралык маанилүү келишимдер азыркыга чейин Кыргызстандын толук кандуу мүчө болуусуна, андан пайда табуусуна тоскоолдук түзүп келатат. Анын ичинде жөн гана мисал катары, Казакстан менен Россиялык бийликтер фито-санитардык жана ветеринардык кызматтардын ортосундагы талаптардын айырмасы бардыгын келтирсе болот. Натыйжада Кыргызстандан чыккан айыл жана мал-чарба продукциялардын сыртка экспорттолуусу тоскоолдуктарга учуроодо. Кайчы пикирлүү көз караште турган мамлекеттик органдардын ортосундагы жалпы пикирди табуу үчүн, албетте, убакыт жана так маалымат зарыл. Тилекке каршы бул эки нерсе тең жетишсиз. Убакыт канчалык өткөн сайын ошончолук жабыркагандар, кыйынчылыкка учураган мекемелер менен жөнөкөй жарандар көп болууда. Кыргызстан жана Россиянын бийликтери принципиалдуу жактан алганда жалпы келишимге кол коюп, бир багытта иштөөгө жол ачканы менен, кийинки деңгээлдеги бийлик органдары талаптар менен эрежелердин айырмачылыгынын натыйжасында ишке жолтоо болуу абалында калууда.

КМШ өлкөлөрү өз учурунда көптөгөн маселелерге татыктуу көңүл бурбагандыгынан бул уюмдун чечилбей келаткан бир топ маселелери бар. Алардын узакка чейин созулуп кетиши уюмдун баардык мамлекеттерине терс таасирин тийгизип, башында 12 өлкөдөн турган уюм акырындап суюлуп отуруп, азыр эми болгону 8 өлкөдөн турган чакан уюмга айланды. КМШнын катарында болгону менен, ички карым-катнаштарга тартылуудан оолактаган Өзбекстанды алып салса, болгону 7 мамлекет калды – Россия, Казакстан, Беларусь, Армения, Кыргызстан, Тажикстан жана Азербайжан. Уюмдан толугу менен чыгып кеткен Украина жана Грузияга ыктагандар Молдова, Түркмөнстан, азыр эми Өзбекстан болууда.

Уюмдун мынчалык алсыз абалга келишине себептер өтө арбын. Алардын эң маанилүүсү – СССР мезгилиндегидей өз-ара алаканын начарлашы, соода-сатыктын солгундашы, жана абдан маанилүү – маданий-маалымат жагынан тап-такыр эле чектелип калышы болду. Натыйжада коңшу турган Өзбекстан менен Тажикстан, Түркмөнстан менен Казакстан тууралу маалыматты кыргыздар же жеке катыш аркылуу билишет, же орус маалымат каражаттарынан алышат. Тикелей мамиле жана маалымат алмашуу болуп көрбөгөндөй азайды.

ЕАЭБ уюмунун келечеги да так ушундай абалга келбеши үчүн, Россиялык маалымат каражаттары баштаган ММКлар азыртадан бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү аракеттери зарыл экендигин айтып чыгышты. Россиялык «Россия сегодня» эл аралык маалымат агенттиги, Европалык жана Азиялык медианын Форумун уюштуруп, ал бир нече жылдан бери иш жүргүзүп келет. Быйыл СССР курамына кирген 14 мамлекеттин маалымат каражаттарынын өкүлдөрү Москвада өткөн чоң Форумга катышып, анда маалыматтык карама-каршылык, керек болсо маалымат согушу заманында бирдиктүү кандай иш-аракеттерди көрүү керектигин талкуугa алышты. Өзгөчө чоң маселеге Сириядагы жүрүп жаткан атуулдук согуш айланып, анда Россия менен батыш өлкөлөрүнүн позициялары чагылдырылган маалымат тирешүүсүндө кимдики чындыкка жакын, кимисиники атайын жыйналган калп менен ушак экендигин элге жеткирүү маселеси айтылды. Катышуучулар Украинадагы абалга байланыштуу, Россиялык ММКлардын абалды кандай чагылдырып жатышын жөндөөгө алып, туура жана ката жактарын да белгилешти. Орто Азиялык өлкөлөрдөн келген катышуучулар негизинен эки маселеге көңүл бурууга аракет кылышты. Кыргыздар менен тажиктер эмгек мигранттарынын абалын көңүл чордонуна алып чыгып, ушу өңүттө кетирилген каталар тууралу ойлору менен бөлүшүп, абалдан кандай чыгуу керектигин айтышты. Кыргызстандык ММК өкүлдөрү Россияга аккан мигранттардын саны көп болгондуктан, Россиядагы мыйзамдар, аларга киргизилген өзгөртүүлөр, жалпы эле шарт

тууралу маалыматтын жергиликтүү калкка жетпей жаткандыгын айтып чыгышты. Мындай маселе бар экендигин Россиянын Мамдумасынын өкүлү да колдоп, ушу маселе боюнча бирге иштешүү зарылдыгын айтты. Тажик ММК өкүлдөрү да мигранттардын абалын жеңилдетүү маселеси мамлекеттер аралык мамилеге да таасир кылаарын айтып чыгышты. Бирок катышуучулар бул маселе ММК аркылуу мигранттар көп чыгуучу ар-бир элге, мамлекетке көп тараса ошого жараша алардын Россияда болобу, башка өлкөдө болобу өз укугун коргоого жетишээрлик маалымат менен камсыз болушаарын көргөзүштү. Тилекке каршы ушуга чейин ЕАЭБ уюму тууралу бирдиктүү маалымат булагы чыга элек. Ал эми КМШ түзүлгөндө Эл аралык «Мир» телеканалы абдан катуу чыгып, ал өз ишин ушу күнгө чейин улантып келатат. Дал ушуга окшогон жана азыркы маалымат технологияларына негизделген бирдиктүү ЕАЭБ маалымат булагы түзүлсө, анда потенциалдуу эмгек мигранттарына эле пайдалуу болбостон, бул уюмга кирген баардык элге, мамлекеттик жана коомдук уюмдарга да пайдасы чоң болмок. Мындай сунуштар айтылганы менен, аны ишке ашырууга каражат зарылдыгы түшүнүктүү. Андай каражатты уюмдагы Россия же Казакстанга окшогон өлкөлөр эле чыгара албаса, калгандарынын колунан келбейт. Бирок биригип, талапка ылайыктуу маалымат агымынын зарылдыгын эске алып, орток бир ойго келсе, маселе чечилмек. Бул уюмга тиешеси жок, бирок ушуга окшогон түрк тилдүү өлкөлөрдүн макулдугу менен бир орток телекомпания түзүү чечими быйыл Астана шаарында кабыл алынган. Анын демилгечилери Түркия менен Казакстандын мамлекет башчылары болгон. Бул уюмдун азырынча бириктирүү функциясы маданий-адабий жана гуманитардык жактан гана болууда. Мындан экономикалык мааниси арбын, элге пайдасы түз тие турган өз маалымат булагына ЕАЭБ ээ болуп, ал түрдүү тилде чыга тургандай болсо, Биримдикке кирген калктын баарына зарыл маалыматты жеткирүүгө жол ачылмак.

*Бишкек, ноябрь, 2015-жыл*

# Дүйнөлүк соода уюму жана Казакстан

Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) кирген беш мамлекеттин ичинен Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) мүчөсү болгон үч мамлекетке Казакстан быйыл кошулду. Бул ири соода уюмунун мүчөлүгүнө бир гана Беларусь кире албай келатат. Орто Азия өлкөлөрүнөн эле, КМШ өлкөлөрүнүн арасынан да озунуп, биринчи ДСУга мүчө болгон Кыргызстан, 1998-жылдан бери эл аралык соода-сатыкта ушул уюмдун эрежелери менен иштеп келет. 2003-жылы Армения ДСУга мүчө болуп кирген. Россия 2012-жылдын башынан бери ДСУнун толук кандуу мүчөсү катары таанылган. Эми булардын катарын Казакстан толуктап, Кениядагы ДСУнун кезектеги жыйынына расмий мүчө катары катышууга укук алды.

Бул уюмга мүчө болуу процесси бир жагынан соода-сатыкта эл аралык эрежелер менен гана иштебестен, уюмга мүчө болгон өлкөлөр менен бир топ жеңилдетилген шарт жана укуктарга ээ болот. Алардын эң маанилүүсү, өлкөгө башка мүчө мамлекеттен келип аткан товарларга коюлуучу баадан бажы салыгын алууда чектөө киргизилип, аны көлөмү 5 пайыз гана түзүшү талап кылынат. Ошол себептен Кыргызстанга окшогон көп импортточу мамлекеттер утушка ээ болуп, алган товарларынын баасы төмөн болуучу. Ошол эле кезде Кыргызстан азыркы учурда Евразиялык экономикалык бирикменин мүчөсү болгондуктан, бажы төлөмдөрүн төлөөдө түрлүү шартка тушуккан. ЕАЭБке кирбеген мамлекеттерден келген товарларга болгон бажы төлөмү 12 пайыз түзүп, уюмдун ичиндеги өз ара соодада бажы төлөмү алынып салынган. Ошол себептен азыр Кыргызстанга кирген Кытай менен Түркияда чыгарылган товарлардын баалары кымбаттоого аргасыз болууда. Анын кесепетинен буга чейин ээн-эркин ре-экспорт, башкача айтканда башка өлкөлөрдө чыгарылган товарларды үчүнчү өлкөлөргө, мисалы Россия менен Казакстанга, сатуу аркылуу киреше таап аткан ишкерлер учурда ишин токтотууга аргасыз болууда. Мындан

улам дүйнөлүк кризистин таасири күчөп бараткан мезгилде, ЕАЭБтин талаптары кыргызстандык ишкерлерди кыйын абалга такады. Учурда ре-экспорт кылуучу чоң соода базары болгон «Дордой» товар жүгүртүүнүн көөлөмүн кескин кыскартууга аргасыз болуп, акырындап ишин басаңдатууда. Себеби бул базарга келип, товар алып кетүүчүлөр Россия менен Казакстандан келбей калышты.

Ушундай кырдаалда Казакстан ДСУнун толук кандуу мүчө болуусу, анын ЕАЭБтагы абалына кандайча таасир кылышы ыктымал деген суроо, казакстандык адистер менен бийликтегилерди түйшөлтүүдө. Алардын бир тобу бул кадам Казакстандын глобалдык деңгээлдеги абалын күчөтүүгө алып келсе, ошол эле кезде ЕАЭБдеги негизги шериги менен алакасын чыңалтууга алып келүү ыктымалдыгын айтышууда. Мисалы Казакстандын ДСУга мүчө болуусунун натыйжасында эки тараптык сооданын өсүшүнө батыш өлкөлөрү кызыгып жатса, Россияны бул жагдай сезилээрлик чочулатып жатат. Мунун артында Казакстандын батыш өлкөлөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү учурунда бажы төлөмдөрүнүн төмөн болуусуна макулдук бергени турат. ДСУ өлкөлөрүнүн товарларга болгон бажылык баалары ЕАЭБке кирген мамлекеттер киргизген төлөмдөрдөн бир топ эле ылдый. Кеп Казакстанга кирүүчү 3500 жакын түрлүү товарларга болгон бажылык төлөмдөр тууралуу болууда. Алардын арасында автомашиналар, азык-түлүк товарлары, эмеректер ж.б. да бар. Мынчалык көп түрлүү товарлардын Казакстандын аймагына арзан баада кириши, алардын ЕАЭБтин башка өлкөлөрүнө ээн-эркин таралышын жаратышы ыктымал деген чочулоолор орус адистери тарабына ачык айтыла баштаган. Эгерде Казакстанга келген арзан товарлар соода-сатык көөлөмү жагынан эң ири болгон Россияга агып кире баштаса, анда ошондой эле товарларды чыгарган орус мекеме-ишканалары чоң конкуренцияга чыдай албай калуусу ыктымал. Андан өзгөчө чакан жана орто бизнес жабыркайт деген шек чоң. Батыш адистери болсо абалдын ушундай болоорун баамдап, эми казак-орус

мамилесинде, өзгөчө товар жөнөтүү жана өткөрүү процессинде, бюрократиялык тоскоолдуктар күчөйт деген чочулоосун айтып чыгышты. Конкуренцияны жаратып, аны күчөтө турган продукциянын көөлөмүн чектөө максатында зарыл чараларды көрүүгө Россия аргасыз. Өзүнө кыйынчылык жаратпоо максатында Россия азыртадан эле Казакстандан кире турган товарлар боюнча кошумча маалыматты талап кылуу ыкмасына өтүүнү караштырууда. Мисалы Казакстан аркылуу Россияга кире турган товарлардан бажы төлөмүнүн төмөндүгүнөн жаралган айырманы төлөтүү ыкмасы сунуш кылынууда. Адистердин баамында мунун баары соода-сатыкта кагаз менен иш алып баруу, бюрократиялык талаптарды күчөтүүгө алып келет.

Албетте мындай кыйынчылыктар глобалдашуу процесси күчөп бараткан кезде бут тосуу катары каралып, андан чыгуу жолдорун издөөнү талап кылат. Анын эң жеңили катары, ЕАЭБ өлкөлөрү киргизген бажы төлөмдөрүнүн деңгээлин ДСУдагы бажы төлөмдөрү менен теңөө. Бирок учурдагы жалпы эл аралык абалды эске алганда, өзгөчө батыштын экономикалык санкцияларды Россияга каршы киргизген учурда, мындай чечимди тез арада кабыл алуу мүмкүн эмес.

Ошентсе да, Казакстандын ДСУга толук кандуу мүчө болуусу, бул өлкө үчүн бир топ утуштарды алып келет. Кээ бир белгилүү адистердин айтуусунда, эми Казакстандын сырьёну экспорттоо менен тыгыз байланышкан экономикасы диверсификациялоого, башкача айтканда терең өзгөрүүгө муктаж. Аны түшүнгөн казак бийлиги кошумча каражат табуусу зарыл. Өлкөнүн жаңы экономикалык багытта өнүгүүсү үчүн ири көөлөмдөгү инвестициялык каражаттар жетпей жатат. Ал эми ДСУнун мүчөсү болгондон кийин, батыштан келе турган инвестициялар көбөйөт. Бул багытта Казакстан жакшы шарттарды түзүүгө мурун эле киришкен. Эми болсо кошумча инвестицияларга эшик кенен ачылат. Натыйжада жаңыланган казак экономикасы дүйнөлүк соода аймагына чыгууга мүмкүнчүлүк алат.

Буга кошумча, ДСУга мүчө болуусу Казакстандагы өндүрүүчү ишканаларды жаңыча иштеп, сырттан келе турган товарларга ички рынокто атаандаша ала тургандай товарларды чыгарууга түртөт. Россиялык ишканалар жана өндүрүүчүлөрдүн бир тобу сырттан келүүчү товарларга тең-тайлаша ала тургандай деңгээлге чыга алды. Анын үстүнө орус рублинин кескин девальвацияланышы орустарды чыйралта алды. Казакстандагы абал ошондой деңгээлге чыга алышы азырынча белгисиз. Бирок ДСУга мүчө болуу, Казакстан үчүн жаңы кыйынчылыктар менен кошо, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү да түзүүдө. Аны туура колдонуу Казакстандын келечеги үчүн абдан маанилүү.

*Бишкек, декабрь, 2015-жыл*

## Тажикстан жана мураскорго жол ачуу

Транзиттик деп аталган мамлекеттердин баары демократиялуу жолго чыгуу аракетин бир мезгилде баштаган. Алардын арасында Орто Азиялык беш республика да болчу. Бешөөнүн арасында бири эки жолу революция жолу менен эл тарабынан шайланган мамлекет башчыларын өлкөнүн ичинен сыртка качууга аргасыз кылып, алар ошондон бери өз жерине кайтып келе албай жатышат. Бирок баарынан оор тагдырды Тажикстан башынан өткөрдү. Бул республикага Совет бийлиги да баарынан кеч орноп, басмачылардын айынан тынчтык турмушуна Улуу Ата-Мекен согуштун алдында өткөн. СССРдин таркалуусу тууралу маалымат да тажиктерге катуу тийип, эгемендикти 1991-жылдын 9-сентябрь күнү жарыя кылышкан. Бирок өз алдынча мамлекет катары өнүгүү жолу бир жылга жетпей атуулдук согушка алып келди. Анын бирден бир себеби дин маселеси менен саясаттын аралашып кетүүсү эле. Тажиктердин турмушу илгертен бери ислам дини менен бирге өтүп келген. Авторитардык

совет бийлиги жоюлган соң, диний агымдар күчүнө кирип, алар бийлик талашууга аралашкан. Исламчылар биригип Тажикстандын ислам кайра жаралуу партиясын негиздеп, өз алдынча күч катары саясый аренада өзүнө ылайыктуу орун талаша баштайт. Ал талаш бир жылдын ичинде куралдуу тирешүүгө айланат да, ок атышуу менен коштолгон согуш 1992-жылдын жайынан тарта 1997-жылга чейин уланат. Ортомчулардын аралашуусу менен тынчтык келишими түзүлүп, 1997-жылдын май айында Бишкек шаарында бийлик үчүн катуу тирешип келген ошо кезде Тажик бийлигинин башында турган Эмамоли Рахмон менен Ислам кайра жаралуу партиясынын жетекчиси Саид Абдулло Нуринин ортосунда макулдашуу жетишилип, андан кийин Москва шаарында акыркы тынчтык келишими түзүлөт. Согуштун натыйжасында тажик экономикасы кыйроого дуушар болуп, элдин турмушу абдан начар абалга тушугат. Миңдеген адамдар набыт болуп, көптөгөн качкындар пайда болгон. Ошол мезгилден бери тажик эли тынчтыкты абдан баалап, ал үчүн баарына даярдыгын билдирип келет. Анын бир далили катары, канчалык оор шарт болбосун, канчалаган зомбулуктар жасалбасын, тажик эли козголоң же нааразылык иш-аракеттерди кылууга батынбай келет.

Бир жагынан туруктуулукту сактап туруу үчүн туруктуу бийлик зарылдыгын эл жакшы түшүнөт. Муну өз кезегинде бийликтегилер да, биринчи кезекте мамлекет башчысы Эмамоли Рахмон да жакшы түшүнөт. Согуштан кийин Ислам партиясына бийлик структураларынын 30 пайызы берилген. Калкы толугу менен мусулман болгон жана илгертен бери ислам динине абдан жакын келген Тажикстанда Исламчыл партиясы көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуп келгенине карабастан, бийлик 2015-жылкы парламенттик шайлоонун натыйжасында бул партияны толугу менен саясый аренадан сүрүп чыгарды. Ал гана турсун соттун чечими менен партия террористтик уюм деп күнөөлөнүп, аны таркатуу чечими кабыл алынып, жетекчилери куугунтукка алына баштайт.

Акыркы жылдарда Эмамоли Рахмондун бийлиги өлкөдөгү позициясын узак убакытка бекемдөө аракетин күчөтүп, атаандаштарын кууguнтукка ала баштаганынан байкалган. Эми жаңы кадамы катары өлкөнүн Конституциясына референдум жолу менен өзгөртүү киргизип, анын негизинде азыркы президентке өмүр бою шайланууга укук берүү сунушун кабыл алуу аракети көрүлүүдө. Анда жети жылдык мөөнөткө шайлануучу жана жакында эле «Улуттук лидер» наамына ээ болгон президент өз бийлигин каалаган жолу сактап калууга укук берилип, ал турсун өзүнүн мураскоруна да жол ачууга мүмкүнчүлүк ачат. Азыркы Конституцияга ылайык мамлекет башчылыкка жашы 35 чыккан гана тажик жараны укуктуу деп айтылган. Кийинки шайлоо 2020-жылы боло турган болсо, Рахмондун кенже жана жалгыз уулу Рустам азыр болгону 28 жашта. Андыктан ал 2020-жылкы шайлоого катышууга укуктуу болуусу үчүн талапкердин жашын 30 жаш менен төмөндөтүү сунушу да киргизилген. Анда 2020-жылы Рахмон бийликтен кетип, ордуна уулун сунуш кылса, ал болгону 33 жашта бийликке келгенге укук алат. Үй-бүлөөлүк башкаруу Орто Азияда буга чейин да күчтүү болуп келгени белгилүү. Бирок ойдогу пландарды ишке ашыруу үчүн Рахмон жакынкы чөйрөсүн жалаң өзүнүн адамдары менен курчай баштаганын, 38 жаштагы улуу кызы Озоданы Президенттик Аппараттын жетекчиси кылып дайындоосу далилдейт. Ал эми уулу Рустам азыр абдан таасирлүү мамлекеттик антикоррупциялык мекеменин жетекчиси болуп иштейт.

*Бишкек, февраль, 2016-жыл*

## Орто Азиядагы коңшулар алакасы

Азырынча Евразиялык экономикалык биримдикке Тажикстан кире элек. Ошол эле кезде бул өлкө КМШдан тышкары Биргеликте коопсуздук чараларын көрүү Келишимине (ОДКБ) кирет. 2001-жылдан бери Шанхай

кызматташтык уюмунун мүчөсү. Орто Азия чөлкөмүндө Тажикстан кооптуу кырдаалга себепкер Афганистан менен эң узун чек арага ээ. Падышалык Россия менен азыркы Россия аралыгында бул өлкө менен болгон чек араны падышалык, кийин советтик чек арачылар көзөмөлдөп, ал жактан туулуучу коркунучтар өз убагында жоюлуп туруучу. 1991-жылы эгемендик алгандан кийин беш жылга созулган атуулдук согуш жөн жерден чыккан эмес. Исламчыл топтордун мусулмандыкты катуу кармаган Тажикстанга таасирин күчөтүү себеби да дал ошол түштүктөн келген исламчылар менен байланыштуу. Тил жагынан перс тобуна кирген тажиктер Иран менен да байланышын күчөтүп, ал жактын да таасирине кабылган.

Батыш менен чыгыштын ортосунда жайгашып, талашка калган жалпы эле Орто Азия өлкөлөрүндөй, Тажикстан маанилүү стратегиялык аймакта жайгашкан. Коңшу өлкөлөрдүн арасынан экономикалык жактан тирөөч болууга жараган жана Совет доорунда абдан жакшы алака түзүп келген Өзбекстан менен бузула түшкөн мамилеси акыркы кезде бир аз оңолгонсуп баратат. Бирок экономикалык жактан Тажикстан дагы эле туңгуюкка капталганы бүтө элек. Эки тараптын пикир келишпестен, согушсуз тирешүүсүнүн себептери бир топ. Негизгиси 1997-жылы жетишилген келишим боюнча бийликке тажиктер Орто Азияда биринчи болуп диний саясый топ болгон Ислам кайра Жаралуу партиясын аралаштырганы болгон. Кийинчерээк тажик бийликтери экономикалык жактан алсырап, энергетикалык кризиске капталып, элдин бир бөлүгү үйүндө жарыгы жок, жылынаарга отуну жок калганда, Совет доорунан долбоор катары кабыл алынган Нурек ГЭСин курууну жарыялашы абалды ого бетер чыңалтты. Өзбек президенти И.Каримов «эгерде Өзбекстан колдобогон долбоорлор ишке ашырыла баштаса, суу маселеси күчөп, согуш чыгып кетүүсү ыктымал» деген сөзү биринчи иретте Нурек ГЭСинин курулушуна каршы экендигин туюнткан.



*Тажикстандагы эң ири Нурек ГЭСи*

Экономикалык жактан жана жаратылыш суусуна бирдей мол болгон Кыргызстан менен Тажикстан аймакта экономикалык кыйынчылыктардан улам жакындашууга аргасыз болгон. Эки өлкөгө тең тап берип аткан коңшусу да бир болгондуктан, Тажикстан менен Кыргызстан саясый жактан бир пикирге келүүгө аргасыз. Эки тараптык алака абдан жакшы дегенге жете элек болсо да, жетекчиликтин ортосундагы мамиле өлкөлөрдүн жалпы тилге келгенин айгинелейт. Буга Кыргыз президентинин Тажикстанга расмий иш сапары менен баруусу пландалгандыгы далил. Мындан сырткары эки өлкөнүн жалпы жана стратегиялык жактан негизги шериги Россия экендиги ортодогу окшоштукту күчөтөт. Россия кулачын жайып, тажиктерге да кыргыздарга окшош мамиле кылууга, өзүнүн таасирин күчөтүүгө кызыкдар экендигин жашырбайт. Орто Азия өлкөлөрүнүн арасында Россия Тажикстан менен Кыргызстанда өзүнүн аскер базасын кармайт. Анын негизги максаты геостратегиялык мааниси чоң болгон Орто Азиядагы илгертен бери ойноп келген өзүнүн ролун төмөндөткүсү келбейт жана бул чөлкөмгө көзүн кызытып жүргөн башка ири мамлекеттерге алдыргысы жок.

Ал эми андай ири мамлекеттер аз эмес. Азыр күчтөнүүгө жол ача алган Иран көптөн бери Орто Азияга таасирин күчөтүүнү эңсеп жүргөнү белгилүү. Түрк тилдүү аймактык өлкөлөр менен кошо эле Тажикстанга да таасирин күчөтүү максатын Түркия ишке ашырууга жан үрөп келет. Ал жерде түрк компанияларынын саны жыл сайын өсүп баратканы да бекеринен эмес. Афганистандагы кырдаалга байланыштуу жана жалпы эле Орто Азияга көптөн бери көзүн салып жүргөн батыштын ири мамлекеттери менен АКШда бар. Афганистандагы аскерлерин камсыздоо максатында биринчи Кыргызстандагы «Манас» аэропортунда ачкан аскер базасынан тышкары, батыш өлкөлөрү Тажикстан менен Өзбекстанда чакан аскер базаларын ачышы да жөн жерден болгон эмес. Алардын көздөгөнү бир эле Афганистан менен чектелүү эмес болуучу. Кийинчерээк Тажикстанга кызыккандардын арасына Индия мамлекети да кошулду. Учурда Тажикстанда бул өлкөнүн аба аскер күчтөрүнүн базасы жайгашкан.

Ошентсе да Тажикстандын башкалардан өзгөчө мамиле түзө алган бир коңшусу бар. Чыгыш тараптан бул өлкө канатын кенен жайып бараткан Кытай менен алакасын жыл өткөн сайын арытып, эки тараптык алака акыркы он жылда бийик деңгээлге чыкты. Өкмөттүк деңгээлдеги расмий иш сапарлар байма-бай уюштурулуп, кытайлык инвестициялар тажик экономикасынын көп жагын алдыга тартып келатат. Аны менен кошо эле Тажикстандын инфраструктуралык долбоорлорун алдыга сүйрөгөн да Кытай. Эми болсо Кытай Тажикстанга куралдуу күчтөрдү да колдоого ала турганын билдирди. Бул тууралуу тажик борбору Дүйшөмбү шаарына атайын расмий иш сапары менен ушу аптада келген Кытайдын Борбордук Аскер комиссиясынын мүчөсү Фаң Феңгуй жарыя кылды. Э. Рахмон менен кездешкен учурда эки тарап коргонуу жана коопсуздукту камсыз кылуу багыттарында кызматташууга кызыкдар экендигин айтып чыгышты.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

# Орто Азия жана орус тилдүүлөр

Орто Азия аймагы Россия тарабынан XIX кылымдын орто ченинде эле басылып алынган. Акыркы болуп Россиянын карамагына Кокон хандыгы өтүп, анын ичиндеги Алай аймагы да кирген. Ошондон кийин Орто Азияга орус тургундары көчүп келе башташат. XVIII кылымда эле Россиянын кол астына өткөн Казакстанда баарынан көп орус калкы топтолуп, алардын таасири бүт өлкөгө тарап, жада калса жерлердин аттары да ошого жараша түзүлө баштаган. Мисалы Кыргызстанга жакын аймакта аккан суулардын көптүгүнөн Семиречье уезди түзүлгөн. Анын борбору катары Верный шаары, азыркы Алматы каласы бекитилген. Андан кийин биринчи келип орус тургундары жайгашып калган Семипалатинск шаары кирген аймак өзүнчө уезд болуп түзүлгөн. Буга окшогон бир топ жаңы аталыштагы аймактардын түзүлүшү ал жерде жашаган орус тилдүү калктын көбөйүшүнөн келип чыккан. Орустардын таркоосу бара-бара түштүктөгү Орто Азия аймагына да жайылып, алар негизинен ири шаарларда отурукташа баштайт. Аймактагы эң эле көп орус калкы топтолгон шаар катары Ташкент таанылган. Түркестан аймагынын борбору болуп калган бул шаарда орус падышасынын өкүлү болгон генерал-губернаторлор бири-бирин алмаштырып, 1917-жылкы февраль революциясына чейин жайгашып келишкен. Ошого жараша ал жерде орус калкынын саны да өскөн. Акырындап отуруп Түркмөнстан, Тажикстан, Кыргызстан да орус тилдүүлөргө толо баштайт. Алардын негизги бөлүгү Россия менен Украинадан чыккан дыйкандар айдаганга жана мал бакканга жер издешип, сунуш кылынган жерлерге өз ыктыяры менен келгендер болгон. Кыргызстанда орус тилдүүлөр негизинен климаты мелүүн Чүй өрөөнү менен Ысык-Көл аймагына көбүрөөк жайгашууга аракет кылышат.

Октябрь революциясы 1917-жылы жеңип чыккандан кийин орус тилдүүлөрдүн катары дагы көбөйөт. Алар Орто Азияны индустриялаштыруу зарыл деген чакырык менен келгендер



*Орус казактары Орто Азияга келүүсү. Н.Каразин 1891-жылы тарткан сүрөтү*

болот. Жаңы келгендер айыл жергесине эмес, негизинен шаарларда отурукташып, ал жерлерге чакан болсо да завод-фабрикаларды куруп, аларды иштетүүгө аралашат. Акырындап отуруп Казакстан жана Кыргызстанда көчүп келген орус тилдүү тургундардын саны жергиликтүү улуттагы калктын санынан ашып түшөт. Мисалы 3 млн калкы бар Кыргызстанда кыргыздар болгону 42 пайызды гана түзүп калган, ал эми Казакстанда болсо казактардын саны андан да төмөн болуп, 30 пайызга чейин түшүп кеткен мезгил болгон. Жашоо шарты менен жергиликтүү элдин кабыл алуусу, алар менен аралаш жашоо катаал болгондуктан Түркмөнстанда, Тажикстанда, өзгөчө Өзбекстанда орус тилдүүлөрдүн саны 10-15 гана пайыз болгон. Ошентсе да Орто Азия менен Казакстанда жашаган орус тилдүүлөрдүн жалпы саны Совет доорунун аягында 10 млн адамдан ашкан. Алардын негизги бөлүгү Казакстанда жашаса, Өзбекстанда жашаган орус тилдүүлөр 2 млн адамдан кем эмес болгон.

1991-жылы беш аймактык өлкөлөр эгемендикке жетишкенден кийин, орус тилдүүлөргө карата мамиле салкындай баштайт. Өзгөчө Өзбекстанда бул көрүнүш даана байкалат. Жергиликтүү калк өзүнүн унутулуп бараткан каада-салты

менен тилин, маданияты менен дилин кайтаруу аракетин күчөтөт. Анын кесепетинен орус тилдүүлөргө мамиле кескин өзгөрбөсө да, негизги басым жергиликтүү кадрларга жасала баштайт. Акырындап отуруп орус тилдүүлөр бир топ өлкөлөрдө бийлик чөйрөсүнөн сүрүлөт. Натыйжада Орто Азия менен Казакстандан мекенине кайтууга кызыккан орус тилдүүлөр жана башка улуттагы калк аймактан чыга баштайт. Акыркы маалыматтарга караганда 17 млн калкы бар Казакстанда орус тилдүүлөрдүн саны жалпы элдин 24 пайызын гана түзүп калган. Кыргызстанда бир кезде 1,5 млн орус тилдүү калк жашаса, учурда болгону 360 миң адам калган. Тажикстанда жашаган орус тилдүүлөрдүн саны жыл сайын кыскарып, азыр 140 миңге чейин кыскарган. 32 млн калкы бар Өзбекстандагы жашаган орус тилдүүлөр азыркы кезде негизинен Ташкент шаарында калып, алардын саны азыр болжол менен бир миллиондон ашпайт да, алардын көпчүлүгү жергиликтүү калк менен жуурулушуп, тили менен каада-салтын жакшы өздөштүрүүгө аргасыз болушкан. Түркмөнстанда жашаган орус тилдүүлөрдүн саны да жыл өткөн сайын кыскарып баратат. Бул өлкөдөгү өзгөчөлүк боюнча, орус тилдүүлөр Россиянын жарандыгын жана паспортун алууга укуктуу болушчу. Акыркы бир нече жылда эки тараптык алака газ маселеси боюнча татаалдашып кеткендиктен, түркмөн бийлиги андай эки паспорттуу жарандарды кайда жашоосун тандоого мажбурлай баштаган. Натыйжада Россияга кетүүгө аргасыз болгондордун саны өсүп баратат. 5 млн калкы бар Түркмөнстанда азыр болгону 260 миң орус тилдүүлөр калган.

Аймактагы негизги улуттар өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болуп, эгемен жашоого өтүшү, албетте улуттук өзгөчөлүктү, тили менен дилин, маданиятын өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзүүдө. Ал эми буга чейин үстөмдүк кылып келген орус тили акырындап сүрүлүп жатышы да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошол эле мезгилде анын ордуна англис жана башка негизги дүйнөлүк тилдердин турмушка көбүрөөк аралашып жатышы да бекеринен эмес. Прогресс жана алдыга умтулуу процесси башка

тилдердин жардамы менен боло турганы талашсыз. Андыктан аймактагы эл өзүнүн тили, өзү менен өзү болуп гана чектелип калбастан, ааламдашуу процессине көбүрөөк аралаша тургандай аракетин күчөтүүсү мезгил талабы.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

## Орто Азия, мигранттар жана Кытай

Кытай таасирин бүт дүйнөгө жайып, акырындап өзүндөгү көбөйүп бараткан эмгек күчүн сыртка чыгарууга аракетин эбак баштаган. Адегенде арзан жана абдан жагымдуу шартта берилген кредиттер, акырындап отуруп көптөгөн мамлекеттерди Кытайдын каражатына байлап алды. Андайлардын арасында Орто Азиядагы мамлекеттер да бар. Казакстандагы февраль айында болуп өткөн элдик толкундоолордун себеби, Кытайдан келип, жер иштетебиз дегендерге бериле турган аянттар башында чектелүү мөөнөткө делип келсе, азыр узак мөөнөткө бериле тургандай шарттын түзүлүшү болгон. Кытайдан келгендер ээлеген жерин эми өзү билгендей башкарып, казактардын үстүнө чыгып алат деп чочулагандыктан, наразылык акциялар чыккан. Мунун артында кытайлык эмгек экспансиясы турганы даана көрүнөт. Ошондой эле абал учурда Тажикстанда байкалууда. Бул өлкөдө да Кытайдын кредиттерине салынган ири объектилер көп. Алардын эң көрүнүктүүлөрү ички жана сыртка кетүүчү автожолдор. Аларды куруу процесси да негизинен Кытайдан келген эмгек мигранттарын колдонуу аркылуу жүргүзүлөт. Мындан башка да бир топ проектилер жергиликтүү жумушчу күчүн колдонбостон, Кытайдан келгендер тарабынан ишке ашырылып жатканы маалым. Кыргызстанда да окшош абал түзүлгөн. Болгон айырмасы Кытайдан келип иштегендер менен кыргыз жумушчулары бирге иштей турган талап аткарылат. Ушуга окшогон шарт жаратылыш байлыктарын чыгарууда, мунай-затын кайра

иштетүүчү заводду курууда, башка чакан ишканалардын иштөөсүндө көзөмөлдөнүп турат. Бирок соода-сатык маселесине келгенде, Кыргызстандагы эң ири делген базарлардын бөлүнбөс бир бөлүгү катары кытайлык чакан базарлар сөзсүз түрдө болот. Аларда иштегендердин арасында кыргыз жарандары болгону менен, көпчүлүгүн кытайлыктар түзөөрү маалым. Андан башка таза кытайлык товарлар менен соода кылган соода борборлору да кулачын кенен жайып, бизнес ишмердүүлүгүн кыргыздардыкына караганда бир кыйла эффективдүү жүргүзүүдө. Мисалга «Гоэн» соода борбору, «Таатан» базары, «Дордой» базарындагы «Жунхай» соода борбору жана башкалар бар. Алардын өзгөчөлүгү Кытайдан келген товарлар менен соода кылышкандыгы эле эмес. Ошол соода кылган товарлардын баасынын айырмасында. Кээ бир маалыматтар боюнча, өз убагында сыртта иштей тургандарга Кытай өкмөтү колдоо көрсөтүү аркылуу, алардын товарларынын баасын арзан кылууга шарт түзгөн. Ошол себептен Орто Азияга кирген Кытайлык товарлар башында, азыр деле, жергиликтүү сатуучуларга караганда кыйла арзан баада сатууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ошол себептен жергиликтүү кыргыздар, казактар, тажиктер алар менен атаандаша албай, ишмердигин токтотууга чейин барууга мажбур болушкан. Мындан тышкары Орто Азияга расмий уруксааты менен келгендерге караганда, мыйзамсыз жол менен келип, иштеп, ал турсун тамырын жайып жаткан кытайлыктардын саны да арбууда. Кыргызстанда расмий билдирүүлөргө караганда Кытайдан келип, мыйзамдуу иштеп аткандардын саны 10 миңге жетпеген сан болсо, реалдуу сандар андан бир топ эле көп. Божомолдоолор боюнча андай кытайлыктардын саны 50 миңден ашып кеткен. Дал ошондой эле көрүнүш коңшу Тажикстанда байкалат. Расмий билдирүүлөргө караганда, ал жерде уруксааты бар жашап, иштеп аткан кытайлык жарандардын саны 3 миңдин тегерегинде. Ал эми расмий эмес саноолор боюнча андайлардын саны 100 миңден ашып кеткен. Бул тууралу тажик маалымат каражаттары байма-бай маалымдап турушат. Аны менен

бирге эле Орто Азияда иштеген кытайлык жумушчулар менен жергиликтүү жумушчулардын тапкан маянасынын айырмасы да 10-20 эсе айырмаланат. Мисалы Тажикстандын Согди областындагы Зойнисор айылында иштетилип жаткан алтын кенинде эмгектенген тажик жарандарынын айлыгы 450-500 сомони болсо, ошол эле жерде иштеген кытайлыктардын тапкан акысы 15-20 эсе көп жана алар жалпы иштегендердин жарымынан көбүн түзөт.

Маалымат каражаттары Кытайдан келген ишкерлер Тажикстанда ири өнөр-жай объекттери менен кошо жүздөгөн гектар жерлерди ижарага алышкан. Ал жерде иштегендердин басымдуу бөлүгүн Кытайдан келгендер түзөт. Учурда Тажикстанда 70 ашык кытайлык ишкана-мекемелер иш жүргүзөт. Акыркы 6 жылда эле алар тажик экономикасына жарым миллиард долларлык инвестиция киргизген. Алардын эң ириси биргелешкен тажик-кытай алтын кен чыгаруучу «Зарафшон» мекемеси бир жылда 60 млн. долларлык инвестиция кылган.

Мындан тышкары Кытайдан келген фермерлерге Тоолуу Бадахшандагы Мургаб районунда 2 миң гектар жер бөлүнүп берилген. Ушундай эле көрүнүш республиканын башка аймактарында болууда. Ал жерлерди жергиликтүү дыйкандар үчүн кытайлыктардан өйдө иштете тургандай шарт түзүү мамлекет тарабынан эске алынбайт. Ушундай эле көрүнүш Казакстан менен Кыргызстанда да бар. Жергиликтүү дыйкандарга жетишээрлик колдоо бийлик тарабынан көрсөтүлсө, кытайлыктарга окшоп химиялык заттар менен өстүрүлгөн жашылча-жемиштин ордуна экологиялык жактан таза продуктыларды өстүрүүгө мүмкүнчүлүк ачылмак. Ички мүмкүнчүлүктөрдү туура колдонуу аркылуу ар-бир мамлекет экономикалык өнүгүүсүн өзгөртүүгө жол ача алат. Расмий булактардан алынган маалыматтарга караганда, азыр Орто Азиядагы мамлекеттердин тышкы карызы экономикалык деңгээлине жараша түрлөнөт. Казакстан эң эле көп тышкы карызга ээ. Анын көөлөмү 105 млрд. доллар. Бул көрсөткүч Ички дүң продукциянын 68

пайызын түзөт. Андан кийин Өзбекстан – карызы 10,6 млрд. доллар, 11 пайыз. Кыргызстандын учурдагы тышкы карызы 3,8 млрд. доллар болуп, 68 пайыздан ашып түштү. Андан кийин Тажикстан келатат – карызы 2,8 млрд. доллар – 35 пайыз. Карыздардын бир топ бөлүгү дал Кытайга тийешелүү. Мисалы Кыргызстандын жарымына жакын карызы Кытайга таандык. Азыр Кыргызстанда пайыздык жактан алганда тышкы карыздын чегин жогорулатуу сунушу айтылууда. Буга негизги себептердин бири катары, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун куруу үчүн зарыл болгон каражатты кредит катары тартып келүү зарылдыгы болушу мүмкүн. Аны курууга азыртадан эле 3 млдр. доллар керек болушу эсептелген. Андай каражатты инвестиция кылганга даяр болгон булактарды табуу кыйын болгондуктан, Кытайдын шарты менен алууга туура келет. Дал ошондой зарылдыктардын айынан Тажикстандын да тышкы карызынын бир топ бөлүгү Кытайга таандык. Ошол себептен улам кытайлыктардын Орто Азиядагы ишмердүүлүгү күчөп, жергиликтүү калкка пайдасынан да көп тоскоолдуктарды жарата башташы көптү каңкуулайт. Андыктан ушул багытта мамлекеттин коопсуздугун жана экономикалык көз каранды эместигин сактоо биринчи орунда турушун унутууга болбойт.

*Бишкек, июнь, 2016-жыл*

## Кытайга арбалган Түркмөнстан

Жаратылыш байлыгы ири болгон мамлекеттердин арасына Түркмөнстан кирет. Анын негизги соода-сатык кирешесин жаратылыш газын экспорттоо түзөт. Жеке адамдык башкаруу жолу менен өнүгүп жаткан бул өлкөнүн көрсөткүчтөрүн так айтуу кыйынчылыкты туудурат. Ошентсе да дүйнө жүзүндөгү газ жаратылыш байлыгынын ондон бир бөлүгү Түркмөнстанга таандык деп табылган. Анын экономикасы негизинен

отун-энергетикалык сектор менен байланыштуу. Бул секторго өнөр-жай тармагынын 80 пайызы тиешелүү. Жалпысынан экономикасы жабык түрүндөгү экономика болгондуктан, сырттан келүүчү инвесторлор биринчи иретте жаратылыш байлыгын чыгаруудагы эң кыйын бөлүктөрүнө гана киргизилет. Мындан сырткары түркмөн мамлекети деңиз менен байланышы жок болгондуктан, өзүндө чыккан көмүртектерди дүйнөлүк рынокко чыгарууда колу кыска. Акыркы эсептөөлөргө караганда, Түркмөнстанда чыгуучу жаратылыш газынын жалпы көөлөмү 45 млрд. тонна түзөт. Атайын иштелип чыккан мамлекеттик программага ылайык, 2030-жылы өндүрүлүүчү газдын көөлөмү 250 млрд. тонна, ал эми мунай-заттын көөлөмү 110 млн. тонна болуусу каралган. Бул программада көмүртектерди экспорттоону кеңейтүү маселеси да каралган.

Эл аралык валюта корунун 2014-жылы чыгарган бүтүмүндө, Түркмөнстанда чыккан газды экспорттоодон түшкөн каражаттын 8,65 млрд. доллары Кытайга таандык. Ал эми экинчи орунда турган Түркия болгону 567 млн. долларды берет. Бул көрсөткүч Түркмөнстан акырындап Кытайга көбүрөөк көз каранды болуп баратканын көргөзөт. «Өлкөнүн газды Кытайга экспорттоодон башка каражат таба тургандай экономикалык багытын аныктоо кыйын. Анын үстүнө Кытайлык насыялардын көөлөмү да абдан өсүп кеткен», - деп эсептейт энергетика боюнча эксперт Джон Робертс. 2009-жыл түркмөн газ тармагы үчүн абдан чоң бурулуш жылы болгон. Кытайга чейин түркмөн газын толугу менен Россия арзан баада сатып алып, аны Совет мезгилинен бери сакталып келаткан газ курлары менен өзүнө жеткирип туруучу. 2009-жылы мурунку келишим Түркмөнстанга кирешени азыраак берип жатканын түшүнүп, аны жаңыртууга аракет кылган эле. Буга Россия макул болбостугун билдирген. Белгисиз бойдон калган себептерден улам Түркмөнстандын чек арасында иштеп жаткан насостук станция жарылып кеткен. Техникалык адистердин айтымында, түркмөн тарап газды Россияга кетүүчү бөлүгүнө кысым астында чогулта берген да, ал эми орус тарап аны станциядан

чыгарбай кармап тура берген. Натыйжада басымы көбөйүп кеткен газ жарылган. Ошо бойдон орус-түркмөн соода алакасы начарлап, Ашхабад чыгыштагы Кытайга газын сатуусун кеңейткен. Андан кийинки бурулуш жыл 2013-жыл болгон. Ошо жылы Кытайда бийликке жаңыдан келген Си Цзиньпин Орто Азияны кыдыруучу сапарга чыгып, Түркмөнстанга биринчи барып, ири келишимдерге кол койгон. Анын эң маанилүүсү «Галкыныш» аты менен белгилүү болгон газ чыгуучу аймакты өздөштүрүү, андан чыккан газы эки альтернативалык газ түтүктөрү аркылуу Кытайга жеткирүү үчүн деп 30 млрд. долларлык келишимге кол коюлган. Ошондон тарта түркмөн экономикасы Кытай тарапка бурулуп, негизги кирешени жана инвестициялык каражаттарды ошол тараптан алып калган.

Бирок түркмөндөрдүн Кытайга өтө эле ыктап жатышы алардын үмүтүн аткарбай калышы ыктымал, дешет адистер. Кытай учурда прагматикалык алака жасап, өзүнө зарыл болгон газды бир эле булактан сатып алуу менен, андан көз каранды болууга эч умтулбайт. Ал эмес Россия менен болгон алакада да, Кытай алыскы келечекти ойлоп, этияттык менен газ тармагындагы соода-сатык иш-чараларын жүргүзөт.

Бир жагынан алганда, Түркмөнстан Кытайдын мамилесин эң жакшы түшүнөт. Ошо себептен өзүнөн чыккан газды башка альтернативалык маршруттар менен дүйнөлүк рынокко чыгаруу аракетин улантып келатат. Мисалы трансафгандык ТАПИ проектиси түркмөн газын Афганистан, Пакистан жана Индияга чыгаруу максатын көздөйт. Аны менен кошо Каспий деңизи аркылуу газды Европа рыногуна чыгарууга да умтулат. Ошол эле учурда Кытайдан түшүп жаткан экспорттук каражат түркмөн бийлигин эң жеңил жол экендигине ишендирип салган. Натыйжада экспорттук каражат менен кошо инвестициялык делген насыя каражат Ашхабадды арбап алганын байкабай калышкандай.

*Бишкек, июнь, 2016-жыл*

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ЕВРОПА ЖАНА АКШ

## Эгемендикти сактап калуу оңой эмес

Дүйнө жүзүнүн өнүгүүсү болуп көрбөгөндөй ылдамданууда. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки макулдашылган чек аралар СССР жоюлган соң тездик менен Европада өзгөрүүгө дуушар болду. Килтейген Югославия жок болуп, анын ордуна 2000-жылдары бир нече көз каранды эмес, эгемендүү мамлекеттер пайда болду. Аны улай Чехословакия тынч жол менен эки мамлекетке бөлүнүп, Чехия жана Словакия деген эки өлкө пайда болгон. Андан соң Сербиянын курамына кирген Косово аймагы бир топ убакытка созулган согуштан кийин, батыштын кийлигишүүсү аркылуу өз алдынча мамлекетке айланып, азыркы учурдагы маанилүү окуяларга прецедент түзүп берди. Дүйнөнүн башка аймактарында да жер талашуу процесси күч алып, Россия менен Япониянын, Япония менен Кытайдын ортосундагы аралдар үчүн тирешүүлөр күч алууда. Акыркы эл аралык мааниге ээ болуп, абалды өтө курчуткан өзгөрүү Украинанын карамагына 1954-жылы өткөрүлгөн Крым жарым аралын, ички референдумга таянып, Россиянын өзүнө кошуп алуусу болду. Украинадагы бийлик алмашуунун натыйжасында коомчулукта жаралган карама-каршы пикир себеп болуп, Крым жарым аралындагы 2 млн. эл үчүн март айында (2014-ж.) атайын референдум уюштурулган. Натыйжада анда

жашаган калктын басымдуу бөлүгү Россияга кошулууну кааларын билдирип, аны жүйө катары колдонгон Россия Крымды өзүнчө субъект катары өз курамына кошуп алды. Анын натыйжасында май айында Украинанын түштүк-чыгышындагы өнөр-жай тармагы өнүккөн Донецк жана Луганск областтары да референдум өткөрүп, өз алдынча эгемендүү мамлекет болуу сунушун эл колдоого алган. Мындай чечим Украинадагы куралдуу тирешүүнү жаратып, узакка созулган катуу согушка алып келди. Бул кризисте да Россиянын аралашуусу болгону талашсыз, себеби жаңы жарыяланган «өлкөлөрдө» жашаган калктын көпчүлүгү орус улутундагылар болгондуктан, алардын Киевдеги улутчулдар баштаган жаңы бийликке жана алардын Евробиримдикке карай умтулуусуна каршы тургандарды Москва тарап көңүл астында калтырмак эмес. Өзүнүн геосаясий кызыкчылыгын коргоого аргасыз болгон Россия батыш менен АКШнын кысымына кабылып, алар тараптан жарыяланган санкцияларга каршы өзү тараптан жооп кадамдарга барып, жалпы абал абдан катаал шартка учураган.

Аны менен бирге башка Европалык мамлекеттердин курамында жашап, өнүгүп, ийгиликтерге жетишкен аймактар да өз алдынча мамлекет болуп жашоону каалашаарын ачыкка чыгарууда. Алардын арасында Улуу Британиянын курамында кылымдар бою бирге жашап келген Шотландия бүтүндөй дүйнө жүзүн дүүлүктүрүүдө. 2014-жылы ал жерде өткөрүлгөн референдумдун жыйынтыгы Шотландия өз алдынча мамлекет болоорун же болбоорун аныктамак. Эгерде добуш берүүчүлөрдүн көпчүлүгү эгемендүүлүктү колдосо, анда Шотландия 2016-жылдын 24-мартында эгемендүү мамлекет болуп жарыяланат деп чечилмек. Эгерде ошондой болуп кеткенде, анын арты Британия үчүн кандай болоорун боолголош кыйын. Эми Испаниянын курамынан чыгууну көптөп бери эңсеп келаткан Каталония аймагы акыр-аягы референдум өткөрүү жолу менен эгемендүү мамлекет болуу аракетин улантууда. Аны менен кошо Бельгиянын курамындагы фламандыктар да өз алдынча мамлекет болууга умтулуусун күчөтөт. Италиянын

курамына күч менен киргизилген Түштүк Тироль аймагы да Римдин үстөмдүгүнөн чыгууну эңсеп, аракеттенип келет. Европадагы мындай мисалдар Азиядагы мурун күчтүү мамлекеттүүлүккө ээ болуп, кийин аны алдырып ийген бир топ улуттар үчүн эгемендүүлүккө жетишүү аракеттерин жандандырууга түртөт. Алардын катарында ондогон миллион эли бар күрд улутундагылар азыр Түркия, Ирак жана Сириянын курамынан чыгып, өз алдынча мамлекет куруу мүдөөсүнө куралдуу жол менен жетишүүгө даяр. Ал эми илгертен бери белгилүү болгон уйгурлардын саны Кытайдын ичинде эле 9 млн-ду түзөт. Дагы бир миллион калкы Орто Азия менен башка өлкөлөрдө жашайт. Кытай бийлигинин катуу аракетине карабастан, уйгурлар да башкалардын мисалына машыгып, өз алдынча мамлекеттүүлүктү калыбына келтирүүнү эңсеп келишет.

Жалпы абал дүйнөлүк элдин аң-сезиминин өсүшү менен гана өзгөрбөстөн, транс-корпорациялык ири тутумдардын таасири астында глобалдашып бараткан дүйнөдө чоң өзгөрүүлөргө кабылууда. Алар Орто Азия аймагына да киришип, ал жердеги кырдаалга таасирин тийгизүүдө. Афганистандагы окуялар тыйыла электе, жаңы коркунуч пайда болуп, шариятты жамынган күчтөр мамлекеттүүлүктүн мурдагы түрү болгон халифатты бүт дүйнөгө орноштурабыз дегендер арбып баратат. Акыркы жылдары алар Ирактын жарымын басып алып, кийин Сирия, андан соң Афганистан менен Орто Азия экендигин жашырышпайт. Андай күчтөргө каршы туруу Орто Азия өлкөлөрүнүн бирдиктүү аракетин талап кылат. Тилекке каршы СССР жоюлгандан кийин өз алдынча мамлекет болгон беш республика өз ара алаканы туура түзө албастан, энергетика жана суу маселеси боюнча тирешүүгө чейин жетип жатат. Бири-бирин колдоп, өнүгүүсүн күчөтүп, аны менен өзүнө да жагымдуу шарт түзүүнүн ордуна, региондогу мамлекеттер өз-ара тирешүүгө кабылганы талашсыз. Чатактын ырбап кетишинен коңшу Россия менен Кытай эле кармап турат. Бул эки мамлекет Шанхай уюму менен Евразия биримдигин түзүп, ага мүчө кылып Орто Азия өлкөлөрүн кабыл алып, аларды

аргасыздан бирге отуруп, иш алып барууга мажбурлап жатышат. Алардын мындай аракеттери болбогондо аймактагы улуттар Африкадагы уруулардын тирешүүсүнө окшоп, будуңчаң болуп кетээри мүмкүн эле. Азыр да аймактагы кээ бир мамлекеттер Россиянын акыркы жылдардагы аракеттеринен чочулап, батышка ыктоого аракет кылса, башкалары көп векторлуу саясат жүргүзүүгө аргасыз болуп, батышка да, түндүккө да, чыгышка да бирдей мамиле кылуу амалына өткөн. Себеби мамлекеттүүлүктүн бир калканчы болуп турбаса, экономикасы менен армиясы алсыз өлкөлөр заматта эле бирөөнүн жеми болуп калышы ыктымал.

*Бишкек, сентябрь, 2014-жыл*

## Мунай-зат оюндары жана чоң саясат

Мунай затынын баасы 2014-жылдын ичинде эки эсе түшүп, экономикалык жактан бир топ мамлекетти дүрбөлөңгө салды. Январь айынын аягында бир баррель мунайдын баасы 50 доллардан арзан болуп калган. Мунайдын арзандашы андан чыккан продуктыларды сатып алууга муктаж болгон мамлекеттерге утуштуу болду. Алардын арасында эң чоң утушка Кытай менен Индия ээ болушту, себеби алар миллиондогон тонна мунай сатып алуу үчүн мурдагыдан эки эсе азыраак каражат коротуп калды. Ал эми баанын төмөндөшүнөн, албетте, мунай-затты чыгаруучу өлкөлөр залака тартууда. Алардын арасында араб жана Латын Америка өлкөлөрү кирген ОПЕК уюмунун курамына кирген мамлекеттер Венесуэла, Иран жана Россия бар. ОПЕКтин негизги мүчөсү болгон Сауд Арабиясы мунайга болгон баанын төмөндөшүн токтото тургандай бир да кадам жасабай койгонунан 39 млрд америкалык доллар кирешеден кур-жалак калды. Алардын негизги расмий жүйөсү, нефтиге болгон баанын төмөндөшү аны өндүрүүнүн төмөндөшүнө алып келбеши керек. Мунун артында буга чейин өз

валютасын мунай затына 1970-жылдардан бери бекем байлаган АКШнын жер кыртышындагы сланцтан мунайды чыгаруу боюнча жаңы технологиясынын жайылышы турат. Ошол технологиянын АКШда гана эмес, башка өлкөлөрдө таралышы жана салыштырмалуу баасынын төмөн болушу, жаратылыш мунай затына болгон зарылдыктын азаюусуна алып келген. Болгон айырмасы сланцтан чыгуучу мунайды өндүрүш үчүн бир баррелине 50 доллардан ашык каражат королушу керек. Андан төмөн каражатты коротуу мүмкүн эмес. Ошол себептен араб өлкөлөрү Американын атайын аракетине туруштук берип, рынокто сатылуучу мунайдын көөлөмүн азайтпастан, бир деңгээлде кармап турушат. Сауд Арабиясынын бийликтери мунайдын сатууга чыгарылган көөлөмү азайса, сланц нефтисинин көөлөмүнүн өсүшүнө алып келет да, алар таба турган пайда азаят. Ошол себептен алар чыгарган мунайдын көөлөмү азайбай жатат. Анын кесепетинен мунайдын баасы да төмөндөөдө.

Акыркы мезгилде мунай заты саясый жүрүштөргө да таасирин чоң тийгизе баштады. Анын негизги себеби, Батыштын Россияга каршы кабыл алган санкциялары болууда. Экономикалык жактан кысым кылуу үчүн АКШ баш болгон бир топ батыш өлкөлөрү араб мамлекеттерин кошуп, Россиянын экспорттук потенциалын азайтуу үчүн аракет жасоого киришкен. Бир гана мунай затынын баасынын түшүүсү Россияга бир жылдын арасында 100 млрд доллар кирешенин келбей калышына шарт түздү. Натыйжада Россиянын экономикасы алсырай түштү. Анын кесепетин кыргызстандыктарга окшогон мигранттар чыккан бир топ өлкөлөр сезе башташты. Тажик, өзбек, кыргыз мигранттары Россияда таап жатышкан кирешесинин азайышынын натыйжасында өз мекенине кайтып келүүгө аргасыз болушкан.

Россиянын экономикасын алсыратуу аркылуу азыркы бийлигин тизгиндөө аракеттери Украинадагы орусчул күчтөрдү колдогону үчүн жасалууда. Муну менен батыш өз алдынча саясат жүргүзгөн жана батыштын үстөмдүгүнө каршы турган

мамлекеттерге экономикалык тоскоолдуктарды түзүү аркылуу өнүгүүсүн жана күчтөнүүсүн басаңдатуу максатын коюшкан.

Буга чейин Америка баштаган батыш мамлекеттери адегенде мунай затын экспорттоо аркылуу абдан байыган жана өз элин социалдык жактан турмушун оңдогон Ливия мамлекетин басмырлап, бийлигин алмаштырып, элин кыйынчылыкка тушуктурган.

АКШ менен батыш мамлекеттери өз баалуулуктарын дүйнөгө таратууда эч нерсени ылгабастан, өз кызыкчылыгын гана көздөгөн аракеттерге барып жатышы, учурда бүт дүйнө жүзүн чоң коркунучтун астында калтырганын сезбей жатат. Ал эми мунай затына ээ болгон мамлекеттердин эл аралык аренада таасирин азайтууда, мунай затка болгон бааны төмөндөтүү жолу менен ишке ашыруу ыкмасына киришти. АКШ менен батыштан чочуган Сауд Арабияга окшогон өлкөлөр алардын оюнун колдошуп, нефтинин баасын керектүү нукта кармап турууга көмөктөшүп жатышат.

*Бишкек, февраль, 2015-жыл*

## АКШ-Россия: убактылуу жылуулануу

АКШ менен Россиянын ортосундагы алака бир жылдан ашык убакыттан бери абдан начарлап, тирешүү деңгээлине чыккан. Эки өлкөнүн жетекчилери акыркы эки жылдын ичинде болгону бир гана жолу чоң бир саммитте көрүшүп, кол алышканы болбосо, түз отуруп сүйлөшүүгө барган эмес. Ошол себептен АКШнын Мамлекеттик катчысы, башкача айтканда тышкы иштер министри, Джон Керри 2013-жылдан бери биринчи жолу Россияга расмий иш сапары менен 2015-жылдын май айында келип, өзүнүн кесиптеши Сергей Лавров менен эле чектелбестен, президент Владимир Путин менен кезигип, төрт саатка созулган сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Украинадагы окуяларга байланыштуу эки өлкөнүн ортосундагы мамиле

абдан солгундап, Америка батыш менен биригип, Россияга каршы экономикалык санкцияларды киргизген. Анын натыйжасында орустардын эл аралык аброю да начарлап, Европа менен болгон соода алакасына терс таасирин тийгизди.

Джон Керринин В. Путин менен Сочи шаарындагы сүйлөшүүлөрү негизинен эки маселенин тегерегинде өттү. Анын биринчиси Украинадагы абал жана ага карата Россиянын жүргүзгөн саясаты тууралу болду. Экинчиси Сирия жана аны коштогон маселелер эле. Байкоочулардын айтымында бийик мартабалуу Американын өкүлүнүн Россиялык жетекчилик менен сүйлөшүү өткөрүүсү алаканын бир орундан жылгандыгынан кабар берет деп баамдалышы керек. Талкуунун жыйынтыгында эки тараптык мамиле жакшырып кете тургандай чекке жете алган жок. Бирок буга чейин байкалган пикир келишпестиктин себептери айтылып, негизги максат бир жакта экендиги белгилениши көптөн үмүттөндүрөөрүн көрсөттү. Эң маанилүү жыйынтык катары Керри да, Лавров менен Путин



*Москвада В.Путин жана С.Лавровдун АКШ Мамкатчысы Дж.Керри менен кезигиши*

да, 2015-жылдын 12-февралында Минск шаарында жетишилген Украинанын Донбассы боюнча төрт тараптык келишимдерди кынтыксыз сактоо зарылдыгынын айтылышы болду. Ушуга байланыштуу батыштын Россияга карата көз карашы өзгөрө баштаганы тууралу ойлор да жаралды. Анын үстүнө 9-май Жеңиш күнүнө байланыштуу чоң маарекеге Чехия менен Сербиянын өкүлдөрүнөн башка батыштын таасирлүү лидерлери Россияга келе албаганын жымсалдаган Германиянын канцлери Ангела Меркелдин 10-май күнү Москвага келиши чоң мааниге ээ болду. Анда да В. Путин менен кездешүү учурунда түзүлгөн кырдаалдан чыгуу үчүн Минск келишимдери эч кыйшаюусуз аткарылышы тууралу сөз болгон.

Сочидеги сүйлөшүүлөр алаканы оңдоп кете албаса да, АКШ менен батыш өлкөлөрү Россия менен мамилени бир отоло тоңдуруп салууга барбастыгын, ал турсун мүмкүн болгон багыттарда өнүктүрө алгыдай алака түзүүгө кызыкдар экендигин көрсөттү. Буга улай эле Россиянын дүйнөлүк башка региондордогу окуяларда ойногон ролу да чоң экендигин көрсөтүүдө. Сириядагы окуяларга жана Ислам мамлекетине байланыштуу маселелерде да Россиянын ойной ала турган ролу абдан чоң экендиги таанылды. Батыштан тарай баштаган «көзөмөлдөнгөн хаос» теориясы араб мамлекеттерине келип, бирок көзөмөлдөн чыгып кетиши, ага туруштук берүүдө Россия аралашпай калбастыгын көрсөттү жана дүйнөлүк аренада чоң таасир кылуучу кубатка ээ экендигин далилдей алды. Москванын Жакынкы Чыгыштагы байланыштары менен таасири абдан маанилүү болуп баратканы да талашсыз. Сочидеги талкуулар бир учурда дүйнөдө бири-бирине карама-каршы турган үч күч болсо, алардын тирешүүсүн чече тургандай контактылар жана макулдашуулар керектиги ачыкка чыкты. Эгерде эл аралык чоң саясатта үчтүн бири болгон Россияны оюндан чыгарып салуу аракети уланса, анда баардык тарап жабыркап кала тургандай шартка такалат. Муну түшүнгөн АКШнын администрациясы таасирлүү делген өкүлүн Россиянын жетекчилиги менен көзмө-көз жана ачык сүйлөшүүгө жөнөтүүгө аргасыз

болду. Джон Керри бул тууралу өзүнүн Twitterдеги баракчасына «маанилүү маселелер боюнча президент Путин менен ачык-айкын дискуссия жүргүздүм» деп жазган. Ал гана турсун Донбасстагы абалга байланыштуу абдан агрессивдүү боло баштаган украин президенти П. Порошенконун Донецк «аэропортун кайтарып алуу» тууралуу ойлорун жактырбаарын айткан жери да болду. Мындан бир гана маанилүү бүтүмгө келсе болот – эки тараптык алака бара-бара жалпы тил менен сүйлөшүүгө алып келүү үчүн көпүрө түзүлдү. Болгону жообу белгисиз бир гана суроо калды – буга канча убакыт зарыл болот?

*Бишкек, май, 2015-жыл*

## Сланцалык мунай жана экономикага таасири

Араб мамлекеттеринин арасында мунай-затка ээ өлкөлөр абдан байып, алды Катар мамлекетине окшоп, дүйнөлүк чоң саясатка таасирин күчөтүү мүмкүнчүлүгүн алышкан. Сауд Арабияда күнүнө 10 млн баррель мунай чыгарылаары белгилүү. Катарда күнүнө 1 млн баррель мунай заты чыгарылат. Андан тышкары Катар өзүнөн чыккан газды суюлтуп, азыр сатыкка жылына 77 млн тонна суюлтулган газды экспорттойт. Аларды кардар өлкөлөр деңиз жолу аркылуу кеме менен жеткирип тургандыктан, баасы башкалардан кымбатыраак. Бир кезде мунай менен газды экспорттоо аркылуу элдин жашоо шартын кескин жогорулата алган Ливия өлкөсү болгон. «Араб жазы» деген аты менен белгилүү болгон революциядан кийин Ливиянын абалы өтө начарлап, туруксуз мамлекетке айланган жана кирешеси түшүп кеткен. Мунай менен газды эң чоң көөлөмдө экспорттогон өлкөлөрдүн катарын негизинен Европа мамлекеттери, Кытай менен АКШ түзүп келишкен. Арабдарга тең ата боло тургандай көөлөмдөгү мунай заты менен газды Россия менен Казахстан, кийинки мезгилде Түркмөнстан менен Өзбекстан да сыртка сатуусун көбөйтө

башташкан. Доллардын наркын 1970-жылдардан бери базар баасындагы мунай-затка байланыштырган Кошмо Штаттары акыркы 3-5 жылдан бери финансылык кыйынчылыктарга дуушар болууда. Учурда АКШнын мамлекеттик карызы күн сайын өсүп, 17 триллион доллардан ашты. Анын көөлөмү канчалык тез ылдамдык менен өсүп бара тканын эл байкап турушу үчүн Нью-Йорктогу Манхеттендеги чоң көчөлөрүнүн биринде атайын электрондук табло да тургузулган.

Күчөп бараткан туңгуюктан чыгуу максатында мунай-затын импорттоп, чыгаша болуунун ордуна, пайда табуу максатында АКШ өзүндө көптөгөн көөлөмдө жаткан көмүрдү катуу жардыруунун натыйжасында кысуудан чыккан сланцалык мунайды чыгарууну күчөтүп, аны сыртка экспорттоо аркылуу, тушуккан финансылык кыйынчылыктан чыгуу аракетине өттү. Буга чейин АКШ мунай менен газды өзүнөн чыгаруунун ордуна башкалардан сатып алуучу. Катылып жаткан байлыктарды стратегиялык байлык катары келечекке сактоого умтулган. Эми болсо бир эле Түндүк Дакота штатындагы жардыруу жолу менен өндүрүлүүчү мунайдын көөлөмү 2013-жылы 2 млн баррелден ашкан. Ал эми газды өндүрүү боюнча АКШ 2012-жылы Россиядан ашып өткөн. Россия бир жылда 656 млрд кубометр чыгарса, АКШ 681 млрд кубометр газ чыгарган.

Бул ыкманын натыйжасында дүйнөлүк мунай-зат рыногундагы баалар кыска мөөнөттө эки эсе төмөндөп, араб мамлекеттеринин тапкан пайдасы азая түшкөн. Украина маселеси чыга электе эле мунай заты менен газ сатуу аркылуу финансылык кубатын бир кыйла күчөтүп алган Россия, батыш менен АКШнын көз кырына кабылып, анын күчтөнүп бараткатын басаңдатуу маселеси жаралган. Европа өлкөлөрү кыш мезгилинде керектелүүчү газдын 40 пайызын Россиядан алып, анын экспорттук кирешесинин бир бөлүгүн толтуруп келген. Эми сланцалык газдын көлөмү көбөйө баштагандан кийин, Кошмо Штаттары өзүнө пайда табуу максатында, аны чоң көөлөмдө сата баштап, арабдар менен орустардын тапкан пайдасын азайтууга жетишти. Андан тышкары Европа өлкөлөрүнүн

муктаждыгын канааттандыруу жолу аркылуу, алардын төлөмдөрүн Россия менен араб мамлекеттерине эмес, түндүк Америкага буруу максатына да жакындап баратат.

Жер кыртышында жаткан мунай-затынын көөлөмү бир жагынан азайып баратат. Экинчи жагынан аны чыгаруу үчүн колдонулуучу техникалык жабдыктар да эскирүүдө. Аларды тынымсыз иштетүү үчүн кошумча каражат коротуу зарыл. Мунун баарын эске алганда, бара-бара мунай-затын салттуу ыкма менен чыгарып жаткандардын чыгашасы өсүп кетишинен, алар чыгарган мунайдын көөлөмүнүн азаюусуна алып келет. Аны менен кошо рыноктогу мунайдын баасы азыркыдан өйдө көтөрүлүп кетиши толук мүмкүн. Бирок сланцалык жол менен алынып жаткан мунайдын баасы азыркыдан анчалык деле көп көтөрүлбөсү күтүлүүдө. Ошол эле кезде жалпы өндүрүлүүчү көөлөм азайбастан, көбөйөт. Ошол себептен эксперттер мунай-затына болгон баалар азыркы деңгээлдегиден да төмөндөп кетиши ыктымал деп болжолдошууда. Ошол эле кезде мунай-затына болгон муктаждыгы башкалардан да көбүрөөк өсүп бараткан Кытай экономикасы үчүн абдан ыңгайлуу шарт түзүлүүдө.

*Бишкек, июнь, 2015-жыл*

## Эл аралык чыңалуудан утулгандар

Дүйнө жүзүндө «Стратфор», Джон Хопкинс атындагы, Республикачыл жана Демократиялык партиялардын, АКШнын Ак үйүнүн өзүнчө иликтөө жүргүзүп, расмий саясатка жол көрсөтүп, сары эсеп салуучу уюмдар бар. Алардын арасына акыркы жылдары абдан таасирлүү болуп бараткан «Хаффиңтон Пост» басылмасы да кирет. Мунун өзгөчөлүгү баардык маанилүү окуяларга, эл аралык кырдаалга сырттан көз салып, байкап турган жана кесепеттери кимге кандай таасир кыла алаарын баамдай турган позицияны карманган басылма.

Дал ушул талдоо борбору бир топтон бери эл аралык аренадагы тирешүүнүн себептери менен кесепеттери кандай болоорун анализдеп, бир бүтүмгө келе тургандай сунуштарды айтып чыгуусу көңүлдү өзүнө бура алды. Учурда Европа биримдиги менен Россиянын тирешүүсү кандай башталганы, кимисинин аргументтери күчтүү, келечек кандай болоору тууралуу боолголору акыйкаттуу чыгып, саясатчылар менен адистерди кызыктыра алды. Украинадагы түзүлгөн акыркы кырдаалды жана андан чыгуу жолдорун талдоого алган бул сереп борбору, Франция менен Германия биригип, Европа менен Россиянын ортосундагы алаканы оңдоо үчүн чечүүчү ролду ойноосу керектигин билдирген. Андагы негизги жүйөөлөр катары, дээрлик эки жылга созулган чырдын айынан түзүлгөн ахвалдан баарынан көп жабыркагандар көрсөтүлүп, эң чоң жапа чеккен тарап болуп Украина эсептелери айтылган. Бул өлкө 2014-жылкы революциялык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында короткон чыгашасы тапкан пайдасынан көп болуп, Европадагы банкроттукка жакындаган эки өлкөнүн бирине айланган. Экономикалык жоготуулары өсүп, элдин жашоо шарты Грекиядагыдай төмөндөп, мамлекеттин тышкы карызы кескин өсүп кеткен. Андан соң эле батыш менен АКШ жарыялаган экономикалык санкциялардан эң көп жабыркаган Россия эсептелет. Анын улуттук акчасы эки эсеге девальвацияланып, нефть менен газды сатуудан түшкөн киреше азайып, экономикасы алсырай түшкөн. Маселени чечүүдө «Хаффиңтон» борборунун айтуусунда, орус бийликтери узакка эсептелген стратегияга таянбастан, учурдагы түзүлгөн кырдаалга жараша аракеттениши Россиянын абалын ого бетер начарлатып баратат.

Украинадагы кризистин айынан жабыркаган үчүнчү тарап болуп Европа эсептелет. «Чыгыш шериктештиги» аты менен белгилүү болгон программада, Россиядан алыстоого жан үрөп, Европага ыктаган мамлекеттерди бириктирүү аракетинен эч нерсе чыкпоосун баамдаган батыш кыйын абалда калды. Украинадагы кризис созулуп баратуусунан чарчай

баштаган Европа биримдиги эми Грекиядагы кырдаал менен ого бетер кыйын абалга кептелди. Ошо себептен Украинанын Евробиримдикке да, НАТОго да кирүү максаттары ишке ашуусу оорлоп баратат.

Европа менен Россиянын ортосундагы санкциялар урушу дүйнөлүк башка өлкөлөргө жакшы шарт түзүп, алардын экспорттогу ордун бекемдетүүдө. Өзгөчө экономикалык талаада жаңыдан түзүлүп, таасири күчөп бараткан БРИКС уюму чоң утушка ээ боло тургандай абалда. Экономикалары эч тынбастан өсүп бараткан Кытай, Индия менен Бразилия, тарткан чынжырга байлангандай Россияны да алга сүйрөгөнгө жарай турган алга ээ.

Жалпы абал Европа менен Россияга терс таасирин тийгизип жаткан кезде, акыл-ой менен иш жүргүзүүгө үндөгөндөр Германия менен Францияга карашып, Россия менен алаканы тезден калыбына келтирүү кадамдарын күтүшүүдө. Германия Россия менен бир топ мезгилден бери алакасын туруктуу деңгээлде сактап келген. Ал эми Франция болсо Украинага байланыштуу маселеде эки тараптын тең ишенимин кетире элек мамлекет катары аларды тынчтыкка чакырууга укуктуу. Бул эки мамлекет беш багытта иш алып барса, маселе чечилүүсү ыктымал. Биринчиден – Евробиримдиктин Украинага байланыштуу ички жалпы пикирди сактоого үндөө. Экинчи – Россияга карата реалдуу, бирок тыкыр мамиле кылуу аркылуу таасир кылууну, үчүнчүдөн – Минск келишимдерин аткарууга Киевге таасир кылууну улантуу, төртүнчү – НАТОнун Украинага курал-жарак берүү кадамын кармап турууга, бешинчиден – Европадагы жалпы абалга оң таасир эте тургандай кылып, Польша менен Россиянын ортосундагы алаканы оңдоого түртүү. «Хаффиңтон» борборунун сунуштарын баардык тарап кабыл алса, анда дүйнө жүзү азыркы кыйын абалдан чыгууга жол ачылмак.

*Бишкек, июль, 2015-жыл*

## Арзан алтындын баркы жок

Алтынга баардык мамлекеттер кызыгат. Ошол себептен мамлекеттин алтын-валюталык запастары анын экономикасы менен жашоо турмушунун деңгээлин көрсөтөт. Алтындын топтолгон көөлөмү боюнча көп мамлекеттер негизинен бай өлкөлөргө кирет. Ошол себептен алтын баасынын эл аралык рынокто өзгөрүп турушун мамлекеттер менен ири компаниялар кунт коюп, байкап турушат. 1997-жылы Кыргызстанда «Кумтөр» кен иштетүүчү компаниясы алтын чыгарып, аны сата баштаганда, алтындын 1 унциясы 200-250 доллар болчу. 1 унция 30 граммга барабар. Акыркы мезгилде бул компаниянын тегерегиндеги чыр-чатактын баары өндүрүлгөн алтындын баасынын эл аралык рынокто өз маалында өсүп кеткендигине байланыштуу башталган. Мындан 7-9 жыл мурун биржаларда алтындын баасы унциясына 1700 долларга чейин чыгып, «Кумтөр» бир топко чейин ар жылы 10-16 тонна алтын чыгарып турган. Кийинчереек дүйнөдө алтындын баасы турукташкан соң, бир унция 1250-1300 доллардын тегерегинде кармалып турган.

2015-жылы алтындын баасы 2010-жылдан бери биринчи жолу унциясына 1100 доллардан төмөн түшүп кетти. Буга Кытайдын алтын запастары тууралуу маалыматтын таралышы себеп болду. Андан тышкары АКШдагы компаниялардын алтын менен иш алып баргандарынын акцияларынын баасы түшүп кетиши болду. Мындай шартта алтын менен соода кылган дүйнөлүк биржалык Алтын фондунун баалары төмөндөп, 2008-жылдан бери алгачкы жолу анын активдери 700 тоннага чейин азайып кеткен.

Bloomberg агенттигинин маалыматы боюнча 2015-жылы алтындын баасы акыркы беш жылдан бери биринчи жолу эң төмөнкү деңгелге түштү. Бир соода күнүндө алтындын баасы 1086 долларга теңелип, баа 4,2 пайызга төмөндөгөн. Аны менен бирге башка баалуу металлдарга болгон баа да арзандаган. Мисалы күмүшкө болгон баа унциясына 14,5 долларга тең

болсо, палладийге болгон баа 570 долларга жетип, 3 пайызга арзандаган. Эң кымбат делип эсептелген металл платинанын баасы 947 долларга теңелип, 4,7 пайызга төмөндөгөн.

Кымбат металлдардын баасынын төмөндөшү Кытайдын алтындын көөлөмү боюнча маалыматы эл аралык резервдеринин абалы тууралуу маалыматтын чыгышы менен дал келген. Кытай Эл банкынын жарыясы боюнча, июнь айында резервдеги алтындын көөлөмү болгону 1658 тонна түзгөн. Мындай маалыматты Кытай акыркы жолу 2009-жылы жарыялап, алтын менен соода кылгандар Кытай өкмөтү жарыялаган алтындын көөлөмү 1054 тонна болуп, өзгөрбөстөн сакталып турат дешип келген. Эми болсо экономикасы алдыга умтулган Кытай кошумча 600 тоннадан ашык алтынды сатып алганы белгилүү болду. Бирок күчтүү өлкөгө айланып бараткан Кытайдын болгону 600 тонна кошумча алтынга ээ болуусу жетишсиз деп, мостойгондор көп чыкты. Абройлуу финансылык эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, Кытайга көз салган инвесторлор алтын жетишээрлик эмес көөлөмдө сатылып алынганына көңүлдөрү тартпай жаткандыгын айтып чыгышты.

Муну менен кошо алтындын баасынын төмөндөшүнө АКШдагы маанилүү кадамдар да себеп болду. Буга Кошмо Штаттарынын Федералдык резервдик системасы деп аталган финансы министрлиги аныктаган акциялардын баасынын өсүшү таасир кылды. Bloomberg агенттиги жүргүзгөн сурамжылоодо, ага катышкан 79 пайыз адам акциялардын баасы өсүүсү күтүүлөрүн айтышкан. АКШдагы акциялардын баасы товарлар чыгарылган рыноктордо, фонддор менен биржаларда, доллардын күчтөнүүсүнүн айынан кымбаттап кетет. Бул болсо АКШнын активдеринин таасирин өстүрөт, деп эсептейт адистер.

Баалардын өзгөрүшүнөн улам активдери алтын аркылуу бааланган клиенттер аларды алтындан чыгара баштаашты. Бул аптадагы бир күнкү сооданын натыйжасында 14 тонна алтын сатылып кеткен. Соодага чыгарылуучу алтындын көөлөмү эң чоң болгон SPDR Gold Trust фондунун алтын көөлөмү

2008-жылдагы эң төмөнкү деңгээлге жетип, болгону 696 тонналы түзгөн. Башкача айтканда алтынга кызыгып, активдерин алтын менен сактоого умтулган клиенттер азайып, анын баасы төмөндөөсүн уланткан. Анын канчага уланаарын АКШнын финансы министрлиги өлкөдөгү акчалык-кредиттик саясаттын туруктуу абалга түшүрөрү менен байланыштырган.

Баалардын кескин төмөндөп кетишин жумшартуу Европалык Борбордук банктын аракети менен байланыштуу болот. Адистердин айтымында, алтындын арзандашы ал чыгарылып келген кендердеги запастардын азайып баратышы менен байланыштуу. Анын үстүнө алтынды чыгаруу үчүн сарпталуучу каражат да өсүп баратат. Эгерде алтындын баасы 1000 доллардан төмөн түшүп кетсе, анда алтын чыгаруу кымбатка туруп калат да, бир топ кендер жабыла баштайт. Алтын азайса, анын баасы кайра өсө башташы ыктымал.

Кыргызстандагы «Кумтөр» алтын кени адистердин айтышы боюнча дагы 3-5 жыл алтын берип, баш-аягы 70-90 тонна алтын чыгарылышы күтүлүүдө.

*Бишкек, апрель, 2015-жыл*

## Батыштын максаты менен мигранттардын мүдөөсү

Жарандар өз мекенинен кетүүгө түрлүү себептерден улам барат. Кыргызстандан кетип жаткан жарандардын басымдуу көпчүлүгүн ишке жөндөмдүү 18-45 курактагы адамдар түзүүдө. Алардын негизги бөлүгү Кыргызстанды жеригенден эмес, эл-журтунан алыстайын дегенден эмес, жөнөкөй гана татыктуу турмуш курайын деген максатта башка жерде барып каражат табуу максатында кетип жатышат. Алардын так санын айтуу абдан кыйын – кеткени бар, кайра келгени бар, келип кайра кетип жаткандары бар. Баш-аягы жарым миллиондон бир миллионго чейин кыргыздар тышкы миграциялык

агымга аралашкан. Анын үстүнө Евразиялык экономикалык бирикмеге киргенден бери кыргыз жарандарынын Россияга, Казакстанга кетиши күчөдү. Учак менен кымбат дегендерге 5-6 миң сомго Россиянын ири шаарларына автобус менен 3-4 күндө жетсе болот. Демек кетем дегендерди токтото тургандай шарт өлкөдө түзүлбөсө, турмуштун айынан ишке жарактуу курактагы атуулдардын агымы токточудай эмес.

Бирок БУУнун маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө кыргыздардан тышкары жүздөгөн улуттун өкүлдөрү туулган жеринен кетүүгө аргасыз. Алардын жалпы саны 250 млн адамга жетти. Арасында убактылуу чыгып кетип, каражат таап, тыңыган соң, кайра өз мекенине кайткандар да бар. Аларды жумуш миграциянын курамына кошсо болот. Санын так айтуу кыйын. Ал эми бул топко кирбегендер да бар. Арасында өз мекенинен түрлүү себептерден улам качууга аргасыз болгондор да аз эмес. Кыргызстандан Бакиевдин мезгилинде саясый куугунтуктоонун айынан качууга аргасыз болгондор да арбын. Аларга окшоп, коңшу Өзбекстан менен Түркмөнстандан качууга аргасыз болгон жарандар да көп. Алардын саясый качкындар деп аташат да, кабыл алууга даяр мамлекеттер аларга атуулдугун берүү жана коопсуздугун камсыздоо милдеттерин алышат. Дүйнө жүзүндө мындай мигранттардын саны аз эмес. Жакында эле АКШнын атуулу болгон атактуу боксёр Джон Ройс Россияга келип, атуулдук алуу өтүнүчү менен кайрылган. Франциянын атактуу артисти Жирар Депардье да Россиянын атуулдугун алуу тууралуу кайрылуу жасаган. Ал эми белгилүү программист жана АКШнын тыңчысы Эдвард Сноуден өз мекенине барууга батына албай, 2 жылдан ашык Россиянын аймагында атуулдугу жок жашоого аргасыз. Себеби ага Америка бийлиги мамлекеттик сырды ачкан деген айып коюп, жазалоого даяр турат. Саясый көз караштары бийлик менен дал келбей калгандан өз мекенинен кетүүгө аргасыз болгондор диссидент деп аталат. Кытайдан чыккан диссиденттер да арбын. Алар батыш өлкөлөрү менен АКШда көптөгөн качкын статустарына ээ болушкан. Адам укугу үчүн күрөш жүргүзгөн

эң белгилүү Кытай диссиденти Лю Сяобо ишмердүүлүгү үчүн Нобель сыйлыгына татыган.

Ал эми мекенин таштап кетүүгө аргасыз болгон дагы бир өзгөчө агым күн сайын дүйнө жүзүндө күчөп баратат. Алар өз өлкөсүндөгү согуштан качкандар. Бул агым акыркы жарым жылда абдан күч алды. Анын негизин Африка өлкөлөрү менен араб мамлекеттеринен чыккандар түзөт. Туниcте башталган араб революциясы түндүк Африканы бүтүндөй каптап, азыр араб өлкөлөрүнүн арасына тарап кетти. Мындай качкындар согуш жок, абал туруктуу жана жашоо үчүн иш табууга мүмкүн болгон өлкөлөргө чубап кирип келүүдө. Сириядагы уланып аткан согуштун айынан, Ирактагы абалдын тынчыбай жатышынан, Ливиядагы кырдаалдын кызып баратышынан качкандардын, Түркия менен чектешкен мамлекеттердеги күрдтөрдүн агымы күн сайын өсүүдө. Серепчилердин көпчүлүгү миграциядагы абалдын курчушун батыш менен АКШнын башка мамлекеттердин ички ишине кийлигишип, ал жерде батыш демократиясын күч менен орнотууга жасаган аракетинин натыйжасы деп кескин пикир айтышууда. Эми ошол саясаттын мөмөсү катары Европанын алдынкы өнүккөн мамлекеттери качкындардын агымына туш болууда. Негизинен Африкадан чыккан качкындардын агымы Италия, Греция, Македония мамлекеттери аркылуу Германия, Франция, азыр эми Англияга чейин кирип кетүүнү көздөшүүдө. Буга каршы аракеттер жыйынтык бербей жатат. Эл аралык миграция уюмунун маалыматына караганда быйылкы жылга чейин Европага аккан качкындардын саны жылына ондогон миң адамды түзсө, быйыл алардын саны жүздөгөн миңге чыгып кетти. Алардын көпчүлүгү мыйзамсыз мигрант болгондуктан, баарын кабыл алуу кыйынга турууда. Ал эми Шенген аймагына кирген Европа мамлекеттери өз жерине кирген качкындар менен иш алып барууда өзүлөрү кабыл алган эрежелерди бузууга чейин барууда. Кырдаалдын курчушун баамдаган Европалык саясатчылар салыштырма түрдө «Американын нукура тургундары Европадан келген качкындарга каршылык

көрсөтпөгөнү үчүн, мигранттар алардын түбүнө жетишкен» деп айта башташты. Бул сөздүн артында Европага агып аткан качкындарды токтотпосок, алар жакында баардык жерди ээлеп алып, жергиликтүүлөрдөн да көп болуп кетет деген ой жатат.

Жалпысынан айтканда, батыш менен АКШ дүйнөлүк абалды өзүлөрүнө жаккандай кылуу максатында өзгөртүү аракеттери Афганистандан башталып, акырындап жылып отуруп, Жакынкы Чыгышты, Жер Ортолук деңиз чөлкөмүн каптап, мигранттардын чоң тобунун пайда болуусуна алып келди. Анын кесепети акырындап отуруп, алдынкы өнүккөн мамлекеттерге залакасын тийгизип, диний жактан катуу тирешүүгө, цивилизациялык кагылышууга чейин алып келүү коркунучун күчөтүүдө. Кыргызда айтмакчы – артык кылабыз деп, тыртык кылышты дегендей деңгээлге алып баратат.

*Бишкек, август, 2015-жыл*

## Качкын мигранттар Европанын эсин оодарды

Эски Европа деп эсептелген Германия, Франция жана Англияга барууга ниеттенген мигрант-качкындардын саны улам өсүүдө. Алардын бир бөлүгү Африканын согушка кирип кеткен Ливия, Тунис мамлекеттеринен болсо, башка бөлүгүн кедей өлкөлөргө кирген Эфиопия, Нигерия, Суданга окшогон мамлекеттен чыккандар түзөт. Башка бир бөлүгүн Жакынкы Чыгыш мамлекеттери болгон Сирия, Ирак, андан арыраак турган Афганистандан кетүүгө аргасыз болгон качкындар түзөт. Африкадан келаткан качкындар Жер Ортолук деңизин суудa сүзүүчү кандай гана каражат болбосун, кеме болобу, үйлөнгөн кайык болобу, кымбаттыгына карабастан, Италия, Грекия, Македониянын жээгин көздөй жандалбастап, келгиндердин агымын күн өткөн сайын күчөтүүдө. Ал эми Азиядан келаткандар эптеп-септеп Сирия менен Түркиянын

чек арасына жетүүгө аракет кылышат да, андан ары аткезчилик жол менен каражат тапкандарга талап кылынган акчасын төлөп, түрк жергесине кирүүнү өздөштүрүшкөн. Андай аткезчилер ар-бир качкындан 1000 доллардан 10 миң долларга чейин акча алышып, кээ бирлерин ири шаарлардагы аэропорттторго жеткиришет, акчасы азыраактарды коопсуздугу камсыз кылынбаган кемелер менен Грекиянын аралдарына чейин жеткирип барышат. Эптеп Европага кирген качкын мигранттардын басымдуу көпчүлүгү согуштун айынан, дагы бир топ бөлүгү жакыр турмуштан кутулуу үчүн өз мекенин калтырып кетүүгө аргасыз болушкандар.

Дүйнөлүк коомчулук мигранттардын азыркы агымы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эң чоң масштабдагы мигранттык агым деп аташууда. Грекиянын көптөгөн аралдарынын биринде сапарын андан ары улантуу үчүн топтолгон качкын мигранттардын саны 30 миңден кем эмес. Алар негизинен өз өлкөлөрүнөн кетүүгө аргасыз болгон, көбүнчө согуштун кесепетинен айласы кеткен арабдар. Башка бир чакан аралда дагы 5 миң араб качкын өз тагдырынын келечегин кандай болоорун күтүп жатышат. Булардан да 3-4 эсе көп болгон мигранттардын агымы Грекиянын, Македониянын, ал турсун Венгрия менен Сербиянын чек араларын ашып өтүп, азыр жакын калган Германияга кирүүнү талап кылып жатышат. Мынчалык көп мигранттардын агымын күтпөгөн Чыгыш Европалык мамлекеттер ички кризиске кириптер болуп, бир гана коопсуздук жагынан жапа чегишпестен, финансылык-экономикалык жактан да көп чыгымга дуушар болушууда. Бир мамлекеттен экинчи мамлекетке эч бир көзөмөлсүз өткөндөргө бөгөт коюу максатында тикенектүү зым-тосмолорду тургузууга ондогон миллион евро коротууга аргасыз болушууда. Бирок мигранттардын агымы өтө чоң болгондуктан, мындай чаралар да жардам бербей жатканы байкалууда. Баарынан кызыгы, мигранттар Грекия, Венгрия, Сербия, ал турсун Чехия жана Австрияга окшогон өлкөлөрдө калууга макул болбостон, Германия жана акыркы убакта социалдык камсыздоосу

күчтүү болгон Скандинавия өлкөлөрүнө барууну талап кылышып, ошо жакка умтулушууда. Абалдын мынчалык чыңалып баратканы менен эсептешүүгө аргасыз болгон Германиянын өкмөтү мигранттарды өз жеринде жайгаштырууга макул болушту, ал гана турсун аларды колдоо жана жакынкы аралыкта жашоолору үчүн зарыл болот деп 6 млрд. евро бөлүп берүүгө чейин барышты. Албетте, мындай маалыматты качып келген мигранттардын өз өлкөсүндө калган тууган-туушкандары, жакын шериктери да кызыгышып, мигрант агымын ого бетер күчөтүүгө себеп табышты.

Жалпы абал абдан чиеленип, кээ бир серепчилер ушуну менен кабатырсыз өнүгүп жаткан Европанын тагдыры өзгөрүп, жаңы турмуш башталат дешүүдө. Анда жаңы маселелер жаралып, Европанын тагдырына терс таасирин тийгизет деп чочулашкандар да бар. Ал эми мигранттардын агымынын келип чыгуу себептерин аныктоого алган саясатчылар, аны Тынч океандын ары жагында жайгашкан жана учурдагы абалга эч бир кабатыр болбогон Америка Кошмо Штаттарынын саясаты менен байланыштырып, Вашингтонду күнөөлөп жатышат.

Акыркы мезгилде Европага кирүүгө аракет кылгандардын санын так эсепке алуу үчүн жана шектүү адамдарды киргизбөө максатында бирдиктүү Шенген виза талабы киргизилген. Анын талаптарына жараша Европага ар-бир каалаган адам кире албай калган. Азыр болсо жүздөгөн миллион качкын мигранттар визасы эмес, жөнөкөй эле тизмеге алынбастан бүт Европаны каптап кетти. Абалдын кыска мөөнөттө кризистик абалга чейин өрчүп кетиши, Европанын тургундарын наараазы кылууда. Мигранттар менен кошо тап-такыр башка маданият жана жашоо эрежелери киргенине капа болгондор көбөйүүдө.

Бирок ошол эле мезгилде, сырттан келген мигранттардын саны боюнча дүйнөдө Россия менен АКШ турушаары белгилүү. Расмий маалыматтарга ылайык АКШдагы жалпы мигранттардын саны 11 миллион адам болсо, алардын чоң бөлүгүн турмуш деңгээли начар мамлекеттен келгендер түзөт. Ал

эми Россияда 12 миллион мигрант бар. Булардын да бир топ бөлүгүн жарды өлкөлөрдөн мыйзамсыз келгендер түзөт. Бул эки өлкөдөгү абал мигранттардын санынын көптүгүнөн кескин өзгөрүп кеткен жок. Булардан кийин мигранттардын саны боюнча алдынкы орунга Англия менен Франция чыгышкан. Эми минтип Германияга 1950-жылдардан кийин биринчи жолу миллионго жакын мигранттардын кириши Европанын айласын кетирүүдө.

Учурда серепчилердин айтуусунда, качкындар чыккан өлкөлөрдөгү абалды кыска мөөнөттө ондой тургандай иш чаралар аткарылып, бир топ мамлекеттердеги согуш токтобосо, мигранттардын саны азайбастан, көбөйө берет. Анда Европадагы кризис дүйнөлүк масштабдагы кризиске айланып кетиши ыктымал деген чочулоолор да бар.

*Бишкек, сентябрь, 2015-жыл*

## Батыш: Сирияга байланыштуу чуунун себеби Россия

Дүйнөлүк чоң аренадагы түзүлүп жаткан кырдаал татаалдашып баратат. Жакынкы Чыгыш менен Африкадан чыккан качкындар Европанын өнүккөн өлкөлөрүнө умтулуусу басаңдабастан, батыш өлкөлөрү канчалык жылуу-жумшак мамиле кылса, ошончо эсе саны жагынан көбөйүүдө. Баш-аягы болуп сириялык качкындардын саны 2 миллиондон ашты. Алардын өз өлкөсүнөн качуусунун себеби биринчи иретте согуш болууда. Ал жердеги «атуулдук» делген согуш 2011-жылы башталган. Колдоруна курал көтөрүп, мыйзамдуу бийликти кулатууга аракет кылган оппозиция 2010-жылы башталган «араб жазынын» эпкини менен президент Башар Асадты кетирүүнү максат кылып коюшкан. Ааламдашуу мезгилинде АКШ менен батыш өлкөлөрүнө жакпай калган режимдерди күч менен кулатуу аракеттеринин бир тобу ийгиликтүү ишке ашкандан

кийин, кезек Сирияга келип жетип, ал жердеги биримдиги аз оппозицияны түрткүлөө планы ишке ашып, согуш башталып кеткен. Батышка көбүрөөк ыктаган Сауд Арабиянын бийлиги мусулмандар арасындагы эң бай мамлекет катары, башка боордош өлкөлөрдө да өзүлөрүнө идеологиялык жактан жакын шериктерди көбөйтүүнү көздөп келген. Ошол себептен алакасы анчалык тыгыз болбогон мамлекеттерге сын көз караш менен карап, ал өлкөлөрдө өзүнө жакын боло турган бийликти орнотууга дайыма умтулуп келген. Андай мамлекеттердин катарында Сирия да бар. 1970-жылдардан бери президент Башардын атасы Хафез Асад бийликте турган кезде, Сирия бийлиги СССР менен жакындашып, Израиль менен болгон тирешүүдө курал-жарак жана башка колдоо алып, алакасы жакшы болуп турган. Сириянын Жер ортолук деңизиндеги Латакия аймагындагы Тартус портунда атайын деңиз-аскер базасы түзүлүп, ал жерде совет аскерлери жайгашып, жалпы абалга көз салып, аны менен кошо эле маанилүү болгон аймакка өз таасирин тийгизип турган. Мындай мамиле батышка да, Сауд Арабиясына да жакчу эмес. СССР кулагандан кийин Сирия менен Россиянын алакасы мурдагыдай эле уланып, аскер база бир аз кыскарганы менен, сакталып калган. Акыркы жылдардагы Сириядагы кырдаал курчуганы менен, өлкөнүн батышындагы алавиттер жашоочу аймак Башар Асадтын көзөмөлүндө сакталып турат.

Бирок Сириянын расмий бийлиги көзөмөлдөп туруучу аймак өлкөнүн үчтөн бирин гана түзүүдө. «Какаганга муштаган» болуп, ансыз деле Сауд Арабиясы, АКШ жана батыш колдогон оппозиция менен согушуп жаткан бийлик тарапка, таң калыштуу күчөп кеткен Ислам мамлекетинин куралдуу топтору да согуш ачып, жалпы кырдаал өтө опурталдуу боло баштаган. Азыркы учурда батыш өлкөлөрү Башар Асадты бийликтен кетириш үчүн оппозицияны колдоп, ошол эле кезде расмий бийликке каршы чыгып аткан Исламчыл күчтөргө абадан сокку уруу аракетин жүргүзүүдө. Буга дүйнөнүн бир топ батышчыл өлкөлөрү да катышып жатат. Сириянын расмий бийлигинин

макулдугу жок же эч бир сүйлөшпөй туруп, АКШдан башка Түркиянын, Англиянын, Австралиянын учактары исламчылардын Сириядагы базаларын бомбалап жатышат.

Бирок исламчылар күчүн жоготпостон, басып алган аймагын кеңейтип, Сириянын борбору Дамаскиге умтулуп жатышат. Уруусу алавит болгон Башар Асадтын тагдыры кандай болоору күн сайын туңгуюктап баратат. Аны башынан колдоп, баардык жерде тик турган Россия азыр бир эле анын жеке тагдырын ойлобостон, Тартус шаарындагы өзүнүн аскер базасынын тагдырын да ойлоого аргасыз болууда. Эгер исламчылар алавиттер жашаган аймакка кирип келишсе, анда орустар базасын коргоо үчүн аргасыздан согушка аралашат. Андыктан АКШ менен батышта азыр Россия аскер учактары менен танкаларын Сирияга жеткирип, согушка камданып, Башар Асадты коргоо үчүн даярданып жатат деп сындап, чуу салууга аракет кылышууда. АКШнын космостогу тыңчыл жандоочторунун тартып алган фотографияларында Латакиядагы орустардын аскер базасы акыркы айларда тездик менен реконструкцияланып, ал жерде жаңы аскер техникалары пайда болгонун батыш маалымат каражаттары жайып ийишти. Алардын суроо койгону – Россия Украинадагы чатакка кириптер болгону аз келгенсип, эми Сирияга да куралдуу киришүүгө ниеттенип жатат, бул алардын агрессиялык маанайдагы кадамы деп баалашууда. Ал эми Россиялык расмий бийлик болсо, Сирияда орустардын куралдуу бөлүгү бар экенин танбастыгын, ал турсун Башар Асадтын армиясында орус аскер кеңешчилери кызмат өтөп келишкенин ачык эле айтып чыгышты. Россиянын бул көз карашы менен жакындан тааныш болгон Сауд Арабиясы, нефтинин баасы арзандап баратканына наазасы катары АКШ менен алакасы начарлаган мезгилде, быйыл жазында Москвага атайын бийик мартабалуу топ жиберип, орус бийликтеринин Сирияга карата мамилесин өзгөртүүгө аракет кылган. Бирок Москва бийлиги бул маселеде көз карашы өзгөрбөй турганын билдирген. Буга жооп катары Сауд Арабиясы кайрадан АКШга бурулуп, эми Россияны биргеликте кысымга

алуу ниетин ишке ашырууга өтүп, Сириядагы оппозициялык күчтөрдү каржылоосун күчөттү.

Батыш аналитиктеринин айтуусунда, Россиянын Сириядагы Тартус портундагы аскер базасын бекемдөөсү, батыш колдонуп келген Түркиянын аймагындагы Инджирлик аскер аба базасына атаандашып, туруштук бере тургандай чепке айландыруу аракети. Анын натыйжасында Сириянын аба мейкиндигинде Башар Асадтын аскерлерине каршы сокку ура тургандай учактарга каршылык көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк ачылат. Батыштын чочулап, маалымат каражаттарында чуу салып жатканы ушундан улам келип чыгууда.

*Бишкек, сентябрь, 2015-жыл*

## БУУнун трибунасынан кийин уланган тирешүү

Бириккен Улуттар уюмунун 70-юбилейлик жыйыны дүйнө коомчулугунун көңүлүн өзүнө эки маанилүү аспектиси менен бурду. Нью-Йорктогу атактуу имаратта өткөн жыйынга 100 ашык мамлекеттин жетекчилери менен өкмөт башчылары катышып, алардын оюу боюнча эң көйгөйлүү делген темаларга арналган ойлору ортого салынды. Ааламда азыркы чиеленип бараткандагы кырдаалда өз оюн ортого салып, коомчулук менен бөлүшүп, жалпы абалды ар-тараптан оң жакка өнүктүрүүгө чакыруу аракеттери жасалды. Бирок ошол жоон топтун арасынан эл аралык коомчулукту кызыктырган темаларга байланыштуу олуттуу ойлору менен сунуштарын жана жаңы бир демилгелерди айта алышат деп күткөн эки мамлекет башчысы болду. Алар АКШ менен Россиянын президенттеринин кайрылуулары эле. Экөөнүн тең кезеги дүйшөмбү күнгө туш келип, адегенде Барак Обама чыгып өз сөзүн айтты, андан кийин Иорданиянын королу Абдулла сөзүн айтып бүткөн соң, Россиянын президенти Владимир Путин трибунага чыгып,

20 мүнөттүк кайрылуу жасады. Дүйнөлүк маалымат каражаттары бул эки үлкөн мамлекет башчыларынын сөздөрүн ошол замат талдоого алып, кимдики таасирдүүрөөк, кимдики начарыраак болду дешип, салыштырып киришти. Бул эки дөө-шаа жетекчинин дүйнөдөгү жалпы абалга жана азыркы түзүлгөн кырдаалга болгон мамилеси ар-түрдүү экени белгилүү болсо да, баарынын күткөнү мындан ары эки тараптык мамиле аркылуу дүйнөлүк чоң саясат кайсы жакка бурулат деп акмалап турушкан. Бул эки мамлекеттин дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп жаткан үч-төрт маселеге болгон көз карашы жана планы абдан чоң мааниге ээ. Алардын бири жана эң орчундуусу – бул Жакынкы Чыгыштагы, өзгөчө Сириядагы абал, анын кесепетинен келип чыккан мигранттардын акыркы 70 жылдын ичиндеги эң ири агымынын батышты көздөй күчөшү, алардын Европага кылган таасири. АКШ менен Россиянын бир маселе боюнча көз карашы жакындаганы В. Путиндин Нью-Йорк шаарына келип, ал жерде Кошмо Штаттарынын президенти менен сүйлөшүүгө макулдук беришинен байкалган. Эки жетекчини Ислам мамлекетинин Жакынкы эле эмес, Ортоңку Чыгыш аймагына таралып, күчөп баратышы катуу кабатырлантып жатканы так көрсөтүлдү. Бирок эки лидердин айткан сөздөрүнөн Сириянын азыркы жетекчиси Башар Асадка жана расмий бийликке болгон мамилеси түп тамырынан башкача экендиги тастыкталды. АКШ Башар Асад бийликтен кетмейин ал жердеги абал оңолбойт жана кырдаал оор бойдон кала берет деп эсептерин Барак Обама БУУнун трибунасынан айтты. Ал эми Россия болсо ИГИЛге каршы колдон келген аракетин кылып жаткан Сирия бийлигин, анын башында турган Башар Асадты колдоого албаса, анда исламчыл террористтер менен күрөшүү пайдасыз деп эсептээрин Владимир Путин айтып чыкты. Аны менен кошо исламчыл куралдуу күчтөргө каршы тез аранын ичинде катуу чара көрүлбөсө, алардын аракеттери Орто Азия, Афганистан аркылуу башка аймактарга да тарашы ыктымал деген кооптонуулар чоң экендиги да кошо айтылды. Ошол себептен В. Путин ИГИЛдин жайылышына каршы жаңы

коалиция түзүлөөрүн, ага Сириянын расмий бийлигинен сырткары Иран, Ирак жана Россия кирээрин, иш ийгиликтүү болуусу үчүн батыштын да күчтөрү кошулуп, бирге аракет кылса, иш илгерилей турганын айтып чыкты. Бирок дал ушул маселе боюнча, БУУда чыгып сүйлөгөндөн кийин бетме-бет кезигип сүйлөшкөн Б. Обама менен В. Путин эки тараптын көз карашы ар-башка экенин билдиришти. Бирок экөө тең маектешүү кызыктуу жана ачык-айрым болгонун айтышты. Мунун менен экөө тең келечекте иш оңунан чыгууга мүмкүнчүлүк бар экенин кыйытышты.



*В. Путин жана Б. Обама БУУнун трибунасында*

Эки тараптын дагы бир орчундуу эл аралык маселеге байланышкан түрлүү көз карашы Украинадагы алака болду. Бул юбилейлик жыйынга ондогон өлкөлөрдүн президенттери баргандай эле Украинанын президенти Петр Порошенко да барган. Анын сүйлөө кезеги кечирээк болсо да, ал Обама менен Путиндин сөздөрүн уга тургандай болуп эртерээк барган. Бирок Обаманын сөзүн угуп, ал эми Путин трибунага чыкканда атайылап бүт делегациясын ээрчитип, жыйындар залынан чыгып кеткени атайын ойлонулган провокацияга окшоду. Буга жооп катары Россиянын делегациясы Порошенко сүйлөп

жатканда, жыйындан чыгып кетти. Албетте эки тараптын мынчалык кыр көрсөтүү ыкмалары аларга аброй алып келбестен, тескерисинче аны төмөндөтүп салды. Жалпылап айтканда кырдаалга жараша АКШ менен Россиянын жетекчилери Украина боюнча көз караштары түрлүү экенин билдиришти. Бири кырдаалды чечүүдө Россия кийлигишүү аракетинен баш тартса, анда ага да, Украинага да жакшы болмок, санкциялар да кереги жок болмок десе, экинчиси ал жердеги жүрүп жаткан атуулдук согуштун күнөөкөрлөрү Жакынкы Чыгышты оттондургандар эле, алардын аракеттери кандай кесепеттерге алып келгенин дагы эле түшүнө албай жатышат деп айтып чыкты.

Аны менен удаа эле В. Путин дагы бир чоң маселеге токтолуп, дүйнөлүк масштабда экономикалык түрлүү чектөөлөрдү БУУнун оюн эске албастан, киргизип жатышы, анын кесепетинен жалпы дүйнөлүк экономикага залакасы тийип атканы айтылды. Анын оюу боюнча БУУ азыркы учурда батыштын күчтүү мамлекеттеринин көзүндө «бутка чалынган», мааниси аз уюмга айланган. Кеч боло электе БУУнун ролун күчөтүп, аны таасирлүү уюмга айландыруу зарылдыгын көрсөттү. Ушуга улай БУУнун ролу азайып баратышынан чочулаган бир нече мамлекет башчы өз сунуштарын айтып чыкты. Алардын бири Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаев, алгачкы жолу БУУда казакча сүйлөп жатып, БУУнун штаб-квартирасын дүйнөдө экономикалык таасири күчөп бараткан Азия аймагына которуу сунушун айтып чыкты.

Ал эми Обама менен Путин БУУнун жыйынынан кийин ошол эле имаратта болжолдонгондон эки эсе көп убакытка созулган сүйлөшүүлөрүн жүргүзүштү. Бир жарым сааттан ашык бетме-бет маектешкен эки лидер маанайлары пас эмес, үмүт бар экендигин билдиришкендей таасир калтырды.

Бул юбилейлик жыйынга КМШ өлкөлөрүнөн Н. Назарбаевден башка тажик президенти Э. Рахмон, Беларусь президенти А. Лукашенко, түркмөн президенти К. Бердымухамедов да катышып, өз сөздөрүн айтышты. Ал эми

Кыргызстан менен Өзбекстандан алардын тышкы иштер министрлери барышкан.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## ДАИШтин тактикалык аракеттери өзгөрдү

Сирия менен Ирактын жеринде эки жылдан ашык убакыттан бери расмий бийликтегилердин үрөйүн учуруп, мамлекеттин жарымынан көбүрөөк аймагын өзүнө каратып алган Ислам мамлекети аты менен таанымал куралдуу топ бүт дүйнөнү дүңгүрөтүп жатат. Аларга каршы Ирак менен Сириянын куралдуу күчтөрү согуш аракеттерин жүргүзүүсү, бир топ учурларда жеңилүү менен аяктап, тарыхый жактан белгилүү болгон шаарлар террорчулардын колуна өтүп кетти. Алардын арасында Византий мезгилинен бери тарыхый мурас катары таанымал Пальмира шаарынын айланасындагы архитектуралык баалуу урандылар да бар. Исламдык эрежелер менен шариятка жатпайт деген шылтоого таянып, исламчыл деген атка жамынган террористтер бүткүл дүйнөлүк мааниси бар архитектуралык имараттарды жардырып, артефактыларды жок кылуу иштерин көз көрүнө эле жасап, ал турсун соцтармактар аркылуу видеотасмаларды тараткан. Аларга мыкаачылык өлтүрүүлөрдү видеого тартуу көнүмүш адатка айланып калган. Абалдын көзөмөлдөн чыгып, абдан эле начарлап баратышын байкаган жана Сириянын Башар Асадка каршы чыккан оппозициялык күчтөрдүн да жабыркап жатканына көзү жеткен АКШ баштаган батыш коалициялык күчтөр террорчулардын бүт аймакты басып алуусун токтотуу максатында аларды абадан бомбалоого ала баштаган. Эки жылча бир нече кубаттуу өлкөлөрдүн аба күчтөрүнүн сокку урруусу күтүлгөндөй жыйынтык алып келбеди. Өз кезегинде батыштын мындай аракеттери, тескерисинче, ошол өлкөлөрдүн ичиндеги террористтик актылардын көбөйүшүн жаратты. Аны уюштуруу исламчыл

террористтерге кыйын деле болгон жок. Сириядан жана башка араб өлкөлөрүнөн Европага аккан качкындардын саны күн сайын өсүп отуруп, азыркы кезде европалыктардын көпчүлүгүн кыйын абалга такады. Ал эми террордук актыларды ишке ашыруу үчүн качкындар менен Европага миңдеген согушкерлер кирип келди. Натыйжада бир эле Францияда ноябрь айындагы террордук чабуулдан 130 адам курман болду.

Андан кийин океандын ары жагындагы АКШда жаш пакистандык түгөй боорукерлик борборду аткылоого алып, дагы 13 адам мерт болду. Мындай теракттылардын артында азыр ДАИШ аты менен көбүрөөк таанылып бараткан Ислам мамлекетинин жоокерлери тураары да далилденген. Батыштын исламчыл террорчуларга абадан сокку уруусу Башар Асадка каршы чыккан оппозициялык куралдуу топторго да жардам катары көрсөтүлүп жатканы маалым. Ал эми Сириядагы борбордук бийлик алсырап, мамлекетти көзөмөлдөөсү начарлап баратканын көргөн, ошол себептен бул өлкөдөгү өзүнүн кызыкчылыгы жабыркаарын сезген Россия да террордук уюмдардын уюгуна, аскер базаларына, мунай-зат топтоочу жана машыгуучу жайларына абадан сокку урууну 2015-жылдын октябрь айынан баштады. Орустардын сокку уруусу террорчуларды бир топ жүдөткөнү ырас. Бирок алар да жооп иретинде жана орус бийлигине белги катары Египеттин Синай жарым аралындагы Шарм-эль-Шейх аттуу курортунда бейкапар эс алып, үйлөрүнө кайтып бараткан 224 адамы бар учакты жардырып жиберишти. Бул окуя Париждеги террордук чабуулга чейин болгону менен, дүйнөдө жетишээрлик резонансты жарата алган эмес. Эки окуяны бирге алгандан кийин гана дүйнөлүк коомчулук исламчыл террористтер абдан каардуу жана коркунучтуу душманга айланганын сезишти. Ал эми Россия болсо ДАИШтин позицияларын бомбалоону эки эсе күчөтүп, учактардан эле эмес, деңиз аскер кемелери менен суу алдында сүзүүчү кемелеринен да, стратегиялык бомбалоочу Ту-22 учактары менен да террорчу уюмдардын базаларын ракеталык аткылоого ала баштады. Эгерде алдуу жана согуш

техникасы эң өнүккөн мамлекеттер катарында 100 миңге жетпеген ДАИШти ушунча убакытта бомбалоого алуусунан кийин Сирия менен Ирактагы абал көп деле өзгөрүлө электиги эске алынса, анда террористтердин кубаты жана адамдык ресурстары чоң экен деген жыйынтык чыгарса болот. 2001-жылы АКШ баштаган анти-террордук коалиция Афганистанда жашынган жана «Талибан» кыймылы колдогон «Аль-Каида» террордук уюмун бомбалоого алганда, ошо кездеги афган бийлиги да жабыркап, анын ордуна америкачыл позициядагы жаңы бийлик орногон, жана террордук топтор Пакистан менен чектешкен тоолорго качып, жашынууга мажбур болгон. Ал эми азыркы учурда канчалык катуу сокку кылынбасын, террорчул уюмдардын Сирия менен Ирактагы туруму көп деле өзгөргөн жок. Бир топ серепчилер мунун себебин Ислам мамлекетинин сыртта аларды колдогон экстремисттик исламчыл күчтөрдү өзүнө тарта алуусу менен байланыштырууда. Канчалык күрөш жүрбөсүн, террорчул бул уюмга кошулам дегендердин бүт дүйнө жүзүнөн келип жаткан агымы токтобой жатат. Бир эле КМШ өлкөлөрүнөн ДАИШке кошулуп, согушуп жаткандардын саны 5 миңден ашып кеткен. Россиянын бул уюмга каршы сокку ура башташынын негизги себеби, ошол согушуп жаткандар бир аздан кийин кайтып келип, Россияда согуш чатагын башташ ыктымалдыгы болгон. Бул тууралуу орус президенти В. Путин ачык эле айтып чыккан. Орто Азия чөлкөмүнөн чыккандардын саны да ДАИШтин арасында 2 миңден ашкан. Алардын арасында 500 жакын кыргызстандыктар да бар эле. ДАИШ үчүн күрөшүүгө даяр болгондордун мынчалык көп болушу, алардын идеологиясы менен байланыштуу дегендер чыгууда. Дүйнө жүзүндөгү бай жана кедей деп экиге терең бөлүнгөн өлкөлөрдүн айырмасы күн өткөн сайын өсүп баратат. Турмушу начар болгон катмарлардын жашоосу кыйындаган сайын, алар сырттан келген жана өзүнүн жылуу-жумшак сөздөрү менен каапырларга каршы согуш гана аларга жардам берээрин, исламчыл топтор накта мусулмандарга жеңилдетилген шарт түзөөрүн, байып, чирип бараткан батыш

өлкөлөрү жана азыркы Сирия менен Ирактын бийликтери мусулмандардын душмандары деген көрө албастык көз карашын жайылтып, өзүлөрүнө тартып алышууда. Буга азыркы кезде Интернеттин, өзгөчө соцтармактардын, таралышы күч алып, чексиз таасир кылууга жарарын далилдеп жатат.

Коомчулукту баарынан көп чочулатканы, ДАИШтин куралдуу топторуна каршы турган расмий аскер күчтөрдүн үстөмдүгү чоң болуп, 8:1 катнашында экендигине карабастан, террорчулар дагы эле активдүү согуш аракеттерин токтото элек. Ал эми абадан урулган соккулар аларга чоң жоготууларды алып келгени менен, исламчыл террорчулардын күч-кубаты сакталып калууда. Аскер адистеринин түшүндүрмөсүнө караганда, бул алардын согуш тактикасын өзгөрткөнү менен байланыштуу. Эгер тирешүүнүн башында ирилешкен бийликтин топтору менен бетме-бет салгылашууда ийгиликке жетишип, баскынчылыгын кеңейте алса, азыр алар майда топторго бөлүнүп, керектүү жана маанилүү объектилерге каршы аракеттерди жүргүзүү аркылуу өзүлөрүнүн бүтүндүгүн сактап калуу аракетине өткөн. Алар абадан сокку уруу учурунда карапайым калктын арасына кирип, жашырынып калуу тактикасын колдонушууда. Натыйжада ири объектилер жок кылынганы менен, аларды калыбына келтирүүгө жараган адам ресурстары көп деле жабыркай элек. Мындан ДАИШке каршы абадан урулган соккунун уландысы катары жердеги согуш операцияларын да жүргүзүүнү күчөтүү зарылдыгы чыгууда. Ал эми Ирак менен Сириянын аскер күчтөрү жетишээрлик деңгээлде террорчуларга сокку ура албай жатканы абалды курчутууда. Сырткы күчтөр Сирияга кырдаалга байланыштуу жөө аскерлерин согушка киргизсе, ири мамлекеттердин арасындагы жаңжалдын чыгышына кокустук да күчөөрү бышык. Буга Россиянын Су-24 учагын Түркиянын атып түшүрүүсү далил боло алат.

*Бишкек, декабрь, 2015-жыл*

# Дүйнөлүк экономиканын өсүү себептери

Дүйнөлүк экономиканын ахвалы жана келечеги абройлуу эл аралык уюмдар тарабынан көзөмөлгө алынып, учуру келгенде адаттагыдай эле баа берилип турат. 2015-жылдын жыйынтыктары менен 2016-жылга карата божомолдор жана күтүүлөр кандай боло тургандыгы тууралу Бириккен Улуттар уюму да өзү даярдаган атайын маалыматын жарыя кылды. Анын «Дүйнө экономикасындагы абал жана келечеги - 2016» делген аты өзү айтып тургандай, учурдагы экономикалык кырдаал, анын себептери жана келечекке болгон божомолдоолор келтирилген.

Маалыматта 2015-жылы дүйнөлүк экономиканын өсүшү басаңдаганы, түрлүү себептерден улам 2016-жылкы өсүш ченемдүү болоору айтылган. 2015-жылкы экономиканын өсүшү болгону 2,4 пайызды гана түзгөнү жана ал мындан алты ай мурун айтылып келген божомолдон 0,4 пайызга төмөн болгону аныкталган. Буга сырьёлук товарларга, өзгөчө мунай-затка, болгон баанын төмөндөшү, капиталдардын агымынын азайышы, финансылык рыноктун туруксуздугунун айынан өткөөл экономикага ээ өлкөлөрдөгү экономиканын өсүшү өтө төмөндөп кетиши себеп болгон. Мындай төмөндөө 2008-2009-жылкы финансылык кризистен бери боло элек болчу. Дүйнөлүк экономиканын начарлашынын айынан күчтүү деп эсептелген Кытай экономикасынын өсүү темпинин басаңдашы, андан башка ири экономикалуу өлкөлөрдөгү түзүлгөн абалдын айынан, өзгөчө Бразилия менен Россиянын экономикасынын начарлап кетиши, жалпы экономикалык көрсөткүчтөргө өнүккөн өлкөлөрдүн кошкон салымынын өсүшүнө алып келди, деп айтылат маалыматта. Ошол эле кезде, жаңы шартка ылайыкташтырылган бюджеттик-салык саясатын киргизүү ыкмасы менен, 2016-жылы дүйнөлүк экономиканын өсүүсү 2,9 пайызды, ал эми 2017-жылы болсо 3,2 пайызды түзүүсү мүмкүн деп баамдалган. Буга АКШдагы кредиттик-акча саясатынын турукташуусу себепкер болуп, натыйжада экономикалык саясат

жүргүзүүдө 2015-жылкыдай күтүүсүз жасалган аракеттердин азайышына, инвестициялык каражаттардын жүгүрүүсүнүн жанданышына алып келиши ыктымал деген божомолдор бар.

2016-жылы экономикалык өсүүгө сырьёлук товарларга болгон баалардын туруктаашуусу, ага жалпы геосаясый кырдаалдын калыптанып, ар-кыл конфликттүү тирешүүлөр азайып, жалпы абал туруктуу бир деңгээлге келиши себеп болушу күтүлүүдө, делет БУУнун маалыматында.

«Ишенимдүү, баардык тараптуу жана туруктуу экономикалык өсүүнү камсыздоо үчүн, экономикалык саясатта азыркыдан да интенсивдүү жана кененирээк координацияланган аракеттер зарыл. Дал ушулар 2030-жылга делген Туруктуу өнүгүүнүн максаттарын ишке ашыруудагы негизги факторлор болуп берет», деп БУУнун Генералдык катчысынын экономикалык жана социалдык маселелери боюнча жардамчысы Ленни Монтьель баса көрсөткөн.

БУУнун маалыматында дүйнөлүк экономиканын өсүшүнө жолтоо болгон беш фактор келтирилген:

- Макроэкономикалык белгисиздиктин туруктуу болуп келиши;
- Сырьёлук товарларга баанын арзандыгы жана соода агымынын солгундашы;
- Валюталардын курсунун жана капиталдын тез өзгөрүп туруусу;
- Инвестициялардын начарлашы жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү;
- Финасылык жана реалдуу секторлордун ортосундагы ажырымдын уланыуусу;

Экономикалык өнүгүүнүн басаңдашы эмгек базарына да терс таасирин тийгизди. Өзгөчө транзиттик өлкөлөрдөгү жумушсуздардын санынын өсүшү, анын ичинде Түштүк Америкада жана Африканын түштүгүндө өтө көбөйүп кетиши байкалган. Ошол эле кезде эмгектенген адамдарга кепилдиктин жоктугу алардын ишин алдыга жылдырууда чоң тоскоолдук бойдон калууда.

Экономисттер баса көрсөткөндөй, дүйнөлүк экономикадагы абал жалпы инфляцияны эң төмөнкү деңгээлге түшүрдү. Бир жагынан инфляция коомго терс таасирин тийгизип, баалардын өсүшүнө алып келсе, экинчи жагынан коомду аракеттентип, кырдаалдан чыгууга жол издөөгө түртүп, сенектиктен сактайт. Ал эми кээ бир мамлекеттерде инфляция жоюлуп, дефляцияга кадалган учурлар да пайда болду. Андай учурларда акча каражаты көбөйүп, товардын өндүрүү темпи басаңдашы ыктымал. Мындай көрүнүш евро зонага кирген өлкөлөрдө жана Японияда өтө ыктымал.

Өнүккөн өлкөлөрдөгү экономика 2016-жылы бир топ көтөрүлүп, 2 пайыздык чекке чыгышы мүмкүн деп айтылат маалыматта. Аны менен бирге өнүгүп келаткан өлкөлөрдөгү экономикалык абал оңолуп, калыбына келе тургандай жагдай түзүлүшү да ыктымал. Бирок буга сырттагы абал таасир кылып, экономикалык өсүш күтүлгөн деңгээлден төмөнүрөөк болот деп бааланууда.

Акыркы эки жылда Кытайдын өсүү темпи басаңдап баратышы байкалгандыктан, дүйнөлүк экономикада АКШга тиешелүү бөлүгү мурдагыдай эле үстөмдүк кылууда. Андыктан бул өлкөдөгү «акча-кредиттик саясаттын иретке келүү мөөнөтү менен тездиги жалпы экономикадагы уланып жаткан башаламандык менен белгисиздикти азайтууга алып келиши ыктымал жана инвестициялардын агымын кайрадан жандандыруусу мүмкүн» деп, өзүнүн оюн билдирген БУУнун Глобалдык экономикалык мониторинг бөлүмүнүн башчысы Хамид Рашид.

Маалыматта экономикалык туруктуулукка экологиялык маселелер да таасир кылаары баса көрсөтүлгөн. Акыркы байкоолорго караганда экологиялык жактан абалдын туруктуу болуп баратышы экономикага оң таасирин тийгизген. 2014-жылы өнүккөн өлкөлөрдүн өнөр-жай ишканалары иштеп чыккан көмүртектин көөлөмү өзгөрүүсүз калган. Мындай абал акыркы 20 жылда биринчи жолу байкалган. Мындан БУУнун адистери экономикалык өсүү менен көмүртектин абага

чыгарылуусунун ортосундагы байланыштын азайып бараткандын байкашкан.

Ошону менен бирге БУУ жалпы экономиканын өсүү темпинин басаңдашы өнүгүп келаткан өлкөлөрдөгү жакырчылык маселесин чечүүдө кыйынчылык жаратаарын, анын кесепетинен көпкө улана тургандай туруктуулукту орнотуу аракеттери начарлашы мүмкүн деп эскерткен.

*Бишкек, декабрь, 2015-жыл*

## Иран-саудиттер тирешүүсү жанданды

Жаңы жылдын эң чоң жаңырык жараткан маалыматы Сауд Арабиясы менен Ирандын ортосундагы алаканын кескин начарлашы болду. Перс булуңунун эки жагында жайгашкан бул мунай-затка бай эки мусулман мамлекети буга чейин эле тирешип келген. Түз жана ачык согуш болбосо да, алакасы эң төмөнкү деңгээлге түшүп кеткен. Бирок кандай болсо да, ушуга чейин экөө тең элчиликтерин сактап келишкен. Абал Сауд Арабиясы 30 адамды террорчулар деген кине менен өлүм жазасына тарткандан кийин кескин өзгөрдү. Себеби алардын арасында Сауд Арабиясынын мураскорлук менен башкарып келген азыркы падышалык бийлигин катуу сынга алып келген, түбү шиит болгон популярдуу имам ан-Нимра да болгон. Анын өлүмүнөн кийин Иранда жана шиит болгон мусулмандар дүйнөсүндө Жаңы жыл алмашкан күндөрү күчтүү наараздылык акциялары өттү. Анын арасында Тегерандагы Сауд Арабиясынын элчилиги талкаланып, өрт да коюлган. Бийликтин мындай элдик аракеттерге эч тиешеси жоктой болгон. Бул болсо Ирандын расмий көз карашы кандай экендигин ачык көрсөткөн. Ошол себептен Сауд Арабия Эр-Рияддагы Ирандын элчилигин 48 саатта чыгарып кетүү талабын коюп, өз элчилигин Ирандан чакыртып алган. Бир жактан алып караганда бул чатак эки мамлекеттин ортосундагы көптөн бери

келаткан тирешүүнүн уландысы катары көрүнүшү ыктымал. Башка нуктан, тереңирээк алып караганда, кээ бир батыш серепчилери бул тирешүү монархиялык башкаруу менен республикалык өнүгүү жолунун ортосундагы талаш болуп көрүнөт. Ошол эле кезде бул эки мамлекет Жакынкы чыгыштагы эң кубаттуу мамлекеттер катары лидерлик орунду ээлегиси келип, башкаларга болгон таасирин күчөтүүнү каалашат. Бир кезде, 1979-жылга чейин, Иран да, Сауд Арабиясы да АКШ менен абдан жакын мамиледе болушчу. Ирандагы 1979-жылкы революциядан кийин америкалыктарга жакын болгон шах Реза Пехлевинин ордуна бийликке исламчыл диний катмар келген, жана АКШнын Тегерандагы элчилиги толугу менен талкаланат. Андан кийин Вашингтон Ислам Республикасына каршы бүт кубатын багыттап, экономикалык санкцияларды киргизген. Батыш мамлекеттери Ирандын өзөктүк программаларынан чочуркап, АКШны колдоого алышкан. Бул аракеттер 2015-жылы бир топ басаңдап, Иранга жеңилдиктер берилген, себеби Иран Россиянын колдоосу менен өзүнүн өзөктүк программасы коркунуч туудурбайт деп кепилдик берген. Ошондон кийин Иран өзүндө өндүрүлгөн нефтини экспорттоого жана өзүнө керектүү жаңы технологияларды киргизүүгө, тышкы соода-сатык жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алган.

Ошол эле кезде Иран Сауд Арабиясы үстөмдүк кылган нефть чыгаруучу мамлекеттер түзгөн ОПЕК уюмунун толук кандуу мүчөсү. Ал эми бул уюмга кирген өлкөлөр дүйнөдөгү чыгарылган нефтинин үчтөн бир бөлүгүн берип келишкен жана көптөгөн жылдар бою анын баасын АКШ менен биргеликте аныктап келген. Жылдын аягында санкциялар алынган соң Иран нефтини сыртка чыгарууга жол ачып, чийки мунай-затка болгон баа кескин төмөндөп кеткен. Аны түшүрүүгө эң кызыккан АКШ болгон. Ушуга дейре өзүндө катылып жаткан нефтини азыр АКШ өндүрүп, экспорттоп, сатууда баасын ОПЕКке кирген мамлекеттерден чыккан нефтинин баасынан да төмөндөтүп ийген. Буга каршы чара катары ОПЕКтин мүчөлөрү жана Россия чыгарылып жаткан мунай-затынын көөлөмүн

азайтуу жолу менен бааларды кармап туруу чакырыгын Сауд Арабиясы колдогон эмес. Баалар түшүп кеткендиктен Сауд Арабиясы ондогон жылдардан бери биринчи жолу өз бюджетин кыскартууга аргасыз болгон. Ошентсе да алар чыгарылып жаткан мунай-затынын көөлөмүн азайтуудан баш тарткан. Ал эми Иран болсо, экономикасын оңдоо максатында экспорттон түшө турган баардык булактарды колдонууга муктаж. Анын арасында кирешенин 70 пайызын түзө турган нефтини экспорттоо багыты турат. Нефтиге баа канчалык төмөн болсо, Иранга ошончолук кыйын болоорун билген Сауд Арабиясы бааларды өзгөртүүгө барбай жатышы ушул себептен. Албетте буга Иран жетекчилиги абдан наараз.

Жаңы жылдан бери эки өлкөнүн тирешүүсү ачыкка чыгып, согуш чыгып кетиш ыктымалдыгы өскөн. Муну түшүнгөн тараптар ортого таасирлүү бирөө чыгып, эки өлкөнү сабырдуулукка чакырышы керек деген ойлор айтылган. Мындай өлкөлөргө учурда АКШ гана жарай ала тургандыгы айкын. Нефтиге баалар бийик болуп турганда АКШ Сауд Арабиясы менен жакын ынагындай мамиле кылып, доллардын баасын нефтиге байлап келген. Эми болсо өзүндө чыккан нефтинин көөлөмү өскөн сайын Сауд Арабиясына болгон мамиле да өзгөрүшү байкалат. Ошентсе да, АКШ имам ан-Нимранын өлтүрүлүшүн сынга ала тургандай кадам жасай алган жок. Вашингтон буга чейин деле бул өлкөдөгү адам укуктары, сөз эркиндиги, саясый кырдаал боюнча катуу сөз айтып келген эмес. Эми болсо, тегерегиндеги кырдаалдын таасири Сауд Арабиясына да тарап, абалга кедергисин тийгизбесин деп чочулагандыктан, азыркы бийликтин туруктуу бойдон сакталып калуусуна кызыкдар, деп жазып чыккан «Нью-Йорк таймс» гезити. Себеби ИГИЛ жана башка террордук уюмдарга каршы күрөшүүдө америкалыктар арабдардын колдоосуна муктаж. Ошол эле кезде Сауд Арабиясы Сириянын азыркы бийлигине каршы күрөшүп жаткан оппозициялык сунниттик топторго кирген исламчылар менен бирге эле, террорчуларга жакын деп шектелген «Жибхат ан-Нусра» тобуна да курал-жарак

жагынан жардам берип келүүдө деген маалымат бар. Ал эми Иран болсо Сириянын азыркы бийлиги менен кошо Ирактын бийлигине да жардам берип, Сауд Арабиясы колдогон Йемен мамлекетиндеги оппозициячыл шиит топторун колдойт. Ушундан эле бул эки мамлекет бүт аймакты экиге бөлүп алып, өз таасирин күчөтүүгө кызыкдар экенин көрсө болот.

Бул тирешүү абдан кызый электе эки өлкөнү жакындатуу масилети дүйнөлүк коомчулуктун милдети. Бул тууралу англиялык «Файненшл таймс» гезити жазып чыгып, АКШ президенти Барак Обама эки өлкөнүн жетекчилиги менен сүйлөшүп, тынчтыкка чакыруусу зарыл деп айткан. Азыр ирандык бир топ жетекчилер жаңы гана жетишилген жеңилдиктерди тез арада колдонуп, өлкөнү оңдоого абдан кызыкдар. Ал эми саудиттер болсо тышкы гана эмес, ички абалдын айынан АКШнын колдоосуна абдан муктаж. Андыктан эки тарап тең Вашингтондун сөзүн угууга аргасыз. «Бирок тынчтык сүйлөшүүлөрү баштала турган болсо, АКШ эки тарапты тең катуу сынга алышы керек. Учурда сабырдуулук менен акыл-эстүүлүк кылуу зарыл», деп чыгышууда батыш серепчилери.

*Бишкек, январь, 2016-жыл*

## Иран жетекчилиги жана Европага сапар

Иран Ислам Республикасынын президенти акыркы ондогон жылдары алгачкы жолу Европага расмий иш сапары менен чыкты. Хасан Руханинин биринчи келген өлкөсү Италия болуп, 4 күндүк сапарында өлкөнүн президенти Серджо Маттарелло, андан соң премьер-министр Маттео Ренци, сапар соңунда Ватиканда католиктердин башында турган Рим Папасы Франциско менен жолугуп, сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Ирандын президенти бул өлкөгө биринчи болуп келишинин артында Иран менен Италиянын мурунтан жакын болгон алакасы жана акыркы он жыл аралыгында Рим менен

болгон катнашын сактап калууга кылган аракети түрткү берди. Өзөктүк программасынын айынан батыштын жана АКШнын катуу кысымына кабылып, Иранга каршы экономикалык катаал санкциялар жарыяланган эле. 2015-жылдын аягында дүйнөлүк өнүккөн алты мамлекет жана Ирандын ортосунда эки жылга жакын тыгыз сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында, Иран өзөктүк программасын кескин кыскартууга, өзөктүк калдыктарды Россиянын жардамы аркылуу өлкөдөн чыгаруу шартына макул болгон. Батыш менен АКШ буга жооп катары Иранга каршы 2006-жылдан бери киргизилген санкцияларды алып салууга көнгөн. 2016-жылдын башынан тарта Иран өзүнөн чыгарыла турган товарларды, өзгөчө мунай-заты менен газды, экспорттоого укук алды. Аны менен кошо батыштын өнүккөн технологияларын тартууга жол ача алды. Батыш өлкөлөрү болсо экономикалык жактан кирешелүү тармактарга инвестиция менен Иранга кирүү укугуна ээ болушту. Эми эки тараптык алака өйдө карай өсүп, экономикалык жактан бирибирине кол кабыш кылуу жолуна чыкты.

Президент Маттарелло менен жолугушуу учурунда татаал мезгил артта калганы белгиленип, алдыда өнүгүү жолу турганы айтылган соң, Иран президенти Жакынкы Чыгыштагы «регионалдык деңгээлдеги туруксуздуктун тамыры – ири мамлекеттердин гегемониясы» тураарын жарыя кылды. Анын айтымында Иран азыр туруктуу жана демократиялуу өлкө жана Европа менен алакасын жакшыртууга чоң маани берет. Буга жооп катары Италиянын президенти Маттарелло Иран мамлекет башчысын Европада биринчи болуп кабыл алып атканына абдан ыраазы экендигин айтты.

Италиянын Өкмөт башчысы Маттео Ренци менен жолугушуу учурунда Иран менен Италиянын ортосунда топтолуп, ишке киришүүгө даяр болгон миллиарддаган долларлык 14 келишимге Хасан Рухани кол койду. Ал келишимдер негизинен өнөр-жай тармагы менен байланыштуу болуп, токой чарбасы, жол куруу, кен чыгаруу, банк иштери, газ тармагы жана башкалар кирди. Буга улай Италиянын өкмөт башчысы Иран

менен бир эле маданий жана экономикалык алака түзбөстөн, Италия Тегеран менен бирдикте эл аралык жана регионалдык чыр-чатактарды чечүүдө бирге иштешүүгө умтулганын билдирип чыкты. Анын сөзүнүн көңүл бура турган бир жагдайы – «эгерде биз өзөктүк маселе боюнча бир келишимге келе алган соң, анда регионалдык деңгээлдеги маселелер боюнча да бирдей түшүнүшүүгө жетишебиз» деп айтканы болду.

Андан соң Хасан Рухани менен Рим Папасы Францисконун 40 мүнөттүк жолугушуусу абдан жылуу маанайда өтүп, анда Ирандын өзөктүк программасы тууралу сөз козголуп, Ирандын салмактуу чечим кабыл алуу жөндөмү бийик баалана турганы айтылды. Аны менен кошо Ирандын Жакынкы Чыгыш чөлкөмүндө позитивдүү ойной турган ролу чоң экендиги баса көрсөтүлдү. Ватикан азыркы Сирия менен Ирактагы түзүлгөн кризистик абалды чечүүдө Ирандын ойной ала турган ролуна басым кылаарын баса белгиледи. Коштошуп жатым Иран президенти: «Сиз менен жолугушуу мени абдан ыраазы кылды, сизге жемиштүү иш кылууну каалайм жана мен үчүн сыйынып жүрүңүз», деп айтты.

*Бишкек, январь, 2016-жыл*

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# КЫТАЙ

## Кытайдын өнүгүүсү кимге үлгү

Акыркы 20 жыл аралыгында Орто Азияга коңшу болгон Сыньзян-уйгур автономиялык району дүркүрөп өсүп, кошуна өлкөлөрдүн жарандарын өзүнө тартуусун күчөтүүдө. Ал жерде баш-аягы болуп 20 млн. ашык адам жашайт. Алардын 45% уйгур болсо, дагы 40% ашыгыраагын атайын көчүрүлүп келген хань улутундагы накта кытайлар жашайт. Калктын калганын майда улуттардын өкүлдөрү түзөт. Алардын эң көбү казактар менен монголдордон турат. Кытайдагы казактардын баш-аягы болуп саны 1 млн. ашты жана негизинен дал ушул Сыньзянда жашашат. Монголдор Кытайдын Ички Монголия районунан тышкары Сыньзяндын түндүк аймагында жашап келишкен. Булардан тышкары кыргыздар учурда 200 миң кишиге жакындап калды жана атайын борбору Артуш шаары болгон Кыргыз автономиялык областына ээ. Андан тышкары тажик, өзбек, афган жана башка көптөгөн улуттар да жашайт. Россиядагы 1917-жылкы революциядан качууга аргасыз болгон ак гвардиянын калдыктары Кытайдын чыгышындагы Далянь шаарында гана эмес, Сыньзянга да качууга аргасыз болуп, алардын урпактары жашап жатышат.

Коммунисттик Кытайдын биринчи жетекчиси болгон Мао Цзедун доорунда куугунтукка алынган кытайлык көсөм Ден

Сяопин, 1980-жылдары акталып чыккан. Ошондон соң анын осуяттары жана көрө билгичтик идеялары расмий ирет ишке ашырыла баштайт. Натыйжада Кытай жаңыланып, башкаруу системасы бир партиянын астында калса да, экономикалык жактан абдан күчтүү деңгээлге чыкты. Бийлик коллективдүү түрдө Компартиянын Политбюросу аркылуу жүргүзүлүп, «бир мамлекет, эки система» аты менен жаңы көз караштагы саясат орногон. Анын негизинде Кытай бийлиги базар экономикасына жакын болгон система киргизип, эркин экономикалык зоналарды ачкан. Анда иштөөгө кызыккандар үчүн жакшы шарт түзүп, дүйнөлүк атак-даңктуу компаниялар менен фирмалар завод-фабрикалар менен иш мекемелерин ачкан. Натыйжада ишмердүүлүк көбөйүп, мамлекеттин пайда табуусу өскөн.

**Ден Сяопиндин социалисттик модернизация кылуу кадамдары:**



- *Жерди 15 жылга ижарага алуу укугу*
- *Жалданма эмгекти колдонуу*
- *Техника сатып алууга уруксаат берүү*
- *Ишканалардын өз алдынчалыгын кеңейтүү*
- *«Ачык эшик» саясаты*
- *Эркин экономикалык аймактарды түзүү*

*Ден Сяопиндин Кытайда ийгиликтүү ишке ашырылып келаткан сунуштары*

Ушу тапта Кытай кубаты боюнча дүйнөдөгү экинчи экономикага айланып, жакынкы жылдары эң күчтүү делген АКШны кууп жетет. Азыртадан эле Кошмо Штаттарынын белгилүү жана ири компанияларынын баалу кагаздарын 500 млрд доллардан ашык суммага сатып алып, ээлик кылат. 19 триллион

доллар карызы бар Кошмо Штаттарынын мынчалык финансылык каражатын өз колуна алган Кытай дүйнөлүк өнүгүү процессине да таасирин көрсөтө ала тургандай деңгээлге чыкты. Акырын, жылма финансылык-экономикалык экспансия саясаты Кытайга жаратылыш байлыктарын арзан сатып алып, чыгашасы аз баада өзүнө жеткире ала тургандай жол менен баратат.

Азыркы мамлекет башчысы Си Цзиньпин бийликке келгенден бери ички да, тышкы да саясат сезилээрлик өзгөрүп, кытай элин да жаңы үмүттөргө ээ кылып, дүйнө жүзүн да таң калтыра тургандай темп менен өнүгүп баратат. Азыркы Кытайдын «Кытай кыялы» аты менен белгилүү болгон идеологиясы – өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү жана экономикалык өсүшү ар-бир кытай үчүн утуш алып келет деген чакырык менен элге сиңип баратат. Мынчалык терең ойлонулган ички жана тышкы саясаттын ишке ашуусуна күбө катары акыркы 20 жыл ичинде Кытайдын ички дүң продукциясынын көөлөмү 8 эсе өсүп чыккан. Жылдык өсүү темпи кеминде эле 10 пайызды түзгөн. Акыркы 2 жылда гана экономиканын өсүү темпи 7-8 пайыз болгон, анын да себеби Кытайдын ичиндеги шарт эмес, тышкы факторлордун таасири астында болду. 1993-жылы экономикасынын өнүгүүсү үчүн өзүндө чыккан мунай-заты менен башка энергетикалык ресурстары жетиштүү болуп, ашыгы Түштүк Корея менен Японияга экспорттолчу. Өнүгүүсү тездеген сайын энергоресурстар жетишпей, 2003-жылы нефтини импорттоо боюнча Кытай дүйнөдө экинчи орунга чыккан. Азыркы учурда Кытай дүйнө жүзүндөгү өлкөлөр менен 140 млрд долларлык соода-сатык келишимине кол койгон. Анын жарымы Орто Азия өлкөлөрү менен түзүлгөн. Өлкөнүн батышындагы энергетикалык жаратылыш байлыгына бай болгон Орто Азия өлкөлөрүн акырындык менен колуна алуу саясатын Кытай акыркы жылдары абдан өздөштүрдү.

Анализ көрсөткөндөй, Кытайдын аймактагы өлкөлөр менен жетишкен келишимдеринин 90 пайызы мунай-зат менен газ сатып алуу тууралуу түзүлгөн. Мунай менен газды Кытайга Казакстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан камсыз кылып

турмай болду. Булар да аздык кылган Кытай экономикасына Россия менен өзүнчө келишим түзүү зарылдыгы келип чыккан. Анын негизинде Россиядан чыккан газ Кытайга 400 млрд долларга 30 жылга созулган келишимдин негизинде сатылган жана анын баасы туруктуу бойдон калаары макулдашылган.

Кытайдын мынчалык катуу өнүгүүсүнүн негизги булагы мамлекетти талапка жана шартка ылайык башкаруу системасынын эффективдүүлүгүндө. Си Цзиньпин Кытайдын мурдагы жетекчилеринен айырмаланып, элге жакын жана сыртта да өзүнүн жактоочуларынын санын көбөйтүүдө. Натыйжада агрессивдүү саясаттан алыс турган Кытай азыр дүйнөлүк өнүгүү процессине эң чоң таасир кыла ала турган мамлекетке айланып, өзүнүн финансы-экономикалык экспансиясын күчөтүүдө.

*Бишкек, январь, 2015-жыл*

## Кытай инвесторлору жана Кыргызстан

Соңку 20 жылдын аралыгында Орто Азияга инвестиция менен келгендердин арасынан Россия жуулуп, негизинен Кытай орчундуу орунду ээлеп баратат. Өзүнүн таасири азайып баратканын сезген орус бийликтери акыркы 2-3 жылда кайрадан жан үрөп, өзгөчө өзүнө жакын деп сезилген Кыргызстан менен Тажикстанга көңүл буруусун көбөйтүүгө өткөн. Тилекке каршы 2014-жылдагы Украинага байланыштуу окуялардан кийин экономикалык санкцияларга тушуккан Россия эми убада кылган инвестициялык проектилерди канткенде уланта алаарын билбей, жалпы Орто Азияга болгон таасирин кайрадан алсыратууга аргасыз болууда. Жогорку Нарын ГЭСтеринин каскадына болжол менен 1 млрд долларлык кредит болжолдонгон. Андан тышкары Камбар-Ата-1 ГЭСине делип 2 млрд долларлык каражат да убада кылынган. Акыркы маалыматтарга караганда учурда бул проектилер каражаттын айынан

токтоп калуу коркунучу астында турат. Ошондой эле абал орустардын Тажикстандагы проектилерине да тиешелүү.

Учурдун мындай болоорун алдын ала билгенсип, Орто Азияга таасирин күчөтүү максатында Кытай ири инвестицияларга жол ачкан 2013-жылкы бийик жетекчиликтин иш сапарын чөлкөмдөгү төрт борборго уюштуруп, баш аягы 70 млрд доллардан ашкан инвестициялык проектилердин келишимине кол койгон.

Келишимге жараша мамлекеттик казнадан бөлүнө турган каражаттын көөлөмү Кыргызстан менен Тажикстан үчүн жалпысынан 7 млрд долларга чыккан. Анын 3 млрд. Кыргызстан аркылуу өтүүчү газ түтүгүн курууга деп макулдашылган. Калганы Тажикстан аркылуу өтүүчү газ түтүгүн курууга каралган. Ал эми Орто Азиялык бул эки өлкөнүн Кытай менен чектеш болуп, ички шарттары окшош болушу жеке менчик компаниялардын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүнө жол ачкан. Кыргызстандагы экономикалык эркиндик тажиктердикине караганда көбүрөөк болгондуктан, кытайлык жеке инвесторлордун Кыргызстанга келгенине 10 жылдан ашык убакыт болду. Тажикстандагы авторитардык бийликтин айынан кытайлык инвесторлор көпкө чейин кире албай жатып, акыркы 3-4 жылда гана күчөдү. Бирок кытайлык инвестициялардын эффективдүүлүгү жана кайтарымдуулугу менен туруктуулугу Кыргызстанга караганда Тажикстанда ийгиликтүү болуп жаткандыгын адистер айтышууда. Муну алар эки себеп менен түшүндүрүүдө. Биринчиден Кыргызстанга караганда Тажикстан саясый жагынан бир топ туруктуураак. Экинчиден ал жерде коррупциялык механизмдер азырынча кыргыздардыкындай терендеп кете элек. Мындан башка да бир маанилүү себеп бар. Кытайлык инвесторлор акыркы жылдары Кыргызстандын тоолорундагы жаратылыш байлыктарын чыгарууга көбүрөөк кызыгып, ал жерден алтындан баштап, толгон-токой башка кен байлыктарын өздөштүрүүгө аракетин күчөтүшкөн. Мындай аракет кен чыккан аймакта жашаган жергиликтүү элди бир четинен кооптондуруп, экинчи четинен – көзүн арттырып,

кытайлардын толук кандуу иштешине жолтоо кылган учурлар көбөйгөн. Эки жаат болуп чыр чыгып, урушкан учурлар да аз эмес. Бишкек – Кочкор – Торугарт жолун эл аралык стандарттарга ылайык салып жаткан мезгилде да чатак чыгып, эки тарап бул маселени бийликтин кийлигишүүсү аркылуу чечкенге мажбур болгон. Токмоктогу жана Кара-Балтадагы мунай-затын кайра иштетүүчү заводдун да иштеши көп убакытка токтоп, ага жергиликтүү тургундардын наразылыгы себеп болууда.

Калктын сырттан келген инвесторлорго мынчалык терс аракеттери азайбастан, күчөп бара жатабы деген кооптонуу чоң. «Кумтөр» алтын кенин иштетип жаткан канадалык компания да жергиликтүү калктын наразылыгын жараткан. Бул маселе бийик деңгээлде каралып, алигиче арты эмне менен бүтөөрү белгисиз бойдон турат. Жалпы инвестициялык абалдын начарлаганын моюнга алгансып, Кыргызстандын Каржы министрлиги 2014-жылдын тогуз айлык жыйынтыгы боюнча сырткы инвестициялардын көөлөмү 35 пайызга кыскарганын маалымдады.

Четтен келген инвесторлордун жолун тороо күчөгөн сайын, кытайлык инвесторлор чатагы, талабы азыраак, бирок инвестициялык климаты окшош болгон Тажикстанга көңүлдү көбүрөөк бура баштады. Бул өлкөдөгү кытайлык инвесторлор киришип, курулуп жана ишке кирген объектилердин саны жыл сайын өсүүдө. Ал гана турсун алардын салымы да көбөйүүдө. Мисалы, Тажикстан цемент чыгаруу боюнча көптөн бери кармалып турган рекорддон ашып өткөн көөлөмдөгү курулуш товарын чыгарган. 2014-жылы алтын мурдагы жылга караганда 25 пайызга көп өндүрүлгөн жана жылына 3 тонналык көөлөмгө жеткен. Мындай жетишкендикке тажиктер кытайлык компаниялардын аралашуусу менен жетише алды.

Ошол эле мезгилде инвесторлордун Кыргызстанга келишинин азаюусуна өлкөнүн Евразиялык биримдикке кирүүсү да себеп болду деген ойлор бар. Анын натыйжасында Кытайдан келип аткан товарлардын көөлөмү да азайган. Ал эми Тажикстан Россиянын көз кырында турса да, азырынча

Евразиялык биримдикке кире элек. Андыктан ал жердеги талап-шарттар да өзгөрүүсүз калууда. Бул жагдай да Кытайды Тажикстан менен байланышты күчөтүүгө түртүүдө.

Бирок Кыргызстан менен Тажикстан Кытайга болгон байланышын экономикалык-финансылык жактан саясый жакка да буруп, көз каранды болуп калышы ыктымал деген чочулоолор бар. Учурда 2,1 млрд долларлык тышкы карызы бар Тажикстан, жалгыз Кытайга карыздын 42 пайызын кайтарып бериши керек. Ал эми 3,5 млрд. ашык карызы бар Кыргызстан Кытайга 1,5 млрд. доллар төлөшү керек. Африка менен Латин Америкалык бир топ өлкөлөрдү финансылык жактан көз каранды кылып алган Кытай, азыр аларга саясый жактан таасирин күчөтө тургандай кудуретке ээ. Мындай абал азыр Орто Азияга де жетиши мүмкүн жана ага жеткирбеш үчүн Кыргызстан менен Тажикстан алдын ала тургандай чараларды көрүүсү абзел.

*Бишкек, январь, 2015-жыл*

## Жаңы күчтөр жана АКШ таасирине альтернатива

Суук согуш эки ири дүйнөлүк мамлекеттин бири болгон Советтер Союзунун урашы менен аяктаган соң, эл аралык аренада жалгыз Америка Кошмо Штаттары үстөмдүк кылган кырдаал түзүлгөн. Анын натыйжасында бир уюлдуу, башкача айтканда башка мамлекеттер үлгү алып, айланасына топтолуп, демократиялык баалуулуктарды Америкага окшоп колдонууга өткөндөр көпчүлүктү түзгөн жаңы система түзүлгөн. Оор саясый гана эмес, экономикалык кырдаалга туш келген, бирок СССРдин баардык кубатына мураскор болгон Орус Федерациясы батыштын үстөмдүгүнө туруштук бере албай, адегенде социалисттик системанын ыдырашына, андан соң өзүнөн сырткары жаңы 14 мамлекеттин пайда болушуна,

кийин өзү түзгөн КМШ уюмунан Грузия менен Украинанын чыгып кетишине жол берген. КМШга кирген мамлекеттердин коопсуздугун камсыз кылуу үчүн түзүлгөн ОДКБ уюмуна болсо болгону 8 мамлекет биригип, бирок кийинчерээк Өзбекстан анын курамынан чыгып кеткен.

Россиянын дүйнөлүк аренадагы ойногон ролу бара-бара азайып отуруп, акыры НАТО өлкөлөрүнүн курамына кирем дегендер көбөйүп, алар бул кадамын орус мамлекетинен чочулап жатуусуна негиздешкен. Натыйжада 2008-жылга чейин мурун соцблокко кирген жана КМШ аймагына тыгыз жайгашкан славян мамлекеттери НАТОго толук кандуу мүчө болуп кошулушту. Алардын катарында Польша, Чехия, Словакия, Венгрия, Румыния, Болгария мамлекеттери бар. Муну менен НАТО Россиянын чек арасына чейин кирип келип, өзүнүн геосаясый таасирин күчөттү. Ал уюмга кирген өлкөлөрдүн өнүгүшү жана ийгиликтери башкаларды да азгырып, кийинчерээк КМШнын курамындагы Украина менен Грузия, азыр болсо Молдова да мүчө болууга ынтызар экендигин билдирип жатышат.

Кырдаалдын АКШ үчүн абдан жагымдуу жакка өзгөргөнү, алардын дүйнөдөгү эң таасирлүү мамлекетке айланганына алып келди. Батыш демократиясын жана анын эң алдынкысы делген америкалык демократияны дүйнөгө таркатыш үчүн күч колдонуудан айныбаган АКШ, өз кызыкчылыгына кирген аймактарга түздөн-түз киришүүдөн да артка кайтпады. Анын натыйжасында тынч, туруктуу, бирок АКШга ыктабай турган бир катар мамлекеттерде «түстүү» делген революциялар болуп кетти. Анын кесепетинен Африкадагы Тунис, Ливия, Египет мамлекеттери туруктуулугунан ажырап, дестабилдештирилди. Анын менен удаа эле Жакынкы Чыгышта жайгашкан Ирак, кийин Сирия, андан мурун экономикалык блокадага алынган Иранга каршы аракеттер ишке ашырыла баштаган. Акырындап отуруп «түстүү» делген революция КМШ өлкөлөрүнө чейин кирип келип, адегенде Грузияны, андан соң Украина менен Кыргызстанга чейин тарап кетти.

Абалдын мындай нукта өнүгүүсү Россиянын гана эмес, өз алдынча, эч кимди туурабаган жана эч кимге кошулбаган өнүгүү жолуна түшкөн өлкөлөрдү катуу ойлонтуп, АКШ менен батыштын кысымына туруштук бере тургандай чара көрүүгө түрттү. Андай өлкөлөрдүн катарына кошулган жана экономикалык жактан ылдамдык менен өнүгүп бараткан Кытай, Индия, Бразилия, кийинчерээк Түштүк Африка Республикасы болду. Беш мамлекет учурда экономикалык жактан окшош абалда туруп, таасири өсүп бараткандыктан, БРИКС деген уюмду түзүп, экономикалык гегемонияга каршы тура тургандай чараларды көрүүгө киришти.

Анын эң алгачкы кадамы катары Россия, Кытай жана Индия жайгашкан аймактагы Улуу Жибек жолун жаңы шартта жандандырып, өз алдынча алака, экономикалык өнүгүүгө шарт түзүүгө аракетин башташты. Андан соң Кытайдын демилгеси менен, АКШ башында турган Эл аралык валюта кору жана Дүйнөлүк банкка теӊ-тайлаша ала тургандай потенциалга жана каражатка ээ болгон Азиянын инфраструктуралык инвестициялар банкын (АИИБ) түзүштү. Анын негизги максаты Азия өлкөлөрүнө финансылык жактан колдоо көрсөтүү аркылуу алардын америкалык жана батыштык финансылык институттарга болгон көз-карандылыгын азайтуу. Экономикалык чөйрөдө БРИКСтин бул кадамы абдан катуу чечим болуп, АКШ менен батышты ойлонтууга аргасыз кылды. АИИБти түзүүгө түздөн-түз 40 мамлекет катышат. Анын негиздөөчүсү катары Кыргызстан да макулдугун берген. Кытайдын салымы 50 млрд доллар болуп, бара-бара банктын күч-кубаты өсүп, ага Европалык мамлекеттер да кошулууга аракет кылышат. Эгерде бул проект ишине толук кандуу ашырылса, АКШнын дүйнөдөгү финансылык үстөмдүгү аяктап, жаңы кырдаал түзүлөт. Андан соң мунай-затка абдан байланган АКШ доллары да таасирин азайтуусу ыктымал. Дүйнөлүк экономикалык алака батыш менен Американын таасиринен бошоп, жаңы тартиптин кирүүсүнө, аны менен акыйкаттуу алака түзүүгө шарт пайда болот. Натыйжада дүйнө жүзүндө буга чейин үстөмдүк

кылып келген алакага тең-тайлаш альтернатива болуучу система түзүлөт.

*Бишкек, апрель, 2015-жыл*

## Америкага теңтайлашкан Кытай

Экономикалык кубатын күчөткөн Кытай эл аралык финансы системасын өзгөртүүгө мажбур боло баштады. Буга чейин эң кубаттуу экономика делген АКШ өнүгүү темпин басаңдатып, дүйнөдө ээлеген позициясын жоготпоо үчүн түрлүү амалдарды чыгарууда. Алардын бири Европанын финансы каражаттарын чыгыш өлкөлөрүнө эмес, океандын аркы жагына жумшоого түртүү. Таасирлүү серепчилердин айтуусунда Россиянын Украина менен алакасынын начарлашынын артында дал ошол Кошмо Штаттарынын атайын иштеп чыккан сценарийи турат. Буга чейин Россиянын газы менен мунай-затын сатып алып, өндүрүш тармагы жана күнүмдүк жашоосун туруктуу нукта кармап турууга мүмкүнчүлүк алган алдынкы Европалык өлкөлөр миллиарддаган каражатты Россия менен Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнө төлөп турушкан. Азыр болсо Украинанын аймагы менен өтүүчү газ жана мунай-зат түтүктөрү катаал шартка кабылгандыктан, россиялык экспорттун көөлөмү бир жагынан азаюуга дуушар болду, экинчи жагынан алардын баасы кескин төмөндөп кетти. Анын кесепетинен Россиянын экономикасында катуу кыйынчылыктар жаралды. Эми АКШ Европага жетишпей жаткан газ жана мунай-затты өзүнөн чыккан сланцалык мунай менен алмаштырып, аларды экспорттоону кеңейтүүгө өттү. Натыйжада мунай затына болгон баалар эки эсе арзандап, Россиянын киреше жагы кескин начарлады. Аны менен кошо батыштын санкцияларына дуушар болгон Россия өзүнөн чыккан жаратылыш байлыктарын чыгыштагы стратегиялык шеригине айланган Кытайга сатуусун көбөйтүүгө өттү. Мезгил өткөн сайын Россия менен

Кытай жакындыгын көрсөтүп, бара-бара дүйнөдөгү биргелешкен таасирлүү экономикалык уюлга айланууга аракетин күчөтүүдө. Акырындап БРИКСтин таасири күчөп, алардын башында Кытай менен Россия лидерлик орундарды ээлешти.

Жалпы экономикалык кырдаалга учурда Кытайдын таасири күн өткөн сайын күчөп баратканын далилдеген факт катары АБИИ банкынын түзүлгөнү далил. Бул банк Кытай тарабынан сунушталып, анын негизги максаты буга чейин АКШнын кийлигишүүсү аркылуу таасирлүү болгон Эл аралык валюта фонду менен Дүйнөлүк банктын дүйнөлүк финансы системасындагы үстөмдүгүн жокко чыгаруу. Аны уюштуруучулар банктын каражаты аркылуу Азия аймагында жайгашкан өлкөлөргө инфраструктуралык проектилерге атайын кредит бөлүп берүү жолу менен АКШ жана батыш өлкөлөрүнөн көз карандылыгын азайтуу деген максатты коюшкан. АКШ 1944-жылы Бреттон-Вудта кол койгон келишимдин негизинде түзүлгөн мурдагы финансылык системанын монополиясы эми аягына чыгышы ыктымал. Майданга финансылык каражат жагынан күчүн эбегейсиз чоңойткон Кытай чыгып, жаңы экономикалык тартипти орнотууга далалатын эч бир тартынбастан ишке ашырууга өттү. Бул аракеттин артында таразаланган саясый чечим жана күчтүү мамлекеттик экономика турбаса кыйын болоору талашсыз. АКШ менен кошо батыш мамлекеттери дүйнөлүк аренада ээлеген орундарын оңой-олтоң бошотуп бербээри да бышык. Эң алгачкы кадам катары Пекиндеги бийликтер кытайдын валютасы болгон юаньды бекемдеп, дүйнөлүк рыноктогу эң таасирлүү делген каражатка айландырышы зарыл. Азырынча юань эркин конвертациялана элек жана батыш валюталарына карата курсу мамлекеттик көзөмөл астында туруктуу болуп турат. Эгерде юань чынында эле эл аралык валютага айланып, таасирин күчөтсө, анда Кытай түзүп аткан АБИИ банкы бир топ батыш өлкөлөрүнүн колдоосу астында ийгиликке жетише алууга жол ачат. Буга өзү куруп, өзүнүн пайдасына иштеп келген азыркы эл аралык финансы системасынын автору болгон Кошмо Штаттары гана кошулбай, каршы турууга аракет

кылууда. Эгерде Кытай бийликтери юаньды дүйнөлүк резервдик валютага айлантып, доллар менен таймаша алгыдай максатты койсо, анда каражатты иштете тургандай финансы рыногу түзүлүп, күчтүү банктар жаралышы керек. Аны менен кошо саясый жактан маанилүү өзгөрүүлөр да ишке ашуусу зарыл. Аларга туруктуу укуктук база, азыркыдан ачыгыраак маалымат таркатуу иш-чарасы кирет, керек болсо өлкө демократиялык нукка бурулууга да мажбур болот. Мындай ойду дүйнөлүк экономика жана финансы адистери айтып чыгышты. Кытайдын амбициясы дүйнөлүк финансы системасын жаңы багытта өнүгүүгө алып келүү болсо, аны ишке ашыруу үчүн башка маанилүү өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу да керек болот.

*Бишкек, май, 2015-жыл*

## Кытайдын таасири күчөөр алдында

Миңдеген жылдык тарыхы бар жана азыркы учурда күч-алына келип турган Кытай таасирин тынымсыз күчөтүүдө. Мамлекет жетекчилигине 2012-жылы Си Цзиньпин келгенден бери «Экономикалык кур» аты менен белгилүү болгон жаңы көз караштагы Кытай саясаты Улуу Жибек жолундагы мамлекеттерди бириктирип, чогуу-чаран экономикалык жана транспорттук маселелерди чечүү үчүн жакындоосун шарттоодо. Акыркы 30 жылдан бери ишке ашырылып келаткан «кытай өзгөчөлүгү» аты менен белгилүү болгон саясат, «бир мамлекет – эки система» деген аттуу принципти ишке ашырууда. Бийликте компартия турганы менен, өлкөдө базар экономикасы үстөмдүк кылып, элдин мүмкүнчүлүгүн кеңейткен. Натыйжада кедейчилик 3 эсеге азайып, дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесин түзгөн «Форбс» журналы тизмеге кытайлык миллиардерлердин жетимишин киргизген. Азыр 1,3 миллиард калкы бар жана бир кезде экономикасы начар деп келген Кытай өтө тез ылдамдык менен өсүп, АКШдан кийинки кубаттуу экономикага айланды.

Чыгыш ажыдаары аты менен белгилүү болгон бул мамлекеттин өнүгүүсү ааламда көп нерсени өзгөрттү.

Биринчиден Кытай өзүнө керек боло турган жаратылыш байлыктарына, өзгөчө көмүртектүү энергияга ээ болгон заттарга, муктаждыгы күчөдү. Күчөп бараткан экономикасы токтоп калбасы үчүн Кытай зарыл болгон чийки мунай-затын араб өлкөлөрү менен Россиядан сатып алат. Андан сырткары Орто Азиядан чыгуучу газга да кызыгуусу чоң. Өзбекстан, Түркмөнстан жана Казакстан менен түзгөн газ келишими ондогон миллиардды түзгөн. Аны менен бирге соода-сатыкта Кытай дүйнөдө алдына эч кимди чыгарбай калды. Дүйнөдө импорттолуучу майда-барат товарлардын жарымынан көбү Кытайда чыгарылат. Акырындап отуруп Кытайдын оор өнөр-жайы да кулачын жайып, дүйнөлүк талаптагы сапаттуу автомашиналар менен техникаларды чыгарууга жетишип, космосту өздөштүрүүгө кадам шилтеди. Мынчалык тез ийгиликке жетишкен мамлекет, албетте, дүйнөдөгү экономикасы ири мамлекеттерди тынчсыздандырбай койбойт. Алардын арасында Кошмо Штаттары да бар. АКШнын эң чоң кабатырлануусун өз экономикасындагы ири делген компаниялардын акцияларынын кеминде эле 500 млрд долларлык бөлүгү Кытайга таандык болуусу туудурууда. Анын үстүнө Америкада сатылуучу товарлардын басымдуу бөлүгү Кытайдан чыгарылган. Азыр эми алдынкы технологиялык жетишкендиктер да Кытайдан чыгуусу күч алды. Батыш Европа өлкөлөрү да Кытай менен байланышын ирилетип, эки тараптык соода-сатык Кытайдын пайдасына иштөөдө. Бул мамлекеттер кайсы бир күнү алардын экономикасы Кытайдан көбүрөөк көз каранды болуп калуусунан чочулашат. Бирок кубаты өсүп бараткан чыгыш мамлекети менен алакасын чыңоого кызыкдар.

Жаратылыш байлыктары экономикасына абдан зарыл болгон Кытай түндүгүндөгү коңшусу Россия менен мамилесин 2013-жылдан бери абдан жакындатып, буга чейин тарыхта боло элек бийиктикке чыгарды. Орустардын мунай-затын 30 жылга алдыга сатып алуу келишими 2013-жылы түзүлүп,

анын баасы 400 млрд долларга чыккан. Албетте Россиянын мындай кадамга баруусуна АКШ жана Евробиримдик менен алакасынын салкынданышы, ал тургай экономикалык санкциялар түрткү болду. Эки мамлекеттин бири-бирине болгон кызыгуусунун себеби бир гана экономикалык муктаждыкта эмес, тарыхый алакада жатат. Улуу Ата-Мекендик согуштагы Жеңиштин 70-жылдык маарекеси Москвада салтанаттуу өткөрүлдү. Ага күтүлгөндөн аз болсо да, 20 мамлекеттин башчылары катышты. Кызыл аянттагы парад учурунда орус Президентинин оң тарабында Кытай лидери Си Цзиньпин менен анын жубайынын турушу дүйнөдө чоң кызыгууну жаратты. Бир жагынан бул Кытай Россияны колдоорун көрсөтсө, экинчи жагынан эки өлкө алакалары жаңы деңгээлге көтөрүлгөнүн көрсөттү. Статистикалык маалыматка караганда, орус-кытай соода көөлөмү 95 млрд долларга чыгыптыр. Эми 2015-жылдын жыйынтыгы менен бул көрсөткүч 100 млрд долларга чыгаруу болжолдонгон. Эл аралык абал татаалданган сайын Кытай менен Россия биргелешкен аскердик иш-чараларды да күчөтүүгө өтүп, таасирлүү мамлекеттерди ойлонтууга мажбурлоодо. Май айынын ичинде эки өлкөнүн аскер деңиз күчтөрү Жер Ортолук деңизинде биргелешкен машыгууну өткөрүп, АКШ менен Европа мамлекеттерин селт эттирип алды. Мындан 25-30 жыл мурун НАТО менен Советтик блокко кирген өлкөлөрдүн тирешүүсү болуп келсе, азыр ошол эле НАТО менен Россия-Кытай ортосундагы атаандашуу тирешүү деңгээлине чыккыдай болууда. Мунун артында Россия эмес, Кытайдын баардык жактан күчтөнүп баратышы турат.

*Бишкек, май, 2015-жыл*

## Шанхай кызматташтык уюму кеңейет

Кытай баштаган алты мамлекет кирген Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги жыйыны Россиядагы Башкортостанда деп белгиленген. Жыйындын күн тартибине бул мартабалуу

жана таасирдүү уюмга мүчө болуу үчүн көптөн бери кезекте турган Монголиянын өтүнүчүн канааттандыруу маселеси кирген. Азиядагы бир топ мамлекеттерге окшоп, Монголия ШОС деген аты менен белгилүү болгон уюмга кирүүгө кызыкдар экендигин башкалардан эртерээк билдирген. Бул өлкөнүн башка мамлекеттер менен аласа-бересеси, соода-сатыгы, катнашы күчөгөнү менен, чатактуу талаш-тартышы дээрлик жок. Тескерисинче, акыркы 20 жыл аралыгында монголдор коңшу Кытайга окшош «ачык эшик» саясатын жүргүзүүгө өтүп, көптөгөн көөлөмдөгү тышкы инвестицияларды өзүнө тарта алган. Аны менен кошо эле өлкө ичинде саясый чоң өзгөрүүлөрдү ишке ашырып, учурда демократиялуу жана парламенттик башкаруу системасын өнүктүрүүгө жетишкен. Көп партиялуулук орун алып, атаандашуу жолу менен мамлекет башчысы эл тарабынан шайланат. Улуу хурал аты менен белгилүү болгон парламенти демократиялык нуктагы көптөгөн тоскоолдуктарды басып өтүп, туруктуу иштей турган мамлекеттик бийлик бутагына айланган. Монголиянын экономикасы көз көрүнө өзгөрүп, карапайым калктын жашоо деңгээли өстү. Каражаттарын алып келип, өнөр-жайы менен жаратылыш байлыктарын иштетүүгө киришкен өлкөлөрдүн катарында Англия, АКШ, Япония, Австралия менен Канада бар. Аны менен бирге Монголия коңшу өлкөлөр менен да алакасын туруктуу жана эки тарапка тең пайдалуу нукка бура алган.

Географиялык жактан алганда Монголия дүйнөлүк эки ири мамлекет менен гана чектешет – түндүгүнөн Россия, түштүгүнөн Кытай. Бул эки өлкө болсо «Шанхай бешилтиги» деген коргонуу уюмун 2001-жылы Шанхай кызматташтык уюмуна айланткан жана анын негиздөөчүлөрү. Акыркы мезгилде Россия менен Кытайдын ортосундагы мамиле абдан жакындап, Кошмо Штаттары менен батыш Европа өлкөлөрүнүн жүргүзгөн эл аралык саясатына туруштук берүү үчүн аракеттенүүдө. Анын себептеринин бири, Украина маселесине байланыштуу батыш өлкөлөрүнүн Россияны кысымга алып, экономикалык, финансылык жана технологиялык санкцияларды

жарыя кылышы болсо, экинчи жагынан жыл өткөн сайын кубаты арбып бараткан Кытайга ири өлкөлөрдүн каршы тоскоолдуктарды жарата башташы болду. Шанхай уюмуна Монголиядан сырткары Индия, Иран, Пакистан, Афганистан, ал турсун аябай эле алыс турган Беларусь мамлекети да кирүүгө кызыгып жатканын билдирип, кезекке турушкан.

Ал эми бир топ жылдан бери көзөмөлдөчү статусуна ээ болгон Ирандын толук кандуу мүчө болуу ыктымалдыгы анча чоң эмес. Анткени бул мамлекеттин өзөктүк курал түзүү программасы боюнча көптөгөн мамлекеттер менен алакасы өнүгүүдөн алыс. Өз кезегинде ШОС проблемалуу мамлекеттер менен биригүүгө кызыкдар эмес.

Кээ бир эксперттердин баамдашынча, ШОС менен негизинен батыш мамлекеттери кирген НАТО уюмунун ортосундагы айырма саясатчылар гана эмес, саясый технологдорго даана көрүнбөйт. Себеби, мисалы, Афганистан ШОСтун көзөмөлдөөчү мамлекети статусуна ээ болгону менен, НАТОнун дээрлик толук көзөмөлү астында калган. Азиядагы АКШнын эң жакын шериги болгон Пакистан да дал ошондой статуска ээ, бирок ошол эле мезгилде Кытай менен да алакасы абдан тыгыз. Ал турсун НАТОнун толук кандуу мүчөсү болгон Түркия да, ШОСтун диалог боюнча шериги болуп эсептелет. Андыктан эл аралык алака татаалдашып бараткан учурда ШОСтун кезектеги жыйыны ушуга окшогон көптөгөн аралаш маселелерге туура баа берип, бир тараптуу чечимге келиши керек.

Учурда ШОС уюмуна Кытай, Россия, Казакстан, Кыргызстан, Таджикистан жана Өзбекстан кирет. Бул уюмдун максаты – мүчө болгон өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтык менен өз ара ишенимди бекитүү, саясый, соода-экономикалык, илимий жана маданий тармактарда эффективдүү кызматташуу, аймакта өз ара коопсуздукту, туруктуулукту, тынчтыкты камсыз кылуу маселелери.

*Бишкек, июнь, 2015-жыл*

## Качан Кытай G7 мүчө болот?

Дүйнөнүн эң өнүккөн АКШ, Англия, Германия, Франция, Италия, Испания, Япония өлкөлөрү G8 деген ат менен белгилүү болгон уюмга Россияны да кошуп келишкен эле. 2014-жылы Украина чатагына Россиянын кийлигишүүсү бар деген кине менен, АКШ баштаган батыш өлкөлөрү Россиянын бул уюмга мүчө болбой калганын жар салышып, чыгарып салганын маалымдашкан. Мурункудай G7 кайрадан айланган бул уюм тууралу Россиянын президенти Владимир Путин «кызыкчылыктары боюнча түзүлгөн кадимки эле клуб. Ага кирсең болот, чыгып кетсең да болот, эч бир милдеттер жок», деп айтканы да маалым. Муну менен орус президенти батыштын санкцияларына кабылгандан кийин Россия G7 кирген өлкөлөрдүн колдоосу жок эле жашоосун уланта алат деген эрктүү шилтемеси болгон. Чындыгында болсо санкциялар киргизилгенден бери Россиянын абалы бир топ оорлой түштү. Украинадагы чатактын себеби Россия эмес, дал ошол G7 өлкөлөрүнүн мүчөлөрү Киевдеги төңкөрүштү уюштурганы тууралуу айтылган Россиянын сөзү эч бир натыйжа бербеген соң, Москва батышка каршы өз санкцияларын киргизген. Натыйжада эки тарап тең чоң кыйынчылыктарга учурап, бир топ биргелешкен проектилер токтоп, залакасы карапайым элге катуу тийүүдө.

Ошол эле мезгилде АКШ өзүн мурдагыдай эле дүйнөлүк эң күчтүү мамлекет катары сезээрин улантып, Коргоо министри Эштон Картердин сөзү менен «Биз эл аралык укук жол берген жерлерде учууну, сүзүүнү жана түрлүү операцияларды өткөрүүнү уланта беребиз» деп, Кытай тарапка мээлеп айткан жери бар. Күн өткөн сайын экономикалык гана эмес, аскердик жактан да күчтөнүп бараткан Кытайдын акыркы убактагы кадамдарына тоскоолдук кылуу үчүн АКШ түрлүү ыкмаларды колдонууга өтүүдө. Алардын опурталдуулукка жакын ыкмасы, Чыгыш Кытай деңизиндеги жана жалпы эле Индо-Кытай аймагындагы Кытайдын активдешип баратканына тоскоолдук кылуу үчүн деңиздеги аскер күчтөрүнүн машыгууларын

өткөрүүсү Пекинге карай жасалган атайын кадамдар катары бааланышы бекеринен эмес. Ошол эле мезгилде Вашингтон Кытайга карата дипломатиялык жол менен да алака түзүп, өзүнө жакындатуу аракетин улантууда. Россияга көбүрөөк ыктаган Кытай жетекчилигин өзүнө тартып, мүмкүн болгон учурларда расмий иш-чараларга чакырып, түрдүү эл аралык кеңешмелер менен кездешүүлөрдө өзгөчө көңүл буруп, анын орустарга болгон позициясын өзгөртүү аракеттери кылынууда.

Акыркы мезгилде Пекин Россияга каршы киргизилген батыштын санкцияларын колдобой тургандыгын билдирип, тескерисинче Улуу Жибек жолунда жайгашкан 65 өлкөнү камтыган «Экономикалык кур» аты менен чыккан жаңы проектиге Россияны биринчилерден болуп тартууга жетишти. Буга окшогон кадамдар батыш менен АКШга каршы багытталбаса да, G7 кирген өлкөлөр менен алакасын азырынча бир деңгээлде кармап туруу аракети деп бааласа болот. Ал эми АКШ менен батыш өлкөлөрү G7 бош калган Россиянын ордун Кытайга берүүгө кызыкдар экендигин, аны кабыл алуу менен Кытайды өз саясатына жакындата алууга кадам жасалаарын жакшы түшүнөт. Бирок мындай кадам эртеби-кечпи жасала турганын жакшы түшүнгөн Кытай шашкандай сезилбейт. Ансыз деле дүйнөлүк аренада Кытай Россия менен бирдикте жаңы экономикалык күчтүү уюм түзүүгө жетишип, БРИКС деген аты менен белгилүү бирикменин аброюн арттырды. Ал эми Шанхай уюмуна кирем деген өлкөлөрдүн арасында жаңыдан күч алып бараткан Индия, Түркия окшогон мамлекеттердин кызыгуусу G7 уюмунун кадыр-баркын арттырбастан, түшүрүп коюуга алып келиши ыктымал. Ансыз деле G7 кирген кээ бир өнүккөн Европалык мамлекеттердин Кытай Дүйнөлүк банкка атаандашып түзө баштаган Азиянын инвестициялык жана инфраструктуралык банкынын негиздөөчүлөрү болуп кириши G7нин биримдүүлүгүнөн шек туудурду. Бирок Кытай Россия үчүн G7 баш тартып, бир тараптуу болот деп эсептөөдөн алыс болуш керек. Кытай, башка өлкөлөрдөн айырмаланып, беш-он жылдык

стратегия менен эмес, өзүнүн кызыкчылыгын жүздөгөн жылдык стратегия менен ойлонуштураары маалым. Андыктан Кытай Москва менен алакасын жакындатса да, биринчи иретте өзүнүн түбөлүк кызыкчылыгын алдынкы орунга коёт.

*Бишкек, июнь, 2015-жыл*

## Көңүлү калгандарды көбөйткөн Кытай

Дүйнөлүк рыноктогу түзүлгөн кырдаал күн өткөн сайын татаалдап баратат. Америка Кошмо Штаттарынан ашып, экинчи ири экономикага айландым деп кубанып жаткан Кытай, учурда дүйнөлүк кризистин башатында тургандай сезим калтырууда. Эң абройлуу экономисттер рынок механизмин киргизип, мамлекеттин кийлигишүүсү жок эле экономиканын өз алдынча өнүгүүсүнө жол ачкан Кытай бийлигине улуттук валюта болгон юаньдын курсун эркин коё берүүнү сунуштап келишкен. Кытай бийлиги саясый башкарууну коммунисттик партияга берип, ал эми чарбалык өнүгүүдө рыноктук эрежеге өтүүнү көздөп, аны ишке ашырууга аракет кылып келген. Бирок финансы жаатында бийликтегилер юаньды базар наркы менен баалабастан, өзүлөрүнө жарашыктуу жана коомду социалдык чыңалууга жеткирбей туруу максатында бир деңгээлдеги курста кармап келген. Акыркы бир жылдын ичинде дүйнөлүк соода-сатыкта Кытайдын үлүшү өскөн сайын анын таасири күчөп, юаньдын баркы да көтөрүлгөн. Кризиске чейинки бир АКШ долларынын курсу 6 юаньдын тегерегинде болуп келсе, акыркы бир айдын ичинде бул катнаш өзгөрүп, юаньдын наркы 20 пайызга арзандап кеткен. Натыйжада өзүнөн чыккан товарларды экспорттоодон түшкөн киреше көбөймөк. Бирок ошол эле кезде юаньдын наркынын түшүшү менен дүйнөлүк ири компаниялардын акцияларынын баасы да арзандап, Кытайдын топтогон алтын-валюталык резерви азая түштү. Бул процесс бумеранг катары кайра эле батыш өлкөлөрү менен АКШдагы

экономика-финансылык абалга кедергисин тийгизди. Эң негизги көрсөткүч – дүйнөлүк рыноктогу мунай-зат менен газга болгон баанын кескин түшүп кетиши чоң роль ойноду.

2015-жылы 1 баррель мунайдын баасы 43-45 доллардын тегерегинде болду. Ал эми бир жыл мурун анын баасы 100 доллар болуучу. Мунун негизги себеби араб өлкөлөрүндө чыгарылган мунайдын көөлөмү азайбай, бир калыпта тургандыктан, ага болгон муктаждык да өскөн эмес. Ал эми бааны өз пайдасына көзөмөлдөп турган америкалык ири компаниялар АКШнын өзүндө сланцтан чыгарылуучу мунайдын көөлөмүн көбөйтүү аркылуу өз муктаждыгын гана канааттандырбастан, ашыгын Европа мамлекеттерине да чыгарууга жарап калды. Мунайга болгон бааны түшүрүүнүн максаты – дүйнөдө мунай өндүрүүчүлөрдүн арасында экинчи орунда турган Россияга кысым көрсөтүп, анын Украинага болгон көз карашын өзгөртүү.

Бирок бир жаатта башталган процесс билгизбей туруп, Россияга жакын болсо да, саясый жактан бейтарап болуп келген Кытайга финансылык жактан катуу тийди. Мында 3 жыл мурун бийликке келген Си Цзиньпин өлкөдө «рыноктук реформаларды» жүргүзүү милдеттенмесин алган.

Анын натыйжасында Кытай инновацияларды киргизүү менен дүйнөдөгү ишенимди жаратуу аркылуу супер-өлкөгө айлана тургандай максатты алдыга койгон. Бирок азыркы Кытай бийлиги бир топ багыттарда бийлик өз механизмин өлкөдөгү рынок алакасын бекемдетүү үчүн эмес, бийликтин күчүн бекемдетүү багытын алганы сырттагы адистерди таң калтырууда. Учурда Кытай бийлигинин кубаты күткөндөн алда канча тайыз экенине көзү жеткен мамлекеттер Кытайдын күчтүү экономикасы менен потенциалына ишенимин азайтууга мажбур болууда. Эгерде буга чейин Азия континентиндеги бир топ мамлекеттер Кытайдан инвестициялык жана финансылык гана жардам албастан, өнүгүүнүн үлгүсү катары карап келишсе, бир гана мунай-затынын баасынын өсүшүнөн өзүнүн улуттук валютасынын курсун туруктуу сактай албагандыгын көрүп, көңүлдөрү пас боло баштады. Кытайдын экономикалык

реформаларына болгон ишеним да азая түштү. Акцияларына Кытай ээлик кылган ири компаниялардын рейтинги төмөндөп, баасы арзандашы абалды ого бетер начарлатты. Ири адистердин айтуусунда Кытай өзүнүн финансылык тармагын көзөмөлдөп туруунун ордуна юаньдын курсун эркин коё бериши зарыл. Ошондо гана бийликтин аралашуусу жок Кытай экономикасы өзүнүн табигый өнүгүү жолуна чыгып, рынок талаптарына ылайыктуу юаньдын курсун таап чыгат. Мындай чакырыктарга Пекиндеги бийлик кулак төшөп, юаньды эркин жүгүртүүгө адегенде макулдугун берген. Натыйжада анын курсу арзандаган. Бул процесс күчөп кетишинен корккон Кытай бийлиги 3 күндөн кийин кайра юаньдын курсун бекитип, аны кармап туруу үчүн валюта рыногуна 90 млрд долларлык интервенция кылууга мажбур болгон. Бирок андан оң натыйжа чыкпастан, Кытайдын эң ири соода биржасы болгон «Шанхай копмозиттин» индекси 2007-жылдагы деңгээлге түшүп кетти. Ал эми бул биржанын индекси бүт Кытайдын экономикасынын абалын көрсөтүп туруучу көрсөткүч.

Жакында Си Цзиньпин АКШга расмий иш сапары менен барганы турат. Бирок Кытайдын азыркы абалы оңолбосо, Барак Обама менен боло турган сүйлөшүү оң жыйынтык бербейт. Себеби юань рынокто эркин чуркай турган болбосо, анда эки тараптын экономикага болгон көз караштары дал келбейт. Ал эми Кытай лидери болсо, юаньдын курсунун түшүп кетишинен социалдык кырдаал курчуйт деп кооптонуп, андай кадамга батына албай турат. Ошол эле кезде бир башталган девальвациялык процесс Кытайдын талуу жерин көргөзгөндүктөн, андан туруктуу бир абалга чыгууга абдан кыйын болушу ыктымал. Анын үстүнө дүйнөлүк кризистик абалдан салыштырмалуу соо чыгайын деп калган АКШ, Пекиндин Россияга ыктап жатышын жактырбайт жана колдон келишинче Москва менен болгон алакага көлөкө түшүрүүгө кызыкдар.

*Бишкек, август, 2015-жыл*

# Кытай: Батыш менен Россиянын ортосунда

Идеологиялык жактан суук согуш учурундагы тирешүү СССРдин тарашы менен аяктаган соң саясатта жаңы шартты жараткан. ИГИЛ аттуу исламчыл террористтик уюм мусулман өлкөлөрүн аралап, акырындап отуруп Борбордук Азияга чейин таралууга шарттын жаралышы, аны менен кошо эле Афганистандан АКШнын аскер күчтөрүнүн чыгарылышы абалды ого бетер күчөттү. Дал ушундай кырдаалда Россия менен Украинанын ортосундагы мамиленин начарлашы Россияга каршы АКШ менен батыш өлкөлөрүнүн экономикалык жана финансылык санкциялардын киргизүүсүн шарттаган. Мындай санкциялар башында Россиянын экономикасына катуу тийип, ар-кыл ойлор менен божомолдорду жараткан. Бирок орус бийлиги мындан 15 жыл мурун эле, Владимир Путин бийликке жаңыдан келген мезгилден тарта «финансылык жаздык» аттуу каражат топтоо чарасын ишке ашырууга киришкени маалым. Бирок андай «жаздыктын» максаты санкцияларга туруштук берүү болот деп божомолдонгон эмес. Негизги кооптонууну дүйнөдөгү мунай затына болгон өтө бийик баанын кескин түшүп кетүүсүнөн болот деп баамдалган. Айткандай эле нефтинин баасы акыркы 2 жылдан бери эки эсе арзандап, 100 доллардан 50 доллардын тегерегине чейин түшүп кетти. Натыйжада экономикасын каражат менен камсыз кылуучу тармак катары эсептелген мунай затты экспорттоодон түшкөн каражат кескин азайып кетти. Ушундай учурда Россиянын нефтини сатуудан топтогон 550 млрд доллардан ашуун каражат топтогон Фонддун мааниси өсүп чыккан. Жоготууларды компенсациялоого кеткен каражаттан калган сумма азыр Фонддо 340 млдр долларга чейин түшүп кеткен. Ал эми батыштын буга кошумча соккусу катары, ири банктардан алынып туруучу кредиттик каражат да солгундап, аны менен кошо батыштын өндүрүш үчүн зарыл болгон жаңы технологиялардын да агымы кыскарды. Россиянын рыногу чоң болсо да, алар менен алаканы начарлатуудан батыш өзү да

жабыркап жатышы Россияга каршы чыккандарды токтоткон жок. Алардын негизги максаты Россиянын эл аралык майдандагы күчөп бараткан таасирин азайтып, орустардын амбициясы менен агрессивдүүлүгүн ооздуктоо болуп эсептелет. Бирок Москвадагы бийлик кырдаал канчалык курчубасын, батыш менен АКШнын дүйнөлүк коомчулукту өз эрежелери менен жашоого мажбурлоосуна каршылыгын басаңдатпастан, тескерисинче, күчкө каршы андан да чоң күч чыга алат деген принципке өттү. Сириядагы исламчыл террористтерге каршы батыш өлкөлөрү менен АКШ бир жылга жакын убакыттан бери абадан сокку уруу аракети эч бир тараптын кооптонуусун жаратпастан, расмий бийликке гана жоготууларды алып келип, анын реакциячыл исламчыларга каршы күч аракетин басаңдатып келген. Сентябрдын аягында Сириядагы согушта батыштын аракеттеринен расмий аскер күчтөрүнөн башкалар эч жабыркабай жатканын баамдаган Россия ИГИЛге каршы өзү абадан сокку ура баштаган. Анда да Москва Дамаскидеги Башар Асадтын бийлигинен атайын жардам сурап, кайрылуусунан кийин чечим кабыл алган. Орустардын аба учактары эффективдүү сокку ура башташын далилдеген фактылар көп чыгууда. Кээ бир маалымат каражаттарынын айтуусунда ИГИЛдин арасында баш-аламандык жаралып, Сириядан чыга качкандар да байкалган. Аны менен кошо АКШ менен батыш орустардын соккусунан ИГИЛден мурун Башар Асадка каршы чыккан оппозициялык күчтөр да жабыркап атат деген таризде күнөө коюп чыгышы, Сириянын мыйзамдуу бийлигине каршы согушуп жаткандар да абадан катуу сокку жеп жатышын айгинелейт. Эгерде абал ушу бойдон улана берсе, Сириянын өкмөттүк күчтөрү каршылаштарын акыр-аягы жеңип чыгуусу ажеп эмес деген серепчилер да жок эмес. Ал эми Россиянын куралдуу күчтөрүнүн кубаты зор экенин баамдаган батыш менен АКШ азыр алдастап, кандай мамиле кылуу зарылдыгын билбей турган кези.

Дал ушундай маалда дүйнөдө биринчи болбосо да, экинчи кубаттуу экономикага айланган Кытайдын жетекчиси Си

Цзиньпин Англияга 4 күндүк расмий иш сапары менен келди. Буга чейин Кытайдын жетекчилиги Англияга 10 жылдан ашык убакыттан бери келе элек болчу.

Учурдагы татаалдашып бараткан кырдаалда Си Цзиньпиндин бул сапары эки тараптык эле мааниге ээ болбостон, дүйнөлүк деңгээлде көңүл буруучу окуяга айланды. Анткени бир жагынан Улуу Жибек жолун жаңыртуу максатын көздөгөн Пекин Россия менен алакасын бийик деңгээлге көтөрүп, анын маанилүү шериги катары таанымал. Украинага байланыштуу окуяларда Кытай бейтараптыгын көрсөтүп, эч бир позициясын билдирбей келгени менен, орустарга каршы киргизилген санкциялар оң жыйынтык бербейт деген көз караште экендигин жашырбай келет. Андыктан учурдагы сапарында да дүйнөлүк өнүгүү багытын баарына пайда алып келгидей кылыш үчүн көз караштарды бириктирүү зарылдыгын айтып чыгышы мүмкүн деген көз караш бар. Си Цзиньпин буга чейин АКШга барып, ал жерде БУУда чыгып сүйлөп, президент Барак Обама менен да сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Анда негизги маселе Россия да эмес, Сирия да эмес, эки тараптык алакалар менен интернет жаатында кызматташып, анын коопсуздугун камсыз кылууда чогуу-чара иш кылуу боюнча сөз болгон. Азыр да Англиянын премьер-министри Дэвид Камерон менен сүйлөшүү учурунда эки тараптык алака тууралуу сөз болду. Аны менен кошо дүйнөлүк маселелер да талкууга алынган. Анын мазмуну коомчулукка толук чыкпаса да, серепчилердин баамында Европа менен Россиянын ортосундагы алаканы жумшартып, жылуу бир деңгээлге алып чыгууга Кытайдын сабырдуу позициясы менен ортомчулугу чоң салым кошушу ыктымал. Себеби Кытайдын Улуу Жибек жолундагы жаңыдан жарыяланган «Экономикалык кур» аттуу демилгеси батыш Европаны да камтыган жана аны ишке ашыруу үчүн Россиянын катышуусу абдан маанилүү. Ал эми алардын ортосундагы алака азыркыдай салкын бойдон тура берсе, анын кесепетин Кытай да сезе баштайт. Андыктан кыска мөөнөттө батыш менен Россиянын мамилесин бир

калыпка келтирүү Пекиндин бирден-бир кызыккан маселеси. Тилекке каршы Англияда айтылган сөздөрдө, батыштын санкциялары Россиянын украиналык кризистеги позициясы өзгөрмөйүн алынбайт деген маанидеги көз караш байкалып турат. Эгерде батыштын ээлеген позициясы өзгөрүүсүз кала турган болсо, анда Пекиндин айтуусу боюнча, дүйнөлүк жалпы кырдаал да чыңалуусун азайта албайт. Ал эми орус президенти Владимир Путин Сириянын президенти Башар Асадты Москвада кабыл алгандан кийинки кыймылдары, анын өз күчүнө толук ишенгенин айгинелейт. Ал турсун кыска мөөнөттө Сауд Арабиясынын королу, Иорданиянын королу, Египеттин президенти менен телефон аркылуу сүйлөшүп, Сириядагы кырдаалды талкуугa алганы, анын позициясы бекем экендигин далилдейт. Ошол себептен Украинадагы кырдаалга байланыштуу орус тарабынын позициясы эч бир өзгөрүүсүз кала бериши ачык эле көрүнүп турат.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## Юань – элиталык валютага айланды

Дүйнө жүзүндө эң күчтүү жана баардык жерде бааланган акча каражаты катары АКШнын доллары саналат. Бул акча баардык өлкөлөрдө кабыл алынып, байлыктын да, мамлекеттердин экономикалык алын да көрсөтүүчү бирдик катары эсептелет. 1970-жылдарга чейин АКШ долларынын наркы алтын менен ченелип келген. Ошого жараша анын баасы да өзгөрүп турган. Дүйнөлүк экономика абдан күчтүү өнүгүп, өзгөчө өнөр-жай жана өндүрүш жагы күчөгөн сайын, ага зарыл болгон күйүүчү майдын наркы өсө баштаган. Ошондуктан 1970-жылдары АКШ акырындап отуруп, дүйнө жүзүндөгү бир топ мунай-зат кени мол мамлекеттерге көз сала баштаган. Аларды өзүнө тартып, өз экономикасынын өсүшүнө зарыл болгон нефтинин бир топ бөлүгүн өз жерине

тартууга аракетин күчөткөн. Ошо кезде АКШнын негизги эл аралык аренадагы атаандашы СССР болчу. Мунай-затка абдан бай болгон Советтер Союзу экономикалык өсүшүнүн басымдуу бөлүгүн чийки мунайды сатуу аркылуу ишке ашырып келген. Мунай-зат рыногунун негизги бөлүгүн өзүнө карата алган АКШ акырындап мунайга болгон бааны түшүрүп, анын баасы СССР жоюла турган жылдары бир баррели 6-8 долларга чейин түшүп кеткен. Анын натыйжасында килтейген экономикага ээ болгон ири мамлекет СССР 1991-жылы жоюлууга дуушар болгон. Чоң саясаттан коммунисттик держава чыгарылгандан кийин, анын мураскору катары калган Россия бир топ жылы кыйналып, нефтинин баасы көтөрүлө баштаганда жана андан түшкөн кирешени туура колдоно баштаганда гана экономикасын өстүрүүгө мүмкүнчүлүк алган. Ал эми мунай-заттын мааниси өскөн сайын, ага байланган АКШ долларынын наркы да көтөрүлүп отуруп, ал бүткүл дүйнөлүк валютанын эң универсалдуу каражатына айланып кеткен. Мунай-зат экспорттогон өлкөлөр кыска убакыттын ичинде Россияга окшоп, тапкан кирешесин көбөйткөн. Ал эми мунай-затын импорттоого аргасыз болгон өлкөлөр, алардын арасында эң өнүккөн мамлекеттер менен кошо Кытай да болгон, экономикасын токтотпоо үчүн бир баррель 140 долларга чыгып кеткенде да сатып алууга аргасыз болгон. Ал эми экспорттоодон тапкан кирешесин абдан эффективдүү колдонууга өткөн АКШнын эң күчтүү атаандашы Россиянын күчөп баратканын байкаган Вашингтондогу бийлик аны кантип алсыратуу жолун табууга аракет кылып, нефтинин баасын кыска мөөнөттө төмөн түшүрүүгө чоң аракет жасады. Натыйжада АКШда сланцалык нефть өндүрүлүп, жаратылыш нефтисинин баасы учурда 140 доллардан 46 долларга чейин түшүп кетти. Анын кесепетинен Россия акыркы он жылда Резервдик фондго жыйнаган 530 млрд-дан ашык доллар каражаттын үчтөн бирин өзүнө каршы киргизилген санкциялардын таасирин азайтуу үчүн жумшоого аргасыз болгон. Азыр да америкалыктардын аракетинин аягы көрүнө

элек. Ал турсун эл аралык кырдаал жаңы чыңалууга дуушар болуп, ага да Россия кириптер болуп турат.

Дал ушундай маалда, негизинен АКШ көзөмөлдөп туруучу, Эл аралык валюта кору элиталык дүйнөлүк валютанын курамына Кытайдын валютасы юаньды киргизе турган чечимин жарыя кылды. Муну менен бул ири финансылык уюм Кытайдын финансы-экономикалык салмагынын өскөнүн тааныгандыгын билдирди. 2016-жылдын сентябрь айынан тарта Кытай акчасы юань доллар сыяктуу эле баардык эл аралык финансылык операцияларда эч тоскоолдугу жок колдонууга алынат. Натыйжада Эл аралык валюта кору Кытайдын экономикасы эл аралык масштабдагы таасирлүү күчкө айланганы расмий ирет таанылды. Буга чейин мындай статуска АКШ долларынан сырткары евро, англиянын фунту жана япониянын йени гана ээ болчу.

Бул ийгиликке жетишиш үчүн Кытай бир топ жыл аракет кылып, Валюта корунун талаптарын аткарыш үчүн кошумча иш-чара жүргүзүүгө аргасыз болгон. Анын бири жана мүмкүн эң маанилүүсү, юаньдын үстүнөн көрүлүүчү катуу көзөмөлдөөнү басаңдатуу болчу. Быйыл жайында ал көзөмөл үч күнгө алынганда юаньдын наркы 3 пайызга чейин түшүп кеткен. Анын уландысы катары бир топ ири компаниялар менен биржалардын наркы ылдыйлап, финансылык өйдө-төмөндөн чоң тополоң чыга келген. Ошондон кийин Кытай кайрадан юаньдын наркын көзөмөлгө алып, анын курсун 1 АКШ долларына карата 6,4 юаньдын деңгээлинде кармап турууга өткөн.

Валюта кору юаньдын курсунун бир аз гана өзгөрүшүү дүйнөлүк рынокко чоң таасир эте алаарын эске алып, Кытайдын туруктуу өнүгүүсү бүтүндөй дүйнөгө маанилүү экендиги айгинеленди. Валюта кору ири өлкөлөрдүн Борбордук банктарынын юаньга карата мамилесин байкап, Кытай акчасы азыр дүйнөдөгү эң туруктуу валютага айланып баратканын, ошол себептен аны дүйнөлүк соодада эркин колдонууга боло турганын баамдады. Ал эми аны элиталык валюта катары таанылгандыгы, анын ишенимдүү каражатка айланганын

тастыктайт. Мунун артында Кытайдагы акча-каражаты жана финансылык системанын реформалануусу ийгиликтүү болуп жатканын көрсөтүп, анын натыйжасында туруктуу валюта катары юань дүйнөлүк финансы системасынын өсүүсү жана экономиканын туруктуулугун күчөтө алуусу турат.

Экономика жаатындагы серепчилер Валюта корунун чечиминин артында Европанын таасиринин басаңдап баратышы турат деп баамдашууда. Алардын айтуусуна караганда учурда юань ээлеген позициясын күчөтүп атса, евро тескерисинче алсырап баратат. Эгерде юань элиталык валютага айланып, эл аралык төлөмдөргө колдоно тургандай деңгээлге көтөрүлсө, анда эл аралык карыздарды төлөөлөр юаньда жүргүзүлүп, карыз болгон мамлекеттер наркы өсүп бараткан валюталарда карызын төлөбөстөн, туруктуу юань менен төлөй алышмак.

Кытайдын жетекчиси Си Цзиньпин юаньдын аброюнун өсүшү эл аралык валюта системасын бекемдеп, финансы системасын азыркыдан туруктуураак абалга алып келмек деп айтып чыккан. Ошол эле кезде Валюта корунун чечими Кытайдагы экономикалык реформалар аяктаганын билдирбейт. Кытай дагы эле мурдагыдай өзүнүн финансы-каражат системасын толугу менен көзөмөлдөп турат. Анын үстүнө батыш өлкөлөрү Кытайдагы адам укугуна байланыштуу сын пикирин азайта элек, ал эми бийликтеги компартия сот жана бийлик чечимдеринин аткарылышын катуу көзөмөлдөөсүн басаңдата элек.

Акыркы кезде абдан популярдуу таасир кылуучу ыкма катары экономикалык санкциялар юаньдын кириши менен, кээ бир авторитардык жана чектөөлөрү күчтүү мамлекеттерге карата таасирлүү болбой калышы ыктымал деген чочулоолор да жок эмес.

Ошентсе да, юань элиталык валюталардын катарына кошулушу Кытайдын акыркы он жылдыкта экономикалык өнүгүүдө жетишкен ийгиликтери талашсыз экендигин далилдеген факт катары кала берет.

*Бишкек, декабрь, 2015-жыл*

# Кытай Россияны айланып өтүүгө аргасыз

Кытайдын экономикалык кубаты күчөгөн сайын, өзүндө чыккан товарларды бүт дүйнөгө таратуу, коммуникациялык байланыштарды күчөтүү процесси менен алек боло баштады. 2013-жылы Кытайдын жетекчиси Си Цзиньпин Борбордук Азияга расмий иш сапары менен келгенде, Астанадагы сүйлөгөн сөзүндө Улуу Жибек жолундагы «Экономикалык кур» проектисин сунуштап, ага дүйнөдөгү 60 ашык мамлекеттер кошулууга мүмкүнчүлүк алаарын жарыя кылган. Проект боюнча «Экономикалык кур» проектиси Улуу Жибек жолунда жайгашкан өнүгүп келаткан өлкөлөргө көмөктөшүүгө жол ачат. Анын эң маанилүү бөлүгү катары Кытай жетекчиси жаңы инфраструктуралык өзгөрүүлөрдү, анын ичинде биринчи иретте транспорттук инфраструктураны заман талабына жараша куруу максаты деп белгилеген. Жибек жолу Кытайдын Хайнань аралында жасалган жибек кездемелерин сатуу үчүн жаралган. Андан чыккан товарлар эки жол менен бүт дүйнөгө тарап турчу. Биринчиси – деңиз Жибек жолу болуп, ал Тынч океандан Индия океанына, андан соң Атлантика океанынын жээгинде жайгашкан Европа мамлекеттерине чейин чыккан. Экинчиси болсо – Кытайдын материктик бөлүгү аркылуу Орто Азияга, андан кийин Казакстан аркылуу Россияга, Европага чыкчу. Анын дагы бир бөлүгү Казакстандан кийин Персияга, азыркы Иранга чейин кумдуу чөлдөрдү аралап өтчү. Азыркы учурда бул жолдун мааниси темир жолу өнүккөндүктөн баалуулугу жагынан өсүп баратканы менен, заман талабына жетпей жатканы байкалган. Ошого байланыштуу Кытай жетекчилиги ааламдашуу мезгилиндеги талаптарга ылайык Жибек жолун Россия аркылуу гана эмес, аны айланып өтүүчү варианттарын да караштыра баштаганына көп болду. Бул көз карашты ишке ашырууда Кытай 2016-жылдын февраль айында Борбордук Кытайдан чыккан товардык поездди Казакстан аркылуу Түркмөнстанга, андан соң Иранга чейин чыгара алды. Ал эми Иран Индия океанындагы Перс булуңуна

жээктеш болгондуктан, андан ары товарды эки жол менен алып кетсе болот. Биринчиси кыскараак суу аркылуу, экинчиси – Ирандан кийин турган Азербайжан, Түркия аркылуу Европага алып чыгууга жол ачат. Россия аркылуу ташыганга караганда товарлардын жолдо жүрүү мөөнөтү бир жумадан эки жумага чейин кыскарат. Экинчиден бажылык төлөмдөр азаят, үчүнчүдөн Борбордук Азия өлкөлөрү менен түз транспорттук байланыш күчөйт. Россия аркылуу өтүүчү товарлар үчүн транспорттук төлөмдөр чоң каражатты талап кылып келсе, азыр андай чыгашалар азаярын адистер тактап чыгышкан.

Мындай проектинин саясый жактан мааниси да чоң. Россия Борбордук Азия чөлкөмүн өзүнүн кызыкчылыгы күчтүү болгон аймак катары сактап калуу аракетин тындырбай келатат. Ошол эле кезде азыркы учурдагы Россиянын экономикалык жана финансылык күч-кубаты Кытайдыкы менен тең-тайлаша албайт. Андыктан Борбордук Азиядагы ири өнөр-жай проектилерин ишке ашыруу аракеттери максатына жете элек. Россия бир Кыргызстанда ГЭСтерди курууга делген каражаттарды таппай калгандыктан, эки тараптык келишимдер токтоого аргасыз болгон. Ал эми Кытай болсо ошол эле Кыргызстанда бир топ маанилүү проектилерди ишке ашырып, жалпы суммасы 1,6 млрд долларлык каражатты инвестициялаган. Азыр эми гидро-электр станцияларын да курууга зарыл болгон каражатты табууга чамасы жетиштүү. Мындай абал бир эле Кыргызстанда эмес, башка аймактык өлкөлөрдө да байкалат. Мисалы Казакстан Кытайдан чыккан сегиз катардуу автомагистралды Россияга чейин куруп, анын пайдасын көрүүгө жол ачкан. Жүк ташуучу автоунаалар товарларды Кытайдын шаарларынан Европага чейин токтоосуз алып барууга жөндөмдүү жол Россиянын Оренбург аймагына келип такалып калды. Мунун себеби Россиянын каражат жагынан кыйналуусу жүйөө катары көтөрүлүшү бир себеп болсо, экинчиси Кытайдын тез өнүгүүсү орус бийлигин кызганууга түртүп аткандай сезилет. Ошол себептен жолдун бир нече жылдан бери курулбай келатышы бут тосуу менен барабар деп бааласа болот.

Ушуга окшогон себептерден улам Кытай жүк ташууда Россияга альтернатива боло ала тургандай жолдорду издөөгө аргасыз. Анын бири Борбордук Азия аркылуу өтүүчү Улуу Жибек жолу. Бул проектинин аймактык өлкөлөргө алып келе турган чоң олжосу – транспорттук тұңгуюктан чыгууга жол ачып, Кытай менен да, дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен да соода-сатыкты түз жүргүзүүгө чоң мүмкүнчүлүк берет.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

## Кытайдын Орто Азиядагы «Чоң оюну»

«Чоң оюн» аты менен белгилүү ири саясый концепция XIX кылымдан бери дүйнөлүк ири мамлекеттердин Борбордук Азия чөлкөмүнө карата мамилесин даана билдирип, бул аймактын мааниси көөлөмдүү экендигин көрсөтүп келет. Англия баштаган бул оюн Индия аркылуу Орто Азияга батыш өлкөлөрүнүн таасирин кеңейтүү максатын көздөгөн. Жаратылыш байлыгы менен эле кызыктырбастан, Орто Азия чөлкөмү аларды жайгашкан геостратегиялык орду менен абдан кызыктырган. XIX кылымда эле мамлекеттер ортосундагы алака географиялык жактан өз таасирин кеңейтүүнү көздөгөн. Ошо кезде империялык кубаты күчтүү болгон Англия түштүк Азияны толугу менен өз көзөмөлүнө алып, азыркы Пакистан жана Индияны 1945-жылга чейин башкарып келген. Англия таасирин түндүккө кеңейтүү максатында адегенде Афганистанды өзүнө карaтып, ал аркылуу Орто Азияга чыгууну пландаштырган. «Чоң оюн» стратегиясы ошо кезде дарамети башка күчтүү өлкөлөрдүкүнөн кем калбаган Россия менен жер талаш аракетинен келип чыккан. Россия Англиянын аракетине жооп катары, Орто Азия аймагын афган жерине чейин өз көзөмөлүнө алууга үлгүрүп, эки империя азыркы Орто Азиянын түштүк чек арасында такалган бойдон өзгөрбөй турат.

Акыркы мезгилде бул аймактын мааниси өсүп, аны өз карамагына тартып алуу аракети кайра жанданды. Айырмасы мурун күчтүү делген Англиянын ордуна Евробиримдик бир жагынан чыкса, экинчи жагынан Америка Кошмо Штаттары кошулду. Алардын көздөгөнү жалпы болгондуктан, бул экөөнүн Орто Азия боюнча талашы жок. Талашка биринчи иретте Россия катышып келет. Бир жарым кылымдан ашык убакыттын аралыгында Россия бул аймакты толугу менен өзгөртүүгө жетишип, Совет бийлигинин колу менен аймактагы көптөгөн улуттарды караңгылыктан чыгарып, агрессивдүү диндин таасиринен алыстатууга жетише алган. Совет мезгилинде азыркы беш көз каранды эмес мамлекет түптөлүп, алардын өнүгүү жолу 1991-жылдан тарта эгемендик менен коштолду. Дал ошол себептен бул аймактагы өлкөлөрдү Россиядан алыстатып, өзүнө жакындатуу аракети «Чоң оюн» стратегиясын жаңы өңүттө жандантты. Учурда Россиянын таасири астында Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан башкалардан көбүрөөк калган. Түздөн түз батыш менен жакындабаса да, Россиядан алысыраак болууга аракет кылып келгендерге Өзбекстан менен Түркмөнстан кирет. Жаратылыш байлыктары көп, Россия менен жалпы чек арасы жок бул өлкөлөр өз алдынча саясат жүргүзүүгө аракет кылышат. Түркмөнстан «бейтарап» мамлекет катары БУУ тарабынан таанылган. Ал эми калкынын саны боюнча аймакта биринчи орунда турган Өзбекстан өзүнчө тандап алган жол менен өнүгүүгө бет алган.

Бирок эл аралык чоң саясаттын айынан бул аймакка кызыгуу жыл сайын күчөп, Орто Азияга көз-кырын салып, өзүнө тартып алуу аракетин биринчи иретте Кытай активдүү кыла баштады. Аймакка Түркия да абдан кызыгаарын көрсөтүп, байланышты күчөтүүгө аракеттенип келет. Алыстагы Япония да Орто Азияга кызыгаарын жашырбайт. Ушу тапта Индия менен Пакистан аймактагы процесстерге аралашууга аракеттенүүдө. Ушундай шартта аймактагы беш өлкөнүн төртөө - Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан – Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө болуп киришкен. Натыйжада

Кытай менен алака бүт аймакта тереңдеп, ал жактан келе турган инвестициялар көбөйдү. Финансылык жактан алганда Россиянын азыркы мүмкүнчүлүгү тартыш болгондуктан, «Чоң оюндун» ири оюнчусу катары Кытай алдыга чыга келди. Каражат жана соода-сатык менен эле чектелип калбастан, Кытай эми бул аймакта башкалардын таасирин чектөө аракетин да көрө баштаганы байкалат. Улуу Жибек жолу стратегиясы «Экономикалык кур» проектиси менен бекемделип, кошулган мамлекеттерге финансылык инвестицияларды камсыздоо үчүн Азиянын инвестициялар жана инновациялар банкы да Кытай каражатына түзүлгөн.

Эми болсо кийинки кадам катары Кытай Орто Азиядагы кырдаалды туруктуу деңгээлге чыгаруу максатында, коңшу мамлекеттер менен коопсуздук маселесин чечүүгө кадам шилтеди. Кытайдын аскер жетекчилиги Тажикстанга келип, жергиликтүү бийликтер менен аскер жана коопсуздук маселеси боюнча келишимге жетишти. Ага улай эле чоң кооптонууну жаратып келген Афганистан менен да келишим түзүп, ага коңшу турган Пакистан кошулду. Натыйжада ШОС жана Россия баштаган ОДКБ уюмдарынан сырткары турган жана коопсуздук маселесине түздөн-түз тийешелүү жаңы саясый альянс түзүлдү. Буга төрт мамлекет кирип, андан Орто Азияда өзгөчө орду менен кызыкчылыгы болгон Россиянын четтелип калышы, Кытайдын ага көңүлү жоктугун көргөзөт. Кытай буга чейин бир да чет мамлекетте өзүнүн аскер базасын түзгөн эмес. Эми болсо Орто Азияда жана өзүнө чектеш мамлекеттер менен коопсуздук чараларын камсыздоого киришүүсү, бир жагынан Кытайдын күч-кубаты толуп турганын, экинчи жагынан өзүнө чоң баш ооруну жаратып келген сепаратисттик кыймылдарды жоюу максаты турганын көрсөтөт. Мунун баарын эске алып, Борбордук Азиядагы «Чоң оюнга» дагы бир күчтүү жана жаңы оюнчу киришти деп ишенимдүү айтса болот.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# РОССИЯ

## Дүйнөлүк полярдуулуктан уткандар жана утулгандар

СССР ыдырагандан кийин Россия жаратылыш байлыктарына таянып, бутуна туруп, тыңып алган. Совет империясын кыйроого учураткан Михаил Горбачев улгайып, пост-совет аймагында ностальгиялык сезимдерди жаратып, бир далай кишилердин наалышына себепкер болду эле. Азыркы Россиянын жетекчиси Владимир Путин бийликке 2000-жылдын алдында келип, түз эле кыйроого бараткан өлкөнү аман сактап калып, АКШ менен батышка тең тайлаша турган бийиктикке чыгара алды. Ал гана турсун, тегерегине экономикалык жана саясый жактан окшоштугу болгон бир нече мамлекетти топтоп, таасирлүү жана ири эл аралык коомду түзүп, жаңы геосаясый кырдаалдын жаралышына себепкер болду. Натыйжада коңшусу болгон Кытай менен алакасын түзөп, Шанхай уюмун күчөтүп, эл аралык аренада өз өлкөсүн башкалар сезээрлик деңгээлге чыгара алды. Кытайдын акыркы 30 жылда жаңы өнүгүү багыты өз жемишин берип, кадамын арбытып жаткан экономикасы акырындап отуруп эң күчтүү делген Кошмо Штаттарынын экономикасына тең келген деңгээлге чыкты. Бул эки мамлекеттин акыркы 15 жыл аралыгында дүйнөдөгү таасирин күчөтүшү, албетте, батыштын, биринчи иретте

АКШнын, тынчын алып, жаңы кадамдарды жана чечимдерди кабыл алуу аркылуу туруштук берүү аракетин күчөтүп, түрлүү амалды ойлоп табууга түртүүдө.

Эки өлкөнүн принципиалдуу күчтүү каршылашы болгон Кошмо Штаттар, ар-кыл механизмдерди ойлоп таап, учурда эң эффективдүү болгон ыкманы колдонууга өттү. Алар - экономикалык санкциялар. Андан кийинки дагы бир эффективдүү чарасы, СССРди экономикалык жактан муунтуп, таркашынын бир себеби болгон нефтинин баасын кескин түшүрүү. Евробиримдикке кирген алдынкы мамлекеттер да бирдиктүү аракет аркылуу Россия менен Кытайдын таасирин басаңдатууну көздөп, АКШны колдоп турушат. Алар Россиянын эң талуу жерин таап, жаңыдан бутуна туруп келаткан Евразия биримдигинин кеңейишине жана күчөшүнө бут тосууну ишке ашырууга өтүштү. Батыштын Украинаны колдон келишинче Еврбиримдикке тартуу аракети президент Януковичтин убагында ишке ашканга жакын калган. Эгерде ошондой болуп кетсе, Россиянын абалы кыйынчылыкка тушугаарын сезген Кремль колдон келген каршылыгын көрсөтүп, кол коюуга даяр чечимден баш тартууга алып келген. Ошондон соң АКШ менен батыш бир тарап болуп, Россия менен Бажы биримдиктеги шериктери экинчи тарап болуп, суук согуш кезиндегидей тирешүүгө алып келди. Натыйжада Украинадагы ички кырдаал жана саясый тирешүү өтө кызып, бийлик алмашкандан кийин чакан аймакта атуулдук согуштун башталышына себеп болду.

Албетте дүйнөлүк тирешүү бир эле Украинанын айынан келип чыккан жок. СССР кыйрагандан кийин монополярдык болуп бараткан дүйнөдө жаңы полюстардын, болгондо да идеологиялык жактан принципиалдуу атаандаштарынын кайрадан күчөп жатышы, батыш менен Кошмо Штаттардын шаштысын кетирип, кандайдыр бир кадамдарга барууга түртүп жатат. Азыркы күнү жалпы карызы 17 триллион долларга чыккан АКШ мынчалык каражатты таап, абалдан чыгууга аракет кылбаса, мисалы Кытайга таандык болгон 1 триллионго жакын баалуу кагаздар иштен чыгарылса, мамлекет банкроттук

абалга капталат да, дүйнөдөгү таасири тез арада соолуй түшөт. Абалдан чыгуу үчүн Вашингтондогу талдоочулар менен кеңешчилердин сунуш айтып, Россиядан алынып жаткан бир эле газ үчүн Евробиримдикке кирген өлкөлөрдүн төлөмдөрү жылына жарым триллионго жакын каражатты түзөөрүн көргөзүшкөн. Ошол акчалай агымдарды Россиядан алыстатып, Америка тарапты көздөй буруучга шарт түзүлсө, Кошмо Штаттар талдоочулардын оюу боюнча бир топ жеңилдей түшмөк. Ал эми ошол алынып жаткан газ дал Украина аймагы аркылуу өткөндүктөн, ал жердеги туруктуулукту бузуу аркылуу газдын көөлөмүн азайтуу максаты көрүнүп турат. Жетпей калган газды Кошмо Штаттар сланц көмүрүнөн алып, аны Европа сатып алууга мажбур болмок. Азыр болсо АКШ өзүндө кармалып, консервацияда жаткан көмүр менен газ кендерин өндүрүүнү күчөтүп, натыйжада дүйнөлүк аренада нефтинин баасы кескин түшө баштады. Жайында бир баррель нефтинин баасы 100 доллардан ашык болсо, жылдын аягына чейин 60 долларга түшүп кетүү коркунучу бар. Анда бюджети нефть сатуу менен тыгыз байланышта болгон Россиянын казынасы бөксөрүп, саясый гана санкциялардын кесепетин сезбестен, андан күчтүүрөөк болгон экономикалык кыйынчылыктардын кесепетинен абдан катуу залака чегип калуусу ыктымал. Абалдан чыгуунун бир гана жолу - чыгыштагы коңшусу Кытай менен узак келишимдерди түзүп, ошо аркылуу каражаттын агымын сактап калуу. Андан да кем калышпаган дагы бир чара – өзүнүн тегерегине көбүрөөк мамлекеттерди топтоп, саясый аброюн бекемдөө. Кремль ушу багытта акыркы мезгилде өз ишин жана саясатын күчөтүүдө.

*Бишкек, октябрь, 2014 жыл*

## Мунай заты арзандаса да, бензин кымбат

Украинадагы атуулдук делген куралдуу тирешүү басаңдап, Киев менен Москва газ боюнча сүйлөшүүлөрдү кыйын болсо

да жүргүзүп жатышы, АКШ баштаган батыш өлкөлөрү дүйнөлүк коомчулукту абдан коркуткан Ислам мамлекетине каршы сокку ура башташы жалпы абалды туруктуулукка алып келе тургандай өңдөнүп калды. Бирок дал ушул учурда Африкадан капысынан чыккан Эбола вирусу 5 миңге жакын адамдын өмүрүн кыйып, 10 миңден ашыгы ооруканага жаткырылышы менен кошо, мындан да таасирлүү бир жагдайды жаратты. Дүйнөлүк мунай зат өндүрүүчү негизги өлкөлөр, сүйлөшүп алгансып, Кошмо Штаттарынын баштоосу менен дүйнөлүк соодада мунай затынын баасын акыркы 10 жылдагы өсүп келаткан баасынан төмөн түшүрүп ийишти. Натыйжада мындан 2-3 ай мурун 1 баррель мунайдын баасы 105 долларды түзүп, ал да өсүүгө умтулуп бараткан багытынан адашып, учурда 80 долларга чейин түшүп кетти. Мунай затынан көз каранды болгон Кыргызстанга окшогон мамлекеттерге, стратегиялык товарга теңелген мунайдын баасынын түшүшү, албетте, кардарлар үчүн андан өндүрүлгөн бензиндин баасынын төмөндөшүн да шарттайт деген үмүттү жаратат. Бирок бул механикалык гана көз караш менен баалагандагы тыянак. Медалдын арты да бар дегендей, экинчи жагын да унутпаш керек.

Мунайдын арзандалышынын негизги себебин – геостратегиялык тирешүүнүн туу чокусу катары караса болот. СССРдин кыйрашынын негизги себеби, анын экономикасынын сенектикке кабылышы болгон. Анын себеби, мамлекеттик бюджет негизинен мунайды экспорттоодон түшкөн каражатка байланган эле. 1985-1988-жылдары мунайдын бир баррели болгону 8 доллар болуп калган. Ал эми СССРдин экономикасы болсо бир баррелди 20 доллардан кем эмес киреше менен эсептелип чыккан. Натыйжада экспорттук киреше азайып, элге зарыл болгон товарларды сатып алуу мүмкүнчүлүгү кыскарып, рынокто катуу дефицит жаралган. Анын кесепети коомчулуктун нааразылыгынан мурун, саясый башкаруу чөйрөсүндөгү пикир келишпестикти күчөтүп, тирешүүлөр килтейген мамлекеттин ыдырашын камсыз кылган. Мунун артында ким турганы азыр баарына маалым – батыштын, биринчи иретте Кошмо

Штаттарынын, стратегиялык жактан так эсептөөлөрүнүн жыйынтыгы. Алар дүйнөлүк рынокто мунайдын баасын колдон келишинче төмөндөтүү аракетин жасап, соодага чыгарылган мунайдын көөлөмүн атайылап көбөйтүп жиберген. Натыйжада баалар түшкөн. СССРдин экспорттук кирешеси кескин азайган.

Азыркы учурда да Россия дүйнөдөгү эң ири мунай экспортёру болгондуктан, Украина окуяларына байланыштуу батыштын катуу нааразылыгын туудуруп, экономикалык санкцияларга кабылган. Бирок ал санкциялар жетишээрлик эффект бере албастыгын сезген Кошмо Штаттар менен батыш, стратегиялык жактан Россияга абдан маанилүү болгон эки чөйрөдө күтүлбөгөн кадамдарга барды. Бири орустардан Европага алынуучу газдын көөлөмүн азайтуу, экинчиси рыноктогу мунайзатынын баасын төмөндөтүү. Газ багыты Россияга залакасын тийгизе албай калды. Себеби Россия ашык көөлөмдү Кытайга сатуу боюнча келишимге кол коюп, туруктуу сатып алуучуга ээ болгон. Ал эми мунай зат жагында дүйнөдөгү төртүнчү ири экспортёр болгон Россия туруштук бере албай калды. Эгерде мунай затынын баасы 40 долларга чейин түшүп кетсе, Россиянын экономикасы СССР кездегиден катуу жабыркайт. Бирок андай баа араб өлкөлөрү менен Латын Америкалык өлкөлөрү кирген ОПЕК уюму үчүн да коопту. Бирок азыркы баа да Россия аркылуу Орто Азия өлкөлөрүнө залакасын тийгизүүдө. Статистика көргөзгөндөй, мунайга болгон баа төмөндөгөн жылдары дүйнөлүк экономикалык кризис башталып, бир топ кыйынчылыктар жаралган. Андан, албетте, кубаттуу экономикасы бар өлкөлөр тез убакытта чыгып кетишчү да, калгандары кыйналып калуучу. Тескерисинче, мунайга болгон баа өскөн жылдары экономикалык өсүү байкалып, мамлекеттер өнүгүү жолуна чыгышкан. Муну мунайдан толук көз каранды Түркиянын мисалы даана далилдейт.

Мунайдын баасы түшкөнү менен, аны сатуучулардын улуттук валютасы арзандап бараткандыктан, Россиянын рублинин да наркын түшүрүүдө. Натыйжада экспорттук товарлардын баасы көтөрүлүп, жалпы экономикага таасири терс болууда.

Ошого жараша Кыргызстанга окшогон мамлекеттер үчүн да экспорттолуучу бензиндин наркы долларга байлангандыктан, дааналап сатуу баасы өсүп баратат. Эгерде Кыргызстан экспорттоочу бензин рублге сатылса, анда да рублдин наркы түшүп кеткендиктен, экспорттук баасы көтөрүлө бермек. Натыйжада Россия менен кошо Орто Азия экономикалары да жабыркоодо.

*Бишкек, октябрь, 2014-жыл*

## Мамлекеттик башкаруу же Россиянын азыркы накта абалы

Өнүгүүсү күн өткөн сайын татаалдашып бараткан дүйнөдө таасирлүү окуялар орун алууда. Алардын арасында Россия менен Украинанын ортосундагы алака азыр бүт дүйнөнү дүүлүктүрүп, эчак унута башталган санкция деген түшүнүктү жандантты. Украинаны ички иштерине кийлигишип, адегенде Крым жарым аралын аннекциялап, андан соң Чыгыш Украинадагы аймактарды борбордук бийликке каршы тукуруп жатат деген кине менен АКШ жана батыш өлкөлөрү Москвадагы бийликке каршы санкциялардын үчүнчү айланпасын киргизди. Натыйжада Россиянын экономикасы күн өткөн сайын начарлап баратат. Россиянын бийлиги АКШнын тышкы саясатына карама-каршы келген позицияда тургандыктан, азыркы орус бийлигин алмаштырууну көздөгөн күчтөр, мамлекеттин өнүгүү багытын башка нукка буруууга аракетин күчөтүп, биринин артынан бири узаган санкцияларды киргизип, башка мамлекеттерди да түрткүлөп жатат.

Абалдын кескин начарлаганын Россиянын карапайым калкы да сезе баштады. Орустардын негизги акча булагы нефть менен газ сатуу болгондуктан, Россиянын экспорттоо кубатын да алсыратуу аракети жүрүүдө. Ал үчүн АКШ менен Сауд Арабиясы биргелешип, сатууга чыгарылган нефтинин баасын

атайылап төмөндөттү. Эки тараптан катуу кысымга алынган Россиядагы экономикалык абал оңой эмес кыйынчылыктарга такалганына көп болду. Натыйжада күздөн бери санкциялардын жана нефтиге болгон баанын төмөндөшүнөн орус акчасы рубль наркынын 30% жоготту. Рублдин курсун атайылап кармап туруу натыйжа бербестигине көзү жеткен Россиянын Борбордук банкы курсту валюталык интервенция жолу менен эмес, рыноктун талабына жараша коммерциялык банктар аркылуу талапты канааттандырып турууга өттү. Ошондон кийин рублдин курсу бир аза турукташа баштады.

Жалпы абал тез арада чечилбей турганын жана кыйынчылыктар бир нече жылга созулаарын россиялык белгилүү адистер да айтып чыга баштады. Буга чейин саясатка тике катышуудан качып келген, бирок мамлекеттик башкарууда экономикалык-финансылык иштерде жаңы көз караштагы мамиле зарылдыгын айтып чыккандардын бири мурдагы каржы министри Алексей Кудрин жаңы кыймыл түзүп, кемчиликтерге көңүл бура тургандай мамиле зарылдыгын айтып чыкты. Анын оюу боюнча экономиканын эффективдүү иштеши үчүн мамлекеттик саясатка, экономикага жана коомдук институттарга ишенимди кайтаруу зарыл. Эгерде абалды өзгөртүүгө жетишээрлик көңүл бурулбаса, өлкөнүн Ички дүң продукциясы кескин кыскарышы ыктымал жана сырттан келүүчү инвестициялар азайып, жалпы экономика ого бетер начарлашы ыктымал. Абалдын мындан да көбүрөөк начарлашына туруштук берүү, мурдагы ишенимди калыбына келтирүү үчүн, Россия дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөй эле, ачык коом институтуна таянууга өтүшү керек, деп эсептейт А. Кудрин. Анын оюу боюнча учурдагы монополдук бийлик, коомго баш ийбеген жана бир гана жетекчинин оюнан көз каранды болгон укук коргоо органдары эффективдүү мамлекет курууга көмөктөшпөйт. Тескерисинче, коомдогу демилгелердин баарына жолтоо болуп, эффективдүү коом болуудан алыстатат. Экономиканын эң эле эффективсиз бөлүгү – мамлекеттик башкаруу системасы. Соттордун ачык эмес иштеши жана

укук коргоо органдарынын көзөмөлдөн алыс болуусу, тереңдеп кеткен коррупция Россиянын өнүгүүсүнө абдан чоң залакасын тийгизүүдө. Мындай абалда алдыга жыла турган бир гана механизм калат. Ал – мамлекеттик регуляция механизми. Экономиканы башкарууда бийликтин күчү бек болсо гана кайсы бир деңгээлдеги ийгиликтерге жетишсе болот. Бирок анын көөлөмү да чектелүү. Ал эми Россия тышкы дүйнө тарабынан экономикалык блокадага алынып, сырттан келүүчү киреше бөлүгү азайып баратканда, бул механизм да иштебей калышы толук мүмкүн. Жалаң патриоттуулук менен ири маселелерди чечүү абдан кыйын.

Бир гана Украинанын айынан ушунчалык кризиске кабылып жаткан Россия мындан ары өзүнө жакын көз караште болгон өлкөлөр менен тыгыз иштөөгө аргасыз болууда. Алардын эң эле таасирлүүсү коңшу Кытай мамлекети. Бирок бул өлкө да толугу менен Россияны колдоосу арсар. Алардын биринчи максаты алсызданып бараткан мамлекеттен көбүрөөк пайда таап алуу. Ошондуктан Европага кетпей кала турган газ, 400 млрд долларга сатылып, Россия эми 40 жыл Кытайга гана ташып турушу керек. Өзүнүн алтын-валюталык запасы Кытайдыкына караганда он эсе аз болгон Россия келечекте экономикалык кубаты канчалык деңгээлде боло турганын азыртадан баамдашы зарыл болуп турат. Ошого жараша тышкы саясатты жүргүзүүгө аргасыз болот.

*Бишкек, ноябрь, 2014-жыл*

## Россия жана «63» саны

Орус рубли өз наркынын 39 пайызын жоготуп, алдыда дагы арзандаары күтүлүүдө. Көчөдөгү акча алмаштыруучу жайлардагы жазылган курсту көргөндөр, рубль менен кыргыз сому дээрлик бирдей болуп калганына таң калышууда. Орус экономикасынын катуу кризиске кабылганына бир гана рублдин

курсунун төмөндөшү эмес, батыш өлкөлөрүнүн Россияга каршы экономикалык санкция киргизиши, бир эле мезгилде орус тышкы соода сатыгынын 50 пайызын түзгөн чийки (нефть менен газ) заттарга болгон баанын төмөндөшү себеп болду. Учурда үстөкө босток болуп, Россиянын ичиндеги экономикалык турмуш багытын өзгөртүп, өлкө ичиндеги капитал да сыртка чыгуусун кескин көбөйттү. Товарлардын кымбаттоосунан чочулаган кардарлар каражатын чет элдик валютага алмаштырып, аны сыртка чыгарып кетүү аракетин күчөттү. Анысы аз келгенсип, наркы төмөндөп бараткан акчадан тез арылуу максатында дүкөндө турган товарлардын баарын ылгабай, сатып алууга өтүштү. Электроникадан баштап үй эмеректерине чейинки буюмдар талашка калды. Анын айынан Россияга кайрадан дефицит деген түшүнүк кайтып келди. Себеби кардарлар бүгүнкү товарлар эртең абдан кымбаттап кетет деп кооптонушат. Элге акча каражатын берип турган банктар батыштын санкцияларынан кийин кардарларга насыя берүүсүн азайтты. Натыйжада рубль абдан арзандап, андан көбүрөөк украиналык гривна эле төмөндөп кетти.

Дүйнөлүк аренада Россиянын экспортунун 68 пайызын түзгөн мунай заты 40 пайызга арзандап, өлкөнүн каржылоо маселесин кыйындатты. Газ менен мунай затын сатуудан Россия өзүнө зарыл болгон каражаттын 50 пайызын топтоп келген. Азыр ал каражат кескин азайды.

АКШ менен батыш өлкөлөрү Москва бийлигинин Украинага карата мамилесинен улам, аны кысымга алуу кадамдарын баардык тармактарда киргизе баштаганына көп болду. Россиянын коопсуздук боюнча атайын кызматтарынын жетекчиси Михаил Фрадковдун айтымы боюнча, «батыш чечкиндүү жана өз кызыкчылыгын сактаган кадамдарга барган орус бийлигин алмаштыруу максатын көздөп жатат. Ал үчүн атайын операция иштелип чыгып, орус рублин арзандатуу процесси башталган. Аны ишке ашыруу үчүн атайын схемалар түзүлүп, ишке ашырууга атайын даярдалган топтор иштей баштаган».

Батыш серепчилеринин айтымында болсо, Россия кылган кадамдарына сын көз караш менен карабастан, башкалардын мамилесин көзгө илбеген кадамдарга баргандыктан, ушундай жазага тушугуп жатат. Өзүнүн каталарын жашырыш үчүн сөз риторикасына өтүп, башкаларды күнөөлөп жатат деген ишенимде болууда. Кээ бир батыш саясатчыларынын оюу боюнча, 2015-жыл Россия үчүн «63» деген белгинин астында өтөт. Себеби кийинки жылы Владимир Путин 63 жашка чыгат, бир баррель мунайдын баасы 63 долларга чейин төмөндөйт жана доллардын баасы 63 рублге чейин көтөрүлөт.

Экономисттердин маалыматына караганда, Россия ушу учурда баш-аягы болуп 393 млрд долларлык каражатты чукул кырдаал үчүн деп сактап турат. Бул бир топ көлөмдөгү каражат. Бирок Кытай ушу учурда 1,5 триллион долларлык каражатты сактап турат. Эгерде бир нече айда эле Россиянын Борбордук банкы рублдин курсун турукташтырам деп 13 млрд долларды сатыкка интервенция кылганын жана мындан кийинки кырдаал жеңилдебей турганын эске алсак, Россиянын валюталык запастары көпкө жетпээри бышык. Швейцариялык «Кредит» банкынын эсептөөсү боюнча, Россиянын чет элдик милдеттенмелери 642 млрд долларга чыгып кеткен. Андыктан Россиялык финансылык кризис абдан эле орчундуу болуп баратканы байкалат. Борбордук банктын акыркы чечими боюнча, кредиттик ставкалар аргасыздан өсүп, азыр 10,5 пайызды түзүп калды. Мунун баары Россия катуу рецессияга баратканын далилдейт.

Бирок азыркы абалдын өзгөрүшүнө мунай затына болгон талап менен баа чоң таасир кыла алат. Эгерде баалар азыркыдан да төмөндөп кетсе, Россиянын абалы мышык ыйлаарлык абалга келет. Эгерде баалар өссө, Россия экономикасын калыптандырууга мүмкүнчүлүк алат. Ал эми мунайга болгон баа АКШда чыгып жаткан сланцтан чыгарылган газдын көлөмүнө жараша болушу мүмкүн. Кээ бир адистердин эсептөөсүндө, Америкадан чыккан сланц газынын көөлөмү азайып кетиши толук ыктымал. Анда мунай заты кымбаттай баштайт.

*Бишкек, декабрь, 2015-жыл*

# Президенттердин тирешүү достугу

Коллективдүү коопсуздук уюмуна кирген мамлекеттердин жетекчилери Москвада кезигээринин алдында, Евразиялык экономикалык бирдигин түзүүнү активдүү колдоп келген Беларусь менен Казакстандын башчылары күтүлбөгөн жерден Киевге барышты. Эгерде Александр Лукашенко үчүн бул жолку Киевге болгон сапары экинчи ирет болсо, казак президент Нурсултан Назарбаевге, Украина менен Россия алакасы кризиске чалдыккандан баштап, Киевге алгачкы жолу келиши болду. Серепчилер арасында бул иш сапарлар Беларусь менен Казакстан Украина менен алакасын эч нерсеге карабастан улантууга ынтызар экендигин көрсөттү деген бир бүтүмгө келишкени байкалат. Ошол эле мезгилде экөөнүн тең Киевден кийин Москвага барышы Минск менен Астана Кремльдеги бийликтер менен алакасын бузууга барбашын далилдейт. Себеби эки мамлекеттин жетекчилери Владимир Путин менен өз алдынча, «басма сөзгө эмес» форматында «түшүндүрмө» беришкени толук ыктымал. Аналитиктер Бирдиктүү Евразиялык уюм түзүүдө башка мамлекеттерди мүчөлүккө алуу боюнча талкуу жүргүзүп, Армения менен Кыргызстанды өз курамына кошууга макулдугун беришкенин, алардын ортосундагы алака жетишээрлик бекемдигинен кабар берет деп баалашат.

Бирок сырттан карап, сары эсеп салынса, Украина кризиси башталгандан бери анын жакын кошунасы болгон Беларусьту көптөгөн кооптонуулар менен суроолор камтыганы белгилүү. Бул өлкө Россия менен ынактыгын бир топ жылдар бою жашырбай, ачык айтып келүүсү, соода-сатык, транзит маселелеринде акыркы убакта чочулай тургандай фактылар жаралганы байкалууда. Мисалы, Россия Беларусь аркылуу Европадан келген түрдүү тамак-аш же башка товарларга өз аймагына кирүүгө тыюу салуусу, Лукашенкого катуу тийип, ал өз тарабынан Россиядан кирүүчү товарларды Бажы пункттары аркылуу гана өткөрүүнү жандандырган. Эки эң жакын

болгон калктын өз-ара мамилесинин ушунчалык чыңалуусу, албетте, жарандарды ойлонтпой койбойт. Лидерлер үстү жакта татынакай сүйлөшүп, документтерге кол коюп, баары жакшы деген маанайда жүрүшү, дайыма эле реалдуулукту чагылдыра бербейт.

Казакстан Украина менен көп жылдардан берки соода-сатык алакасын кеңейтүүгө аракетин азыр да уланткысы келет. Байкоочулардын баамында Казакстан Россиянын экспортко чыгарылуучу бир өңчөй гана заттарды сатканынан жана алар негизинен батышты көздөй акканынан жыйынтык чыгарып, өзүнүн практикасында кайталабоону каалары байкалат. Эгер казак мунай заты Россия аркылуу батыш өлкөлөрүнө сатылып келсе, транзит үчүн деп Россияга каражат төлөнчү. Ал каражат бир топ эле чоң. Андыктан Россиядан болгон көз карандылык сезилээрлик деңгээлде. Ошол себептен, Астана бийлиги азыр экономикасы менен кошо соода саясатын диверсификация кылууга аргасыз. Андыктан өзүнөн чыккан газ менен мунай затты Казакстан коңшу Кытайга көбүрөөк чыгарууга, биргелешип ири проектилерди ишке ашырууга өтүүдө. Бир эле мезгилде Казакстан өзүнөн чыгып жаткан көмүрдү экспорттоого жана баасы жагынан эки тарапка утуштуу болгон өлкөлөрдүн катарында Украина да бар деп эсептейт. Кышында көмүргө абдан муктаж болуп аткан украин бийлигине казак көмүрү чоң утуш болмок. Назарбаевдин Киевге жасаган расмий иш сапарында эки тараптык алака жалаң эле саясатка байланбастан, башка да бир топ багыттарды камтыган.

Эки өлкөнүн жетекчилиги биринчи талкуулай турган маселе катары, албетте, Киев бийлиги менен Россиянын ортосундагы оор абалды чечүүгө ортоктош болуп, бир багытта аракет кылуу кадамы деп бааланусу зарыл. Киев азыр Беларусь менен Казакстандан экономикалык колдоо кадамын эмес, биринчи иретте Москва менен сүйлөшүүдө саясый колдоо күтөөрүн жашырбайт. Буга жооп катары Беларусь көп тараптуу сүйлөшүүлөрдү кайрадан Минскиде өткөрүүгө даярдыгын билдирди.

Албетте Минск менен Астананын бир топ өз алдынча жасаган кадамдары Кремлдеги бийликке жага бербейт. Беларусь президентине, ал Батыш менен жакындай турган болсо, аны Саддам Хуссейн менен Муамар Каддафинин тагдыры күтүп турат деп, ачык эле айтып чыккан.

Бир жагынан акылы тунук, тажрыйбасы көбүрөөк Назарбаев ийкемдүү жана көп кырлуу саясатты жүргүзүү менен, өз элине каршы чыккандарды азайтууга жол ачууда. Ал эми аша чабар эмоционалдуу Лукашенко бир топ каталыктарды да кетирүүгө үлгүргөн. Анын жакында эле Россияга кайрылып, өзөктүк куралыбыз жок болсо да, сырттан келе турган душмандарга татыктуу жооп бере алабыз деп айтышы, Москвадагы бийликке багытталганы талашсыз. Лукашенко Украинанын тагдырын кайталоону каалабай, азыркы позициядан туруп, келечекти өз пайдасына бургусу бар. Европага ыктаган Украина тагдыры ошентип кайсы бир деңгээлде Беларусь менен Казакстандан да көз каранды болушу көптү айтат.

*Бишкек, декабрь, 2014-жыл*

## Миграция: жаңы жылдык жаңы талаптар

Россиянын миграция кызматы 2015-жылдан тарта бул өлкөгө кирген чет элдик мигранттардын саны бир нече эсеге азайды деп билдирип чыкты. Ал эми буга чейин Россияга кирип, иштеп калгандардын көпчүлүгүн Орто Азиядан чыккан жарандар түзүүчү. Абалдын мындай өзгөрүүсүнө бир нече себеп бар: биринчиден 2015-жылдын 1-январынан тарта Евразиялык экономикалык биримдик ишке киришип, өлкөлөр аралык байланыштар жаңы деңгээлге чыкты. Эми соода-сатык жана башка товарлар Бажы биримдигине кирген өлкөлөр менен кошо Армения менен Кыргызстанга жаңы тартипте киргизиле баштайт. Аны менен кошо иштейм деген мигранттар үчүн да да жаңы талаптар киргизилди.

Экинчи себеби Россия өзү баштаган Биримдикке кирбеген өлкөлөрдөн келе турган жумушчу мигранттары үчүн өзгөчө талаптарды киргизди. Алардын биринчиси орустардын тили менен тарыхы боюнча сынактан өтүү жана экинчиси жумуш патентине ээ болуу. Эгерде мындай талаптар аткарылбаса мигранттарга кирүүгө жол жабылат. Бирок орус тилин Советтер Союзу кезинде окуп-билген мигранттар үчүн жеңилдиктер каралган. Мигранттардын Россияга кирүүсүнө дагы бир маселе тоскоол боло баштады. Ал – жеңил, атайын даярдыкты талап кылбаган адистерге болгон муктаждыктын азайышы. Мунун негизги себеби – Украина менен Молдовадан Россияга келип иштейм деген мигранттардын санынын кескин өсүшү болууда. Орустардын миграция кызматы билдиргендей, Украина менен Молдова Евросоюз жакка оой баштагандан бери, бул эки өлкөдөн келген мигранттардын саны да кескин өскөн. Анткени өз өлкөлөрүндөгү экономикалык абал кескин начарлаган. Жаңы талаптарга ылайык четтен келген мигранттардын патенти жок болсо, алардын Россиянын ичинде эркин жүрө турган мөөнөтү 90 күн менен чектелет жана 6 айдан кийин гана кайра кирүүгө уруксаат берилет.

Россиянын премьер-министри Дмитрий Медведевдин айтуусу боюнча, учурда Россияда Украинадан келген жана расмий патенттерге ээ болгон жумушчу мигранттардын саны болгону 400 миң кишини түзсө, расмий уруксааты жок иштеген украиндик мигранттардын саны 6 млн-го чыккан. Муну албетте Киевдеги бийлик четке кагып чыккан. Бирок болжолдуу эсептөөлөрдүн натыйжасында, эгерде Россиялык чектөөлөр толук кандуу иштей баштаса, Украинанын Ички дүң продукциясы 2015-жылы 7 пайызга азаят. Ансыз да абалы күн өткөн сайын оорлоп бараткан Украина үчүн, Россия менен болгон алака оңолбосо, мамлекет банкроттук деңгээлге түшүп кетиши ыктымал. Акыркы расмий маалыматка караганда Россиядагы украиндик мигранттардын саны 2,5 млн адамга жакындаган.

Буга чейин Россияда иштеген мигранттардын көпчүлүгү Өзбекстандан болчу. Такталбаган маалыматтарга караганда, алардын саны 3 млн адамга чейин чыгып кеткен. Андан кийин тажиктер – 2 млн адамдан ашкан. Үчүнчү орунда кыргыз мигранттары болчу – 1 млн-го жетпеген адам. Эл аралык миграция уюмунун баамдоосу боюнча өзбек мигранттары өз өлкөсүнүн Ички дүң продукциясынын 12 пайызынан көбүрөөгүн түзө тургандай акча которушчу. Тажиктер жылына ИДПнын 49 пайызын түзө тургандай акча каражатын которуп турушкан. Кыргыздар 2014-жылдын жыйынтыгы менен 29 пайызга тең акча каражатын которууга жетишкен.

Бирок акыркы мезгилде Россия өзү оор шартка чалдыккандан бери, мигранттардын өз өлкөлөрүнө кылган акча которуулары да кескин азайды. Ал гана турсун бир топ мигранттар иштеген жеринен кетүүгө мажбур болуп, үйлөрүнө кайта башташкан. Биринчиден жаңы киргизилген катаал шарт мигранттардын турмушун ого бетер татаалдантты. Экинчиден алар тапкан айлык маная кескин азайды. Эгерде Россияга каршы киргизилген экономикалык санкциялар иштей электе алынган 30-40 миң рубль 1 миң доллардан ашык болсо, азыр рублдин наркы эки эсе түшүп кеткендиктен, үйгө которуулар да баасын жоготту.

Кыргызстандык мигранттар башкаларга караганда азыр бир аз да болсо артыкчылыкка ээ. Себеби 2015-жылдын май айынан тарта Кыргызстан Евразиялык экономикалык биримдиктин толук кандуу мүчөсү боло тургандыктан, иш издеген атуулдарга да жеңилдиктер каралган. «Замандаш» ассоциациясынын билдирүүсүнө караганда Россияда мыйзамсыз жүргөн жумушчу мигранттары үчүн амнистия карала турган болмок. Экинчиден кыргыз мигранттарынын көпчүлүгү буга чейин деле патенттик система менен иштөөгө өткөн. Андыктан патент алуу маселеси көпчүлүк үчүн кыйынчылык түзбөйт. Анын үстүнө бир тобу патентти эбак эле алып койгондуктан, анын мөөнөтү бүтмөйүнчө, иштеп жүрө беришет. Буга дагы кошумча кыргыз мигранттарынын бир далайы

өзбек жана тажиктерге караганда орус тилин жакшы өздөштүрүшкөн жана акыркы 5-7 жылдан бери статустук абалын өзгөртүп, орус бийликтеринин көзүндө бир тепкич өйдө турган тейлөө тармагындагы кызматтарга өтүп алышкан.

*Бишкек, январь, 2015-жыл*

## Россияга каршы санкциялар жана Кыргызстан

Эл аралык саясат суук согуш мезгилиндеги абалга такала турган багытты көздөй акырын жылып баратат. Анын негизги себеби АКШ баштаган батыш өлкөлөрүнүн Россиянын акыркы жылдары жасаган аракеттерине жооп кылуусу болууда. Россия коомчулугу бийликке президент Владимир Путин келгенден тарта бир күчтүү борбордун айланасына топтолуп, мурдагыдай таасирлүү күчкө айлануу дарамети чоң экенин далилдей баштаган. Адегенде ал Чечен согушун толугу менен өзү каалагандай нукта аяктап, бийликке каршы согуш жүргүзгөн күчтөрдү бирден жок кылып, жалпы абалды көзөмөлгө алууга жетишкен. Кырдаалдын мындай болуусун каалабаган сырткы күчтөр В. Путиндин башкаруу ыкмасы авторитардык башкарууга ооп баратат деп, ошол мезгилде эле сынга ала баштаган. Андан соң Россия ички оппозицияны таасирлүү күч болуудан алыстатып, алардын формалдуу оппозиция болуу ыкмасын иш жүзүнө ашырган. Алардын эң реакциялуу делген саясый канатын шайлоодон утулуу жолу менен чоң саясаттан алыстатып, аты чыкпай тургандай кылып, коомдук ишке кирүүгө бөгөт койгон. Ал эми коммунисттер менен либерал-демократ саясый топторду мыйзамдуу жол менен иш алып баруусун жана ага расмий укук берүү аркылуу көзөмөлдөн чыгарбоо үчүн шайлоонун жыйынтыгы аркылуу Россиянын Мамлекеттик думасына кирүү мүмкүнчүлүгүн түзгөн. Натыйжада мамлекеттик кызыкчылыкты коргоо үчүн

биримдик керек урааны астында аларды толугу менен өз кызыкчылыгына каршы иштей албай тургандай шартка такаган. Тескерисинче, компартия менен ЛДПР улуттук жана мамлекеттик кызыкчылыкты алдыга коюп, мындай ой жүгүртүүгө каршы чыккан демократиялык нукта өнүгүү ураанын сууруп чыккан күчтөрдү бийлиги жок эле коомчулукка жалпы душман катары көргөзүүгө жетишкен. Муну менен бул эки партия бийликтин толук ишенимине ээ болуп, кийинки парламенттик шайлоолордо да утуп чыгууга мүмкүнчүлүк алышкан. Андан кийин Югославиянын ыдырашына, анын кесепетинен Балкан жарым аралында батышчыл күчтөрдүн бийликке келип, Россияга каршы саясат башталганда, катуу кысымга тушуккан күчтөргө колдоо көрсөтүү аракетин жасаган. Албетте мындай кадамдар батышка жага берген эмес.

2008-жылы Грузиядагы батышчыл бийлик Абхазия менен Түштүк Осетияны күч менен кайра мамлекеттин курамына киргизебиз деген согуш аракетине каршылык көрсөтүп, ачык согуш жүргүзгөнү, албетте, дүйнөлүк коомчулукка орустардын кайраты күч экендигин көрсөттү. Ошондон баштап Россиянын жетекчилиги батыш менен алака жасоодо куралдуу күчтөрдү ала жүрбөсө, коопсуздук маселеси алсырап калаарына ынанган жана бул маселеге көбүрөөк көңүл бурууга өткөн. Натыйжада Россиянын аскер күчтөрүнө делген финансылык каржылоосу акыркы 10 жылда башка багыттардагы чыгымдарга караганда бир нече эсе көбүрөөк өсө баштаган. Ондогон жылдар бою жаңыланбаган аскер техникасы – танкалар менен БМПлар, аскер кемелери менен суу астындагы сүзүүчү кемелер, аскер учактары, ракеталар – кайрадан алмаштырылып, жаңылары ишке киргизилип, Куралдуу күчтөр мурдагы мезгилдей жандана баштаган. Бул процесс Россиянын коргонуу стратегиясына ылайык кылынганы менен, батыш бул кадамдарды «болочоктогу агрессивдүү кадамдардын башталышы» деп баалаган. Батыштын чыдамын кетирген кадам катары 2014-жылдын февраль айындагы Украинадагы саясый төңкөрүштөн кийин, Россия элдик референдумду шылтоолоп, Крым жарым аралын

өзүнө кайтарып алуусун айтса болот. Ошондон тарта АКШ менен Евробиримдик Россияны кысымга ала баштады. Расмий шылтоосу Украинанын ички иштерине куралдуу күчтөр менен кийлигишүүсү болгону менен, негизги себеп андан бир кыйла терең тураарын баамдагандар көп эмес.

Экинчи тараптын жүйөлөрүн талдай турган болсок, АКШ баштаган батыш өлкөлөрү экономикалык өнүгүүнүн эң бийик тепкичине чыгып, акыркы 20 жылдан бери сырткы аймакка көз салууга аргасыз боло баштаган. Кошмо Штаттары өзүнүн улуттук валютасын мурун алтынга байлап келсе, 1970-жылдардан кийин негизинен араб өлкөлөрүндө чыгуучу мунай затына байланыштырууга аргасыз болгон. Себеби анын экономикасы Сауд Арабиясынан экспорттолуучу мунай затынан көз каранды болуп калган. Ал эми башка мамлекеттердин экономикасы АКШныкындай эле экспорттолуучу күйүүчү майлардан, энерго ресурстардан көз каранды. Мамлекеттин экономикасы кымбатка турган ички өндүрүш күчтөрүнөн эмес, арзан болгон сырткы жумушчу күчтөрүнөн көбүрөөк көз каранды боло турган деңгээлге чыккан. Негизинен жаратылыш байлыктары АКШда эле катылып, атайылап сакталып жатканы болбосо, батыш өлкөлөрүндө негизинен иштелип бүткөн. Ал эми экономиканын өнүгүүсүнө сырьё зарыл. Аны алып келиш үчүн акча-каражат таба турган күчтүү экономиканы тынбастан иштетип туруу зарыл. Андыктан эң зарыл болгон энергоресурстарды жалаң эле арабдардан албастан, эбегейсиз көп запаска ээ болгон Россиядан алууга мажбур болгон. 2014-жылга чейин Евробиримдикке кирген өлкөлөрдүн бир эле жаратылыш газына болгон муктаждыгынын 40 пайызын Россия берүүчү. Мунай-зат рыногунда Россиядан чыгарылган сырьёнун сатылышы 30 пайыздан ашып кеткен. Өзүнүн экономикалык өнүгүүсүн жаратылыш байлыгын экспорттоо аркылуу өнүктүрүп, башкалар менен атаандашуу деңгээлине чыга алган Россия АКШ менен батышка эң коопт уу конкурент катары кайра жарала баштаганда, Россиянын куралдуу мүмкүнчүлүктөрү өскөн сайын, ага бут тосууга кызыккан күчтөр

кеңейген. Ошондуктан шылтоого шыноо гана керек болуп тургансып, Украинадагы төңкөрүлүш болуп, ага орус тилдүүлөрдүн таламын талашкан Россия аралашып кетип, АКШ менен батыш өлкөлөрүнө Россияны кысымга алууга жол ачылган. Учурда Евросоюздун тапкан зыяны 40 млрд евро болгонуна карабастан, Кошмо Штаттарын туурап, Россиягы экономикалык санкцияларды жарыялап, толгон-токой тоскоолдуктарды жаратты. Анын натыйжасында Россия 2014-жылдын жыйынтыгы менен 100 млрд долларлык зыян таап, улуттук валютасы эки эсе арзандап, экономикалык өсүүсү басаңдап, социалдык чыңалууга себептер көбөйүүдө. Ал эми Москва баштаган Евразиялык экономикалык бирикмеге кирген үч КМШ өлкөлөрүнө окшоп, Россиядагы түзүлгөн кырдаал азыр Кыргызстанга да келип жетти. Бир миллионго жакын атуулу Россияда иштеп, алардын Кыргызстанга салган которумдары жылына 2 млрд доллардан ашкан. Санкциялар киргенден кийин, жалпы эле Орто Азиялык мигранттар сыяктуу эле кыргыз мигранттары да Россиядан үйүнө кайтып келүүсү күчөгөндүктөн, алар үйүнө салып турган каражаттын көөлөмү да азая баштады. Аны менен кошо Кыргызстандын экономикасы да өнүгүүсүн басаңдатты. Андыктан Кыргызстандагы абал жана экономика Россиянын кыйын мезгилден чыгуусу менен тыгыз байланышта жана бул абал канчага созулаарын айтуу кыйын.

*Бишкек, февраль, 2015-жыл*

## Батыштын санкцияларынан чыңалган Россия

Жашоосун жаңыдан баштап жаткан Евразиялык экономикалык бирикменин негиздөөчүлөрүнүн тиреги болгон Россия күн өткөн сайын кыйын абалга такалып баратканы байкалат. АКШ менен Евробиримдик кабыл алган каршы чаралар акырындап күчөп, орус коомчулугунун үстүнкү катмары гана эмес, ортонку катмарын да оор абалга такай баштады.

Американын ири автобирикмелери бир топ жылдардан бери Россияда жеңил автоунааларды чыгаруучу заводдорду куруп, алардын продукциясын орус калкына сатып, пайда көрүп келген. Экономикасы туруктуу өнүгүп жаткан өлкөдө унааларды сатуудан түшкөн киреше батыш өлкөлөрү үчүн чоң болчу. Ал эми азыр санкциялар күчөй баштагандан бери Россиянын экономикасы акырындап начарлап, элдин турмушуна терс таасирин тийгизгендиктен, калктын унааларды сатып алуу мүмкүнчүлүгү азайды. Аны менен кошо орус бийликтери санкцияларды киргизген мамлекеттерге каршы чараларды киргизе баштаган. Мисалы Россия батышты колдогон өлкөлөрдөн импорттолуучу товарларды алуудан баш тарткан.

Ушундай шартта Крым жарым аралын, элдик референдумдун жыйынтыгына шилтеме кылып, Москвадагы бийлик Россияга кошуп алганына байланыштуу киргизилген санкциялардын бир жыл арасындагы жыйынтыгын батыштын серепчилери изилдеп чыгышты. Адегенде Евробиримдик, АКШ менен Канада россиялык жана Крымдагы бир топ атуулдарга өз аймактарына кирүүгө тыюу киргизген. Ага удаа эле «Россия» жана «Собинбанк» атуу финансылык уюмдардын жетекчилерине да каршы чектөөлөр киргизилген. Бир айдын ичинде батыштын бул демилгесин колдоого Япония, Жаңы Зеландия менен Австралия, кийинчерээк ЕБга кирбеген Албания, Черногория менен Молдова да кошулушкан. Бирок германдык иликтөөчүлөрдүн баамында Россияга каршы кабыл алынган санкциялар жетишсиз болуп, тескери эффект берген. Немец политологу Андреас Умланд «санкциялардын чектелүү болушу Россияга кысым алар күткөндөн начар болушу тууралуу сигнал берди. Анын натыйжасында Москвага жаңы авантюраларга жол ачууга өбөлгө түздү», деп айтып чыккан. Малайзиялык учактын Украинанын асманында атып түшүрүлүшү батыштын мурдагыдан күчтүү санкция киргизүүсүнө түрткү болду. Эми санкциялар атуулдардан сырткары ири компаниялар менен банктарга да тиешелүү боло тургандай чечим кабыл алынган. Натыйжада орустардын бир топ

финансы уюмдары батыш банктарынан жеңилдетилген кредит алуу мүмкүнчүлүктөрүнөн айрылды. Буга кошумча технологиялар менен продукцияларды да Россияга сатууга тыйуу салынган. Ошол эле политолог Умланд, «мындай санкциялар батыштын Россияга болгон ишеними азайганын көрсөттү», деп баалайт. Буга далил катары Россиянын ичиндеги элитанын өкүлдөрүнүн нааразылыгы пайда болушу байкалган. Алар санкцияларды алып салууга далалат кыла баштаганы да сезилген. Москванын кадамдарын сынга алгандар чөнтөгү калың элита гана эмес, чыгармачыл элитанын арасында да пайда болуп, нааразы болгондор ачыкка чыга баштаашы да байкалган. Бирок алардын саны абдан аз болгондуктан жана Владимир Путиндин Крым ишине байланыштуу рейтингинин өсүп чыгышы жалпы абалга байланыштуу коомчулукту кооптонткон жок. Тескерисинче бүт улутту батышка жана АКШга каршы биригүүгө алып келди. Польшалык эксперт Адам Зауэрдин айтышы боюнча, батыштын киргизген экономикалык санкциялары Россиядагы азыркы кыйын абалдын түзүлүшүнө негизги себеп болду деп айтууга болбойт деп эсептейт.

Батыштын негизги мүдөөсү, санкциялар Россиядагы коомчулукта нааразылыкты пайда кылып, бийликке кысым кылууга алып келет деп ойлоосу болгон. Бирок орус улутундагылар Крымдын кайтарылышын көптөн бери күткөн окуя катары карап, Россиянын күчөй башташынын белгиси деп, колдоого алуусу тышкы дүйнөгө күтүүсүз болду. Бир топ күчтөр муну Путиндин жеке бийлигинин күчөшү жана бир адамдын культу башталганы менен түшүндүрүүгө аракет кыла баштašты. Ал эми орус лидери болсо коомчулукту биригүүгө чакырып, аларды Россиянын күчтүү болуусуна каршы тургандарга туруштук берүүгө үндөө менен жооп берүүдө. В.Путин Крымга байланыштуу атайын чыгарылган документалдык фильмде окуяны ийне-жибине чейин айтып, батыштын кандай гана кадамдары болбосун туруштук берип, өз иретинде баардык жактан, анын ичинде аскердик жактан да, даяр болуу аракет көрөөрүн ачыкка чыгарды. Бекеринен бир топтон бери

Россиянын Куралдуу күчтөрү бүт өлкө боюнча күчтөнгөн деңгээлде аскерий машыгууларды өткөрүп жаткан жок.

Андыктан каршы киргизилген батыштын санкциялары Россияны алсыратпастан, тескерисинче чымыркантып, биригүүсүн бийик деңгээлге чыгарып жаткан кези.

*Бишкек, март, 2015-жыл*

## Евразиялык биримдиктин кеңейиши

Башында Бажы биримдиги деп аталган уюм Россия, Казакстан жана Беларустун биригүүсүнөн түзүлүп, өз-ара товарларды бажы төлөмү жок сатууга жол ачкан. Уюм 2010-жылдын 1-июлунан тарта ишке киришкен. 2014-жылдан тарта бул уюмга Армения менен Кыргызстан кабыл алынган. 2015-жылдын 1-январынан тартып Бажы биримдиги мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, Евразиялык экономикалык биримдикке айланган. Беш мамлекет кирген бажылык аймакта өз-ара соодада бажы төлөмдөрүн жүргүзүү жана экономикалык түрлүү чектөөлөр алынып салынган. Атайылап сактануу максатында же экономикалык аймагын коргоо максатында, антидемпингтик жана компенсациялык гана төлөмдөр зарыл учурларда колдонулбаса, ашыкча чектөөлөр алынып салынган. Ошол эле учурда Бажы биримдигине кирген өлкөлөр башка өлкөлөр менен соода-сатыкта бирдей бажы тарифтерин колдонушат. Экинчиден башка өлкөдөн келген товарларды Биримдиктин мүчөлөрүнө ре-экспорт кылууга тыюу салынат. Ошол себептен Кыргызстан менен ЕАЭБтин ортосундагы сүйлөшүүлөр узакка созулуп, толук кандуу мүчө болуу процесси узарып кетти.

Евразиялык биримдиктин идеялык демилгечиси Казакстандын президент Нурсултан Назарбаев болсо, анын саясый жактан сүрөп, ишке ашырууга ынтызар Россия президенти Владимир Путин болгон. Украинадагы окуялар башталгыча бул Биримдик экономикалык уюм катары бир топ

кызыгууну жаратып келген. Евробиримдикке тартуу максатында Украинаны Россиядан алыстатуу процесси мамлекеттик төңкөрүшкө алып келип, азыркы украин бийлиги орустардан бир кыйла алыстап, жакынкы арада элдешкис абалга такалды. Крым жарым аралынын орустарга өтүшү, Донбасс окуялары Россияны батыш мамлекеттери тарабынан кысымга алууга түрткү болду. Учурда Минск келишимдери аткарылбай жатат деп, Россия дагы кошумча санкцияларга капталышы ыктымал. Кыска мөөнөттүн аралыгында Россияга каршы экономикалык санкциялар киргизилип, экспорттук кубатын кармап турган нефтинин баасы эки эседен көп төмөндөп, орус бийликтерин кыйын абалга такады. Анын айынан мурдатан кабыл алынган пландар ишке ашпай, Биримдик бир азга тайсалдай түштү. Ошондон кийин бул экономикалык уюм айла-сыздан саясый уюмга айланууга мажбур болду. Бирок батыш менен алакасы бузула түшкөн Россия өнүгүп, экономикасы өсүп бараткан Кытай жана Индия менен алакасын күчөтүп, ал гана турсун АКШга жакын делип келген Сауд Арабиясы менен да мамилесин көтөрүүгө бел байлады. Уфа шаарында өткөрүлгөн БРИКС уюму менен Шанхай кызматташтык уюмунун саммиттери ийгиликтүү өтүп, орус бийлигинин аброюн бийик деңгээлге чыгара алды. Ошол эле Уфа шаарында Евразиялык биримдиктин да жыйыны өтүп, анда маанилүү ойлор ортого алынып, зарыл маселелерди чечүү кадамдары жасалды. Россиянын дүйнөлүк аренадагы орду менен таасири дагы эле орчундуу экендигин далилдеп, Уфадагы саммитте Шанхай уюмуна Индия менен Пакистан кабыл алынды. Жаңы курамдагы Шанхай уюму ички дүң продукциясынын көөлөмү боюнча Европа мамлекеттеринен ашып, АКШнын ИДП көөлөмүнө тең болду. Демек дүйнөлүк экономикадагы таасири күчөдү.

Кээ бир серепчилердин айтуусунда Шанхай уюму алдынкы өнүккөн 7 мамлекет кирген G7 уюмунан да таасирлүү уюмга айланды. Ага далил катары Шанхай уюмуна кирген мамлекеттер баштапкы көөлөмү 100 млрд доллар болгон ШКУнун өнүгүү банкын түзүү тууралуу макулдашууга кол коюшту.

Бул банктын негизги максаты АКШнын көзөмөлүнө түшүп кеткен Эл аралык валюта фонду менен Дүйнөлүк банктан көз каранды болбогон, Азия мамлекеттеринин өнүгүүсүнө колкабыш кылууга финансылык жардам көрсөтө турган каржы уюмуна айлануу. Эгер бул максаттар ишке ашса дүйнөлүк экономикалык системада жаңы бурулуш башталып, «Азиялык сегиздик» деген ат менен таасирлүү экономикалык бирикме пайда болуп, ролун күчөтүүгө жол ачат. Мындай кадамдарга ичи жылыбаган жана ага каршылык көрсөтүп, өзүнүн таасирин сактап калууга далалат кылган батыш менен АКШ түрлүү амалдарды каршы колдонуусу ыктымал. Алгачкы кадам катары нефтинин баасы түшүрүлүп, анын айынан бир жагынан Россиянын потенциалы азайса, ошо эле мезгилде нефтини сатып алуу менен экономикасын дүркүрөтүп аткан Кытайга жагымдуу жагдайды түздү. Бирок дүйнөлүк Фондулук биржалардагы Кытай ишканаларынын акциялары арзандап баратышы бекеринен эмес. Буга АКШ менен батыш компаниялары чоң аракеттерди жасашты. Эми Шанхай уюму «алтылыктан» «Сегиздикке» айланган соң, бул өлкөлөр өз-ара соода-сатык менен саясый алакаларды өрчүтүү багытына кирүүсү абзел. Ошондо гана атаандашуу күчөп бараткан азыркы мезгилде мамлекеттер биримдүүлүктүн жардамы менен алдыга жыла алат жана түрлүү бут тосуулар менен проблемаларды чече алат. «Сегиздиктин» ичинде Орто Азия өлкөлөрү менен кошо Кыргызстан да бардыгын эске алсак, анын келечеги Шанхай уюму менен тыгыз байланышта экендиги талашсыз.

*Бишкек, июль, 2015-жыл*

## Россиянын катуу позициясы

Дүйнөлүк тартип акырындап өзгөрүүгө дуушар болууда. Мындан 5-6 жыл мурун туруктуу болуп турган системаны кармап турууга, өзү каалагандай демократиялык эрежени

башка мамлекеттерге таңуулаганга көнгөн Кошмо Штаттары менен батыш мамлекеттери, Россия менен Кытай алардын саясатына айкалышпаган кадамдарга барат деп чочулоочу эмес. Украинага байланыштуу батыш мамлекеттеринин АКШга таянып, эч бир чочубастан-коркпостон өз билгендей калчаган кадамдары Россиянын кыжырын келтиргени ачык байкалган. Ошого жараша 2014-жылы февраль айындагы Киевдеги мамлекеттик төңкөрүшкө Москванын реакциясы да катуу болгон. 300 жылдан бери орустардын курамында болгон, Никита Хрущевдун маалында СССРдин курамына кирген Россия Федерациясына таандык болгон Крым жарым аралын Украина ССРине бир кол шилтем менен 1954-жылы өткөрүлүп берилген бул аймак, «жашыл адамдардын» аралашуусу менен кайрадан орустардын жери болуп калды. Буга президент Владимир Путиндин чечкиндүү кадамы чоң өбөлгө түзгөн эле. Ал эми орустардын бул жарым аралда жайгашкан Кара деңиз аскер флотунун келечегине Украинадагы түзүлгөн жаңы кырдаал коркунуч туудурганы эске алынса, анда өзүнүн Кара деңиз эле эмес, Жер Ортолук деңиздеги таасирин да азайтпаш үчүн орус бийликтери Крымды кайтарып алганы геостратегиялык муктаждык болуучу. АКШ менен батыш өлкөлөрү Украинадагы жаңы шартта келген бийлик менен алакасын бекемдеп, Крымдагы аскер базаларына өзүнүн аскер күчтөрүн киргизүүгө аракетин баштамак. Мындай ойлорго Крымдагы тынч өткөрүлгөн референдум аркылуу Россия тоскоолдук жаратып, батыштын пландары ишке ашпай калган.

Ошол эле кезде Украинанын курамында жүздөгөн жылдардан бери жашап келген орус тилдүү тургундардын көпчүлүгү өлкөнүн чыгышында жайгашкандыктан, алар Россиянын колдоосун дайыма сезип турушчу. Андыктан Киевдеги жаңы бийлик улутташтыруу процессин күчөткөндүктөн, орус тилдүүлөр кысымга алынышы толук ыктымал эле. Ошондой процесс болуп кетээрин баамдаган орус бийликтери азыр сепаратисттер делген топторго колдоо көрсөтүүгө аргасыз болгон. Анткени Украинанын чыгышында негизинен илгертен бери

орус улутундагылар жашап келген жана алардын саны 9 миллиондон ашык болчу.

Бул маселе абдан татаалдашып отуруп, жаңы бийликке моюн сунбайбыз деген топтор курал алууга барып, кырдаал кандуу тирешүүгө чейин жеткен. Эки жактан жоготуулардын саны он миңден ашып кетти. Ал эми Донецк менен Луганск областтарынан качууга аргасыз болуп, бир бөлүгү өлкөнүн ичине кирип кетишсе, экинчи жоон тобу Россияга качууга аргасыз болгон. Андай аргасыздан мигрант болгондордун саны бир Россияда бир миллиондон ашты. Атуулдук согушка тете болгон бул кандуу тирешүү дүйнө коомчулугун ойлонтуп, акыр аягы ага тиешелүү делген таасирлүү мамлекеттер «нормандык төртүлүк» аты менен таанымал топту түзүүгө макулдашкан. Бул топко Германия, Франция, Россия жана Украина мамлекет башчылары кирген. Адегенде алар Беларуста чогулуп, Минск келишимин түзүүгө жетишкен. Натыйжада согуш басаңдап, бирок тирешүү мурдагыдай эле кала берген. Абалды оңдош үчүн төрт президент кайрадан Минскиде жыйналып, кол коюлган келишимди аткаруу зарыл экендигин белгилешкен жана Украина менен орус тараптагылар бул макулдашууну аткарууга милдеттүү экендиги белгиленген. Бирок Киевдеги бийликтин учурдагы абалы өтө опурталдуу болгондуктан, макулдашуулар одоно бузулган учурлар көп болгон. «Нормандык төртүлүктүн» соңку жыйыны 2015-жылдын октябрь айында Парижде өтүп, анда кайрадан Минск келишими аткарылуусу зарыл экендиги баса белгиленген. Бул кездешүүгө чейин төрт президент тең Нью-Йорктогу Бириккен Улуттар уюмунун 70 жылдык жыйынында өз ойлору менен чыгып сүйлөп, Украинага байланыштуу жана Россиянын позициясына да тиешеси бар сөздөрдү айтышкан. Париждеги кездешүү анын катышуучуларына Россиянын азыркы көз карашы мурдагыдан катаал экендиги жана Минск келишимин эми Киев аткарууга аргасыз экендиги ачыкка чыккан. Ошентсе да кездешүүдөн кийин Украинадагы тирешип турган куралдуу топтор замбиректери менен танкаларын 15 км-ден кем эмес аралыкка чыгарууга киришти. Демек

«нормандык төртүлүктүн» таасири чоң экендиги айгинеленди. Ал эми бир эле Украинага байланыштуу эмес, жалпы эле дүйнөлүк чоң саясатта өзүнүн позициясы абдан бекем экендигин көрсөтө алган Россия, учурда Ислам мамлекети делген террористтик уюмдун Сириядагы позицияларын аскер учактары менен бомбалай баштады. Буга чейин террористтерди жарым жылдан бери тынбай бутага алып келген АКШ баштаган батыш мамлекеттери оозго ала тургандай ийгиликке жетпей келсе, Россия бир жумада террористтердин шаштысын келтиргени аз келгенсип, аларды Сириядан качууга мажбурлап, ал гана турсун дүйнөлүк коомчулукту да катуу ойлонто баштады. Саясый топтор буга чейинки батыш өлкөлөрүнүн аракети болбогон бир жасакорлук экенин, алардын ИГИЛди бомбалоосу жыйынтыксыз болгонун баамдашты. Сириянын азыркы бийлиги расмий кайрылып, колдоо көрсөтүү чакырыгына таянган Россия, өз аракетинин легитимдүүлүгүн көрсөтө алды. Ал эми батыштын өз билемдигине салып, Сириянын президенти Башар Асадты бийликтен кетирүү аракети ал жердеги согушка катышкан тараптарды үчкө бөлүп салды. Алардын бири расмий бийлик болсо, террористтер менен Сириянын оппозициясы Башар Асадка каршы турушат. Мындай шартта Сирия мамлекеттүүлүгүн сактап калуу үчүн сырттан колдоо алууга аргасыз болгон. Россиянын колдоо көрсөтүп, согуш аракеттерине абадан кийлигишип жатышы учурда анын кубатын гана көрсөтпөстөн, геостратегиялык жактан пландары чоң экенин да тастыктап жатат.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## Россиянын кубаты жана Сирия

Жалпы эл аралык алака башында «араб жазы» деген ат менен белгилүү болгон революциялык толкундан кийин начарлап, демократия деңгээли төмөн болсо да, туруктуу жана тынч

өнүгүп жаткан Ливия, Ирак, кийинки кезекте Сирияга келип такалды. Натыйжада жакынкы чыгыштагы жалпы абал дүйнөлүк коомчулукту дүрбөтүүчү очокко айланып кетти. Буга кошумча Украинадагы жыл өткөн сайын татаалдашып бараткан жалпы абал 2014-жылкы бийлик алмашуу менен аяктап, учурда Россия менен мамилени куралдуу тирешүүгө алып келип такады. Буга жооп катары АКШ баштаган батыш өлкөлөрү экономикалык санкцияларды киргизип, Москванын алын кетирүү аракетин баштады. Ошол эле кезде Афганистандагы анти-террордук согушту бүтө албай жаткан АКШ, адегенде Ирактагы согуш операциясын чала-була бүтүрүп, андан соң батыш өлкөлөрү менен бирге Ливияда чаң-тополоң чыгарды. Ортодо араң тургансып, Украина иштерине да кийлигишип, Киевдеги жаңы бийликтин анти-орус аракеттерин колдоого алды. Ал эми араб өлкөлөрүндө бийлик тараптагы аскер күчтөрү иштен четтеп калып, бир топ бийик мартабалуу офицерлер ишсиз, келечеги туңгуюктуу абалда калган. Алар Ирактан көп чыгып, негизинен Саддам Хуссейндин жактоочулары болушкан. Батыш менен АКШнын кылган иш-аракеттерине көпкө чейин чыдаган офицердик чөйрө, бара-бара топтошо баштап, ашына чапкан агрессивдүү, негизинен исламчыл радикалдар чогулган топко уюша баштаган. Акыр-аягы андай топтор исламдык радикалдуу куралдуу күчүнө айланып, Ирак менен Сириянын аймагында борбордук бийликке баш ийбеген, өз алдынча өнүгө турган уюмга айланып, ири-ири аймактарды көзөмөлгө алып, ал жердеги расмий бийликти сүрүп чыгарышкан. Мындан 2-3 жыл мурун бул куралдуу уюм Леванте менен Сириянын ислам мамлекети (ИГИЛ) түзүлгөнүн жарыя кылышкан. Алардын максаты Ирак менен Сириянын аймагында өз алдынча башкарууга өткөн мамлекетти түзүү болчу. ИГИЛ араб өлкөлөрүнүн арасындагы алгачкы ислам Халифатын түзүү экенин билдирген. Мунай заты чыккан бир топ аймактарды басып алып, нефтини арзан баада сыртка сатууга өтүп, түшкөн пайдага курал-жарак менен тамак-аш сатып ала турган схемаларды иштеп чыгышкан. Мындан тышкары ИГИЛ башка

товарларды да арзан баада сатууга өтүп, пайда таба баштаган. Ошол эле кезде ИГИЛ Ирак жана Сирия менен чектелбестен, тыштан келген чет өлкөлүктөрдү барымтага алып, көпчүлүгүн мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Бара-бара ИГИЛ Сирия жана Ирактын куралдуу күчтөрү менен толук кандуу согушка өтүп, эки өлкөнүн 30 пайыздан ашык аймагын өз карамагына караткан. Ал жерлер мунай-затка бай аймак болгондуктан, тез арада ИГИЛ курал-жарак менен кошо аскер техникасына да ээ болушкан. Сириянын президенти Башар Асадка каршы чыккан оппозициялык куралдуу топтор да расмий бийлик менен 2011-жылдан тарта согуш жүргүзүп келгенин эске алсак, Сириянын куралдуу күчтөрү абдан эле жүдөп, анын күч-кубаты төмөндөп кеткен. Бир жагынан ИГИЛге каражат түшүүчү мунай-зат кендерин алдырып ийип, экинчи жагынан ИГИЛ менен кошо оппозициялык куралчандарга каршы күрөшүүгө аргасыз болгон Дамаск бийлиги акыр-аягы Россиядан жардам суроого аргасыз болгон. Россиянын куралдуу күчтөрү Сирияда жайгашкан өзүнүн аскер базасынан ИГИЛдин базаларына абадан сокку ура баштады. Алардын соккусу жетишээрлик майнаптуу болуп, бир ай ичинде Сириянын куралдуу күчтөрү абалын оңоп, контр-чабуулга өтүүгө жарап калды. Буга чейин батыш менен АКШнын абадан урган соккулары ИГИЛге көп деле залака тийгизбегени таң калыштуу. Ал эми орустардын соккулары тынымсыз уланып, ИГИЛ менен кошо Сирия бийлигинин оппоненттери болгон жумшак оппозициясына да сокку орустар тарабынан урулушу АКШ менен батышка жаккан жок. Ошол себептен алардын маалымат каражаттары орустар ИГИЛге эмес, Башар Асадка оппозиция болгон күчтөрдү бомбалап жатат деп күнөөлөп чыгышкан.

Орус аба күчтөрүнүн ИГИЛди катуу бомбалоого алуусу жообу жок калышы күмөндүү болуучу. Ошол себептен Египеттин Шарм эль Шейх курортунан Санкт-Петербург шаарына кайтып келаткан россиялык А321 учагынын 214 жүргүнчүсү менен кошо күтүүсүз жерден абада кыйрашы террордук аракет экен деген шектенүү дароо пайда болгон. Акыркы иликтөөлөр

учактын жүк салуучу бөлүгүндө бомбанын жарылуусу болгонун тактап, учак абада эле чачырап кеткени маалымдалды. Орус коопсуздук күчтөрү жардырууну террористтер уюштурганын баамдап, Египеттен Россияга учкан эс алуучулардын өмүрүнө коркунуч туудурбас үчүн өзгөчө кырдаал кызматынын учактары менен калган 200 миңден ашуун адамды тез арада мекенине жүгү жок жеткирди. 400 тоннадан ашык багажды атайын учак менен чыгарып, Москвага жеткирди. Андан бир аз убакыттан кийин 13-ноябрда террористтер Парижде чабуул уюштуруп, шаардын алты жеринде аткылоо менен жөнөкөй адамдарды барымтага алышты. Алардын арасында Франция-Германия футбол курама командаларынын беттешүүсү учурунда жардыруу уюштурулуп, бир топ адам курман болгон. Оюнду көрүп отурган француз Президенти Франсуа Олланд стадиондон ыкчам чыгарылып, коопсуз жерге жеткирилген. Баш-аягы болуп исламчыл террористтер уюштурган кол салуулар менен жардыруулар шаарды аралап аккан Сена дарыясынын оң капталында орун алган. Курман болгондордун саны 150 адамдан ашса, жарадар болуп, дайынсыз жүргөндөрдүн саны 300 ашкан.

Батыштын исламчыларга каршы жүргүзгөн аракеттери бир жагынан алардын жетекчилигин кыжырдантса, экинчи жагынан Европага агып кирген мигранттардын арасында террорчуларды тактоого, алардын кылмыш аракетинин алдын алууга мүмкүн болбой калган. Муну түшүнгөн француз бийлиги исламчыларга каршы толук чара көрө турганын билдирип, Россия менен бирге Сириядагы ИГИЛдин базаларына каршы сокку ура турганын жарыялады. Эки ортодо дүйнөлүк өнүккөн G20 аты менен белгилүү болгон өлкөлөрдүн жетекчилери Түркиянын Анталья шаарында чогулуп, эң маанилүү маселе катары исламчыл террорчуларга чогуу каршы чара көрүү зарылдыгын талкуулашты. Саммитке катышууга келген орус президенти Владимир Путин катышуучулардын арасындагы онго жакын лидерлер менен сүйлөшүү жүргүзүп, АКШ президенти Обама, Англия премьер-министри Камерон, герман канцлер Ангела

Меркель, Сауд Арабиянын королу жана башкалар менен Сирия маселесин талкуула алды. Мындан мурун өткөн ушундай эле саммитте Украина маселесине байланыштуу В. Путин четте калган болчу. Бул жолу саммиттин катышуучулары аны менен кездешип, сүйлөшүүгө ашыгышты. Саммиттин учурунда Париждеги террактылардын уюштуруучулары колго түшө баштап, алардын түздөн-түз ИГИЛге тиешеси бардыгы такталган соң, Франсуа Олланд Сириядагы аракеттерин Франция күчөтө турганын маалымдады. Аны коштоп, Антальядан кайтып келген орус президенти В. Путин Россиянын куралдуу күчтөрүнүн башчылары менен кеңешме өткөрүп, ИГИЛге каршы куралдуу соккуларды күчөтүүнү тапшырды. Натыйжада Россия Сириядагы абадан бомбалоо жана ракеталар менен аткылоосун эки эсе көбөйттү. Ага улай эле В. Путин Франциянын деңиз күчтөрү менен байланыш түзүп, Жер Ортолук деңиз тараптан бирдиктүү аракет кылууну орус деңиз күчтөрүнө тапшырды.

Байкоочулардын баамында бир жылдан бери изоляцияга кабылган орус жетекчилиги Сирияда жүргүзгөн аракеттеринин натыйжасында ИГИЛге каршы турган баардык тарапка утуш алып келүүчү жолго чыкты. Андыктан азыркы абал Россиянын дүйнөлүк аренадагы ээлеген орду менен таасири күчөп баратышын көрсөтүүдө. Атактуу көзү ачык Ванга айткандай, Сириядан чыккан чатак анын кулашына алып келип, ага себепкер болгондорду Россия жазалап, өзүн күчтүү мамлекетке айлантат деген жери бар. Азыркы түзүлгөн кырдаал дал ушул сценарий менен бараткандай.

*Бишкек, ноябрь, 2015-жыл*

## Армения – өзгөрүүнүн башаты

Арменияда элдик референдум өтүп, анда өлкөнүн негизги мыйзамы болгон Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча маселе добушка коюлган. Анын жыйынтыгында

учурда Кыргызстандагыдай президенттик-парламенттик башкаруу системасы өзгөрүлүп, толугу менен парламенттик өлкөгө айлануусу көпчүлүк тараптан колдоого алынганы анык болду. Мыйзамга ылайык Арменияда шайлоо добуш берүүчүлөрдүн 25 пайызы катышса өткөрүлдү деп эсептелип, анын жыйынтыгы расмий ирет таанылат. Бул жолу референдумга шайлоочулардын 50,5 пайызы келип, добуш бергендердин 63 пайызы Конституцияга өзгөртүү киргизүүнү колдоорун билдиришкен. Натыйжада Армениянын кийинки президенти жалпы эл тарабынан эмес, парламент тарабынан шайланып, анын азыркы ыйгарым укуктары кыскартылат. Ошол эле өзгөртүүлөрдүн натыйжасында мамлекеттеги биринчи адам болуп Өкмөт башчысы эсептелинип калат. Кыргызстандагыдай эле өкмөттүн курамын парламенттик шайлоодо жеңип чыккан саясый партия түзүүгө укук алып, Премьер-министрди сунуштап чыга алат. Ал эми парламент Өкмөт башчысын бекиткенден кийин, андан баардык иштер үчүн жооп алууга укуктуу бойдон калат да, керектүү учурда өкмөт башчысынын отчёттук маалыматын четке кагып, кызматтан алганга жарайт. Серепчилердин баамында бийликтин ушундай түзүмү өкмөттүн эффективдүү иштөөсүн камсыз кылып, парламентти болсо чечимдерди кабыл алууда өтө тыкан болууга аргасыз кылат. Кээ бир мамлекеттерде парламент бир пикирге келе албай, пат болгон абалга такалса, ал парламент тароого аргасыз болот. Мындай практика дүйнөнүн бир топ мамлекеттеринде ийгиликтүү ишке ашып келатат. Бирок парламенттик демократияга жаңыдан кадам шилтеген өлкөлөрдө, тажрыйбанын аздыгынан, күтүлбөгөн кыйынчылыктар жаралышы ыктымал. Арменияда көп партиялык система эгемендик алгандан бери орун алып, мамлекет башчысы мыйзамдуу жол менен бир нече жолу алмашкан. Коңшу жана армяндар менен тирешип келаткан Азербайжанда мамлекет башчысы болуп Гейдар Алиев 1993-жылы келгенден бери анын уулу Ильхам мураскор болуп бийликти өз колуна алып, азыркыга чейин бийликте турганын эстесек, Арменияда бийлик алмашуу

процесси канааттанаарлык деңгээлде. Болгону бир жолу саясый партиялардын тирешүүсү парламенттин ичинде ок атууга чейин жетип, абдан чоң чатак чыккан эле. Ошондон кийин Армения саясый туруктуулук зарылдыгын түшүнүп, экономикалык жактан өнүгүүгө көбүрөөк басым кылууга аракеттенип келет.

Жекшемби күнкү референдум азыр президент болуп турган Серж Саргсянды конституциялык мөөнөтү аяктаган соң кайрадан бийликти сактап алуу аракети деп баалагандар да аз эмес. Алардын көтөрүп чыккан негизги жүйөөсү, референдумду сунуш кылып, аны өткөрүүнү түртүп жаткан азыркы бийликте турган Арменияныны Республикалык партиясы болгондугу. Армениянын оппозициясы өлкөнүн кыйын абалда жашап жатканын түшүнгөндүктөн, катаал революциялык кадамдарга баруудан жалтанып турат. Ошентсе да быйыл жазында Армениянын энергетикалык системасы кыйын абалга такалганда, энергияга болгон бааны 2 эсеге көтөргөндө күндүр-түндүр каршылык көрсөтүү акцияларын уюштуруп, бир нече жума борбор шаар Ереванды негизги аянттарын элге толтуруп, максатына жеткиче бийликтин аракеттерине туруштук берип турууну колго алган оппозиция болуучу. Акыры баалар өзгөрүлбөйт дегенде гана каршылык көрсөткөндөр тарашкан. Азыр болсо саясый күчтөр Конституцияга өзгөртүүлөр зарылдыгын түшүнүп турса да, аны өткөрүү мезгили негедир Серж Саргсяндын президенттик мөөнөтү аяктаганга жакын калган учурга чакталып, ал аз келгенсип келерки парламенттик шайлоонун астында болуп атканына күмөн болуп атышканын билдирген. Буга кошумча оппозиция тараптагы күчтөр референдумга катышкан элдин саны да көп болуп, өзгөртүүлөрдү колдогондордун саны да көп болуп атканына наараазы. Бир топ көз каранды эмес байкоочулардын айтымында, добуш берүүгө катышкан 1,3 млн элдин баары эле чынында добуш берген эмес. Буга кошумча азыркы бийликке каршы чыккандар, өлкөдө миграциялык агым өсүп, жалпы жашоочулардын саны азаюу тенденциясына ээ болуп турган

убакта, 2013-жылкы президенттик шайлоого катышкан шайлоочулардын саны дагы 96 миң адамга көбөйгөнү ачык эле көз боёмочулук деп чыгышкан. Бул тууралуу оппозициялык Арменияның улуттук Конгресси жарыя кылган.

Добуш берүүгө көз салган бир нече эл аралык уюмдардын өкүлдөрү да шайлоо учурунда мыйзам бузуулар болгонун ачык айтып чыгышкан. Норвегиянын байкоочулары бул тууралуу маалымат да таратууга үлгүргөн. Ошол эле кезде Армениянын Евразиялык биримдикке кирип, Россиянын ишенимдүү шериги болушу, бул өлкөдө туруктуу бийликтин болуусу маанилүү экендиги да түшүнүктү. Ошол себептен КМШ өлкөлөрүнөн келген байкоочулар добуш берүү учурунда байкалаарлык мыйзам бузуулар болбогонун айтып, референдумдун жыйынтыгы легитимдүү деген тыянак чыгарышкан.

Референдумдун дагы бир маанилүү жагдайы – Конституцияга кире турган өзгөртүүлөр 2017-жылы өтө турган парламенттик шайлоодон кийин күчүнө кирет. Шайлоонун жыйынтыгы менен жаңы парламент түзүлүп, ал өкмөттүн жаңы курамын түзөт. Ал эми азыркы мамлекет башчысы Серж Саргсяндын президенттик укуктары 2018-жылы аяктайт. Ошондуктан бийликке каршы чыккан саясый күчтөр Республикалык партия келерки шайлоодо жеңип чыгып, анын натыйжасында өкмөт башчылыгына кайра эле Саргсянды бекитүүгө аракет кылат деген ойдо. Ошондуктан азыртадан Конституциялык өзгөртүүлөрдү жүргүзүп, кийинки кадамдарга негиз түзүүгө жасаган далалаты дешүүдө алар. Ал эми Серж Саргсян болсо, анын Конституцияны өзгөртүү менен бийликте калууга оюу жоктугун расмий билдирип чыкты. Бирок КМШ өлкөлөрүнүн бир топ мамлекет башчылары Конституцияда жазылган эки мөөнөттүк президент укуктарын түрлүү амалдар менен узартып келатканын эске алсак, армян оппозициясынын чырылдашы да бекеринен болбосо керек.

*Бишкек, декабрь, 2015-жыл*

# Жүк ташуучу унаалар согушу

Украина менен Россиянын ортосундагы тирешүү акырындап кеңейип баратканы байкалууда. Орустарга катуу таарынган украиналык радикалдуу топтор Өкмөттүн чечимине карабастан, батыш өлкөлөрүнөн Россияга жүк ташып келаткан фураларды өлкөнүн ичинде жана чек арада токтотуп, жолун улантууга бөгөт коюшту. Жолу торолуп, ичиндеги жүгү менен бир жума өз жерине жете албай калган жүк ташуучу орус фураларынын саны 600 жеткен. Алардын токтошунан чыгым тарткан орус тарап мындай абалдан чыгуу аракети сүйлөшүү менен гана чектелбей турганын баамдап, өз аймагы аркылуу жүк ташып келаткан украин фураларын өткөрбөө тууралу чечим кабыл алды. Ошондон кийин гана Киевдеги бийлик абалды өтө начарлап кетишине жеткирбөө максатында инфраструктура министрлиги аркылуу Москва менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө уруксаат берип, эки тарап 10 күндүн ичинде эки өлкөдө жүгү менен камалып жаткан фураларды кайтарып алуу келишимге жетише алды. Анын натыйжасында бир жума аралыгында Евробиримдикке кирген өлкөлөрдөн жүк ташып келаткан орус фуралары мекенине украиналык тараптын коштоосу менен кайтып келиши керек. Аны менен кошо Россия аркылуу үйлөрүнө кайтып келаткан украина фуралары да коштоо менен өлкөдөн чыгарылмай болду. Эки өлкөнүн транспортко тиешелүү министрликтери макулдашкан соң, «Үйгө баратам» деп аталган атайын транспорттук режим күчүнө кирет да, эки тараптын жүк менен келаткан автоунаалары 16-февралдан 25-февралга чейин эч тоскоолдуксуз мекенине кайтууга мүмкүнчүлүк алышат.

Украина тараптын расмий билдирүүсүнө караганда, аша чапкан радикалдуу топторго атайын кайрылуу жасалып, анда «бул келишимдин негизинде орус тарап биздин аракетке жооп катары украиналык айдоочуларды унаалары менен Россиянын ичинде кармап туруу аракети токтоп, биздин айдоочуларга үйлөрүнө кайтууга мүмкүнчүлүк ачылат. Андыктан

орус айдоочуларына да жолтоо кылбоого чакырабыз» дей айтылган. Акыркы бир жуманын аралыгында Россиянын аймагында Украинанын 350 ашык фуралары токтотулуп, ал эми Россияга Азия өлкөлөрүнөн кирүүгө аракет кылган дагы 300 автоунаа чек арада токтоп турат. Ал эми Украинанын аймагында Европа өлкөлөрүнөн келаткан 60 фура жана 500 ашыгыраак автоунаалар чек арада кармалып турат. Орус өкмөтү абалдын чыңалып баратканына реакция жасап, россиялык автоунаалар толугу менен бошотулмайынча, Россиянын аймагы аркылуу өтүп жаткан украин автоунааларын кармап туруу талабын койгон эле. Мындай чечим 16-февралдан тарта толугу менен күчүнө кирип, анын негизинде Россиянын аймагы аркылуу украиналык жүк ташуучу транспорт жүрүү укугунан ажыраган. Бирок, мисалы Казакстанга бараткан жүк башка өлкөлөрдүн фуралары менен жеткирилүүсүнө жол ачык бойдон калган. Буга чейин Украинадан келаткан фуралар Казакстанга атайын коштоо аркылуу эч бир токтоосуз өтүп турган эле. Россиянын мындай катуу чара колдонуусуна Украинада радикалдуу топтор тарабынан 11-февралдан бери орустардын фураларынын жолун тосуу аракети 10 областка тараганы себеп болгон.

Саясый жактан пикир келишпестиктен курчуган Россия-Украина алакасы акырындап отуруп экономикалык жактан бири-бирине бут тосуу аракетине чейин таркады. Буга Украина кирем деп умтулуп жаткан Евробиримдик ортого түшүп, маселени чечүүгө жол ачууга аралаша алмак. Бирок «жаңы түзүлгөн кырдаалды түшүнүү максатында Еврокомиссия абалды байкоого алып, анын татаалдыгын баамдап жатат», деп билдирүү таратты Еврокомиссиянын соода маселеси боюнча комиссары. Алардын айтуусунда бири-бирин транспорттук блокадага алуу аракеттери эки тараптык сүйлөшүү жолу менен чечилгени оң болмок.

Ал эми саясый тирешүүнүн кесепетинен экономикалык чыгымдар да көбөйүп баратышы эки тарапка тең зыяндан башка эч нерсе бербээри айдан ачык. Жүк ташуучу компаниялардын

эсептеши боюнча, бир суткага токтогон жүктүн айынан ар-бир фура 12-17 миң рубль чыгымга дуушар болот. Жүздөгөн россиялык жүк ташуучу фуралар бир суткада 2 млн рублга чейин чыгым болушууда. Ошондо 600 фура Украинада тыгылып турушунан чыккан чыгым же табылбай калган пайданын суммасы суткасына 12 млн рублден ашат. Ал эми эки тарап өз аймагы аркылуу жүк ташууга тыюу салуусун алып салбаса, анда товарга муктаж болгондор айланма болгон башка маршрут аркылуу жүк ташууга аргасыз болот. Анын кесепетинен кардарларга жетүүчү товардын баасы сезилээрлик өсүп чыгат. Эки ортодо жүк ташуучулардын ордуна ортомчу болууга беларустук жүк ташуучулар өз сунушу менен чыгышты. Бул өлкөнүн автоунаалары Россияда да, Украинада да эч тоскоолдугу жок жүрүүгө укуктуу. Андыктан альтернатива катары беларус компанияларынын кызматы азыр абдан пайдалуу болушу ыктымал.

*Бишкек, февраль, 2016-жыл*

## Россия парламентаризминдеги жаңы нормалар

Россия толугу менен президенттик мамлекет экенин эч ким талаша албайт. Мамлекет башчысы бул өлкөдө дээрлик чексиз бийликке ээ экендиги акыркы 15 жылдан бери даана көрүнүүдө. СССР ыдырап, таркашына демилгечи өлкөлөрдүн катарында Россия биринчи болуп турган кезде эле, президент өзүнүн таасири жагынан башка мамлекет башчыларынан кескин айырмалануучу. Андан кийинки мамлекет жетекчилери Россиядагы башка бийлик бутактарына караганда эбегейсиз бийликке ээ болушкан. Жалпы кырдаал катуу кол жана тунук акылдуу жетекчини талап кылгандыктан, Россиядагы түзүлгөн абал дал ошондой лидерлердин пайда болуусуна алып келди. Башка өлкөлөрдөй эле Россияда бийлик бутактарынын

баардык түрү мыйзам чегинде иш алып барышы керек. Демократиялык принциптерди ишке ашыруу максатында жалпы элдик шайлоодо 450 орундан турган Мамлекеттик дума аты менен белгилүү парламент шайланат. Ага жаандан кийинки козу карындай пайда болгон ондогон партиялар катышууга укуктуу. Алар жалпысынан үч топко бөлүнөт – бийлик тарапты жандагандар, оппозициялык партиялар жана бейтараптык позицияда турган партиялар. Президенттик башкаруу жыл өткөн сайын күчөп баруусуна өлкөдөгү кырдаал жол ачкандыктан партиялардын негизгилери бийликтин аракетине тиги же бу себептерден улам каршы саясатты жүргүзүүгө батына албайт. Ошондуктан Думага акыркы парламенттик шайлоонун жыйынтыгы менен кирген бир да партия мамлекеттик саясатка каршы чыга алган жок. Жалпысынан алганда парламенттеги партиялардын курамында бир өңчөй ойлогон саясатчы депутаттар бар деп айтуу туура эмес. Арасында бийликтин кылганына сын көз караш менен карагандар да бар. Бирок алардын иш-аракети партиянын жана фракциянын жетекчилери тарабынан башынан эле талданып, көзөмөлдөнүп тургандыктан, алардын үнү жалпысынан угулбай калат.

Мындан беш жыл мурун өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгында партиялык тизме менен Думаны куроо процесси көз боёмочулуктун көп болуусунан өзгөрүүгө муктаж экендиги байкалган. Ошондон кийин Россияда түрлүү сунуштар айтылып, алардын арасында парламенттин жарымын жергиликтүү бийлик бутактарын шайлоонун жыйынтыгы менен түзүү сунушу да айтылган. Демократиялык процесстер күчөп бараткандa бул сунуш абдан актуалдуу деп кабыл алынган. Бирок сунуш айтылган мезгилде Россиянын жалпы абалы менен экономикасы өргө чыгып бараткан эле. Азыркы кыйын мезгилде бийликтин жасаган иш-аракетине алым сынбай, сынга алгандар акырындап көбөйүп баратат. Борбордук аймактарда эле эмес, жергиликтүү шайлоонун жыйынтыгы менен коомчулуктун колдоосуна ээ болуп, белгилүү боло ала турган регионалдык саясатчылар бийликтин ишине киришип,

алардын аракетин өзгөртө ала тургандай жолго чыга алышат. Ансыз да жалпы кырдаалга жараша пайда болгон кыйынчылык Россияны кокодон кармап турганда, ичтен чыккан сынчылардын коомчулукка таасир кылууга мүмкүнчүлүгүн күчөтүү азыркы орус бийлигине жага бербейт. Жалпы кырдаал бийликтегилердин артка кетүүсүнө жол бере албайт. Ошол эле кезде алар сөзсүз бир чара көрүүгө да аргасыз. Антпесе 1990-жылдардагыдай элдин бийликке болгон урмат-сыйы, ишеничи азаят. Натыйжада ички саясый тирешүү мамлекеттин бүтүндүгүнө залакасын тийгизет. Андыктан кийинки боло турган парламенттик шайлоодо партиялык тизмеге кирем деген ар-бир саясатчы үчүн атайын кошумча «этикалык нормаларды» киргизүү сунушу айтылып чыкты. Мунун артында шайланган депутат мамлекеттин кызыкчылыгына каршы чыга турган ойлор менен сунуштарды айтуудан алыс болуу талабы турат. Эгерде бул шарт кабыл алынса, анда Россиядагы 1999-жылдан бери калыптанып келаткан президенттик бийлик бутагы өлкөдөгү үстөмдүгүн бекемдей алат. Бирок россиялыктардын 80 пайызынын колдоосуна ээ болгон азыркы мамлекет башчысы саясый аренадан кеткенден кийин эмне болот деген суроо туулат. Азыркы орус Өкмөт башчысы президент болуп турганда батышчыл орус саясатчылар Россия эми либералдык баалуулуктарга кайрылат деп ишенген эле. Андай болуунун ордуна азыркы мамлекет башчысы Россияда катуу тартип менен патриоттуулукту туу тутуп, бирок аларды ишке ашырууда өзгөчө бир кол тийбес чөйрөнү бапестеп, бийликте кармап туруусу канчага созулат жана андан кийин эмне болот деген дагы бир суроону жаратат.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# КЫРГЫЗСТАН

## Учурдагы жалпы абал жана Кыргызстан

Евразиялык экономикалык биримдикке Армения менен Кыргызстан 2014-жылдын аягында толук кандуу мүчө болууга даярдыгын билдирген макулдашууга кол коюшкан. Ошондон тарта Кыргызстанга сатуу үчүн сырттан келип жаткан автоунаалардын бажы төлөмдөрү кескин жогорулап кеткендиги коомдун соодага жакын катмарларынын кооптонуусун пайда кылган. Статистикалык маалыматтарга караганда, шаарларынын жолдору болгону 400 миң автоунаа үчүн эсептелген Кыргызстанда азыр 1,2 млн автоунаа каттоодо турат. Ошол себептен ири шаарлар эмес, кичи шаарлар менен чоң айылдардагы коомчулукту тажаткан автотыгындардын саны күн сайын өсүп баратат. Демек кыргыздардын арасында турмушу оңолуп, туруктуу жана татыктуу үй-жайга жетишпесе да, автоунаа алууга алы жеткендердин саны өсүүдө. Элдин арасындагы мындай талап күчтүү болуп жатканын баамдаган соодагерлер, сырттан оң рулдуу автоунааларды арзан баада алып келип, үстүнө үстөгүн кошуп, бизнес кылгандар көбөйгөн. Андайлар шашып, Бажы биримдигинин эрежелери ишке кирише электе пайда таап алалык деген аракетин күчөтүп, бир топ каражатын машиналарды сатып алууга жумшап коюшкан. Бирок аларга тиешеси жок себептерден улам, автоунаалар

чек арадан өз убагында өтө албай калган. Натыйжада аларды өткөрүү үчүн зарыл болгон бажы төлөмдөрү кескин өсүп кетип, бир далайынын пайдасы эмес, жалпы кирешеси да аз болуп калган. Автобазарларда оң рулдуу унаалар сатылбай, жык толгону Бишкектин көчөлөрүндө даана көрүнүп турат. Коомчулуктун бир бөлүгү Евразиялык биримдикке кире электе эле күтүлбөгөн терс көрүнүштөр башталып жатканына нааразы болушуп, мындан кийин абал азыркыдан да оор болоорун боолголошууда.

Биримдикке кошулгандан бери бир эле автоунаа саткан адамдар нааразы билдирип жатышса, анда башкалар канчалык кыйын абалда калаарын айтуу кыйын. Автоунаачылардан кийин кийим тигүүчүлөр, сырттан келген кездемелерге жана керектүү буюмдарга бажы төлөмдөрүнүн өсүшүнө нааразылык кылып чыкса, алардан кийин башкалар да кошулса, аягы чырга айланбайт деп эч ким кепилдик бере албайт.

Ошентсе да жаңы Биримдикке кирүүдөн Кыргызстан утуш алып жаткан бир маанилүү жагдай бар. Россиядан келип аткан күйүүчү майларга болгон баа 5-10 пайызга январь айында төмөндөдү. Мунун себебин адистердин бир бөлүгү дүйнө рыногундагы чийки нефтиге болгон баанын төмөндөшү менен түшүндүрсө, башкалары Россиянын батыштын экономикалык санкцияларына туш келиши менен байланыштырууда. Ал эми Россияга тыгыз байланууга мажбур болгон Кыргызстандагы жалпы абал нефть жана күйүүчү майлардан башка факторлор аркылуу экономикалык жактан кыйынчылыкка учураары да өлкөнү чоң тобокелге салууда. Кандай болгон учурда да Кыргызстан башкаларга, мисалы Россия менен Казакстанга, зарыл болгон тамак-аш, мал чарба продукциясын жана өсүмдүк-жемиштерди экспорттоого буга чейинкиден кыйла жогору турган мүмкүнчүлүккө ээ болушу ыктымал. Эгерде бизден чыккан товарларды өз убагында сертификация кылуу жана документтерин туура толтуруу процедуралары колго алынса, маселе Кыргызстандын пайдасына бурулаары турган иш. Анда ортодон пайда табууга аракет кылган алып-сатарлар

менен «Дордой» базарына окшогон жерлерде отурган соодагерлердин саны азайып, өзү жасап же өстүрүп, экспортко чыгара турган товарларды чыгаргандардын саны көбөймөк. Буга Таластык дыйканчылардын төө буурчак экспорттоо аркылуу тыңуусу далил. Кыргызстан бир тараптуу тейлөө багытына ооп бараткан өлкөдөн өндүрүп сатуучу өлкөгө айлана турган шартка жетти. Өлкөнүн ичинде эле пайда таап, тың жашаса боло турганына көзү жеткен мигранттар кайра өз мекенине кайтып келе башташат. Колунан өнөрү келгендердин бир далайы азыр деле өз алдынча оокат кылганды өздөштүрүп алды. Евразиялык экономикалык биримдиктин шартын жакшы өздөштүрүп, анын талап-муктаждыгын жакшы үйрөнгөн коом экономикасын өстүрө алат. Жалпы эл жалаң автоунаа сатуу менен эмес, өндүрүш менен турмуш-жашоосун өткөрө алаарына ишене баштайт эле.

*Бишкек, январь, 2015-жыл*

## Кыргызстан жана энергетикалык кулпу

Мурдагы Совет доорунда Орто Азиядагы беш республика өз ара алакасын бири-бирине жолтоо болбостон, пайда алып келе тургандай деңгээлге чыгарып, анын ишке ашуусун Москвадагы жогорку бийлик катуу көзөмөлдөп турган. Натыйжада беш республика өзүндө артык болгон экономикалык товарлар менен кызматтарды коңшуларына берип, алардан өзүнө зарыл болгондорду алып туруучу. Алардын эң маанилүүсү жана жалпы экономикалык өнүгүүгө пайдасын зор тийгизген энергетика тармагы эле. Өзүндө арбын өндүрүлгөн жер-жемиш продукциясын Өзбекстан Орто Азияга эле эмес, бүтүндөй СССРге чыгарчу. Кыргызстан өзүндө өндүрүлгөн мал-чарба продукциясын башкаларга сатуучу. Казакстан ташкөмүргө бай болгондуктан ага муктаж болгондорго эч тосқоолдуксуз жеткирип туруучу. Түркмөнстан менен Тажикстан

кездеме чыгаруучу фабрикаларга миллиондогон тонна пахта жеткирип турaар эле.

Совет доору артта калып, ар-бир беш республика өз алдынча мамлекетке айланган соң, арадагы алака да өзгөрүп, базар экономикасынын талаптарына ылайык соода-сатык мамиле күч ала баштады. Азыркы мезгилде Орто Азиядагы ар-бир мамлекет өзүнө кайсы товар же продукция керек болсо, дүйнөлүк баага ылайык сатып алууга мажбур. Мурдагыдай мамиленин ордуна алака базар талабына ылайык, каражат төлөнсө ошондо гана өзүнө зарыл товарды алууга аргасыз болуп калды.

Мындай шартта экспорттук мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон, өзгөчө энергетикалык жактан абдан калпыс абалда калган Кыргызстан менен Тажикстан үчүн кыйын кырдаал түзүлдү. Бул эки мамлекет Совет доорунда эле энергетикалык жактан коңшуларынан көз каранды болуп келген. Мурун зарыл болгон көөлөмдөгү көмүр, газ жана электр энергиясын Казакстан менен Өзбекстандан эч кыйынчылыгы жок алып туруучу. Ал үчүн Кыргызстан менен Тажикстан жайында Өзбекстан, Түркмөнстан жана Казакстанга сугатка зарыл болгон сууну эч тоскоолдуксуз камсыздап туруучу. Анын көөлөмү жетиштүү болуусу үчүн атайын Токтогул жана Нурек суу сактагычтары курулуп, жетиштүү суу көөлөмүн жылына чогултуп, жай айларында тоскоолдуксуз чыгарып туруучу.

Азыркы маалда алака баардык жагынан өзгөрдү. Коңшулардан алына турган ар-бир товар үчүн базар баасында акча каражат төлөнүп, төлөнбөй калган учурларда газы же жарыгы жок да олтуруп калган учурлар аз эмес. Өзгөчө кысымга тажиктер кабылган. Өзбектерден катуу талаптар чыгып, тажик экономикасы абдан кыйналган жылдар да болгон. Аларга коюлган негизги кине болуп өзүнө зарыл электр энергиясын көбөйтүү үчүн жаңы ири ГЭСти Рогун дарыясына кура баштaшы болду. Өзбек бийликтери бул дарыя аркылуу келүүчү сууну тажиктер ылдый түшүрүүгө жолтоо кылып, натыйжада Өзбекстан суусуз калышы мүмкүн деп чочулап алышкан. Кыргыз тарап да сырткы электр энергиясынан көз

карандылыгын азайтуу максатында Камбар-Ата-1 ГЭСин кура турганын жарыялагандан баштап, өзбек тараптын кысымына чалдыкты. Өлкөнүн түштүгү бир жылга жакын газсыз калган жана Россиянын кийлигишүүсү аркылуу гана абал калыбына келтирилген.

Кыргызстан 2019-жылдан тарта Евразиялык бирикмедеги мамлекеттер менен кошулуп, бирдиктүү энергетикалык системаны ишке киргизүүгө катышууга укук алды. Май айынан баштап ушу багытта толук кандуу иштер жүргүзүлсө, буга чейин Орто Азиялык бирдиктүү энергосистемадагы Өзбекстандан болгон көз карандылык азайып, Казакстан менен бирге бир системага кошулат. 2016-жылы энергетикалык бирикменин атайын программасы иштелип чыгып, ага Россия, Беларусь жана Казакстан менен кошо Кыргызстандын кириши талкууланып, бирге иштей тургандай чечимдер кабыл алынаары болжолдонгон. Эгерде ошол программада Кыргызстандын муктаждыктары эске алына тургандай кадамдар каралса, анда Кыргызстан Орто Азиялык бирдиктүү энергетикалык системадан чыгууга жол ачылып, учурдагы Өзбекстандан болгон көз карандылыктан толугу менен бошонот да, Евразиялык бирикменин мүчөлөрүндөй толук кандуу жана өзүнө зарыл болгон көөлөмдөгү электрэнергияга ээ боло алат.

*Бишкек, январь, 2015-жыл*

## Шайлоолор: Орто Азия жана Кыргызстан

Орто Азия өлкөлөрүнүн арасында 2015-жылы бир гана Түркмөнстанда шайлоо тууралуу сөз болгон жок. Ал жерде парламенттик шайлоо болуп өтүп, баары туруктуу бойдон сакталууда. Тажикстанда да февраль айында парламенттик шайлоо өтүп, ал жердеги саясый абал эч өзгөрбөстөн, стабилдүү бойдон калууда. Кийинки чоң шайлоо дагы бир коңшу Өзбекстанда өткөрүлүп, анда президент жаңы мөөнөткө шайланылышы өттү.

Бул өлкөдө да саясый абал чоң кабатырлануу же чочулоону жарата тургандай деңгээлге чыгуусун күтүүгө болбойт. Бийликти баардык жактан коргоп, 26 жылдан бери келаткан азыркы саясый элита, мамлекет башчысынын 77 жашка чыкканына карабастан, туруктуулукту, аны менен кошо өз бийлигин сактап калуусу күмөн туудурбайт. Андан кийинки чоң шайлоо эң эле ири кошуна болгон Казакстанда 26-апрелде өткөрүлдү. Бул шайлоо белгиленген мөөнөтүнөн бир жыл эрте өттү. Расмий жактан алганда шайлоонун алдыга жылдырылышы кийинки 2016-жылы дагы бир маанилүү шайлоо болуусу менен дал келгендиктен которулууда деп айтылат. Президенттик жана парламенттик шайлоолордун кыска мөөнөттүн арасында өткөрүлүүсү өлкөдөгү стабилдүүлүккө терс таасир тийгизе тургандай коркунуч бар делген пикирлер эске алынган. Ошол эле кезде Казакстандагы кырдаал тышкы чөйрөнүн таасирине, коңшуларына караганда, көбүрөөк чалдыга тургандай абалда. Өлкөгө кызыккан транс-корпоративдик компаниялар ири суммадагы инвестицияларды киргизип, Казакстандын жаратылыш байлыктарын иштетип жатканы, ага миллиарддаган доллар каражат короолгону талашсыз. Бирок өлкөдөгү бир адамдын көп жылдан бери мамлекет башчысы болуп келатканы, албетте, батыштагы демократиялык көз караштарды жана өнүгүүнү камсыз кылууга кызыккандар үчүн кандайдыр бир чара көрүүгө чоң себеп. Андай күчтөрдүн аракеттери баардык жерде бирдей жыйынтык алып келбеси белгилүү болсо да, Казакстан алардын бирден-бир бутасы бойдон калууда. Казак бийлиги болсо азыркы туруктуу өнүгүүгө тоскоол боло турган кыймылдарга жолтоо кылуу жолу катары, президенттик шайлоону алдыга жылдырып, эки саясый иш-чараны бири-биринен алыстатып, элдин оюн алаксытууга аракет кылууда. Аны менен кошо эле казак бийлиги учурда Украинанын айланасында болуп жаткан каргашалуу окуяларга окшогон кокустукка да себеп бербөө аракетин көрүп жатканы талашсыз.

Орто Азиядагы эң демократиялык өлкө делген Кыргызстанда да парламенттик шайлоо өтөөрү белгиленген. Ага даярдануу

процесси амбициясы күчтүү жана мүмкүнчүлүктөрү бар саясый күчтөр тарабынан жасалып жаткандыгы баарына көрүнүп турат. Партиялардын ирилешүү процесси бир жагынан саясый топтордун мүмкүнчүлүгүн жогорулатса, экинчи жагынан шайлоочуларын таң калтырып, бүдөмүк ойду жараткан жүрүштөр да пайда болууда. Парламенттеги партиялардын арасында да шайлоого даярдык жүрүп, акыркы мезгилде өзгөчө «Ата-Мекен» партиясы күчтөнө баштады. Ал эми бийликтин партиясы деген Социал-демократтар шайлоодо сөзсүз ийгиликке жетишүүсү зарылдыгын түшүнүп, өз катарына кошулгандардын сапаттуу жагына көңүл бура баштаганы байкалат.

Ушундай мезгилде Кыргызстанда парламенттик шайлоонун мөөнөтү өзгөрүп кетиши ыктымалдыгын айткан саясатчылар да аз эмес. Негизги себеп, «Кумтөр» алтын кенине байланыштуу Жогорку Кеңештин Кыргыз Өкмөтүнө берген тапшырманын аткарылышы болууда. Апрель айында парламент эки тараптын биргелешкен жана тең үлүштүү укукка ээ болгон мекеме түзүү боюнча сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгын сурашы керек. Жаңы биргелешкен мекемени түзүүдөгү кыйынчылыктар тууралу «Кыргызалтын» ишканасынын расмий жетекчилиги ачык айтып, баардык шарттарды макулдашуу кыска мөөнөттө кыйын экендигин, ал турсун мүмкүн болбой калгандыгын да кыйыткан. Эгерде тапшырма аткарылбаса, азыркы кыргыз Өкмөтү таркашы керек. Кырдаал ушуга алып келди. Мында бир гана жол – «Кумтөр» компаниясынын артында турган канадалык «Центерра» компаниясы кыргыз тараптын шарттарына көнүп, биргелешкен мекемени түзүүгө макулдугун берүүсү. «Центерра» буга да баруусу ыктымал. Себеби, келишим түзүлбөсө, «Ата-Мекен» партиясы талап кылган кенди улутташтыруу гана жолу калат. Анын экономикалык кесепеттери канчалык оор болсо да, саясатчылар үчүн бүгүнкү чакан жеңиш эртеңки чоң утулуудан маанилүү.

*Бишкек, март, 2015-жыл*

# Паракорлукту жеңүүнүн жолу

Кыргыз бийлиги коррупцияга каршы күрөштү күчөтүү аракетин көрүп жатышы коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынууда. Ээлеген орду, аты-жөнүнө карабастан жоопкерчиликке тартыла тургандардын саны өсүүдө. 6 млн-дон ашык эли бар жана өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрү кенен Кыргызстанда паракорлук жана арам оокат кылгандардын саны азайбастан, өсүп жатышы жалпы эл менен мамлекеттин беделин кетирип, келечегине балта чапкан менен тең. Ошол себептен мамлекет солгундап кете электе колдон келген баардык чараларды көрүп, паракорлуктун жолун бууш зарыл.

Өлкөнүн баш прокурору болгон Аида Салянованын кызматтан өзүнүн каалоосу менен кетиши элди бир толкундантып алды. Негизги себеби, бул айым катуу баштаган антикоррупциялык кампания бир топ белсемдүү адамдарга барып такалып калгандай сезилди. Парламенттин мурдагы спикери болгон Акматбек Келдибековго байланыштуу тергөө иштери башталаар замат, тоскоолдуктар түзүлүп, аягы Алайдагы жол тосууга алып келген. Элди ынандыруу жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлсө да, алайлыктар жердешин үй камагына чыгарууну талап кылуусун аткаруу менен аяктады. Андан кийин Башкы прокуратура бир нече иштерди ачып, чара көрүлүп жатканын билдиргени менен, алар резонанстуу деңгээлге чыга албай калган. Бир аздан соң А. Салянова, мамлекет башчы тарабынан колдоого алынып, президенттикке да жарай турган инсан деп айтканына карабастан, кызматынан кетүү арызын тапшырган. Баамдаган адамдар бул кадамдын артында коррупция менен күрөшүүдө Салянова буга чейин сезип келген президенттин колдоосун «сезбей калдым» деп айтышы жөн гана шылтоо болушу мүмкүн. Бир аздан соң өзү коомчулук астына чыгып, түшүндүрмө берген Салянова, өз кадамын күйөөсүнө каршы ачылган кылмыш ишине байланыштуу эместигин айтып, элди коррупцияга каршы биригип иш кылуу үчүн колдоо кылууга чакырган. Максатка жетиш үчүн

«Күчтүү Кыргызстан» деген саясый партия түзүп, жакындап келаткан парламенттик шайлоого катышууда элдин колдоосуна абдан ишенээрин кошо билдирип, инсандык амбициясы бир топ экендигин сездирген. Бирок бир аз убакыт өтө электе, Кыргызстандын Коопсуздук кызматы Саляннованын күйөөсү Бакыт Абдыкапаровго каршы кылмыш иши козголгонун айтып, ал Казакстандан ташылып келүүчү көмүргө байланыштуу коррупциялык схемага аралашы бардыгын жарыялаган. Салянова буга каршы оюн билдирип, бул ирет мамлекеттик бийликтегилердин анын өзүнө каршы жасаган кадамы деп баалаган. Сырттагы байкоочулардын баамында Башкы прокуратурада Саляновадан кийин үч орун басарынын бир мезгилде кызматтан алынышы, бул күчтүү уюмда абдан чоң жаңылануу боло турганын көрсөткөн. Көп узабастан, Башкы прокуратуранын негизги бөлүгү болгон Иликтөө бөлүмүнүн жетекчиси 100 миң доллар пара алып жаткан жеринен кармалышы, коррупцияга каршы турган мамлекеттик органдын өзүндө паракорлук дагы деле өкүм сүрүп атканын далилдеди. Анда башка мамлекеттик уюм менен органдарда коррупциялык абал кандай экендигин жана ага каршы күрөш кандай жүрүүсүн айтуу абдан кыйын болуп калды. Баардык маселелер жең ичинен чечилип, камакка алынып, соттоло тургандар тез арада эркиндикке чыгып жатышы, бул күрөштүн аягы бүтпөй тургандай сезим калтырат. Ушундай абалда 31 жылдан бери арал мамлекет болуп, коррупциянын деңгээли эң төмөнкү тепкичте турган Сингапурдун мурдагы Премьер-министри Ли Куан Юнун дүйнөдөн кайтышы, паракорлук менен абдан эффективдүү күрөшө тургандай жол бардыгын эске салды. Малайзиянын курамынан сүрүлүп чыгарылган Сингапурда 1951-жылы бийликке Ли Куан Ю келип, Өкмөттү 31 жыл башкарган. Анын айтымы боюнча, эч бир байлыгы, ресурсу, коомдук даярдыгы жок өлкөнү сактап калуу үчүн катуу тартип менен талыкпаган эмгек керек болгон. Демократиялык баалуулуктарды колдонуу менен коомдук аң-сезимге тезирээк кире тургандай темирдей тартип орнотуу үчүн Ли Куан Ю

кетирилген кемчиликтер үчүн эмес, коррупцияга аралашкан делген 10 өкмөт мүчөсүн кыска мөөнөт аралыгында жазалаган. Ал гана турсун жакын тууганын да аяган эмес.

Коомдо катуу тартип менен бирге адам укуктарын сактоо абдан кыйын экендигин кыргыз бийликтери жакшы түшүнүп калды. Катуу тартип киргизилсе элдин нааразылыгы чочулатат, демократиялык принциптерди өнүктүрүп, коомдун аң-сезимин өстүрүү аракети ушуга чейин элди чектен ашырып, паракорлукка берилтип, баш ийбей турган шартка бүтүндөй өлкөнү такап жатат. Ли Куан Юнун таланты дал ушул эки түшүнүктү бир маалда элге туура жеткирип, анын колдоосу менен коррупцияны жойгон жана жыйынтыгында Сингапур азыр эң өнүккөн беш мамлекеттин катарына кирген. Ошол эле мезгилде ал жерде аң-сезимди туура багытта өнүктүрүү үчүн жерге түкүргөн адам 500 доллар айып пул төлөй тургандай тартип орнотулган. Ал эми баңги заттары менен кармалган адамдар өлүм жазасына тартылат, коррупция деген түшүнүктүн жышааны да жок.

*Бишкек, март, 2015-жыл*

## Шайлоо жана Европага сапар

«Биз шайлоодо утуп алган талапкерге мамлекет башчысынын ордун бошотуп берүүгө көнүшүбүз керек», деп президент Алмазбек Атамбаев Европага 2015-жылы жасаган сапары учурунда Брюссель шаарындагы жыйында айтып чыкты. Буга чейин деле президенттик мөөнөтүнүн канчасы калгандыгын эрикпестен эскертип келген мамлекет башчы, бул жолу демократиялык нукта өнүгүүсү алдыга кеткен өлкөлөргө гана шилтеме кылбастан, Кыргызстанга окшош өнүгүү жолундагы Монголиянын тажрыйбасына да кайрылды. Кыргызстанда парламенттик шайлоо жакындаган сайын, ар-кыл саясий күчтөр түрлүү максаттарды көздөп, өлкөнүн Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү

көздөп жатышканы байкалууда. «Бизге кийинки шайлоолор ачык жана акыйкаттуу өтүүсүн камсыз кылуубуз зарыл», деген Атамбаевдин саясый топтордун кысымына туруштук бере алышынан күмөн санагандар көп деле эмес. Бирок серепчилердин арасында Орто Азиядагы башка өлкөлөрдүн мамлекет башчылары президенттик кызматта калууга колдон келген аракети менен айласын таап, алды 26 жылдан бери бийликте турушу азиялык менталитеттин өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Коңшулардын өнүгүүсүнүн бирден бир себеби бийликтин катуу жана туруктуу болуусу себеп дегендер да аз эмес. Кыргызстанда болсо акыркы 20 жыл аралыгында демократиялык өнүгүү жолу бийликтин аброюн бир кыйла төмөндөтүп, элдин арасындагы ага болгон мурдагы мамилени өзгөрттү. Эки жолку революциялык жол менен башкаруучулардын алмашуусу коомчулуктун аң-сезими бир кыйла өзгөргөнүн айгинелейт.

Бийлик бир адамдын колунда топтолушу өлкөнү эффективдүү башкарууга жол ачып бере алат. Бирок элдин мүдөөсүн түшүнбөстөн, жеке адамдын же ичке бир топтун кызыкчылыгы үчүн иштөөгө болгон азгырмалар да көп экендиги талашсыз. Орто Азияда биринчи болуп Кыргызстан дал ушундай, коңшуларда көнүмүш болуп калган көрүнүштөргө каршы чыгып, бийлик алмашууну мыйзамга ылайык тартипке келтирип, замандын талабына ылайык жашоого өтүүнү каалайт, дейт Атамбаев. «Биз баардык процесстер өз убагында өтсүн деп чечтик. Ошондуктан быйыл бизге өтө таза парламенттик шайлоо өткөрүү маанилүү. Анткени эки жарым жылдан кийин биз жаңы президентти тандайбыз. Ал эми жаңы президентти шайлоодо системанын болушу абдан чоң мааниге ээ», деп айтты Атамбаев Европага болгон сапарында. Анын оюу боюнча парламенттик шайлоо таза жана ачык өтүп, «татыктуулар» шайланса, эл таза шайлоо болооруна ынанып, ишеним пайда болот. Ошол себептен кыргыз президенти коомчулукту азыртадан шайлоо таза өтөөрүнө ынандырып, ишентүүгө багытталган чараларды көрө баштады. Алардын эң белгилүүсү – бул шайлоочулардын биометрикалык маалыматтын алдын-ала

жыйнап, ошол маалыматка таянып, шайлоочулардын тизмесин түзүү процесси. Акыркы маалыматтарга караганда, жаңы түзүлүп жаткан каттоо тизмесине киргендердин саны 2,1 млн адам болгон. Ошол эле мезгилде каттоого алынбаган кыргыз жарандары шайлоо процессине кире албай калат. Добуш берүү үчүн ар-бир кыргыз жараны биометрикалык маалыматын каттатуусу зарыл.

Президенттин айтуусунда, азыр парламент «Шайлоо тууралуу» мыйзамды талкуулап жатат. Анын негизинде бир топ өзгөрүүлөр киргизилиши мүмкүн. «Мен фракция лидерлери менен кезигишип, мыйзамга аялдар, улуттук азчылыктар жана жаштар үчүн атайын квоталар киргизилсе гана ага кол коём деп эскерттим», деп билдирген президент Европалык саякаты учурундагы кездешүүлөрдө. Анын оюу боюнча мындай тажрыйба Кыргызстанда бар жана өзүн толугу менен актай алган. Ошол эле мезгилде Атамбаев Европалык Биримдиктин жетекчилиги менен сүйлөшүүлөрдө, жакындап келаткан парламенттик шайлоо «татыктуу деңгээлде» өтөөрүнө ишенээрин билдирген. Кездешүүлөрдөн кийин, батыш өлкөлөрү Кыргызстанга шайлоо процессине байланыштуу көмөк көрсөтүү боюнча убада берилгени белгилүү болду. «Дал шайлоо өнөктүгүнө окшогон маселелерде Кыргызстан Евробиримдиктин колдоосуна ишенет», деп билдирген Атамбаев. Швейцария менен Бельгияга болгон сапары убагында Кыргызстанга парламенттик шайлоого делген атайын каражаттар да бөлүнгөнү маалым болду. Швейцария шайлоого зарыл болгон аспаптар менен техниканы сатып алуу үчүн 1,8 млн швейцар франкын бөлүп бермей болгон.

Шайлоонун жыйынтыгы Кыргызстандын келечеги үчүн абдан маанилүү экендиги талашсыз. Анын натыйжасына жараша президенттик шайлоо да өткөрүлөт. Андыктан коомдун келечегине оң таасир кыла ала турган процессти камсыз кылуу азыркы бийликтин негизги милдети.

*Бишкек, март, 2015-жыл*

# Кыргызстандагы жашоо жана статистика

Кыйынчылыктарга карабастан Кыргызстандын экономикасы токтобостон, өсүп баратканын расмий булактар маалымдашты. Улуттук статистика кызматынын билдирүүсү боюнча 2015-жылдын биринчи үч айындагы экономикалык өсүш былтыркыга караганда 7 пайызга жогору болгон. Дүйнөлүк жана Орто Азия аймагындагы кырдаалды эске алсак, бул көрсөткүч кызыгууну жана таң калууну жаратат. 2014-жылдагы эл аралык алаканын кескин өзгөрүшү Кыргызстан ыктап келаткан Россия менен Казакстандын экономикалык-финансылык алакасына терс таасир тийгизгендиги баарына маалым. Жылдын аягында россиялык рублдин куну 2 эсе түшүп, бир АКШ доллары 65 рублге жеткен. Россия өзү экономикалык кысымга алынып, өлкөдөн чыгарылып кеткен валютанын көөлөмү 150 млрд доллардан ашты. Ал жерде иштеп, тапкан каражатын өз өлкөсүнө салган эмгек мигранттарынын каражаттары да кескин кыскарган. Алардын арасында кыргыз мигранттары да бар.

Кыргызстандын өзүндө болсо мамлекеттик финансы булактарын түзгөн салык төлөөчүлөрдүн бир тобу иштөөсүн басаңдатып, тапкан пайдалары да кыскарды. Алардын арасында курулуш тармагында иштеген фирмалар салып бүтүрүүгө үлгүрбөй калган имараттарды ачыктан эле ипотека ыкмасы менен элди кызыктырып, салган батирлердин акысын кийин, бара-бара алууга даяр экендигин көрсөтүүгө өтүштү. Ал эми курулуш процесси акчасы жок, бартер ыкмасы менен жүрүүдө. Кийим тигип, экспорттоо менен оокат кылгандардын негизги сатып алуучулары Россия менен Казакстандан болчу. Алардын ички потенциалы азайган соң, Бишкекке келип, даяр кийим-кечени сатып алуучулардын агымы кескин азайганын «Дордой» базарына баргандар даана байкашууда. Ички дүң продукциянын 10 пайызына чейин көөлөмдөгү каражатты мамлекеттик бюджетке которгон «Кумтөр» ишканасы 2014-жылы башталган талаш-тартыштын айынан чыгарган

алтындын көөлөмүн азайтты. Андыктан бул ишкананын да кыргыз экономикасына кошкон салымы азайды. Чет элдик инвесторлордун агымы бийлик күткөндөгүдөй болбой, ишенгени ГЭСтердин каскадын курабыз дешкен россиялык ири компаниялар эле. Алар да жыл жаңыргандан баштап ички кыйынчылыктардын айынан инвестициялык каражаттарды тоңдурууга аргасыз болууда. Кыргызстан чыгарууга даяр жана коңшу казактар сатып алабыз деп, көзү түшүп турса да, сүт азыгынан башка эл аралык сертификацияга жараган товарлар, азырынча толук кандуу агым болчудай деңгээлге чыга элек. Евразиялык бирикмеге киргенге чейин кыргыз товарларын текшерүүгө алууга даяр болгон атайын лабораториялардын жоктугунан кыргыз өндүрүүчүлөрү чыгарган айыл-чарба, мал чарба продукциялары чоң көөлөмдө экспортко чыгарыла элек. Ички өнөр-жай да экономикага алым-сына тургандай деңгээлде иштей элек. Кыргыз сому акыркы жарым жылда өз наркын азайтты. Ал эми базарда сатылуучу товарлар күн өткөн сайын кымбаттап, элди чочулатып жатканда кыргыз, экономикасы 7 пайызга өсүүсү таң калтырбай койбойт. Килтейген өнөр-жай потенциалы бар коңшу Кытайдын экономикалык өсүүсү 2014-жылы араң деп 7 пайыздан ашкан. Салыштырып көргүс экономикалык кубаты бар Казакстандын экономикалык өсүүсү да Кыргызстандыкына жетпейт.

Мындан бир гана жыйынтык чыгарса болот. Эл арасында маалыматтын үч түрү бар дешет. Биринчиси туура маалымат, экинчиси калп жана үчүнчүсү – бул статистика. Кыргыз статистикасы да түрлүү ыкма менен эсептелгендиктен, тетири жыйынтык берүүчү көрсөткүчтөрдү камтыбастан, оң салым кошо турган көрсөткүчтөр гана эсепке алынып калуусу ыктымал. Натыйжада Бишкек шаарында жашаган тургундардын көпчүлүгүндө бирден иномаркалык автоунаа бар дегендей таасир калтырат. Шаардын баардык негизги көчөлөрүндө ирилетип салынган тойканалар көбөйүп баратат. Аларда өткөрүлө турган той-аштар да көп. Концерт коюп, элдин черин жазган артисттер да күн сайын көбөйүүдө. Аларды колдоп,

билеттерин сатып алууга даяр болгон көрөрмандар да азайбайт. Эгерде ушундай көрүнүштөрдүн негизинде эсептелген статистика болсо, анда Кыргызстан чынында эле өсүү жолунда. Бир гана нерсе ойлонгон адамды кабатырлантпай койбойт – экономикасы күчтүү өлкөлөрдөгү коом Кыргызстандагыдай саясатташкан эмес. Ал эми кыргыз эли бир шайлоодон кийинки шайлоого чейин саясаттын тегерегинде гана оокат кылып, жашоо турмушун өткөрүүгө мажбур.

*Бишкек, апрель, 2015-жыл*

## Жаңы элитаны түзүү ойлору жана мамлекет

Кыргыз президенти Алмазбек Атамбаевдин шартка ылайык өлкөдөгү элитаны алмаштырмайын, мамлекет бутуна турууга, жаңы бир нукта өнүгүүгө өтө албайт деп айтканы бар. Дагы бир маегинде жаштарга жол берип, алардын арасынан суурулуп чыккан каймактарына жол ачыш керек, жаңы көз караштагы муун гана Кыргызстанды оңой алат, деген сөзү да белгилүү. Эгемендикке жеткенден бери Кыргызстанды Совет доорунан бери бийликте келаткан муундун тың чыкмалары башкарып келген. Алар азыр да бийликтин баардык бутактарында отуруп, мамлекеттин өнүгүүсүн заман талабына ылайыктуу эмес, башка максаттарга ылайык жүргүзүп келаткандыктан, өлкөнүн өнүгүүсү начар болууда дегендер четтен чыгат. Буга кошумча учурдагы шартка ылайыкташуу жолу менен бийликке аралашкан жаш муундун арасынан чыккан шылуундар да өз салымын кошуп, өнүгүүнү басаңдатып жаткандары аз эмес.

Мамлекет башчынын айтканына таянып, жаңы муундун арасында тың, билимдүү жана патриоттук сезими күчтүү болгондорду көбөйтүп, аларды мамлекеттик иштерге тартуу зарыл экендиги талашсыз. Эгерде азыртадан баштап жаштардын арасында билимге басым жасап, эл менен өлкөнүн

өнүгүүсүнө салым кошо ала тургандарды чыгарып, баардык тараптагы дүйнөлүк алдынкы технологияларды Кыргызстанга киргизүү иши колго алынбаса, Кыргызстан мамлекет катары бутуна туруусу оорлошоору ыктымал. Салыштырып карасак, батыш мамлекеттери эмес, коңшу Кытайдын турмушу мындан 30 жыл мурун абдан начар болуп, ал жерден чыгарылган майда-барат товарлардын арзанына качырып, сатып алып, кийин сапатын сындап жүрчүбүз. Кытайдын өзүндө калктын жарымы кедейчиликте жашоочу. Бирок ошол 1980-жылдарда Кытайдын көсөмдөрү бийликке келген элдин каймактарын даярдап гана тим болбостон, аларды белгилүү бир мөөнөттө алмаштырып туруу эрежесин компартиянын колу менен киргизген. Ошол себептен Кытайдын эң мартабалуу бийликтеги адамдары 10 жыл өкүмдарлык кылган соң бүтүндөй командасы менен алмашып турууга милдеттүү. Кытайлык көсөмдөрдүн оюу боюнча бийликтегилер менен калктын каймагы улам-улам алмашып турбаса, СССРди кулатууга алып келген сенектик коомго сиңип калат да, турмуш инерцияга такалат. Бийлик эмес, коом анын нугун өзгөртө албай калат. Ошол себептен эң күчтүү делген империялар сенектиктин айынан талкаланууга, жоюлууга келишкен. Алардын эң акыркысы дал биз чыккан СССР болгон.

Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин Кыргызстандын ошо кездеги элитасы бийликти колго алып, демократиялык нукта өнүгүүгө жана сөз эркиндигин орнотууга багыт алган. Бирок аны менен кошо маданият менен билим тармагына кош көңүл мамиле кылынып, элдин руханий жактан өнүгүүсү мамлекеттин көз кырынан четте калган. Натыйжада пост-советтик маалда тарбия алган муундун бир тобу эч кандай билим албастан, формалдуу түрдө гана окуп калышкан. Алардын көздөгөнү рынок алакасында акча маселеси биринчи орунга чыгып, анын кесепетинен ата-энесин да унуткан жаштардын саны өскөн. Алар кийин үй-бүлөлүү болгон соң, өз балдарын да таштап кеткенге чейинкилердин саны өскөн. Эгерде азыр ушул маселени колго алып, жаштардын арасындагы татыктууларды

келечекте кыргыз элинин элитасын түзүү үчүн даярдоо башталбаса, мамлекеттик макамга доо кетээри бышык. Ансыз деле чала билимдүү кыргыздардын мамлекеттүүлүгү чоң суроо астында турат деп айткан коңшу эле мамлекеттердин серепчилери четтен чыгат.

Жаңы элита өзүнөн өзү чыга калбайт, аны даярдаш керек. Бул маселени чечүүдө учурда эки көйгөйлүү кемчиликке көңүл буруу зарыл. Биринчиден – кыргыз үй-бүлөсүндөгү алака менен жаш балдарга болгон мамилени оңдоо талап. Туура тарбия алган өспүрүм келечекте туура кадамдарды жасаганга аракет кылат. Экинчиден – билим берүү тармагындагы оркоюп, көрүнүп турган маселелерди чечүү керек. Бала-бакчадан тартып, мектеп, андан арын жогорку окуу жайларындагы билим жана тарбия берүүнү сапаттуу жакка буруу зарыл. Азыр коомдун баардык катмарында паракорлук терең жайылган. Андайды жаштайынан көргөн жаңы муун кантип эл аралык деңгээлдеги сапаттуулукка жана элита деген атка татыктуу боло алат? «Коомдун каймагы болгон элита алмашуусу зарыл жана менин максатым дал ошондойго татыктуу муунду даярдоо. Андай учур жакындап келатат жана өзгөрүүлөр чоң болот. Ал үчүн биз жакындап келаткан парламенттик шайлоого жакшы даярданышыбыз керек. Келечектеги шайлоо ачык-айкын өтүүсү үчүн каражатты аябастан, дүйнөлүк алдынкы технологиялар менен ыкмаларды колдонуубуз керек», деп А. Атамбаев 2013-жылы эле айткан.

Мамлекет башчысынын айтуусунда, элитаны алмаштыруу, ал аркылуу бийликке жаңы көз караштагы, алдынкы идеяларга сугарылган, билимдүү муунду алып келүү, парламенттик шайлоонун жүрүшү аркылуу белгилүү болот. Тунук, ачык жана адилеттүү шайлоо өткөрүүдөгү бирден-бир маанилүү тариз катары, биометрикалык маалымат аркылуу шайлоочуларды добуш берүүгө өткөрүү процесси делген. Жаңы механизм аркылуу добуш сатуу, карусель, бир нече жолу добуш берүүлөр же жыйынтык чыгаруудагы көз боёмочулуктар азаят. Натыйжада парламентке эл өзү тандаган татыктуу өкүлдөр

келүүгө жол ачылат. Ошондо гана кыргыздын жаш муундарынын татыктуулары накта элдин кызыкчылыгын ойлогон жаңы элитасын түзө алат.


*Бишкек, апрель, 2015-жыл*

## Орто Азиядагы суу маселеси

Эгемендүү мамлекет болгондон бери Орто Азиядагы беш өлкө суу маселеси боюнча суктанаарлык, чыр-чатаксыз бир да сунушту уга элек. Аймакка кирген өлкөлөрдүн үчөө суугa абдан муктаж – алар Казакстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан. Ал эми суугa мол жана аны башкарууга мүмкүнчүлүгү бар өлкөлөргө Кыргызстан менен Тажикстан кирет. Акыркы жылдары суу маселеси жана аны эффективдүү колдонуу боюнча толгон-токой иш-чараларга миллиондогон долларлык каражат королгон. Мындай иш-чаралар негизинен эл аралык уюмдардын колдоосунда түрлүү проекттердин алкагында өткөрүлөт. Канчалаган жыйындар, талкуулар тегерек үстөлдөр, конференциялар менен сүйлөшүүлөр өткөрүлбөсүн, жыйынтыгында суу маселеси Орто Азияда башында кандай болсо, ошо бойдон эч өзгөрүлбөстөн калууда. Муну түшүнгөн таасирлүү эксперттердин айтуусунда, маселени оң жагына чечүү үчүн жаңы жана баардык өлкөлөрдүн жетекчиликтери колдой турган стратегия иштелип чыгып, өкмөттүк деңгээлде кабыл алынышы керек. Антпесе калкынын саны жыл сайын миллиондон ашык адамга көбөйүп бараткан чөлкөмдө суу маселеси чыр чатактын башы болушу ыктымал. Азыр эле Орто Азияда 70 миллионго жакын адам жашап жатат. Анын арасында эң эле көп сандагы, ошо себептен суугa баарынан көп муктаж болгон өлкө Өзбекстан. Анын калкынын саны 30 миллиондон ашты. 2013-жылы өзбек президенти Ислам Каримов Казакстандын президенти менен болгон кездешүү учурунда «аймакта суунун айынан согуш чыгып кетиши мүмкүн» деп ачык эле айткан.

Себеби суу азайса, өзбек экономикасына чоң зыян тийгизет. Жер-жемиш, пахта, айыл-чарба өсүмдүктөрү сугат суусу жок өндүрүлбөй калса, өзбек мамлекетинин айласы накта кетээрин Каримов жакшы түшүнгөн.

Мындай маселенин көтөрүлүп чыгышынын артында аймактагы чарбалык-экономикалык алакалар саясый мамилелерге кедергисин тийгизе баштаганы турат. Кээ бир эксперттердин айтуусунда аймактагы өлкөлөрдө суу маселеси эле эмес, дагы толгон-токой маселелер чечилбей келатышы өз-ара мамиленин начарланышына алып келген. Натыйжада ар-бир өлкөдөгү жашоо деңгээли экономиканын алына жараша болуп, суудан башка жаратылыш байлыктарына негизделген күчтүү өлкөлөрдө тургундардын жашоосу өйдөрөөк, ал эми суусу көп болсо да, экономикалык жактан начар өлкөлөрдө жашоо деңгээли төмөн болуп калган.




*Орто Азиядагы суулардын бассейни*

Эгемендүүлүккө жете электе аймактагы беш республика Москвадагы бийликтин көрсөтмөлөрүнүн негизинде иш алып барып, талаш-тартыштын баары үстүнөн чечилип келген. Ошо кезде суу байлыгын бөлүштүрүү пландык системанын негизинде болуп, баары бир борборго баш ийип келген. Азыр андай система жоюлуп, ар-бир мамлекет өз кызыкчылыгы үчүн башкалардын ой-пикири, сураныч-талаптары же сунуштары менен эсептешпей калган. Ал гана турсун суу ресурстарына бай делген «Кыргызстан менен Тажикстан өзүнөн чыккан суунун жардамы менен пайда табабыз» деп, атаандаштыкка чейин барып атышат деген пикирди айткан эксперттер чыккан. Ал эми суунун төмөнкү агымында жайгашкан Өзбекстан, Түркмөнстан менен Казакстан азыртадан эле суунун дефицитине учурай баштады. Арал деңизинин жоюлуп баратышы суунун чоң тартышка калганын айгинелейт. Бирок жалпы бир чечимге келе тургандай сүйлөшүү жүргүзүү жана андай жаратылышка зыян эмес, пайда келтире тургандай иш алып баруу сунуштары ишке ашпай келатат. Натыйжада кошуна болуп туруп, аймактагы ар-бир өлкө бири-биринен алыстап баратат. Бир жагынан мындай маселе бир эле Орто Азияда эле эмес, башка аймактарда да бар. Мисалы Сирия менен Түркиянын ортосундагы суу маселеси, Африка өлкөлөрүн аралап өткөн дарыя сууларынын маселеси өтө орчундуу бойдон калууда. Бирок ушуга окшогон маселелер Европа өлкөлөрүнүн ортосунда бири-биринин кызыкчылыгы эске алынып чечилгендиги үлгү боло тургандай мисал. Орто Азияда сууга байланыштуу чиеленген маселе, мамлекеттердин өнүгүү жолунун тандап алуусуна жана ал өлкөдөгү бийликтин жүргүзгөн саясаты менен тыгыз байланышкан. Эгерде демократиялык өнүгүү жолун тандап алган мамлекеттер көбөйсө, анда суу маселеси ортого алынып, талкуу жолу менен баардык тараптын кызыкчылыгы эске алынган жол табылмак. Тилекке каршы күчтүүбүз деген аймактык өлкөлөр экономикалык потенциалына таянып, Кыргызстан жана Тажикстан менен тең ата болуп сүйлөшүүгө баргысы келбейт. Ошол эле мезгилде бул маселе

чечилбесе, анда алар эле эмес бүт аймак кыйын абалга туш болушу жакындагандан жакындап баратат. Жаңы форматтагы сунуштардын негизинде суу эң эле көп колдонгон өлкөлөр Өзбекстан менен Казакстан, алар өйдөдөн агып келген сууну сарамжалдуулук менен колдонуу боюнча кепилдик бериши абзел, ошондо суу чыккан Кыргызстан менен Тажикстан өзүндөгү суу сактагычтарды эффективдүү башкаруу боюнча сөз беришмек. Натыйжада ар-бир өлкөнүн өнүгүүсү аймактын жалпы кызыкчылыгы үчүн болот эле. Бирок көп тараптуу бир келишимге жетүү үчүн аймактагы ар-бир мамлекет коңшусу менен эки-тараптык суу келишимин түзүүсү керек.

*Бишкек, июнь, 2015-жыл*

## Шайлоо агымынын багыты

Кыргызстан парламенттик башкаруу системасына өткөнүнө беш жыл болуп, жаңы шарттагы жашоодо экинчи ирет парламенттик шайлоо өткөрүлдү. Авторитардык жолго өтүп кеткен президенттик башкаруу ыкмасы Кыргызстанда ийгилик жарата албастан, эки жолу эл тарабынан шайланган мамлекет башчы сыртка кетүүгө мажбур болгон. Ошол себептен мамлекетти бир адам башкаруу ыкмасы жарабай калды деген ой элге кеңири тараган. Жаңы Конституцияны жараткан саясый топ, элдик референдумдун жыйынтыгы менен, мамлекетти башкаруучу негизги бийлик бутагы көпчүлүктүн колдоосуна ээ болгон парламент болсун деген сунушту айтып чыгышкан. 2010-жылкы шайлоого 24 саясый партия катышкан эле. Жаңы эле тынчып, турмушун туруктуу нукка бурууга аракет кылып жаткан эл шайлоодон мурун өз турмушун ойлоого аргасыз болгон. Ошол себептен 2010-жылы октябрь айындагы шайлоого шайлоочулардын жарымынан азы добуш берүүгө келген. Жыйынтыгында Жогорку Кеңештин 5-чакырылышындагы түзүмү жалпы шайлоочулардын 40 пайызына жетпеген

бөлүгүнүн өкүлдөрү болуп калган. Эл буга да каршы болбостон, Жогорку Кеңешке беш жыл иштөөгө мүмкүнчүлүк берди.

Саясатта сейрек кездешүүчү феномен болуп, шайлоого 4-5 ай калганда түзүлө калган партиялар башкалардан озунуп, бирөөсү баарынан көп добуш алса, экинчиси алдынкы үч партиянын катарына кирди. Талдоочулар өлкөдөгү кырдаалдын таасири жана бийликке умтулгандардын капчыгы чоң роль ойногонун эмдигиче айтып келишүүдө. Парламентке кирген калган үч партия эски бийлик менен кармашып, колдоочуларынын санын жетишээрлик деңгээлде чогултканы менен, жаңы түзүлгөн партияларга теңтайлаша алганга араң жарады. Ал турсун үчөөнүн бирөөсү болгон «Ата-Мекен» партиясы араңдан зорго, көп сөз жана талашуу аркылуу гана парламентке киргенге укук алган. Андан орун талашкан башка партия («Бүтүн Кыргызстан») Борбордук шайлоо комиссиясынын кошумча добуштарды эсепке алуусунун натыйжасында утулуу ызасына кептелген. Эл арасындагы сөздөргө кошумча талдоочулар 2010-жылкы парламенттик шайлоо капчык менен админресурстун колдоосу аркылуу болуп өткөнүн бүгүнкү күнгө чейин айтып келишет.

Натыйжада Кыргызстан жаңы шартта иштей турган Жогорку Кеңештин арасына саясый жактан эле эмес, жалпы билим деңгээли, ички маданияты, элди ойлогон патриоттуулук жагынан да бир топ аксак болгон мүчөлөрү бар депутаттарды шайлады. Ал эми парламенттик башкаруунун өйдө-төмөнү, ысык-суугу Кыргызстанда эле эмес, өнүккөн башка мамлекеттерде да бир топ кыйынчылыктарды жараткан. Албетте беш жыл бекер өткөн жок. Элдин турмушу оңолгон сайын көз карашы да өзгөрүп, депутаттарга болгон талаптар да башка болуп, жаңы өзгөрүүлөр зарылдыгын байкашты. Буга кошумча бийликте тургандар да буга чейинки каталарды кетирбөө үчүн, жана жаңы шартта мамлекетти тез өнүктүрө тургандай шарт түзүү керектигин түшүнүп, биринчиден коррупцияга каршы күрөштүн зарылдыгын жарыя кылды. Анын алгачкы жемиштери аз болсо да, коомдо резонанс жаратты.


Көпчүлүк эл ишке аша баштаган өзгөрүүлөргө жагымдуу мамиле кылып, кийинки чечкиндүү кадамдарды күтүүдө. Анын менен удаа бийликтегилер 2015-жылкы шайлоону акыйкат жана таза өткөрүү максатында биометрикалык маалыматтарды чогултууга өтүп, анын зарылдыгын шайлоо учурунда «бир адам – бир добуш» принцибин колдонууга электрондук шайлоо аркылуу жүргүзөөрүн билдирди. Бул жаңылык аркылуу шайлоо күнү мурункудай «карусель», сатып алуулар жана башка көз боёмочулуктарга бөгөт коюлмакчы. Ошол эле мезгилде, Кыргызстанда парламенттик башкаруудагы жаралган кыйынчылыктарга окшош эле, биометрикалык маалымат аркылуу шайлоо процессине добуш берүүчүлөрдү киргизүүдө майда болсо да, бир топ маселелер чыкты. Анын биринчиси эле, кимде-ким биометрикалык маалыматын тапшырбаса, шайлоочулардын тизмесине кирбей калат деген жери бар. Ал эми Өкмөттүн айтуусунда, андай жарандар добуш берүүгө катыша албайт. Азыркы учурда шайлоочулардын жалпы саны 3,2 млн-дон ашса, биометрикалык маалыматын тапшыргандардын саны болгону 2,7 млн адамды түзгөн. Алардын арасында да текшерүүнүн натыйжасында 9 пайызы тизмеде жок болуп чыгып, андайларга кайрадан биомаалыматын тапшыруу талабы коюлган. Андан тышкары дагы бир принципиалдуу маселе – биомаалыматын тапшыргандардын тизмесине кирбей калгандардын, же атайын тапшыруусу келбегендердин добуш берүүгө конституциялык укуктары сакталбай калуусу толук ыктымал. Ал эми шайлоодо утулгандар талаш баштап, элди дүрбөтүүгө чейин барышы ыктымал болчу. Андыктан парламенттик шайлоону тынч өткөрүү максатында ар-бир таасирлүү саясый күч өзү жөнүндө гана ойлонбостон, элдин, мамлекеттин келечегин ойлоп, ошонун чегинде иш-аракет жүргүзүүсү абзел. Эгерде ушу шайлоодон Кыргызстан тынч өтүп кетсе, анда башкаларга үлгү боло тургандай жаңыча ой жүгүртүүчү деңгээлге чыкканын далилдей алат.

*Бишкек, август, 2015-жыл*

# Кыргызстан менен Тажикстан азыркы кырдаалда

Кыргызстандын тышкы карызы 3,5 млрд доллардан ашып, ички дүң продукциянын 68 пайызына тең болуп калды. Мындай көрүнүш мамлекеттин өнүгүшүнө терс таасирин тийгизбеш үчүн, карыздын көөлөмүн туруктуу кармап туруу зарыл, колдон келсе 60 пайыздан ашырбоо аракетин көрүш керек деп дүйнөлүк каржы уюмдары ачык айтып чыгышты. Парламенттик шайлоонун астында мындай маалымат менен чыгуунун өзү Кыргызстандагы абал жалпысынан туруктуу болгонуна карабастан, күтүлбөгөн тараптан келүүчү коркунучтар сакталып турганын айгинелейт. Дүйнөлүк жалпы экономика эки өңүттөн алганда калпыстык абалга келди. Анын бири финансылык кризис 2008-жылы башталып, бирде толкуп, бирде басаңдап отуруп, коомчулукка билинбестен бир АКШ доллары 70 кыргыз сомуна жана 66 орус рублине чейин чыгып кеткен. Мунай-заттын баасы эки эсе арзандап, Россиянын экономикалык абалын кыйынчылыкка кептеди. Жылына өз мекенине кыргыз эмгек мигранттарынын, негизинен Россиядан, акча салуусунун көөлөмү бир Кыргызстанда 40 пайызга азайды. Натыйжада бир топ экономикалык проектилер менен түрлүү пландар токтоого мажбур болду. Алардын арасында Россиянын кредиттик каражатына салына турган энергетикалык проектилер да бар – Жогорку Нарын ГЭСтеринин каскады, Камбар-Ата-1 ГЭСи, Камбар-Ата-2 ГЭСинин экинчи блогу ж.б. Ошол эле кезде доллар менен байланышы туруктуу болгон валютага ээ Кытайдан келип жаткан каражаттар токтобостон, бир нече ири проектилер Кыргызстанда ишке ашырылып жатат. Алардын эң көрүнүктүүсү «Датка» жана «Кемин» электр чордондору, ички энергошакекти орнотууга жараган «Датка-Кемин» электр чубалгысы, түштүк-түндүк альтернативалык автотрассанын курула башташы, Бишкек – Балыкчы – Торугарт автожолунун аяктоого жакын калганы, Токмок менен Кара-Балта шаарларындагы ири проектилердин ишке

ашырылып жатышы, алтын жана башка жаратылыш кен байлыктарын өндүрүү боюнча проектилердин уланышы ж.б.




*Кыргызстандагы Түндүк-түштүк альтернативалык автожолдун долбоору*

Булардын баары албетте Кыргызстан үчүн чоң олжо, бирок эки тараптык соода-сатык жана банк-кредиттик алакада үчүнчү күчтүү валюта колдонулуп жатышынын айынан чыгымдардын көбөйүшү ойлонууга мажбурлап жатат. Келечекте Кыргызстан менен Кытай ички валюталарды колдонууга өтсө, азыркы шартта утуш болушу ыктымал. Доллардын кунунун өсүшү менен Кыргызстандын жалпы финансылык көрсөткүчтөрү да ылдыйлап кеткени мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок буга азыртадан туура мамиле кыла тургандай кадамдар жасалбаса, Кыргызстан азыркы шайлоо учурундагыдай, эч нерсе менен иши жок өлкөлөргө окшошуп кетиши ыктымал. Абалдан чыгуунун айласын шайлоого катышып, парламентке келген жаткан партиялар «биз билебиз, биз чечебиз» дешип, берген убадасын аткарышса элге олжо. Ошол эле кезде эл алданып калышы да толук ыктымал – буга сөзү бир, кылганы башка болгондордун бийликтен кетпей жүрүшү далил.

Бирок Кыргызстандын азыркы абалы салыштырмалуу алганда кудайга шүгүр. Коңшу Тажикстандагы абал акыркы мезгилде абдан татаалданып, саясый гана эмес, экономикалык жактан да чоң маселеге айланып баратканы белгилүү. Коңшуларда 2015-жылы өткөрүлгөн парламенттик шайлоодо бийликтеги партияга оппонент болуп, элдин бөлүнүп-жарылуусунан сактап келген Тажикстандын Исламдык кайра жаралуу ПИВТ партиясынын утулуп калуу ызаасы бекеринен келип чыккан эмес. Президент Рахмон ички жана тышкы саясатта бир топ тажрыйба топтогон адам катары саясый каршылаштарын бийликтен четтетүү ишин колго алып, ПИВТ партиясын толугу менен таратуу үчүн, аны террордук уюм деп жарыялоого чейин барды. Мындай чечим чыгаары менен коңшу Афганистанда президент Ашраф Ганинин бийликке келгенине бир жыл толгон күнү «Талибан» кыймылы Кундуз шаарын басып алды. Бул шаар болсо тажик чек арасынан болгону 70 чакырым аралыкта жайгашкан жана түндүк Афганистандагы бийликтин борбору катары эсептелген Мазари-Шариф шаарынан кем калбаган мааниге ээ. Талибдер күч аракетин бүт аймакка жайылтып, акырындап отуруп тажик жана өзбек чек араларына жакындап кирип келди. Түркмөндөр менен болгон чек арада болсо талибдер акыркы эки жылда абдан катуу кыянаттык аракеттерди жасап, түркмөн бийлигинин айласын кетирип жатат.

Сириядагы кырдаал Россиянын абадан сокку уруу операциясын баштагандан бери, алардын шериктерин активдешүүгө түртүүдө. Ошол себептен Сириядагы кырдаалга карата Россиянын көз карашына каршы келген батыш Афганистандагы кырдаалды курчутуп, ошол аркылуу КМШ өлкөлөрүндөгү абалды бузуу менен Москвага таасир кылуу аракетине өтүшү ыктымал. Афганистандагы курч абал эртеби-кечки Тажикстанга таасир кылат. Анда Россия баштаган ОДКБ уюмуна кирген мамлекеттер шеригин коргоо кадамына баруга аргасыз болот. Ансыз деле Кыргызстандан 2-3 эсе катуу кыйналып жаткан Тажикстан буга чейин кылган

кадамдарынын терс жемишин көрүп, дагы кыйын абалга туш болушу анын коңшуларын, биринчи иретте Кыргызстанды ойлондуруп, коопсуздук маселесинде чара көрүүгө түртөт.

*Бишкек, октябрь, 2015-жыл*

## Кыргызстан жана инвесторлорго шарт

Кыргызстан акыркы мезгилде дүйнөлүк кырдаалдын өзгөрүүсүн катуу сезе баштады. Ошол эле кезде түзүлгөн кырдаалдан чыгуу үчүн аракетин да күчөтө баштаганы байкалат. 2015-жылдын аягында энергетика маселеси боюнча 2012-жылы Россия менен түзүлгөн келишимдин ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жок экени тууралуу расмий билдирүүлөр чыкты. Ошого жараша бул проектилерди жүзөгө ашырууга макулдугу жана мүмкүнчүлүгү бар инвесторлорду тартуу маселеси актуалдуу болуп чыга келди. Алардын эң биринчи катарында экономикасы жана финансылык кубаттуулугу чоң болгон Кытай жана мунай-заты менен газ байлыктарын сатуу аркылуу байышкан араб мамлекеттери тураары да айкын. Ошол эле кезде алардан жакыныраак жана менталдуулук жагынан окшошураак мамлекеттер да бар. Алар акча-каражат жагынан кыйналса да Кыргызстандагы гидро-энергетика тармагын оңдоп-өнүктүрүүдөн пайда табууга кызыккан баягы эле Россия менен бирге Казакстан жана, таң калыштуу көрүнгөнү менен, Өзбекстан да бар. Бул үч мамлекет биригип иш кыла тургандай жагдай түзүлсө, анда курула турган проектилерге жетишээрлик каражат да, аны ишке ашырууга зарыл болгон адистерди да тапса болот. Үчөө тең курулган ГЭСтердин жана суу сактагычтардын пайдасын көрүүгө боло турганын жакшы билет.

Ал эми Кытайдын бул белгиленген проектилерге кызыгуусу чынында ишке ашышы жагынан эң реалдуу вариант деп ойлогондор көп. Себеби Кытай акча-каражат жагынан

кубаттуулугун башка бир да мамлекетке алдырбайт. Ал гана турсун ашыкча каражатын иштетүү жолу менен дүйнөлүк масштабдагы проектилерди ишке ашырып, азыр алардын үзүрүн көрүүдө. Кээ бир өлкөлөр карызга алган кытайлык кредиттерин кайтара албай калган учурларда, ал карызды кечирүүгө чейин барганы маалым. Мисалы 2000-2009-жылдары Африкадагы ондогон өлкөлөр Кытайдын карызын кайтарып бере албай калгандыгынан, 19 млрд доллар кредиттик каражат толугу менен кечирилип, атайын келишимдер түзүлгөнү белгилүү. Ошо менен бирге Кытай бул өлкөлөрдө курулган инфраструктуралык объектилерди дүйнөлүк деңгээлде кургандыктан, жалпылап айтканда коомго моралдык жактан да ченемсиз жардам кылган. Ошол себептен бир топ Африка өлкөлөрү экономикасы менен кошо эле коомдук аң-сезим менен билимди сезилээрлик өйдө көтөрө алышкан.

Кытай Кыргызстанга да буга чейин бир топ колдоо жана каражат жагынан жардам берип келген. Тоо-кен тармагын изилдеп, кен байлыктарды өндүрүүдө, мунайды кайра иштетүү заводдорун курууда, инфраструктуралык объектилерди ишке киргизүүдө Кытайдын салымын башка мамлекеттер менен теңеш кыйын. Мисалы кытайлыктар ишке киргизген акыркы ири проект «Датка-Кемин» электр чубаткылары. Анын ишке кириши менен Кыргызстан чындап эле энергетикалык көз каранды эместикке жетишүүгө жол ача алды. Себеби түштүктө, Токтогул гидрокаскадында, өндүрүлгөн электр-энергияны өнөр-жайы күчтүүрөөк өнүккөн түндүк аймакка жеткириш үчүн Кыргызстан энерготранзитти коңшу Өзбекстан жана Казакстан аркылуу ишке ашырып келген. Ал үчүн акчалай каражат жана электр-энергиясы менен төлөмдөрдү жасап, жылына миллиондогон доллар сарпталып туруучу. Ал эми коңшулар зарыл кезде каалаган шартын айтып, тоскоолдуктарды жараткан учурлар да болуп турган. Азыр болсо канчалык көөлөмдө электр-энергиясы өндүрүлсө да, аны Кыргызстан өз аймагы аркылуу өлкөнүн каалаган жерине жеткиргенге мүмкүнчүлүк алды. Бирок бул электрчубаткылары ишке киргени

менен, узун поездге элди толтура албай калгандай эле, аны электр-энергия менен камсыз кылуу азырынча ойдогудай деңгээлге чыга элек. Ал үчүн электр-энергиясын өндүргөн жаңы гидро-электр станцияларын куруп, алардын кубаттуулугун талапка ылайык деңгээлге чыгаруу маселеси турат. Бул маселени чечүү жана электр-энергиясын жетишээрлик көөлөмдө чыгаруу максаты Кыргызстандын азыркы бийлигин тез арада эффективдүү кадам жасоого түртүүдө. Муну түшүнгөн инвесторлор албетте адегенде өз пайдасын көрүү максатында түрлүү шарттарды айтаары бышык. Алардын арасында кытайлык ири компаниялар менен фонддор да бар. Учурда Кыргызстан сырттан алган 3,6 млрд. долларлык карыздын жарымына теңин дал Кытайлык компаниялар менен фонддорго карыз. Аларга кошумча дагы инфраструктуралык, көбүнчө автотрассаларды жаңыртуу жана альтернативдүү түштүк-түндүк автожолун куруу, буга кошумча Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун куруу проектилери кезегин күтүп турат. Булар боюнча келишимге жетишүү бир нече жылдан ондогон жылга чейинки убакытты талап кылган. Себеби Кытай сунушталган проектилердин аки-чүкүсүн, таба турган пайдасын, жана саясый жактан жагымдуулугун баалап чыкмайын, каржылоого тез арада эч ким менен барбай турганы белгилүү. Бул да түшүнүктүү. Себеби сарамжалдуу кожоюн өз каражатын туура колдонууга тийиш. Андыктан жаңы ири гидропроектилерге Кытайлык инвестицияларды Россиянын ордуна тартуу жакынкы арада ишке ашырылышы абдан тумандуу.

Ошондуктан азыркы кыргыз бийлигинин чоң үмүтү араб өлкөлөрү болушу мүмкүн. Буга далил катары Кыргызстандын мартабалуу бийлик өкүлдөрүнүн акыркы жылдары эң өнүккөн жана бай араб мамлекеттери менен алаканы күчөтүүгө бел байлашын келтирсе болот. Акыркы 3 жыл аралыгында Кыргызстандын мамлекет башчысы Сауд Арабияга, Бириккен Араб Эмираттарына, Кувейт жана Катар мамлекеттерине расмий иш сапары менен барып, алар менен дипломатиялык алаканы кеңейтүү максатында Кыргызстандын элчиликтерин

ачкан. Ар-бир сапарда Кыргызстандагы азыркы абал турукташып, негизги маселе экономиканы өстүрүү иш-чаралары биринчи орунда турганы жана аны кеңейтүүдө араб мамлекеттерин колдоо көрсөтүүгө чакыруулар айтылган. Бул мамлекеттер да Кыргызстан менен алакасын бекемдөөгө даярдыгын билдирген кадам катары Бишкекте өз өкүлчүлүктөрүн, ал гана турсун Сауд Арабия жана Катар толук кандуу элчиликтерин ачышкан. Бирок Кыргызстандагы кырдаалды толугу менен турукташты деген ишеним орной электиктен, бул мамлекеттерден келген инвестициялар салыштырмалуу абдан аз. Ал турсун араб өлкөлөрү менен соода-сатык көөлөмү да болгону 300 млн доллардын ар-жак бер жагы. Ал эми ири эл аралык деңгээлдеги Кыргызстандагы проектилерге катыша тургандай бир да араб өлкөсү белги кыла элек. Ошол эле кезде арабдардын биздин аймакка, өзгөчө Кыргызстанга кызыгуусу жыл өткөн сайын күчөп баратканы байкалат. Мамлекетте чынында эле туруктуу саясый абал орноп, инвесторлорго түзүлгөн шарт арабдарга ылайыктуу жана жагымдуу деңгээлге чыкса, алардын даярдыгы байкалып эле турат. Мисалы Катардын элчиси Кыргызстандагы зилзалаларга байланыштуу гуманитардык жардам берүүдө чоң иштерди жасап келгени маалым. Аларды буга чейин коопконтуп келген бир гана жагдай болгон – ал алдым-жуттумдар менен түрлүү шылуундар ортодо аралашып, ишти бузуп кете тургандарды алыс кармоо талабы. Эмки кезек аларды чыныгы эффективдүү жана пайдалуу проектилерге колдон келишинче тартууга аракет кылуу. Бул жактан Кыргыз Өкмөтүнүн атайын иштелип чыккан пландын бардыгы көптөн үмүттөндүрөт. Ошол пландарды ишке ашырууга жол ачкан шартты кыргыз бийлиги камсыз кылууга кадам жасоосу зарыл. Эгерде араб өлкөлөрү Кыргыз бийлигине ишене турган болсо, мисалы бир эле Катар мамлекетинин жылына 800 млрд. долларлык каражаты бар Өнүгү кору эле көп проектилерге инвестиция кылганга жарамак. Эмки кезек чынында эле азыркы кыргыз бийлигинин колунда. Эгерде эл аралык саясый конъюнктурага алдырбай, келечекте татыктуу

мамлекетке айланууга кадам шилтейлик деп, узакка созулган туруктуулукту орнотуп, паракорлукка бөгөт койо алсак, анда бири болбосо да, экинчи инвестор сөзсүз Кыргызстанга келет.

*Бишкек, январь, 2016-жыл*

## Кыргызстандын энерготармагы

Кыргыз Өкмөтүнүн оптимисттик божомолу боюнча, 2016-жылы кыргыз экономикасынын өсүүсү, ички дүң продукцияны алганда, 5,2 пайызга чыга алат. 2015-жылы өсүш 3,5 пайызды түзгөнүн Экономика министрлиги билдирип, ошол эле кезде өлкөдөгү инфляциянын деңгээли 3,4 пайызды болгонун, бул КМШ өлкөлөрүндөгү эң жакшы көрсөткүч экени айтылган. Баардык көрсөткүчтөрдү алганда экономиканын чоң үлүшүн учурда тейлөө тармагы түзүүдө. Аларды негизинен тамак-аш менен камсыз кылуу, түрлүү кызмат көрсөтүүчү мекемелер жана ушуга окшогон ишканалар түзөт. Булар баардык экономиканын дээрлик 50 пайызын камтыйт. Өндүрүш мекемелеринин саны азырынча аз бойдон калууда. Эл аралык байкоочулардын баамында Кыргызстан акырындап сырттан келген инвесторлорго жага тургандай шартты түзүүгө катуу жан үрөп, ошол себептен туризм тармагы жайы-кышы тынбай иштеп, өлкөнүн өнүгүүсүнө чоң салым кошо баштады. Ал эми шарттын жакшырганы менен Кыргызстандагы өндүрүштүн өнүгүшү начар калуусунун негизги себебинин бири – энергетикалык кубаттуулуктун чектелүү бойдон калуусу чоң көйгөй болууда. Ири завод-фабрикалардын саны кескин кыскарып, аларга зарыл болгон электр-энергиянын көөлөмү азайганы менен, Кыргызстандагы иштелип чыгып жаткан электр кубаттуулугунун көөлөмү учурдагы талаптарга жетиштүү болбой жатат. Эгерде азыркы энергетика кубаттуулугу менен жаңы ири ишкана-мекемелерди куруу процесси күч алса, анда электр-энергияны сырттан экспорттоо процесси күчөйт. Аны

менен кошо карапайым эл да кыйналып, жарыкты өчүрүү кайрылып келиши ыктымал. Муну башынан түшүнгөн азыркы кыргыз бийлиги жаңы кубаттуу ишкана-мекемелерди ишке киргизүүдөн мурун, элге да, электр-энергияны колдонуучу баардык ишмер чөйрөгө да жетишээрлик көөлөмдө аны алуусун камсыз кылуу маселесин чечүүнү каалайт.

Азыркы мезгилде Кыргызстанды энергия менен камсыз кылып келген ГЭСтер менен ТЭЦтердин кубаттуулугу орточо алганда жылына ашып кетсе 16 млрд киловатт/саат электр-энергияны гана иштеп чыгарууга жарайт. Республикада 15 гидроэлектрстанция, дагы эки жылуулук электрборбору иштеп жатат. Бир эле Нарын дарыясында беш гидроэлектрстанциядан турган каскад курулган. Дарыянын кубаты дагы бир топ гидроэлектрстанцияларын курууга жетиштүү.

Техникалык жактан алгандагы эсептөөлөр Кыргызстандын жалпы электр кубаттуулугу жылына 160 млрд. кВт/саатка барабар болоорун көрсөттү. Бул көрсөткүчтөгү гидро-энергетиканын салымы 140 млрд. кВт/саатты түзүп, калгандарын жылуулук, күндүн жана шамалдын энергиясынан иштелип чыккан электр-энергиясы түзө алаары аныкталган.

Кыргызстандагы эң ири ГЭС болгондуктан, Токтогул ГЭСинин бир гана агрегаты токтоп калса, анын кесепетинен электр-энергиясынын жетишсиздиги бүт республикага оорчулук жаратаарын 2016-жылдын кышында болгон авария көргөздү. Андай учурларда ири ишканаларды камсыз кылуу тууралу сөз болуусу мүмкүн эмес. Кыргызстандын стратегиялык жактан негизги шериги болгон Россия менен 2012-жылы макулдашылган келишим боюнча, орустардын ири мамлекеттик «Русгидро» жана «Интер РАО» компаниялары Нарын аймагында жаңы ГЭСтерди курууга макул болгон. «Русгидро» компаниясы Жогорку Нарын ГЭСтеринин 4 каскадын курууга жана ага жетишээрлик деңгээлдеги каражатты инвестициялоого киришкен. Расмий билдирүүлөргө караганда орус компаниясы бул ГЭСтерге 1 млрд. орус рублин жумшаган. Ал эми «Интер РАО» компаниясы Нарын дарыясында Камбар-Ата-1

ГЭСин курууга макул болуп, бирок ишке кирише тургандай каражатты короткон эмес.

2015-жылдын аягында Кыргыз бийлиги жалпы түзүлгөн кырдаалдын айынан, ага кошумча Россиянын экономикалык кыйынчылыкка кабылганын эске алып, макулдашылган келишимди токтото турганын ачыкка чыгарды. Орус бийликтери буга «келишимди токтотуу тууралуу чечим чыгаруу али эртерээк» дегенине карабай, кыргыз Өкмөтү ал келишимди денонсациялоо тууралу мыйзамды Жогорку Кеңешке багыттады. Парламент аны тез арада кабыл алып, бекитип берди. Ага удаа эле көпкө созбостон Кыргыз Президенти кол коюп, мыйзамды күчүнө киргизди. Өтө кыска мөөнөттө стратегиялык шериктеш делген Россия менен түзүлгөн Келишимди жокко чыгаруунун артында чоң себептер турганын баамдагандар аз эмес. Биринчиден, Россия 1 млрд. доллардан ашык каражатты талап кылган проектини ишке ашырууга чечкиндүү кадам жасабай жаткандыгы айкын көрүнүп калды. Экинчиден, келишим токтотулбаса, Кыргызстанга жаңы инвесторлорду тартып келүү кыйынга турат. Үчүнчүдөн, Россия каражатты таап келебиз, бирок аны кайтаруу шарты катаалыраак болот деген талаптарга Кыргыз тарап макул болгон жок. Ал эми экономикасы аздыр-көптүр туруктуу өнүгүүгө жол алган Кыргызстан үчүн колдон келишинче кыска мөөнөттө жаңы энергетикалык кубаттуулуктарды ишке киргизүү абдан маанилүү. Ал үчүн сырттан келе турган башка инвесторлорду тартуу зарыл.

Андай инвесторлордун катарында биринчи иретте азыр Кытай турат, андан кийин Түркия жана Кыргызстан менен алакасын кеңейтүүгө кызыкдар болуп жаткан араб өлкөлөрү. Булардын арасынан чыга турган инвесторлор Кыргызстан кабыл ала тургандай шарттарды айтып чыкса, ошончолук бул ири энергетикалык проекттер бир эле Кыргызстан үчүн эмес, бүт Орто Азияга пайда алып келе турган кудуретке ээ.

Тилекке каршы мында эл аралык деңгээлде чатакка айлана тургандай жагдай да бар. Нарын дарыясынын суусу аркылуу айыл-чарбасы менен жалпы эле турмушун куруп аткан

Өзбекстан жана Казакстан жаңы ири ГЭСтердин курулушуна кызыкдар эместигин мурун эле айтып чыккан. Андыктан Кыргызстан үчүн инвесторлорду табуу бир чоң маселе болсо, коңшулар менен жалпы бир тилге келүү маселеси да андан кем эмес.

*Бишкек, январь, 2016-жыл*

## «Центерранын» келечеги «Кумтөргө» байланган

Кыргыз Өкмөтү «Кумтөр» алтын чыгаруучу ишкананын келечеги тууралуу сүйлөшүүлөрдөн Кыргызстандын чыкканын жарыя кылганына бир топ болуп калды. Андан кийин жаңы шартта «Кумтөр» биргелешкен ишкана түзүү боюнча жана «Центерра» компаниясынын акцияларынын санын көбөйтүү тууралу чечимге байланыштуу Бишкекке компаниянын жетекчилиги келип кеткен. Кыргызстандын кызыкчылыгы сакталбай жатканын көтөрүп чыккан Кыргыз Өкмөтү конокторго Биргелешкен ишкана түзүү боюнча долбоордон кыргыз өкмөтү чыкканын билдирген. Ошондон кийин «Центерранын» жетекчилиги үч-төрт ай тыныгуу алып, үн катпай келген. Андан соң «Центерранын» башкы директору кызматына киришкенине бир жылча болуп калган С. Перри компаниянын келечеги, «Кумтөрдүн» мааниси, башка эл аралык долбоорлордун келечеги боюнча маалымат таркатты. «Northern Miner» гезитине курган маегинде С. Перри «Центерранын» жакынкы эки жылда таба турган кирешеси бир гана «Кумтөр» кени менен байланыштуу экендигин кыйытты. Аны түз айтпастан, Түркиядагы «Оксүт» алтын кени биринчи алтынды 2017-жылы гана бере турганын, ага чейин даярдык иштери жүргүзүлөөрүн, ошондо да жылына болгону 4 тоннача алтын өндүрүлөөрүн айткан. Борбордук Түркияда жайгашкан «Оксүт» кенин иштетүү, экологиялык маселелер боюнча түрк өкмөтү менен

талаш-тартыштын айынан келишим түзүү узакка созулуп, акыркы чечим жакында эле кабыл алынган.

С. Перри андан кийин «Центерранын» дагы бир алтын кени тууралу маалымат берип, анда Монголиянын парламенти «Гатсурт» кенин иштеткенде, өлкөнүн кызыкчылыгы 34 пайыздан кем болбосун деген шартты койгонун маалымдады. Жалпы көөлөмү 17 тонна алтын түзгөн «Гатсурт» кенин иштетүү да 2018-жылдын аягында башталары айтылган. Демек «Центерра» компаниясынын алтын чыгарып, аны сатуудан түшө турган кирешесинин 100 пайызы жакынкы эки жылда түздөн-түз «Кумтөрдөн» чыга турган алтын гана аркылуу болоорун канадалыктар бышыктады. Аны менен кошо С. Перри кыргыз өкмөтү менен 50-50 пайыз катнашында түзүлө турган Биргелешкенин ишкананы түзүү кыргыз тарапка утуш алып келбээрин кыйытты. Буга чейин канадалыктар түрлүү шарттарды айтып, компаниянын акцияларынын санын көбөйтүү жолу менен каражат табуу ыкмаларын сунуш кылып, сүйлөшүүлөрдө Кыргызстандын кызыкчылыгын эсепке албоого аракет кылып келген. «Кумтөрдөгү» абалга байланыштуу маалыматка ээ болгон адистердин айтуусу боюнча, ал жердеги акыркы беш жылдагы башкаруучу катмардын негизги бөлүгү көптөгөн каталарды кетирип, милдеттерине кесипкөйлүк менен мамиле жасай албаган, бийик тоо шарттарына жараша ишке талап коё албаган чет адамдар топтолгон. Мисалы, жер астында жаткан алтынга жетүү үчүн тоо кыртышын жылдырганда, аларды коопсуз жерге которбостон, мөңгүнүн үстүнө жыйып салган чечим. Анын айынан муз эригенде жылып келген масса, ири кен ташуучу машиналарды сактап, аларды оңдоп турган мастерскойлорду толугу менен басып калган. Жалпы чыгаша жүз миллион болбосо да, бир нече ондогон миллион долларды түзгөн. Буга эч бир чет өлкөлүк адис жоопко тартылган эмес. Ишканада иштеп жаткан коллективдин ичинде өз ара бөлүнүүлөрдүн айынан моралдык климат оор болуп, чет элдик адистер кыргыз улутундагылардын каадасалты менен адаттарын басмырлаган учурлар болгон. Андан

тышкары көп жылдан бери иштеп келаткан кыргыз адистерин иштен кетирүү аракеттери болуп, зарылдыгы жок кесиптеги адистер чет жактан алынып келиши абалды ого бетер чыңалткан. Натыйжада 2014-жылы ишкананын жетекчисинин орун басары менен кадрлар бөлүмүнүн башчысы иштен кетүүгө мажбур болгон. Жалпылап айтканда, «Кумтөр» ишканасынын менеджменти чет элдик болсо да, талапка жараша иш алып баруусу жыл өткөн сайын начарлап баратат. Билген адистердин айтуусу боюнча, азыркы менеджменттин негизги максаты «Кумтөрдө» дагы 5-6 жылга жете турган алтынды азыркы учурда иштеп жаткан келишимдин негизинде баардык амал менен өндүрүп, андан тапкан пайданы өзүнүн чөнтөгүнө көбүрөөк топтоп алып, кете бериш.

Ошол эле кезде божомолдуу эсептөөлөрдүн негизинде, азыр «Кумтөрдө» 75 тоннадан 120 тоннага чейин алтын катылып жатат. С. Перринин айтуусу боюнча, 2016-жылы «Кумтөрдөн» 480 - 530 миң унция алтын чыгарылат. Бул дээрлик 15 тонна дегенге жатат. Бир унций алтынды өндүрүү үчүн кеткен чыгаша 880-970 долларды түзөт. Ал эми азыр дүйнөлүк рынокто бир унция алтындын баасы 1240 долларга чыкты жана жакынкы арада дагы өсө турганы боолголонууда. 2015-жылы «Кумтөрдөн» чыгарылган алтындын көөлөмү 14,7 тоннаны түзгөн. Мындан бир гана жыйынтык чыгарса болот – Кыргызстан колдо бар алтынды барктап, «Центерраны», ал аркылуу «Кумтөрдү» өзүнүн кызыкчылыгы үчүн иштетүүнү колго тезирээк алуусу керек. Бул багытта «Центерранын» директорлор кеңешине жаңы дайындалган мүчөлөрү аркылуу, Кыргызстандын таасирин күчөтүү кадамын тездетиши зарыл.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

# «Дордой» менен «Хоргос» атаандашуусу

Кыргызстандагы атагы чыккан «Дордой» базары акыркы эки-үч жылдан бери алынан тайып, көптөгөн Россиялык жана Казакстандык кардарларынан ажыраган. Анын негизги себеби катары Кыргызстандын адегенде Бажы биримдигине, андан соң 2015-жылдан тарта Евразиялык экономикалык Биримдикке кириши болгон. Сырттан бул ири базарга келген товарларды Кытай менен Түркиядан «челноктор» алып келишчү. Кыргызстан Дүйнөлүк соода уюмуна киргенден тарта ар-тараптан өлкөгө кирген товарлар үчүн мамлекет болгону 5 пайыздык бажы төлөмүн алып туруучу. Аны да амалкөй соодагерлер түрлүү жолдор менен азайтып, кардарга сатыла турган товар арзан болуучу. ЕАЭБке киргенден тартып, бул уюмдун мурунтан кабыл алган эрежеси боюнча, сырттан келген товарлардын бажы төлөмү кеминде 10 пайыз болушу каралган. Натыйжада «Дордойго» келген импорттук товарлардын баасы көз көрүнө өсө баштаган. Ошол себептен Россиядан жана Казакстандан арзан баада сапаттуу товар алам деген соодагерлерге кыйынчылык жаралып, алардын Кыргызстанга болгон агымы суюлган. Кыргызстандын статистикалык кызматтарынын билдирүүсү боюнча «Дордойдо» эки жыл аралыгында соода-сатык кылгандардын саны кеминде эле эки эсе кыскарган. Анын кесепетинен соода-сатык жүргүзүү үчүн ижарага алына турган контейнерлердин айлык баасы да эки эсеге түшкөн. Кыргыз өкмөтүнүн да, жалпы эле коомдун да тынчсызданулусун, эгер «Дордой» базары такыр эле токтоп кала турган болсо, кеминде эле 50 миң жумуш ордун кантип толтурабыз, базар аркылуу жашоосун жүргүзүп жаткан жарым миллион калктын абалы кандай болот деген суроо жаратты. Эгерде Оштогу «Кара-Суу» базары кошулса, абал чынында эле абдан коопту болуп бараткан. Ушундай кырдаалда ошол эле Россиядагы жана Казакстандагы кардарларга керек болуучу товардын көөлөмү азайганы, же болбосо кайсы бир товарга дефицит жаралганы тууралу маалымат эч бир жерде чыккан

жок. Демек кардарлардын зарылчылыгы башка жол менен камсыз кылынып, талабы аткарыла баштаган.

«Дордой» базары коңшу Казакстандагы бизнес-чөйрөсүн башынан кызыктырып келген. Мындан он жылча мурун «Дордойго» альтернатива же конкурент кылуу үчүн чек арадагы Кордайда ири жана шарты да жакшыраак болгон базар курулган. Анын демилгечилери базар Казакстанга ачылса, соодагерлердин баары ошо жакка ооп, «Дордой» алсырайт деп үмүттөнүшкөн. Андай болбогон соң, «Дордой» өз ишин ийгиликтүү дагы бир топ убакыт жүргүздү. Кыргызстанда «Дордой» аркылуу бутуна туруп, тыңып, ал гана турсун ири ишкер, жада калса саясатчы да болом дегендер чыга келди. Иштин баары ЕАЭС ишке жигердүү киришип, ага Кыргызстан толук кандуу мүчө болоордо башталды. Жаңы эреже боюнча Кыргызстандан чыккан товарлар ре-экспорт болбоосу талап кылынган. Натыйжада кыргызстандык соодагерлер жапа чеге башташты. «Дордойго» катуу сокку урунду. Анын келечеги тууралу Кыргыз өкмөтү жаңы уюмдун мүчөлөрү менен колдон келишинче соодалашып, таламын талашса да, иш жакшы жакка бурулганы байкалбады.

Ошол эле кезде Казакстандын Кытай менен чектешкен аймагындагы «Хоргос» транспорттук түйүнү ЕАЭС ишке киришкенден тарта өтө эле жандана баштады. Буга биринчи кезекте Кытай бийлигинин Улуу Жибек жолун жандандыруу аракети себеп болсо, экинчиден «Хоргос» станциясынын жанына толук кандуу, «Дордойдон» да ири жана баардык шарты азыркы талапка ылайыктуу базардын ишке кириши себеп болду. Эгерде «Дордойдо» инфраструктуралык шарт начар болуп келсе, «Хоргос» базарында жаңы, кардарларга абдан ылайыктуу болгон шарттар түзүлгөн. Ошол себептен андагы темир жана авто жолу аркылуу өткөн товарлардын көөлөмү кескин өсө баштаган. Бирок ыңгайлуу шартка карабастан ал жерде «Дордойдогудай» болуп, туруктуу соода кылгандардын саны өсө алган жок. Ал үчүн эл жашоого жаңы турак-жай курулуп, шаардык талаптар аткарылышы керек. Олку-солку

болуп аткан заманда, өзгөчө ири кризис мезгилинде мындай кадамга жараган соодагерлер көп эмес.

Бул маселеге кошумча, Казакстандагы бюрократиялык себептерден улам, Кытайдан ичке киргизиле турган товардан өзүнө пайда көрөм дегендер да ишин кызыта баштап, соодагерлердин айласын курутту. Ортодо товарды арзан бажылык баада киргизип берүү үчүн ортомчулук кызматты көрсөтөм дегендер да чыгып, жалпы абалга таасир кылды. Алардын ортомчулук аркылуу тапкан пайдасы мамлекеттик казынага түшө турган каражатты азайтып, «Хоргос» ишине терс таасирин тийгизди. Чек арада турган «Хоргос», «Калжат» жана «Достык» түйүндөрүндө туура эмес иштер ачыкка чыгарылып, жазаланган адамдардын саны 50дөн ашкан.

Акыркы мезгилде «Хоргосто» түзүлгөн кырдаал «Дордой» үчүн пайда алып келчүдөй жакка бурула баштады. Автоунаалар менен жүк ташыган соодагерлер акыркы мезгилде Казакстандагы бажылык ортомчулардан качып, Кыргызстанга келүүгө кызыга башташты. Эгерде абал азыркыдай улана берсе, анда Кыргызстандын казынасы бажы төлөмдөрүнөн эле жылына 1,5 млрд сом пайда таба алышы ыктымал.

*Бишкек, март, 2016-жыл*

## Кыргызстан экономикасы 2015-жылда

Евразиялык экономикалык биримдикке киргенден тарта Кыргызстанда байкаарлык өзгөрүштөр болуусу күтүлүүдө. Өлкөнүн ар-бир жараны өзгөрүүлөр оң жакка болуусуна үмүттөнүп, жакшы кабарды угууга ынтызар. Жалпы абал кандай экендигин баамдоо үчүн ички жагдай кандай болуп аткандыгын билүү маанилүү. Ал тууралуу маалыматты биринчи иретте статистика берет деп эсептелет. 2015-жылдын жыйынтыгы Кыргызстандын статистикалык комитети тарабынан

чыгарылып, интернет-булактарында тарады. Андагы келтирилген маалымат бир топ кызыктуу жыйынтыкты чыгарууга жол ачты.

1. Кыргызстандагы кыргыздардын саны жалпы элдин 73 пайызын түзөт, тагыраак айтканда 4,4 млн. адам. Андан кийинки саны боюнча улут болуп өзбектер турат, 14,6 пайыз – 878 миң адам. Өзбектердин көпчүлүгү республиканын түштүгүндө Ош менен Жалал-Абад областтарында жашайт. Орустар үчүнү орунда 6,2 пайыз менен болгону 360 миң адамды түзөт экен. Алардын көпчүлүгү Бишкек шаары менен Чүй областында жашайт. Кыргызстанда уйгурларга (55 миң) караганда дунгандардын саны (67 миң) көбүрөөк. Жалпысынан алганда 2015-жылдын аягында Кыргызстандын жарандарынын саны 6 млн. адамдан ашты.

2. Кыргызстанда саламаттык сактоо тармагы абдан көйгөйлүү чөйрө экендиги белгилүү. Ал жердеги чечилбей келаткан маселелер жыл сайын созулуп келатканы да белгилүү. Учурда Кыргызстандагы врачтардын жалпы саны 13, 6 миң адамды түзгөн. Ар-бир 10 миң адамга 23 врач туура келет экен. Орто деңгээлдеги медициналык кызматкерлердин (медсестралар) саны 34,5 миң адам. 10 миң адамга 57 кызматкерден келет. Ооруканалардын жалпы саны 183 болсо, алардагы орундардын саны 27 миң, ар-бир 10 миң адамга 45 орун туура келет.

3. Билим берүү тармагындагы абал, көрүлүп жаткан чараларга карабастан, кошумча бир көйгөйлүү тармак бойдон калууда. 2015-жылы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын саны 1186 болсо, аларда 161 миң балдар бар. Бул мектепке чейинки жалпы балдардын санынын 20 пайызын гана түзөт. Орто мектептердин жалпы саны 2218 түзөт. Аларда окуган окуучулардын саны 1 млн. 91 миң баланы түзөт. Атайын кесиптик окуу жайларынын саны 130 болсо, аларда окугандардын саны 90 миң адамды түзгөн. Бул ар-бир 10 миң адамдын 155 дегенди билдирет. Мамлекеттин көзөмөлүндөгү жогорку окуу жайларынын саны 34 түзөт. Аларда 175 миң студент окуйт, бул 10 миң адамга 305 адам студент экендигин

билдирет. Бул окуу жайларын 2015-жылы 37 миң адам окуп бүтүп, дипломдорго ээ болгон.

4. Кыргызстан боюнча орточо айлык акы 13 277 сом же 206 АКШ долларын түзгөн. Ал эми жашоонун минималдуу деңгээли 5183 сомго барабар. Пенсиялардын орточо ченеми 4766 сом. Эң төмөнкү айлык акынын ченеми болгону 970 сомду түзгөн. Кыргызстандагы пенсияга чыккандардын саны 629 миң адамды түзгөн. Бир жылда орточо айлыктын ченеми 9,2 пайызга өскөн.

5. Кыргызстандын Ички дүң продукциясынын (ИДП) көөлөмү 2015-жылы 3,5 пайызга өсүп, 423,6 млрд. сомду, же 6,5 млрд. АКШ долларын түзгөн. 2014-жылы доллар менен алганда 7,43 млрд. долларды түзгөн. 2015-жылы азайып кетишинин себеби 1 доллардын куну 53,6 сомдон 64,5 сомго чейин көтөрүлүп кеткени болгон. ИДП киши башына эсептегенде 1146 долларды түзгөн. 2014-жылы бул көрсөткүч 1331 доллар эле.

6. Өнөр-жай тармагындагы көрсөткүчтөр да байкалаарлык өзгөргөн. Акыркы 3 жылдан бери жалпы эл чарбасынын арасында өнөр-жайынын көөлөмү төмөндөп отуруп, 2013-жылкы 18,5 пайыздан быйыл 15,3 пайызга чейин азайган. Иштеп, продукция берип аткан ишканалардын жалпы саны 1740 түзгөн, аларда иштегендердин саны 120 миң адам болгон.

7. Айыл-чарба тармагында эмгектенген калктын саны жалпы эмгекчилердин 31,6 пайызын түзгөн. 2014-жылга салыштырганда өсүш 6,2 пайыз болгон. Айыл-чарбасы, токой чарбасы жана балык чарбасында иштегендердин саны соода тармагынан эки эсе көп болуп чыккан. Андан кийин курулуш тармагында иштегендер 11 пайыз, өнөр-жай тармагындагылар 9,4 пайызды түзгөн. Билим берүү тармагында 7,7 пайыз, транспорт тармагында 6,3 пайыз, саламаттык сактоо тармагында 3,5 пайыз болгон.

8. Кыргызстанда тартылган инвестициялардын эки булагы бар. Ички инвестициялардын көөлөмү жалпы сандын 57,8 пайызын түзсө, тышкы инвестициялар 42,2 пайыз болгон. 2014-жылга салыштырганда тышкы инвестициялар 3 пайызга

өскөн болсо, ички инвестициянын көөлөмү 3 пайызга азайган. Ошол эле кезде сырткы сооданын жүгүртүмү 2014-жылга салыштырмалуу сезилээрлик азайган – 7,6 млрд. доллардан 5,7 млрд. чейин түшүп кеткен. Мунун себеби Кыргызстан ЕАЭБке киргенден кийин башка өлкөлөр менен болгон соода-сатык бир топ азаюуга мажбур болгон. Эгерде 2014-жылы импорттун көөлөмү 5,7 млрд. долларды түзсө, 2015-жылы болгону 4,1 млрд. долларга чыккан. Аны менен кошо экспорттун көөлөмү да 200 млн. долларга азайган.

9. Соңунда мамлекеттик бюджеттин көөлөмү келтирилген. Эгерде 2014-жылкы бюджеттин киреше бөлүгү 119,4 млрд. сом болсо, 2015-жылы – 128,2 млрд. сом болгон. Ал эми чыгаша бөлүгү 121,3 млрд. жана 134,5 млрд. сом болгон. Ошондо бюджеттин 2014-жылкы тартыштыгы 1,9 млрд сом болсо, 2015-жылы тартыштык 3 эседен көп өсүп, 6,3 млрд. сомду түзгөн. Бюджетти курууда негизги киреше булагы катары кошумча нарктын салыгы түзүп, 39,2 пайызга чыккан. Андан кийин эл аралык соода жана операциялардан түшкөн салык – 11,4 пайыз болгон.

Жалпысынан Кыргызстанда экономикасы сенектик мезгилдегидей бир орунда турбастан, өнүгүү жолунда баратканын көрсөттү. Анын негизги далили катары коңшу жана күчтүү делген өлкөлөрдөгү экономикалык өнүгүү солгундай түшсө, Кыргызстанда экономикалык өсүш 3,5 пайызды түзгөн. Бул салыштырмалуу аз болсо да, өнүгүү бар экенин далилдеген көрсөткүч.

*Бишкек, июнь, 2016-жыл*

## Узарууга умтулган Кыргыз темир жолу

Кыргызстанга чектеш мамлекеттердин арасынан Тажикстандан башкасы темир жол инфраструктурасына бай. Чыңгыз Айтматовдун «Кылымдан узак созулган күн» аттуу

чыгармасында «А поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка тынымсыз жүрүп жатты» деп айтылгандай, коңшулардын темир жолдору тынымсыз иштеп, ал турсун узарып, мамлекеттин экономикасына келтирген пайдасын көбөйтүп жатат. Ааламдашуу процесси күч алган сайын коммуникация тармагы күчөп, анын арасында маалымат технологиясынан кем калбай, жол коммуникацияларынын мааниси да өсүүдө. Анын арасында темир жол тармагынын экономиканын өнүгүүсүнө кошкон салымы эбегейсиз болуп баратканы талашсыз. Кыргызстанда темир жолдордун эки бутагы бар. СССР кезинде Кыргызстандын темир жолдун жалпы узундугу болгону 425 км түзүүчү. Алар Кыргызстанга түз тиешелүү болбостон, түндүктөгү бөлүгү Казакстандын Алма-Ата темир жолуна караса, түштүктөгү Сүлүктү менен Жалал-Абадка алып баруучу бөлүгү Ташкент темир жолуна караштуу болгон. Кыргызстан эгемендикке жеткенине 25 жыл болгону менен, Совет мезгилинде алгачкы жолу 1924-жылы курула баштаган темир жолдун узундугу бир да чакырымга узарган эмес. Ар-бир мамлекеттин экономикасы алына жараша жана башкаруу чөйрөнүн билимине жана тажрыйбасына таянып өнүгүп жатышы талашсыз. Кыргызстан тоолуу өлкө болгондуктан Казакстанга окшошуп, түз талаага салгандай темир жол сала албайт. Тоолуу аймактагы ландшафт өзгөчө талаптарды коёт. Ошого жараша Кыргызстандын өнүгүүсүнө транспорттук негизги салымды автоунаалар жүрүүчү ири трассалар кошуп келатат. Жүк менен жүргүнчүлөрдү ташууда автожолдун салымы railway кеминде эле 90 пайызды түзөт. Бишкек-Ош, Бишкек-Торугарт жолдорунун маанисин кемсинтүүгө болбойт жана келечекте альтернативалык Жалал-Абад – Балыкчы жолу да мааниси жагынан стратегиялык жол боло тургандыктан, азыр мамлекеттин өз күчү менен курулуп жатышы бекеринен эмес. Ошентсе да ар-бир мамлекет үчүн, анын жүгү жана жүргүнчүлөрү үчүн темир жолдордун салынышы абдан маанилүү. КМШ өлкөлөрүнүн арасынан жалгыз Кыргызстанда 25 жылдан бери темир жолдун узарылбай келатышы, бир жагынан

мамлекеттин алынын чакандыгын көрсөтөт, экинчи жагынан тоолуу аймакта курулуш жүргүзүү жөнөкөй эместигин далилдейт. Ошондой болсо да, ааламдашуу мезгилинде, Кыргызстан дүйнөлүк өнүгүүнүн сыртында кала албайт. Ошо себептен чыгыштагы чоң коңшусу болгон Кытайдын экономикалык өнүгүү кубаты акырындап бүтүндөй Борбордук Азияны көздөй кирип келатышы, кытайлыктардын экспансиялык саясаты эмес, дүйнөлүк тренд тарабынан талап кылынган зарылдык экени түшүнүктү. 1996-98-жылдары Кытай өзүнүн батыштагы темир жолун узартып, Орто Азияга чыгарууга кызыкдар экендигин билдирген эле. Аны өзүнүн пайдасына колдонуу максатында Кыргызстан да колдоого алган. Эки тараптык сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол бутагы курула тургандай долбоор сунуш кылынган. Ошо кездеги бийлик өкүлдөрүнүн макулдашуусу боюнча үч тараптык комиссия куралып, алар бир жыйынды Пекинде, экинчисин Бишкекте, үчүнчүсүн Ташкентте өткөрүп, баардык тараптын каалоолорун канааттандырган жалпы бир сөзгө келүүгө аракет кылышкан. Тилекке каршы үч тараптык сүйлөшүүлөрдө талаш-тартыштар үч эсе көбүрөөк болуп, эки тараптын макулдашуусу үчүнчү тарапка жакпай, долбоор 2015-жылга чейин ишке ашпай келген. Биринчиден Өзбекстан салына турган темир жол кыска болуусун каалап, Жалал-Абаддан Эркеч-Там аркылуу өтүүсүн жактап туруп алган. Кыргызстанга, албетте бул сунуштун ишке ашуусу алып келе турган пайданы кескин азайтмак. Ички аймактарды өнүктүрүү жана жаратылыш байлыктарын өздөштүрүүгө түрткү болуусу үчүн Кыргызстан темир жол Жалал-Абаддан Торугарт ашуусу аркылуу өтүүсү зарыл экендигин билдирген. Кытайга болсо темир жолдун кандай маршрут менен өтүүсү чоң мааниге ээ эмес болуучу. Бул үч тараптан тышкары темир жол салынса, аймактык эле эмес, эл аралык мааниси да күчтүү боло турганын баамдаган төртүнчү тараптагы мамлекеттер да четте кала алышпайт. Мисалы коңшу Казакстан бул жол салына турган болсо, Кытайдан ташылуучу жүк үчүн алынуучу төлөмдөрдү азайтып алуудан

чочулайт. Ошондой эле көз караштa Россия турат. Россиянын дагы бир чочулоосу, темир жол салынса илгертен атаандаш катары каралган Кытай ал аркылуу бир эле жүк же жүргүнчү эмес, курал-жарак менен аскер техникасын да кыска убакытта Орто Азияга киргизүүгө мүмкүнчүлүк алат деп чочулаарын кыйыткан. Темир жолдун дагы бир узакка созулган талаш маселеси кайсы стандарт менен салынуусу керек деген суроо. Кытайда кабыл алынган стандарт Кыргызстан жана КМШ өлкөлөрүндө кабыл алынган стандартка дал келбейт. Демек эки өлкөнүн темир жолдору кошулган жерге, поезддердин дөңгөлөктөрү алмашуусу талап кылынат. Талкуу андай алмаштыра турган станция кайсы жерде курулушу керек деген суроону жараткан. Кытай өзүнөн чыккан жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуучу поезддер чек арадан токтобостон өтүп, Өзбекстанга барганда алмаштырууну каалайт, себеби убакыт үнөмдөлөт деген жүйөө чыккан. Андай болгондо Кыргызстандык поезддер жаңы бутак аркылуу өтүү үчүн дөңгөлөктөрүн эки жолу алмаштырууга аргасыз болот. Бул да убакытты талап кылат. Ошондуктан Кыргызстан Торугарт аркылуу өтүүчү долбоорду сунуштап, алмаштыруучу станциялар чек арада курулушун жактап келет.

Мындай маселелер чоң тоскоолдук болгону аз келгенсип, жыл өткөн сайын башында болгону 2 млрд. доллардын тегерегинде бааланган долбоор азыр кеминде эле 3,5-4 млрд. долларлык долбоорго жетти. Мындай каражат табылган күнү да, аны акташ кеминде эле 25 жылды талап кылаары эсептелген. Экинчи жагынан курулушту баштоо үчүн керек каражатты азыркы учурда табуу оңой эмес болуп баратат.

Бул маселенин дагы бир саясый жактан алган өзгөчөлүгү бар. Бул курулуш Кыргызстан үчүн негизги үч максатты бирдей камтыш керек: биринчи – улуттук кызыкчылык үчүн иштеш керек. Экинчиси – Евразиялык биригүү процессине карама-каршы келбеш керек. Үчүнчүдөн – аймактык жана геосаясый тең-салмактуулукту камсыз кылуусу зарыл. Үчөөнүн биринчиси Кыргызстан үчүн чоң мааниге ээ, себеби темир

жол курулса, өлкөнүн ички аймактары үчүн абдан күчтүү экономикалык түрткү болмок. Экинчи максат – евразиялык шериктери үчүн долбоор маселе жаратпашы керек. Муну камсыз кылуу жеңил эмес. Ал эми геосаясый тең салмактуулукту сактоодо Кыргызстан өзүнүн стратегиялык шериги болгон Россиянын позициясын долбоорду ишке ашырууда сөзсүз эске алууга аргасыз. Аны менен кошо эле Казакстандын да кызыкчылыгына шек келтирбеш керек.

Кандай болсо да, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол долбоору ишке ашырылса, үч тарапка тең экономикалык утуш алып келээри бышык. Узундугу болгону 425 км келген Кыргыз темир жолу жок дегенде дагы 350 км узармак. Бирок ааламдашуу мезгилинде ар-бир ири долбоор чоң саясатка өз таасирин тийгизип жатышы, анын айынан пайдалуу сунуштар ишке ашпай калышы өкүндүрөт.

*Бишкек, июль, 2016 жыл*

## ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# БАТКЕН ОКУЯЛАРЫ ЖАНА «КАБАР»

## Башталышы

Ааламдашуу процесси азыркыдай күч ала элек кезде эле эл аралык террордук топтор алдына талаштуу, бирок чоң көксүктөгү максаттарды койгон. Алардын эң ириси 1991-жылы күтүлбөгөн жерден колго тийген эгемендикке ээ болгон Орто Азиядагы кээ бир өлкөлөрдө мындай күчтөрдүн максаты өзгөчөлөнгөн өз тартибин орнотуу эле. Бул аймакта эки чоң мамлекет болсо, анын бири Өзбекстан Совет дооруна чейин эле чет элдик ири саясый оюнчулардын көзүн кызыктырып келген. Биринчиден Өзбекстанда Орто Азия калкынын дээрлик жарымын түзгөн эң көп сандагы мусулмандар жашайт, экинчиден бул мамлекеттин экономикалык кубаты арбын, үчүнчүдөн геостратегиялык мааниге ээ болгон жаратылыш байлыгы газга жана башка кенге абдан бай. Газга болгон кызыгуу күн өткөн сайын арбып бараткандыктан, аны сатуудан түшкөн киреше да чоң кызыгууну жаратат. Мунун баары чоң мааниге ээ болгону менен, эгемендикке жеткенден кийинки мамлекетти башкарууга келген саясый топ Өзбекстанда коңшу республикалардай демократиялык өзгөрүүлөрдү киргизбестен, мурдагы автократтык башкаруу ыкманы ого бетер күчөтүүсү ар-кыл күчтөрдүн наразылыгын туудурду. Натыйжада өлкөнүн ичиндеги жана сырттагы саясый күчтөр

расмий бийликке өз наразылыгын көрсөтүүгө өттү. Тилекке каршы расмий бийлик Совет доорундагыдай диссиденттик кыймылдын жетекчилигине толеранттуулук менен мамиле кылбастан, катуу кысымга ала баштаган. Эки ортодо коңшу Тажикстанда исламдык баалуулуктарды туу туткан диний агым күчөп, кырдаал расмий бийлик менен куралдуу кагылышууга чейин жетти. 1992-жылы башталган атуулдук согуш акыры сырттагы ортомчу күчтөрдүн аралашуусунун натыйжасында 1997-жылы тынчтык келишимине кол коюу менен басылды. Бирок исламчыл күчтөр Орто Азия аймагында алгачкы жолу Тажикстанда саясый канат катары бийлик түзүмдөрүнө кирип, бийлик менен бирдикте иш алып барууга укук алды. Алар таасири акырындап азайып баратса да, 2015-жылга чейин мамлекеттик структураларда Ислам партиясынын өкүлдөрү катары иштөөгө укуктуу эле. Бирок акыркы мезгилде президент Рахмон өзүнүн укуктарын кеңейткенден кийин, бийлик түзүмдөрүндө Тажикстандын Ислам кайра жаралуу партиясынын бир да өкүлү калбай, партиянын жетекчилиги бийлик тарабынан куугунтукка алынды. Аларга каршы террорчул уюм деген кине коюлуп, жетекчилиги жоопкерчиликке тартылган, партиянын лидери Кабири сыртка чыгып кетүүгө аргасыз болгон.

Ал эми дагы бир коңшусу болгон Кыргызстанда демократиялык процесстер күч алып, көп партиялуулук, сөз эркиндиги, плюрализм принциптери таасирин бекемдеп, коомдук аң-сезимдин бир топ өсүшүнө алып келди. Өзбекстанда болсо саясый турмушта Совет мезгилиндегиден да катуу тартип киргизилип, бийликке оппозиция боло ала турган «Бирлик» партиясына окшогон башка либералдык саясый топтор куугунтукка алынып, жетекчилери сыртка чыгып кетүүгө мажбур болгон. Алардын бири Мухамед Салих Ташкенттен чыгып кетип, азыркыга чейин Түркияда жашоого аргасыз. Акырындап отуруп сыртка кетүүдөн башка айла таппай калган саясый оппозициянын өкүлдөрү Өзбекстандын бийлигине каршы чыгууга жарай турган бир нече топту түзөт. Алардын

максаты Өзбекстандын өнүгүүсүнө өзгөртүү киргизип, аны демократиялык нукка алып чыгуу эле, бирок аны ишке ашырууга келгенде ич-ара кайчы пикирде болгондор көп эле. Алардын арасында расмий бийликке колуна курал алып каршы чыккан топ коңшу өз ара согушуп жаткан Афганистанга топтолуп, ал жерде бийликти шарияттын негизинде жүргүзүүнү көздөгөн Өзбекстандын исламдык Кыймылы түзүлөт. Анын башында Фергана өрөөнүнөн чыккан Жума Намангани (1968-2001-жылдары жашаган) аттуу өзбек жараны турган. Эл аралык деңгээлде машыгуудан өткөн бул кыймылдын атайын даярдалган согушкерлери тымызын Өзбекстанга кайтып келип, 1999-жылдын февраль айында Ташкент шаарынын алты жеринде террордук жардырууларды уюштуруп, аны ишке ашырат. Бул террордук чабуулдун бутасына өкмөттүк объектилер кирип, алардын катарында Ташкенттеги «Мустакиллик» аянтында жайгашкан Өзбекстандын Өкмөтүнүн имараты да болгон. Согушкерлер жардырылуучу заттар толтурулган чакан автоунааны имараттын бир бурчунда жардырууну уюштурат. Ошол маалда Өкмөттүн кезектеги жыйыны башталмак. Ага республиканын президенти Ислам Каримов катышмак. Жардыруунун натыйжасында имаратка чоң залака келтирилип, 16 адам курман болот жана жүздөгөн бейкапар турган адамдар жаракат алышат. Расмий билдирүүлөргө караганда, бул терактыны радикалдуу диний агымды түзгөн «Хизбу-Тахрир» уюму ишке ашырган. Өзбек бийлиги аны менен кошо бул жардыруулардын артында эл аралык террорчулар менен кошо Өзбекстандын ислам Кыймылы турганын да айтып чыгат. Жардырууларга жооп катары өзбек бийлиги ансыз да катуу режимдеги абалды ого бетер көзөмөлдөөнү күчөтөт, өлкөдө тоталдык куугунтуктоолор башталат. Кичине эле шек туудурган адамдар камакка алынып, далилдер жетишсиз болсо да, алар жоопкерчиликке тартыла баштайт. Негизинен куугунтукка динге катуу берилип, ишеними бекем болгон ислам активисттери алынат. Куугунтуктоого алынган диний активисттер өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болуп, бир тобу

Афганистанга кирип кетет. Акырындап абал тынчый баштайт. Өзбек бийликтери өлкөдө туруктуу абалды орнотууга жетишет. Ташкенттеги тартип бекемделип, коопсуздук маселеси күчөтүлөт.

## Сакалчандардын кирүү себеби

Өзбекстан ислам Кыймылынын башында Тахир Юлдашев турганы маалым эле. Ал айланасына жакын шериктерин топтоп, Өзбекстандагы бийлик режимин алмаштырууну көздөгөнүн ачык билдирген. Анын аракеттери негизинен коңшу Афганистанда болуп, ал жерде Өзбекстандан качууга аргасыз болгон жарандарды куралдуу топко чогултуп, алар «Талибан» кыймылынын оң колу болуп чыга келген. Арасында Жума Намангани башкалардан тирүүрөөк болуп, Фергана өрөөнүнө кирген куралдуу сакалчандардын башында турган. Кийин белгилүү болгондой, андан сырткары Өзбек кыймылынын таасирлүү адамдарынын арасында Абдулазиз (Абдували Юлдашев), Али Бедаки, Мулло Абдулло, Шайх Камол, Холид, Торык, Ахмад, Хамза, Махди, Абдумалик, Абдурахман жана башкалар болгон. Өзбек бийлигинин саясый атаандаштарын куугунтуктап, бир нече миң адамды кармап, далили жетишсиз эле түрлүү мөөнөткө камап салуусу сырттагы куралдуу оппозицияны чечкиндүү кадамга барууга түрттү. Ошо кезде беш жылга созулган Тажикстандагы согушка катышкан куралдуу оппозиция бийлик бутактарына аралашууга укук алгандан кийин, эки жыл убакыттын ичинде толугу менен курал-жарагын тапшыруу шартын аткарууга милдеттенме алган. Тажик оппозициясы менен өзбек оппозициясы Афган согушунда бир тарапта болгондуктан, кийинки мезгилде да бири-бирине колдоо көрсөтүп келишкен. Тажиктер кайсы бир деңгээлде максатына жетишкендиктен, тынчтык келишимине жараша согушка катышкан топтор курал-жарагын бийликке тапшырууга өтө баштаганда, Тажикстанда жайгашкан максатына качан

жетээрин баамдай албаган өзбек куралдуу оппозициясы курал-жарагын тапшырууга умтулган эмес. Алардын максаты топтогон тажрыйбасын колдонуп, күч менен болсо да Өзбекстанга жаңы тартип киргизүү же жок дегенде элдин арасында наразылык туудурууга үндөө бойдон калган. Тажикстанда болсо мыйзамсыз куралдуу күчтөрдүн баарын куралсыздандыруу чаралары катуу көрүлө баштагандыктан, өзбектердин Ислам кыймылы башка жакка кетүүгө аргасыз болгон. Андай жол же согуш уланып жаткан Афганистан тарапка болсо, экинчиси эгемендикке жетишкени менен чек-ара коопсуздугуна көңүл буруууга ашыга элек Кыргызстан эле. Тажикстан менен Кыргызстанды бөлүп турган аскалуу тоолордун бир жагы өзбек оппозициясы үчүн жашырынууга ыңгайлуу жер болчу. Дал ошол аймактан Жума Наманганинин куралданган сакалчандар тобу чек-арачылардын жогунан пайдаланып, Баткен областынын Зардалы чөлкөмүнө кирип келет. Алардын тобу көп деле болгон эмес. Түрлүү-маалыматтарга караганда 100 адамдан 200 адамга чейин болгон. Бирок алардын кирип келиши Кыргызстанда абдан чоң дүрбөлөңдү жаратып, бир жагынан бийликтин шаштысын кетирсе, экинчи жагынан элдин мекенчил экендигин билдирип, жапа-тырмак душманга каршылык кылууга даярдыгын көрсөттү.

Кийинчерээк адистердин баамдоосуна караганда, сакалчан куралдуу топтун кыргыз бийлигинен аларды Өзбекстанга өткөрүү талабы көз боёмо аракети деп табылган. Өзбекстан алар үчүн болгону шылтоо эле. Алардын негизги максаты Афганистандан тарап жаткан баңги заттарын Кыргызстан аркылуу сатып алуучуларга жеткирүү үчүн жаңы маршрут жолун түзүү эле. Афганистанда куралдуу топтордун баары баңги затын сатып, каражат табуу аркылуу өзүлөрүнө зарыл болгон тамак-аш менен курал-жаракты сатып алып турушкан. Өзбек можахед топтору да бул агымдан четте калбай, оңой табылган баңги-затын эч кимдин карамагына өтө элек жол менен жеткирүү аркылуу каражат табууну көздөшкөн. АКШ Афганистанда анти-террордук операция баштап, аскерлерин

киргизгенден кийин, ал жерде өстүрүлгөн апийимдин аянты он-жүз эсе өсүп чыккан. Натыйжада андан чыгарылган чала героиндин көөлөмү да кескин көбөйгөн. Дал ошол баңги-затын сатууга кызыккандар үчүн аны сыртка чыгаруу маселеси Кыргызстан аркылуу ишке ашыруу планын иштеп чыгышкан. Алардын эң башында алгачкы чалгынчылар катары Жума Наманганинин куралдуу тобу турган.

Баарына катуу таасир кылган февралдагы Ташкент жардырууларынан кийинки көрүлгөн коопсуздук чаралары ишке ашырылган соң, Өзбекстан бир аз тынчып калган. Ошол учурда 1999-жылдын 30-июнунда коңшу Кыргызстандын Баткен районундагы Зардалы айылына белгисиз куралдуу, жалаң сакалчандардан турган топ кирип келгени маалым болот.




*Баткен тоолорунун түпкү аймагындагы Зардалы айылы чек арага жакын жайгашкан*

Алардын ким экенин тактоо максатында айылга келген райондун акими белгисиз топ тарабынан барымтага алынганы билинет. Жергиликтүү тургундар башында сакалчандардан чочубастан, жашоосун камаарабай бир нече күн өткөрүшөт.

Алардын мамилеси адегенде кадимкидей алака болуп, азык-түлүк, эт-аш сатып алып, доллар менен төлөшсө, бир аздан соң келгиндердин мамилеси менен иш-аракети чектен чыкканы байкала баштайт. Ошо себептен жергиликтүү тургундар, алыс болсо да, бийликтегилерге маалымат жиберет. Тез арада Кыргыз бийлиги мындай учурда топтогон тажрыйбасы жок болсо да, реакция кылуу аракетин баштайт.


## «Кабар» жана можахедтер

Кыргызстандын аймагында куралдуу топтордун пайда болуусу тууралуу сөз тараар замат, 1999-жылдын август айынын бир күнүндө түштөн кийин Бишкектеги «Кабар» улуттук маалымат агенттигинин офисинде эл аралык телефон чалуу угулат. Ары жакта сүйлөп жаткан адам кыргызча сүйлөгөнү менен, анын кыргыз эместиги даана байкалат. Сүйлөгөн адам: «мен Кыргызстанга кирген можахедтердин атынан сүйлөп жатам, мен агенттиктин жетекчиси менен сүйлөшөм», деп айтат. Ошо замат агенттиктин директору Кубан Таабалдиев телефонду алып, өзүн жетекчи экенин айтып, ким менен сүйлөшүп жатканын сурайт. Телефондогу адам чала кыргызча: «мен Зубаир ибн Абду Рахманмын», дегендей болот. «Мен Өзбекстандын ислам Кыймылынын пресс-катчысымын», деп айтат. «Биз Кыргызстандын бийик деңгээлдеги өкүлдөрү менен сүйлөшүүнү каалайбыз. Баткендеги окуялардын артында биздин топ тургандыктан, биздин айта турган сөзүбүз бар», дейт. «Бул телефонду кайдан алдыңар жана менин ким экенимди кайдан билесиңер?», деген суроого «Сиздин атыңыз Кубан Абдымен. Сиз бир жыл мурун Лондон шаарында иштегенсиз. Аны бизге Би-Би-Си радиосунун Борбордук Азия Кызматынын журналисттери айтып берди. Сизден башка Кыргызстандын расмий бийликтегилери менен кантип байланышса болоорун билбейбиз, эч кимин тааныбайбыз. Ошондуктан биздин айта турган сөздү уга турган жана туура чечимди кабыл ала турган

адамдар менен бизди байланыштырыңыз деп чалып жатабыз», деген жооп айтылат. «Биздин сөз бекеринен эместигин далилдеш үчүн факс номериңизди берсеңиз, биздин талаптар жазылган кат салабыз», деп улантышат. Факс номери сүйлөп жаткан адамга берилди. Ошону менен кийинки маек эртеси Бишкек убактысы боюнча саат 11:00 болот деп макулдашкан соң, сүйлөшүү аяктайт. Директор ошо замат Өкмөттүк байланыш телефону аркылуу Кыргыз Президентинин Администрациясынын Укук коргоо органдары жана коопсуздук маселелери боюнча бөлүм башчысы Болот Жанузаков менен байланышып, баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Иштин чоо-жайын түшүнгөн соң, Б.Жанузаков агенттиктин директорун өзүнө чакырат. Ал жерде дагы бир жолу маалымат толугу менен такталган соң, «эртең факс келгенден кийин бир чечимге келели» деген мааниде сөз болот. Эки ортодо мамлекеттик кызматтагы адамдардын кайдагы бир бейтааныш жана белгисиз жерден чыгып жаткан кишилер менен, алар талап кылаар замат сүйлөшүү жүргүзүүсү туура эмес болоору да айтылды. Агенттиктин башчысына тиги тараптан факс келээри менен, аны Ак үйгө алып келүү тапшырылды. Аны менен кошо бийликтин үстүнкү катмары менен кеңешме өткөрүү керектиги да айтылды.

Эртеси күнү күтүлүп жаткан маалда агенттиктин факсы иштей баштайт. Андагы термокагазга Өзбекстан ислам Кыймылынын желеги менен белгиси тартылган кат келип түшөт. Кагазда бул кыймылдын аракети Кыргызстанга каршы эместиги, негизги талап Баткенде жүргөн можахедтерге каршы аракеттер жүргүзүлбөсө, анда эч ким жабыркабай тургандыгы айтылып, аягында Кыймылдын негизги максаты Өзбекстан экендиги айтылган. Факс түшөөр замат телефон чырылдап, кечеги эле адам кайра сүйлөп, дагы бир жолу Кыргызстандын расмий өкүлү менен сүйлөшүү талабы кайталанды. Кагаз колго тийери менен, ал Б. Жанузаковго жеткирилет. Ал факсты көрүп, алынган маалыматтын маанисин угаары менен, кийинки сүйлөшүү качан болоорун сурады. Буга жооп жок эле. Алар качан чалаарын айтпаганы менен,

каалаган убакта байланышка чыгаарын билдиришкен. Факс аппараты бар экендиги билинген соң, бул адамдар кандайдыр бир деңгээлде зарыл аппаратура менен жабдылган кеңседен сүйлөп жатканы жана алар турган кеңсе тоо же талаада экендиги баамдалды.



*Б.Жанузаков, «Кабардын» директору К.Таабалдиев жана америкалык жазуучу Грег Чайлд Ак үйдө талкуу учурунда, 2002-жыл*

Б. Жанузаков агенттиктин директору келээри менен расмий бийлик өкүлү эмес, бирок бийлик тараптын кызыкчылыгын коргоого даяр болгон Жогорку Кеңештин ошо кездеги депутаты, өзү Меккеге барып, мусулмандардын ыйык жеринде

ажылык зыяратын жасаган, беш маал намазга жыгылган жана арабдардын арасында достору бар Турсунбай Бакир уулу сүйлөшүү жүргүзө турганын маалымдады. Директор менен Т.Бакир уулу «Кабар» агенттигинин кеңсесине келип, факс аппараты аркылуу сүйлөшүү жүргүзө тургандай кылып, мурунтан берилген тапшырма боюнча директордун орун басары отурган бөлмөгө өзүнчө факс аппараты орнотулганын көрүштү. Ошондон кийин телефон чалууларды күтмөй башталып, байланыш болгондо ар-кыл маанидеги сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Ага Б. Жанузаков, Мамлекеттик Коопсуздук кызматынын өкүлдөрү, Администрациянын жоопту кызматкерлери да катышып турду. Бир жумача созулган мөөнөттө Баткендеги абал чыңалып, курмандыктар пайда болуп, барымтага алынгандар да көбөйгөн. Ар-бир телефон чалуу болгон сайын Т.Бакир уулу аларга Кыргызстан тарап эч бир күнөөсү жок жерден жабыркап жатканын айтып, бул маселени тез арада чече тургандай нукка бурууга аракет кылып, барымтага алынгандарды бошотуу чаралары менен шарттары тууралуу сүйлөшүү жүргүзүп жатты. Бир топ убакыттан кийин можахедтер Т. Бакир уулун Афганистанга келип, ал жерде Өзбекстан ислам Кыймылынын жетекчилиги, керек болсо «Хизбу-Тахрирдин» өкүлдөрү менен да кезиктирүүгө даяр экенин айтышты. Учуру келгенде Т.Бакир уулу Бириккен араб Эмираты аркылуу Афганистанга учуп, ал жерден можахедтердин өкүлдөрү менен кезигишет. Анын ортомчулугу аркылуу барымтада жаткан он чакты кыргыз аскерлери бошотулат. Андан соң барымтадагы генерал А. Шамкеев менен полковник Жеенбаев, октябрдын аяк ченинде япон геологдору менен котормочу кыргыз жигит да кыргыз тарапка өткөрүлүп берилет.

## Барымтага алынгандар

1999-жылы август айынын башында Баткен районунун акими Абдрахман Маматалиев Зардалыга барган жеринен кирип

келген согушкерлер тарабынан барымтага алынат. Аны менен кошо Коопсуздук кызматынын 3 өкүлү да можахедтердин колуна түшөт. Согушкерлердин койгон талабы Кыргызстанга кирген можахедтерге эч жолтоосуз Өзбекстанга кирип кетүүгө тоскоолдук кылбоо эле. Ошо кезде Т. Бакир уулу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатканда, Кыргызстандын аскер бөлүктөрү даярдык көрүп, түштүккө кошумча куралдуу күчтөр жеткирилип, атайын операцияларды жүргүзүүгө укугу кеңейтилген Башкаруу борбору түзүлөт. Анын жетекчилигине Улуттук Гвардиянын башчысы генерал Абдыгул Чотбаев дайындалат. Бирдиктүү аскер күчтөрү барымтага алынгандарды бошотуу менен бирге согушкерлерди өлкөнүн аймагынан сүрүп чыгарууга, болбосо аларды жок кылууга даярдык көрө баштайт. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында барымтага алынган кыргыз жарадарынын баары бошотулат.



*Турсунбай Бакир уулу ортомчулук кылып, барымтадан бошотулган кыргыз жоокерлери «Кабар» агенттигиндеги пресс-конференциядан кийин, 1999-жыл*

Эки ортодо кыргыз аскер күчтөрү күтүүсүздөн кирип келген согушкерлерге катуу сокку уруп, сакалчандардын сырттагы башкаруу чөйрөсүн Бишкек менен сүйлөшүүлөрдү токтотууга аргасыз кылат. Жарым айча созулган телефон чалуулардын

натыйжасында кыргыз тарап белгисиз бойдон калып келген бир топ маанилүү маалыматтарга ээ болуп, аны иштеп чыгып, согушкерлердин кимиси ким, максаты жана көздөгөнү эмне экендигин толук түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алат. Август айынын аягында Кыргызстандын түштүгүнө кирип келгендердин бир тобу жок кылынып, калгандары Тажикстандын аймагына эки жол менен сүрүлүп чыгарылат. Анын бири Баткен тоолору аркылуу келген ашуулар болсо, экинчиси Чоң-Алай районунун Тажикстан менен чектешкен Кара-Тейит аймагы болчу.

## Япондордун «Киодо Цусини» жана «Кабар»

Баткен тоолору жаратылыш байлыктарына абдан бай. Аларда катылган кенди өндүрүп чыгуу үчүн, чалгындоо жана тактоо иштери жүргүзүлүшү керек. Туруктуу өнүгүү жолуна түшкөн ошо кездеги Кыргызстандын бийлиги Япония менен алакасын абдан жакындатып, практикалык жактан да кызматташуу күчөгөн эле. Кен байлыктардын запасын тактоо максатында Япониядан келген геологдор Баткен тоолорун изилдөөгө чыгып, капчыгайлардын биринде чалгындоо ишин жүргүзүп жаткан. Можахедтер Баткен аймагына кирип, ал жерде чаң-тополоң салып жаткан учур болсо да, коопсуздук чаралары жок геологдор ишин улантып жатышкан болот. Тегерегиндеги жашоочулар куралчан топторду көрүп, алардан качууга аракет кылышат. Тоодон түшүп, Баткен шаарына топтоло баштаган элдин саны 2 миңге чыгып кетет.

22-августта эртең менен ички иштер күчтөрүнүн атайын тобу Баткен районунун Таян айылына келип, ал жерде топтолуп калган качкындарга жардам бере баштайт. Бирок можахедтерден чочулап калган тургундар жашаган жерлеринен токтобой, агыла берет. Алардын саны өсө баштаганда бийлик тарабынан Ош шаарындагы гарнизондун бир бөлүгү тоо арасындагы Темир аттуу аймакка генерал-майор А. Шамкеевдин жетекчилиги астында жиберилет. Алардын тапшырмасы тоо

арасындагы элди коргоп, аларды отурукташкан жеринде кармап калуу эле. Тоо арасында аскерлерди жайгаштыруу иштери жүргүзүлүп, аскер лагерин коргоого жарай тургандай кам көрүлө баштаганда, кечке маал А. Шамкеев жанындагы жоокерлери М.Насиев, Р. Юнусов жана Р.Курбанов менен бирге жакын арада япон геологдору жайгашкан лагерге чыгып кетет. Ош жана Бишкек менен сүйлөшүү үчүн радиоаппаратура бир гана ошол жердеги геологдордун базасында болгон. Базага келип, түн ортосунда ал жердеги геологдор менен кошо эс алуу учурунда куралчан топ лагерди курчоого алып, чабуул кыла баштайт. Эки ок тийген сержант Р. Юнусов ошо жерде курман болот. Бир аз ок атышуудан кийин можахедтер төрт япон геологун Өмүрбек аттуу котормочусу менен, генерал-майор А. Шамкеевди жана сержант М. Мусаевди колго түшүрүшөт. Таң ата электе Сох дарыясында орнотулган көпүрөнү куралчандар жардырган соң, барымтага алынгандарды өзүлөрү менен кошо тоого айдап кетишет. Ошо кезде негизги аскердик топту жетектеп барган ички иштер күчтөрүнүн башчысы А.Бакаев аскер күчтөрүн баштап, геологдордун базасына жетип барганда, япондор жашаган вагончиктер өрттөлүп, жергиликтүү элден чыккан жумушчулар жашынып калганын көрүшөт.



Колдоруна кыргыз бийлигине кысым көрсөтүүгө жарай тургандан да ашкан аргументтер тийгенден кийин, можахедтер сүйлөшүүлөрдө да, согуш аракеттерин жүргүзүүдө да, агрессивдүүлүгүн күчөтө баштайт. Андан соң согушкерлердин колуна дагы бир нече кыргыз жоокери түшүп калат.

*Генерал А.Шамкеев бошотулгандан кийин госпиталда жаткан учуру, 1999-жыл*

«Октябрдын он үчүндө барымтага алынган төрт кыргыз милиционери бошотулду, алар Чоң-Алай районунда кармалышкан. Кармалгандар тажиктер менен болгон чек арага жакын Карамык айылына жеткирилген», деп жазат эскермесинде журналист М.Калигулаев. Кыргыз милиционерлерин бошотууда депутат Турсунбай Бакир уулунун ортомчулугу чоң роль ойногон. Анын айтымында, тажик тараптан жакшы колдоо болуп, өзгөчө Жергетал районунун чек ара аймагынын ошо кездеги башчысы Шох Искандеровдун ролу маанилүү болгон. Андан кийин эле 18-октябрда барымтада эки айдан ашык убакыт кармалып жаткан Ички иштер министрлигинин аскер бөлүктөрүнүн башчысы генерал Анарбек Шамкеев жана милициянын подполковниги Ж.Жээнбаев бошотулат. Япон геологдору жана алардын жанында 64 күн кошо жүргөн котормочу Өмүрбек Жанакеев 25-октябрда эркиндикке чыгарылат. Бирок алардын бошотулушуна Жергетал чек ара аймагынын башчысы Шох Искандеровдун көпчүлүккө белгисиз бойдон калган ортомчулугу чоң роль ойногон. Сүйлөшүүлөрдө Т.Бакир уулуна Кыргызстандагы Иран элчилигинин кызматкери Нуриддин Темиров кол-кабыш кылган. Бул аракеттер бекер жерден чыкпаганы тууралу ошо кезде Кыргызстандын коопсуздук кызматынын жетекчиси Мисир Ашыркулов «барымтадагыларды бошотуудагы ийгиликке биздин тажик эли менен бир туугандык мамилебиз өз салымын кошкон» деп айткан жери бар. Ал эми Ш. Искандеров тууралу «ал өз аймагында абдан таасирлүү адам. Ал үч жылдан бери биздин Чоң-Алайга кирүүгө террористтерди өткөрбөй турат. Биз бирибирибизге көмөк-жардам кылып турабыз» деп кошумчалап, маалымат каражаттарына айтып чыккан.

Япондук жарандардын барымтага алынганы дүйнөлүк маалымат каражаттарынын Кыргызстанга болгон кызыгуусун күчөттү. Бишкекке аттуу-баштуу маалымат каражаттарынын, маалымат агенттиктеринин, ири гезиттердин кабарчылары келе баштады. Өзгөчө Япониядан келген журналисттер көп болчу. Баткенге барууга алардын бирөөсүнө да кыргыз

бийлиги уруксаат бере электе, алар «Кабар» агенттигинин маалыматын аңдышып, күнүнө өткөрүлүүчү пресс-жыйындарга келген журналисттердин саны көрүнө эле көбөйө баштады. Такталган жана таратууга макулдашылган маалымат менен пресс-жыйындарга Президенттин пресс-катчысы К.Иманалиев, Б.Жанузаков жана Коопсуздук кызматынын, Коргоо министрлигинин өкүлдөрү чыгып турушту. Япондук геологдордун тагдыры Япониянын ЖМК өкүлдөрүн өзгөчө кызыктырды. Япониянын негизги телеканалы болгон Энэйч-кей (NHK) компаниясы зарыл техника менен толук жабдылган атайын жоон тобун жиберип, алар азыркы «Ак кеме» отелине жайгашып, ал жерден эфирге түз чыга тургандай укук алышты. Кыргыздардын арасынан япон тилин билгендер аз болсо да, алар кийин (2012-2015-ж.ж.) Кыргызстандын Япониядагы элчиси болгон япон тилин жакшы билген Рыспек Молдогазиев менен байланышып, бирге иштешти. Телекомпаниядан мурунураак Бишкекке Япониянын атагы чыккан «Киодо Цусин» агенттигинин КМШ өлкөлөрүндөгү өкүлчүлүгү келип, түз эле «Кабар» агенттиги менен кызматташууну сунуш кылды. Агенттиктин Москвадагы бөлүмүнүн башчысы «Кабардын» жетекчилиги менен сүйлөшүү жүргүзүп, бирге иштешүүнү, керек боло турган техникалык колдоо көрсөтүүнү макулдашты. Анын негизинде Баткенге бара турган «Кабар» агенттигинин кабарчылары космос аркылуу байланышка чыгууга жол ачкан спутникалык телефон менен камсыз кылынды. «Кабардын» ошо кездеги Баткенге жиберилген кабарчысы болуп, агенттикке алынганына ошо маалда бир жыл боло элек, азыр элдин оозуна алынып калган Турат Акимов эле. Ага зарыл учурда жардамга агенттиктин бөлүм башчысы Жыргалбек Касаболотов жана кабарчы Талант Шабиев экөө барып турушту. Т.Акимов Баткенде 3 ай жүрүп, тактап, топтогон маалыматын эч кимдин көзүнө карабастан, колундагы телефон аркылуу түз «Кабардын» кеңсесине жеткирип турду. Анын агенттиктеги каймана аты кийин бир топ мезгил «Бул - Баткен» болуп турду, себеби эфирге чыккан сайын баштаган

сөзү «Бул Баткен» эле. Ал Баткендин аэропортунда жайгашкан куралдуу күчтөрдүн Биргелешкен штабы менен тыгыз иштешип, ал жерден маанилүү маалыматтарды алып, Бишкекке жеткизип турду. Зарыл учурларда Башкы командачы генерал А. Чотбаев менен да кезигип, маалыматтарды тактоого жетише алган.

«Киодонун» өкүлдөрү «Кабардын» жетекчилиги менен сүйлөшүү учурунда, япон жарандарынын тагдыры, баарынан негизгиси алардын бошотулуусу тууралуу маалыматты биринчи болуп таратууга милдеттүү экендигин айтып чыккан. Ага жооп катары «Кабардын» директору К.Таабалдиев барымтага алынгандардын тагдыры тууралу маалыматты япон агенттиги «Кабардын» булактарынан башка эч кимден ала албастыгын билдирди. «Кабар» ошо 1999-жылы бул окуялар башталаарга бир жарым ай калганда Ош шаарында агенттиктин Түштүк бөлүмүн ачып, анын башчылыгына областта таанымал журналист Камил Токторов дайындалган. Бул кадамдын өз учурунда жасалганын Баткендеги окуяларды чагылдырууда агенттиктин кабарчылары менен алардын маалымат булактарынын иши көргөздү. Ошко жыйнала баштаган журналисттердин саны көбөйгөн сайын, Түштүк бөлүмдүн мааниси да өсүп, анын колдоосуна муктаж болгондордун саны да көбөйдү.

Акыр-аягы барымтада жаткан япон геологдору 1999-жылдын октябрь айында Чоң-Алай району аркылуу эркиндикке чыгаары К.Токторовдун байланыштары аркылуу белгилүү болоору менен, Баткенде жүргөн Т.Акимов, «Киодонун» кабарчылары жана башка япон журналисттери менен Кара-Тейит айылына жакын жерге келет. К.Токторовдун маалымат булактарына баарынан жакын аралашууга мүмкүнчүлүктү түзгөн, керек болгон учурда колдоо кылган генерал Мырзали Бөрүбаев эле. Ал түштүктөгү аскер бөлүктөрүнүн Алай жана Чоң-Алай аймактарындагы тобунун башчысы болчу. Дал генерал М.Бөрүбаев япон атуулдары барымтадан Кара-Тейит аркылуу бошотулаарын К.Токторовго айтат. Так канчада геологдор кыргыз тарапка өткөрүлүп, атайын операция

ишке ашырылаарын айта албагандыктан, бул маалыматты К.Токторов Бишкекке алдын ала маалымдай албай калат.

Ошол эле кезде Баткенден Кара-Тейитке тик учак менен учкан кыргыз армиясынын жетекчилигине кошулган Т. Акимов барымтадагыларды бошотуу үчүн бериле турган «сумкаларды» көргөнүн кийин айтып берди. Ошо кезде тарап кеткен имиштерде, Япония өз жарандарын бошотуу үчүн 3 млн. доллар берген деп айтылып калган. Анын чын-төгүнүн азыр эч ким тактап айтышы мүмкүн эмес болуп баратат. Баарынан кызыгы япон геологдорунун эркиндикке чыгышын биринчи болуп «Кабардын» кызматкери К.Токторов билип, маалыматты Бишкекке жөнөкөй телефон таап, кабарлагыча, андан кийин көрүшкөн «Киодонун» журналисттери спутник телефону аркылуу Токиого маалымдап ийишет. Геологдордун бошотулганын өз көзү менен кийинчерээк көргөн Т.Акимовдун кабары да кечигип калат. Ошентип техникалык жактан алдыда турган япондордун агенттиги маанилүү маалыматты «Кабар» агенттигинин кабарчыларынан озунуп дүйнөгө жар сала калышат. Эгерде аларга «Кабар» көмөктөшпөй, япондор оолак иш алып барганында, ким билет, япондордун агенттиги маалыматты ала алат беле, ала албайт беле. Акыйкаттык үчүн айтып коюш керек, Баткен окуялары япондук геологдор үчүн бактылуу аяктап, алардын бошонгонун «Киодо» агенттиги биринчи болуп маалымдашынын урматына япондор чоң сый-тамак уюштуруп, анда «Кабардын» аларга жардам кылышы татыктуу бааланып, ыраазычылык сөздөрү айтылды.

## АКШ жана Баткен окуялары

Тилекке каршы согушкерлер кийинки 2000-жылы Өзбекстанга кирүү аракетин кайра баштайт. Анда да Баткен аркылуу кирип келүүгө көнгөн можахедтер аскалуу жана кооз тоолорду аралап келишет. Ал жердеги тоолор эл аралык деңгээлдеги көңүл буруучу объект катары чет элдик

альпинисттер менен туристтерди өзүнө азыр да тартып турат. Ошо жылы АКШнын бийликтери эл аралык террористтерден тараган коркунуч тууралу эскертүү жасаганына карабастан, дал ошол тоолорго чыгууга кызыккан төрт америкалык альпинист жайдын так саратанында тоого чыгуу үчүн Баткен аймагына келет. Бир нече күн тоодо жүрүп, кууш капчыгайларда түнөп, атайын тандалган аска зоого чыгып баратканда, сакалчан согушкерлердин колуна түшүп калат. Андан кийин эки күнгө уланган бул окуянын аягы оң бүтүп, америкалыктар барымтадан аман-эсен качып чыгууга мүмкүнчүлүк табышат. Алардын бири кыз эле. Кийин айткан сөздөрү боюнча, барымтада кармалып турганда аларды жаш татар улутундагы согушкер кайтарып турган. Ал уктап калганда качып чыгышат да, кийин айткан сөздөрүнө караганда, жолду тороп кокусунан чыга калган «дагы бир согушкерди аскадан кулатып ийишет». Америкалыктарды куткарууга жиберилген кыргыз жоокерлери кийинчерээк согушкерлердин арасында колго түшкөн татар улутундагы можахедти таап чыгышат. Ал да сот учурунда америкалыктар колго түшүп, бирок качууга мүмкүнчүлүк табышканын тастыктайт. Бул 2000-жылы да дүйнөлүк маалымат каражаттары, алардын арасында япондук алдынкы гезиттердин өкүлдөрү Бишкекке келишип, «Кабар» агенттиги менен байланыш түзүүгө, бийлик тараптан маанилүү маалымат алууга аракет кылышат. Өткөн жылдагыдай эле Баткен окуялары боюнча расмий маалымат «Кабар» агенттигинин пресс-залында байма-бай берилип турат.

Кийинчерээк бул окуя АКШнын маалымат каражаттары тарабынан талкууга алынып, андан кийин 2001-жылы китеп жазуу жана кинотасма тартуу үчүн маалымат чогултууга келген америкалык жазуучу Грег Чайлд (Greg Child) «Кабар» агенттигине колдоо алуу үчүн кайрылат.

Коргоо министрлигинин колдоосу менен ал Баткенге жана Ошко барып, ал жердеги окуяны иликтөөгө алып, күбөлөр менен маектешип, колго түшүп, абакта отурган Руслан аттуу татар улутундагы можахед менен да кезигип, анын сөзүн угуп




*Грег Чайлд жана Турат Акимов 2001-жылы Бишкекте пресс-конференция учурунда*

кайтат. Кийин бул окуя АКШнын альпинистери үчүн атайын чыгуучу журналга басылып, анда «Кабар» агенттигине алкыш сөздөрү айтылат.

Ошентип эки жылы катары менен болгон Баткен окуясы «Кабар» агенттигинин түздөн-түз катышуусу аркылуу дүйнөгө чагылдырылып, Кыргызстан эл аралык террористтер менен исламдык реакциячыл күчтөргө толук кандуу каршылык көрсөтүүгө даяр экендигин, ага бүт эл катыша аларын жеткире алды.

*Бишкек, май, 2016-жыл*

# СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

## «ҮРКҮНДҮН» 100 ЖЫЛДЫГЫ

### Жалпы маалымат

Бишкектен Ысык-Көлгө чыккан жүргүнчү кыргыздын бермети деп аталган көлдү көргүчө Чүй өрөөнүнүн чыгышындагы Боом капчыгайын басып өтөт. Дал ошо Боомдун кире беришинде жолдун оң жээгинде атайын тургузулган «Үркүн» жана «1916-жыл» деген жазуусу бар эстелик орнотулган. Анын алгачкы пайдубалы Кыргызстан эгемендикке жетишкен 1991-жылы түзүлгөн. Үркүн кыргыздын тарыхындагы эң кайгылуу



жана жакынкы эле муундардын кагаз бетине калтырган эскермелери аркылуу сакталып келаткан тарыхый окуя.

Көптөгөн изилдөөчүлөр Үркүндүн чыгуу себептерин иликтөө менен алек болгонуна бир топ жыл болсо да, анын түпкү себеби менен кесепеттери тууралуу бирдей кабыл алынган тарыхый чечилме келтириле элек. Анткени бул үркүн тууралу ой-пикирин билдиргендердин бир тобу улуттук боштондук кыймылы деп эсептешсе, дагы бирөөлөр аны саясый мааниси жагынан карашып, мамлекеттик түзүлүшкө каршы чыккандарды мамлекеттин басуу иш-чарасы деп баалашат. Биринчилерге кыргыздар жана башка көтөрүлүшкө чыккан улуттардын өкүлдөрү кирсе, экинчи жээкте тургандар негизинен орус улутундагылар болуп, өз пикирин алдыргысы келбей, үркүнгө катышкандарды каралаганды токтотушпайт. Мындай пикир келишпестиктин артында кыргыздардын кылымдардан бери түпкүлүгүн сактап, башкалардын кол астында калууга эч качан макул болбогондугун далилдеген кыймыл катыр кабыл алынуусу турса, экинчи тараптагылардын оюу боюнча Россиянын курамына киргендер ошо кездеги расмий бийликке каршы чыккандыктан, аларга шартка жараша мамиле жасалган деген ишенүү турат.

## Үркүндүн чыгуу себеби

1916-жылы орус падышасы 26-июнда Орто Азиядагы калктын арасындагы жашы 19дан 41ге чейинки ишке жарамдуу жарандарды согуш эмес иштерге чакырууга жардык чыгарат. Бул жардык адегенде Ташкентке, андан соң Пишпекке жеткирилет. Жардыкта кызматка чакырылгандар согуш аракеттерине катышпасы, зарыл иштерде гана аскерлерге согуштан алаксытпоо максатында кол-кабыш кылуу үчүн деген жери да болгон. Ошо кездеги кырдаалды билгендердин эскерүүлөрүнө караганда, чакырылгандардын аткара турган иши кандай экенин тактабай туруп, алар согушка катышат деген ой

элди каптап кеткен. Андан качкандар четтен чыгаары бышык эле. Өзгөчө бай-манаптардын балдары чакырыла баштаганда, алардын ордуна кембагалдардын, коргоору же болушаары жоктордун жашы жете элек балдары тизмеге киргизиле баштаган. Андан соң бул жардыктын негизинде башка аймактагылар да чакырыла башташы Орто Азиядагы калктын арасында нааразылыкты күчөтөт. Анын үстүнө жергиликтүү бай-манаптар менен хандар буйрукту аткаруу мөөнөтүн алыстатуу аракетин да баштап ийишет. Эң алгачкы элдик көтөрүлүш Түркестан губерниясынын азыркы Хужант шаарында 4-июлда чыгат. Тажиктердин арасындагы нааразы болгондор падышалык бийликтин өкүлдөрүнө каршы экендигин билдирип, көчөлөргө чыгат. Андан соң көтөрүлүшкө 11-июлда Ташкент шаарында эл чыгат. Полиция кабыл алынган чечимге ылайык көтөрүлүштү басуу максатында ок чыгарат, бир нече ондогон адам камакка алынат. 30-40 жыл мурун бул аймакка келген орус тилдүү шаардыктар көтөрүлүштүн чыгышынан пайдаланып, шаарда талап-тоноолорго киришет. Алардын иш-аракети полиция тарабынан уюштурулган деген сөздөр да чыгып, келгиндерге терс мамиле күчөп кеткен.

Июль айында падышалык бийликке каршы куралдуу толкундоолор бүтүндөй Орто Азияга тарап, түндүк Кыргызстанга да жетет. Ал кезде Токмок шаары Пишпектен ири болгон, жана атайын аскерлик гарнизон жайгашкан. Ошо себептен элдин толкундоосу шаарларда катуу болгонго жеткен эмес. Бирок Чүйдөгү башка аймактагылар колдоруна согушууга жараган курал-жарак, союл, найза, айры, балта алып, полицияга, бийликтин өкүлдөрүнө каршы чыгышкан. Толкундоолор жылып отуруп 10-августта Ысык-Көлдүн чыгышындагы Каракол шаарына жетет. Шаардын ошо кездеги негизги тургундары орус тилдүүлөр болгондуктан, шаар эки жумадан ашык мөөнөткө буулуп турат. Көлдүн бийик жээгинде белгилүү саякатчы жана падышалык Россиянын чыгышты изилдөөгө жиберилип, оорудан көз жумган Николай Пржевальскийге делип орнотулган атайын эстеликтеги бүркүт кармап турган алтын чырпык

чаң-тополоң учурунда жоголот. Эл арасында кымгууттук, баш-аламандык жаралып, тартип бузулат. Эки тарап тең кармашууда бири-бирине аёо дегенди унутушат.

Падышалык Россия буга жооп катары бүт Түркестанда аскердик абал жарыялайт. Аны менен кошо мурун жардыкта көрсөтүлгөн тылдагы иштерге чакырылгандардын саны азайтылат. Бирок андан натыйжа чыкпайт. Толкундоолорду токтотуу максатында бийлик Жетисуу уездиндеги Верный шаарынан генерал Анненков баштаган орус казактарынан турган ири аскер тобун Кыргызстанга жиберет. Алар менен кошо Фергана менен Ташкенттеги аскер бөлүктөрү биринчи дүйнөлүк согуш учурунда колго түшкөндөрдөн куралдуу топторду куруп, алар көтөрүлүшчүлөргө каршы жөнөтүлөт. Алардын аракеттери мыкаачылык менен коштолот. Козголоңду басуу үчүн чектөө деген нерсе болбостугу айтылат. Натыйжада массалык куугунтуктоолор башталып, күнөөсүз аялдар менен жаш балдар мындай турсун, мал кырылат, айыл-айылдар өрттөлөт. Үрөй учурган аракеттин натыйжасында Ысык-Көл өрөөнүндө жашаган бир топ кыргыз уруулары мал үркүгөндөй эле, отурукташкан жерлеринен кадимкидей үркүп, жашаган жерин таштай качышат. Ошентип Үркүн деген сөз келип чыгып, кыргыздын тарыхында элди кыргындан сактап калуу аракети катары таанылып, тарап кетет.

Орус бийлиги көтөрүлүш деп баалаган Үркүн, чынында, кыргыздардын өзүн-өзү сактап калуу рефлекси катары каралуусу керек. Андай учурда кандай гана аракет болбосун, өзүнүн жанын аман сактап калуу үчүн, артынан кырам деп, аёосуз жоо катары келаткан орус аскерлери менен кайсы гана улут болбосун аргасыздан кармашууга мажбур болгон. Анын түздөн-түз кесепети катары жолдо болгон орус тилдүүлөрдүн бир тобу кызуу колго тушугуп, бөөдө жерден курман болгондор көбөйгөн. Эки тараптын бирдей деңгээлдеги адам чыдагыс мыкаачылыгы элди ого бетер ызырынткан жана өч алуу сезимин күчөткөн. Тоого качып, эч бир коркунучту туудура албай турган кыргыз айылдарынын эли бир жагынан аска-зоону

ашууга мажбур болуп, муздун үстүнө жаап, аркалап өтүү үчүн мал-салын союуга, аскадан учуп, сууктан тоңууга аргасыз болушса, артынан куралдуу орустардын жазалоочу экспедициясы тоодо кийик аткандай жаш-карысы, аял-эркеги дебей, баарын кырып жатканда аман калуу айласы катары тап берүүгө мажбур болушкан. Кээ бир маалыматтарга караганда, 1916-жылдын июнь айынан 1917-жылдын октябрь айына чейин Орто Азияда өлгөн жергиликтүү тургундардын саны 1,5 млн. адамды түзгөн. Болжолу менен 770 миң деп эсептелген кыргыздардын арасынан өлтүрүлгөн жана бөөдө кырылган делип эсептелгендердин саны 120 миң адамды түзгөн. Кытайга кире качып, аман калгандардын саны 140 миңге чыккан.

Жоготуулардын так санын күн өткөн сайын айтуу кыйын болуп баратат. Кыргыздардын арасында өтө улутчул болуп кеткен өкүлдөрү үркүндөгү курман болгондорду геноциддин курмандыгы деп баалоого үндөшүүдө. Бирок андай деш үчүн кыргыздардын арасындагы жоготуулар тууралу жеткиликтүү жана объективдүү маалымат топтош кыйын. Далил жетишсиз болгондуктан жана жалпы абал түп-тамырынан өзгөргөндүктөн, атайылап эл кыруу дегенге аныктамага тете келген геноцид түшүнүгүн Үркүн менен теңөөгө болбойт. Ошо кезде Россиянын көптөгөн четки аймактарындай эле кыргыздардын санын эсептөөдө түтүн деген түшүнүк колдонулган. Ошол себептен тарыхчылардын эсептеп чыккан сандары да түрлүү. Бул маселе боюнча тарыхчы Шайыргүл Батырбаева мындай деген оюн айтып чыккан: «Түрлүү булактардын айтымында үркүн учурунда курман болгондордун саны 100 миңден 1 млн. адамга чейин жеткен. Биринчи Бүткүл российялык эл каттоо 1897-жылы өткөрүлүп, анда алгачкы жолу кыргыздар да эсепке алынган. Бүт Түркестан губерниясын алганда кыргыздардын саны 650 миң адамдан ашкан эмес. 1926-жылы азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган адамдардын саны 1 млн. адамды түзгөн. 1897-жылкы каттоонун жыйынтыгында Пржевальск жана Пишпек уездери боюнча 278,9 миң кыргыздар жашаган. Кийинки эл каттоо 1917-жылы өткөрүлгөн.

Анын жыйынтыгы боюнча, үркүн болгон ошол эле эки уездде 1917-жылы жашаган кыргыздардын саны 324 миң адамды түзгөн. Илимде жыл ичиндеги орточо өсүү темпин негиз катары ала турган ыкма аркылуу калктын санынын өсүүсүн эсептесе болот. Ал мамлекеттин ишмердигин пландаштыруу үчүн колдонулат. Мен ошол ыкманы колдонуп, Биринчи дүйнөлүк согуштун таасирин жана 1916-жылкы көтөрүлүштү эсепке албастан, кыргыз калкынын саны орточо алганда жылына 1,3 пайызга көбөйөт деп, 1897-жылдан 1917-жылга чейинки өсүштү эсептеп чыктым. Анын жыйынтыгы боюнча, эгерде согуш болбогондо, жалпы саны 357,6 миң адамды түзмөк. Айырмасы 33, 6 миң адамды түздү. Ошону менен түз жана кыйгач болгон жоготуулардын саны 33, 6 миң адамды түзгөн, алар курман болгондор жана Кытайга качкандар. Андан тышкары курман болгондордон төрөлбөй калгандар, жарадар болгон жана качып кеткендер түзөт. Ал эми 1916-жылкы көтөрүлүштө 4 миң кыргыз курман болгон».

Качкандар качып Кытайга кирип кетишет, отурукташкан жерлеринен козголбой калган кыргыздар турмушун жаңы шартта улантууга аргасыз болушат. Жалпы абал 1916-жылдын аягында Кыргызстандын аймагында турукташа баштайт. Үркүндөн кийин эл бир аз эсине келе баштап, үйлөрүнө, айылкыштактарына кайткандар көбөйөт. Абал бир аз тынчыган соң падыша бийлиги Орто Азиядагы ээн калган жерлерге Россия империясынын булуң-бурчунан орус тилдүү тургундарды алып келүүсүн күчөтөт. Бир аз өтпөй алардын саны көз көрүнө көбөйөт. Бирок келгиндердин жергиликтүүлөргө болгон мамилеси ошо кезден тарта Совет бийлиги Орто Азияда орногондон кийин да далайга кыргыздарга үстүртөдөн караган деңгээлде уланган. Ар-бир Советтик улуттук республикада жетекчинин биринчи орун басары орус тилдүү болуусу эгемендик жылдарына чейин чоюлат жана алардын тыңчылыкка тете иштери элдердин ортосундагы мамилени оңдоонун ордуна тымызын каршылык көрсөтүүнү жаратат. Совет мезгилинде ачык эмес, тымызын улутчулдук, бийлик танса да, орус

тилдүүлөр көп жашаган шаарларда токтобойт. Ошо кездеги Фрунзеде 1980-жылдары кыргыздардын саны болгону 30 пайызга жетсе жеткендир, андан ашкан эмес. Бүт Кыргызстанда кыргыздардын саны 45 пайызга жетпей, Казакстандагыдай орус тилдүүлөр көпчүлүктү түзүп кеткен. Окууга келип, жатаканага кире албай калган жаштар, жаңыдан үйлөнүп, үйгө жете албай жүргөн кыргыздардын арасында орус тилдүү карган чал-кемпирлердин батирлерине кирүүгө аргасыз болгондор көбөйгөн. Үйлөрдүн ээлеринин үстүртөн мамиле кылуусуна, кемсинткенине аргасыздан чыдап жашагандардын наразылыгы сыртка чыга албаганы менен, эл арасында орун алганы талашсыз чындык. Анын баары улуттар ортосундагы мамилеге таасирин тийгизбей коймок эмес.

## Ысык-Көл боорундагы элдин катыштыгы

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик борбордук архивинде 1916-жылдагы Үркүнгө байланыштуу Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган элдин абалы тууралу камтылган маалыматтар бар. Алар тууралу белгилүү тарыхчы Асан Ормушев келтирген маалыматта айтылат.

«1916-жылы 9-августта Ысык-Көлгө кире бериш жерде, ошо кезде Көтмалды аты менен таанымал азыркы Балыкчыга жетпей, курал-жарак, ок дары жүктөлгөн бир нече арабаны, аларды кайтарып узатып келе жаткан аскерлери менен колго түшүрүп, 178 мылтык, 30 миң ок-дары, 875 сом олжого алышкан. Бул күтүүсүз чабуулду жана коркпостон кол салууну сарбагыш уруусунан чыккан Ибраим Төлөев башкарган. Анын жанында көзгө атар Узак мерген, Күлүкбай, Нургазы Жунуш баштаган 25 баатыр жигиттери болгон. Бирок бул окуяга Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган Куткамерген урууларынын катыштыгы болгон эмес.

Алардын 1916-жылдагы көтөрүлүшкө кандай катыштыгы бар экенин, карапайым эл бул каргашалуу окуяны кандай

кабыл алганын, орус аскерлеринен коркуп Кытайга кайсы тарап менен качкандарын, ач-жол, куу чөлдө көргөн азап-тозогун, Кытай жергесинде баштарынан өткөргөн кыйынчылыктар жөнүндө жазылган эскерүүлөр аркылуу ошол азаптуу күндөрдүн элге тийгизген кесепеттерин толугураак билүүгө болот.

Бул эскерүүлөр, ырлар, драмалар кыргыздын белгилүү драматургу, акын, жазуучу, коомдук, мамлекеттик ишмер Молдогазы Токобаев, көрүнүктүү лингвист, илимпоз, акын, мамлекеттик ишмер Касым Тыныстанов, Улуттук илимдер академиясынын биринчи президенти, хирург, академик Иса Акунбаев, тарых илимдеринин доктору, академик Сатар Ильясовдун архивдеги өздүк делолорунда, үй архивдеринде, жарыкка чыккан китептерде чагылдырылган.

Архивдеги тарыхый документтер, Ысык-Көлдө көтөрүлүш 1916-жылы август айында башталганын ырастап турат. Бирок, көтөрүлүштүн жүрүшү ар-кайсыл өрөөндө ар кандай кырдаалда өткөн. Алсак, Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган, Куткамергендин уулдары: Акылбек, Үсөн (Торпок), Бокотой, Барак, Аңылдак уруктары (Тору-Айгыр, Чырпыкты айылдарында турган) бир атанын балдары катары, айылдын аксакал билермандары Сарыбай уулу Райымкул, Сыргабай уулу Масыл, Сарыбай уулу Керимкулдун айткан акылдарына көнүшүп, Кытай жака, Балыкчыны айланып, Тоңдун сырты аркылуу качышкан. Бир атанын балдары, топ-топко бөлүнүп ал топтордун башчылары шайланып, кадимки жайлоого көчүү ыкмасын колдонуп, ар-бир көчтү атчан жигиттер коштоп, айылдын мергенчилери көчтүн аркасында аларды коргоп уюшкандыкта көчкөнү тууралуу маалыматтар бар. (ЦГА КР.Ф.34, оп.2, д. 5, л. 165-167.)

Архивдик маалыматтарда белгилүү тарыхчы Сатар Ильясовдун Үркүн тууралуу эскерүүлөрү да келтирилген. Алар тууралу А. Ормушев төмөнкүчө жазган.

«Академик Сатар Ильясовдун 1960-жылдары Тору-Айгыр айылындагы аксакалдар менен аңгемелешип отуруп айткан

эскерүүсүндө: «1916-жылы август айында мен 8 жаштагы бала элем. Атам Ильяс айылдын молдосу катары балдарга жазганды, окуганды үйрөтчү (араб тамгаларды). Мен 6 жашыман баштап окуп, араб тамгаларды жазганды үйрөнүп алгам. Бир күнү жакын тууганыбыз Сыргабай уулу Масыл келип, ак падыша буйрук чыгарыптыр, биздин жигиттерди орус-герман согушуна аскерге алат экен. Бирок Ошто, Пишпекте, Токмокто элдер буга макул болбой, алардын бийлигине каршы турууга элди үндөп жатышыптыр. Эгерде биз куралданган орус аскерлерине куралы жок элди [каршы] үгүттөсөк элди кырып алабыз. Ошондуктан, эл-журтту, ага-туугандарды Көлдөн Нарын тарапка эртерээк көчүрүп кетүү маселесин атам Ильяс экөөнүн кеңешип атканы эсимде калыптыр. Мен ак падышанын бизди карай ок аткан аскерлерин көргөнүм жок. Биз алардан качып эле жүрүп олтурдук. Жол азабын аябай көрдүк, малдын көбүнөн айрылдык. Кытайда атам Ильястан жана ондон ашык жакын туугандардан бир жумада ажырап калдык. Натыйжада, 1916-жыл Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган Куткамергендин уул-кыздарын ата-журтунан ажыратты. Көптөгөн аталаш туугандарыбыз ачкачылыктан, жол азабынан, оорудан көз жумду. Бул кандуу күндөрдүн чоң кесепетинин бири жакын адамдардан түбөлүккө айрылганыбызда», - деген эле.

Касым Тыныстановдун он алтынчы каргашалуу жыл жөнүндө чоң казат жазып, бирок анысы убагында ар кандай себептер менен жарыкка чыкпай, кийин эч кимге белгисиз бойдон жоголуп кеткени абдан өкүнүчтүү. Бирок, 1925-жылы басмада жарык көргөн «Касым ырлар жыйнагында» ошол кызыл кыргын жылдардын эстен кеткис элесин өтө таасирдүү берген:

*Ызгаардуу кышта ашуу ашып,*
*Чубашкан качкын келатат.*
*Жылаңач, ачка таймашып,*
*Сенделет, байкуш жол тартат…*
(«Сураба, досум, сураба»)».

Атактуу хирург Иса Ахунбаев да Тору-Айгыр өрөөнүнөн болгон жана Үркүн учурун жаш болсо да эстеп, кийинчерээк эскерип калган жерлерин А. Ормушев төмөнкүчө келтирген.

«Академик, белгилүү хирург, Орто-Азияда биринчи болуп жүрөккө операция жасаган Иса Ахунбаевдин (Куткамергендин Барак уруусунан) эскерүүсүндө: «1916-жылкы Үркүндүн учурунда Тору-Айгырлыктар чогулуп алып айылдагы орус Александр Самсановдорду үй-бүлөсү менен өлтүрүп, үйүн, короо-жайын өрттөп, малын айдап кетели деп кеңеш курушат. Бирок, айыл аксакалдарынын кээ бирөөлөрү Сайынке орус болгону менен, биздин Тору-Айгырлыктарга жакшылыктан башка эч нерсе кылбады, дайыма жардам берди. Андан көрө аны Түгөл капчыгайынын ичиндеги чоң үңкүргө каталы деп, бокотой, барак уруусунун аксакалдары көптөгөн талаш-тартыштан кийин, көчүрүп барганын өтө кызыктуу сүрөттөйт. А.Самсонов Тору-Айгырга 1905-жылдары көчүп келип, 10 жылдай эл менен ымалалашып, кыргызча үйрөнүп алган экен. 10 эркек баласы, 1 кызы бар көп үй-бүлөлүү орусту кыргыздар кантип көргөнүн билдирет. Иса агайдын айтуусунда Бокотой уругу Кулжа тарапка, Барак, Үсөн (Торпок) Уч-Турфанга карай качканын эскерет. (Китепте: М.И.Ахунбаев, Н.И.Ахунбаева, М.Г.Фингер «Хирург Ахунбаев» Бишкек, 1998 г. стр.8-9.)

А. Ормушев аймактан чыккан белгилүү драматург Молдогазы Токобаевдин эскерүүлөрүн да келтирет. «Кыргыз мамлекетинин борбордук архивинде күнү бүгүнкүгө чейин сакталып турган Молдогазы Токобаевдин (Куртка мергендин Бокотой уруусунан) өздүк делосунда, 1916-жылы Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган сарт уруусунан тараган куртка мергендин уулдары Байбичеден: Итак, Дөөлат, Базаргы, Саманчы, Каракүчүк, Бокол, Акылбек, Үсөн (Торпок), токолдон: Кабатай (аңкылдак), Төлөк, Дөөлаттын: Боктой, Барак деген уруктардан тараган бир атанын балдарынын бул каргашалуу окуяны, ошол кездеги 10 жашка чыгып калган Молдогазы Токобаевдин «Өмүрдүн алгачкы мезгилдеринен» деген эскерүүсүндө мындайча баяндалат: «Атам арыкчырай, чарчы бойлуу, кара адам

эле. Апамдын суроосуна жооп берүү максаты менен обдулса да, көтөрүлө албады. Жеңем Калыйча ыргып туруп, анын башын жөлөй берди. Эки бети алжыйып, ээктин алдын килкилдетип, ак шишик адамды аябай каптап, ал жанын алганын мурун эле билгенбиз». «Ой боорсуз заман ай, ач-бел, куу жолдо өлөт», -деген ушул ээ, өңү бузулуп чыдай албай онтолоп жатат атам. Кечээ эле бизди алдейлеп, эркелетип эчен-эчен кыйынчылыктардан билгизбей алып өткөн, ардактуу атам ажал оозунда жатканын анык билип, көзүм тунарды. Өпкөм көөп, бышаңдап, ыйлай-ыйлай жалдырай карап, атамдын оң жагына өттүм.

– «Куруган балам, кантээр экенсиң, атаңдан айрылып», -деп чекемден сылады. -«Ыбрай аман болсо, балдарым, эптеп башыңарды кошкула, оокат кылгыла», -деп, көзүн бир ачты да чирене түшүп үзүлүп кетти. «Адам азапка чыдабаска чарасы жок. Сүйгөн адамдан антип, ишенген адамдан тирүүлөй айрылып, эки жесир, бир жетим элди караандап, эптеп бут шилтедик. Кайран эл кара тумоого (келтеге) капталып ошондо бир кырылды.

...Тил кургап, көз тунарып, бүткүл денеден көл-шал болуп тер кетти.» Атаң айткан ач бел, куу чөл, дүлөй түз ушул, балам, аз туруп, дем алалычы». Катуу улутунуп, көтөргөн жүгүн жерге койду апам. Жеңем да, мен да жер кучактап көк шиберге сойлодук. Сунган бутту кайра жыюуга кубат жок. Апамдын таар түйүнчөгүндө бир чыны талкан бар эле. Барыбыздын азыгыбыз ошол бир чыны талкан. Чүңүрөйгөн жыгач чөйчөккө суу куюп, бир чымчымдан талкан себелеп дан жыты кылып өзөк жалгадык», -деп жазуучу, драматург атабыз Молдогазы Токобаев кытай жергесине качкан Тору-Айгырлык бир үй-бүлөнүн тарыхын, өз жон терисинен көргөн азап-тозокту, кайгы-муңду чакан аңгеме аркылуу берүүгө аракет жасаган.

Кытай жергесине тентип барган кыргыздардын адам чыдагыс оор турмушун, күнүмдүк оокаты үчүн өз кызын малга саткан шордуу, алсыз адамдардын тагдырын өз көзү менен көрүп, ал окуяны кеңири сүрөттөгөн кыргыз элинин

биринчи драматургу бокотой уруусунан чыккан Молдогазы Токобаевдин «Кайгылуу Какей» аттуу чыгармасы бүтүндөй элге кеңири маалым. Бул драма 1928-жылы жазылып, алгачкы ирет Ысык-Көлдөгү айыл чарба техникумунун шыктуу окуучуларынын күчү менен сахнага көрсөтүлгөн. (ЦГА КР ф.1372. О.1,д 69. Личный фонд Токобаева М.)

Чүй өрөөнүндөгү элдик кыймылда Кеминдиктердин катышуусу тууралу маалымат дале болсо такталып бүтө элек. Дагы бир белгилүү тарыхчы Аскар Беделбаев Кеминдиктердин орус аскер күчтөрү менен тирешүүсү тууралу кенен маалыматты төмөнкүдөй сүрөттөйт.

«Кыргызстандын түштүгүндө көтөрүлүштүн башталышы Кемин өрөөнү менен тыгыз байланышкан. Июль айында Ферганада башталган нааразылык билдирүүлөр, чакан кагылыштар акырындык менен Жетисууга тараган. Бул аймактагы көчмөн кыргыздар менен казактар боштондук кыймылынын толкунуна тартыла, падышачылык төбөлдөргө каршы чыга баштаган. Алардын түпкү максаты - өз жергесинен колонизаторлорду сүрүп чыгаруу болуп, ал үчүн ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн, себеби Россия империясы дүйнөлүк согушка катышуунун натыйжасында алсырап калды деген пикирде болушкан.

## Көтөрүлүштүн башы

Кылымдар бою канатташ жашаган боордош элдер 1916-жылкы окуялар башталганда өз ара бир бүтүмгө келишип, боштондук күрөшүнө бир мезгилде чыгууга бел байлашкан. 3-августта Верный уездинде Кызылбөрк болуштугунун, 4-6-августтарда Кастек, Каскелен, Курдай райондорундагы казактар көтөрүлүшкө чыкканы архивдик маалыматтарда айтылат.

5-август күнү чапырашты казагынан Абды Ажы Кеминдеги Коңур жайлоосунда турган атаке элине көтөрүлүш

башталгандыгы тууралуу кабар жеткирген. Бул маалымат ошол эле күнү Кемин өрөөнүндөгү элге толук угулуп, журт башчылары эр-азаматтарын баш коштура, көтөрүлүштү баштоого даярданышкан. 6-август күнү Кичи-Кемин өрөөнүндөгү көтөрүлүшчүлөр Болоткандын жетекчилиги менен Россиялык келгиндер отурукташкан Самсоновка (Боролдой) кыштагына бет алышкан. Аёосуз эзүүдөн жандары ачыган карапайым калк жалпы эле келгиндерди өзүлөрүнүн душмандары катары эсептеп, алардын мал-мүлкүн талай башташкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн саны өтө тездик менен өсүп, кагылышуулар күч ала баштаган. Орус келгиндеринин ири кыштагы Самсоновка (Боролдой) камоого алынып, өрөөндүн булуң-бурчтарында бал челекчилик, карагайчылык жана жер ченөөчүлүк иштерин жүргүзгөн орустарга кол салышкан. Ошол эле күнү Чүйдү Ысык-Көл менен байланыштырган жолго курулган Желаргы, Тайлак бекеттерин талкалашып, почта байланышына пайдаланылган жетимиштей атты олжолошкон.

7-августта Чоң-Describeминде жайгашкан орус кыштагы Новороссийка (азыркы Шабдан айылы) да камоого алынган. Жетекчиликти Алымкул Таабалды уулу колуна алып, дүргүгөн элди бир багытка бет алдырган. Негизинен карагай найза, союл, чокмор, бирин-экин түтөтмө мылтык менен куралданышкан. Бул жердеги кыймылдын өзгөчөлүгү, аздыр-көптүр коңшулаш жашап калган келгиндерге тез арада куралын өткөрүп берип, көчүп кетүү талабын койгондугунда турат. Себеби, биринчиден, эмгекчилердин ортосундагы өз ара түзүлгөн мамиле, экинчиден, өрөөндүн мартабалуу адамы Кемел Шабдан уулунун бул мезгилде Пишпекте болушу көтөрүлүшчүлөрдү ушундай аракеттенүүгө түрткөн. Ушул эле күндөрү келгин калк жашаган Быстрорецкое (Быстровка), Акбекет, Орловское (Орловка) кыштактарында да кол салуулар болгон.

9-августта Атаке жана Сарыбагыш болуштугундагы эл Чоң-Кеминдеги Шабдандын мечитине кеңешке чогулушуп, Шабдан Мөкүш уулун хан көтөрүшкөн. Ал топтолгон эр-азаматтарды куралдандырууга жана күлазык даярдатууга

киришкен. Падышачылыктын аскерлеринин күч-кубатын туура баамдоо менен бирге, эл-журтту бейкүнөө кырылуудан сактоо үчүн кам көргөн. Ал үчүн, биринчи кезекте падышачылыктын жазалоочулары келе турган багыттарга чалгындоо жана токтотуу максатында көтөрүлүшчүлөрдү топ-топко бөлүп жол тостурган. Экинчиден, кырылуудан кутулуунун жолу катары, элди Кытай багытындагы бийик тоолорго көчүрүү максатында жол чалдырган. Үчүнчүдөн, Ысык-Көл, Борбордук Теңир-Тоо тараптагы кыргыздарды көтөрүлүшкө чыгууга чакырган кат даярдатып, чабарман жөнөткөн. Кантсе да баарыбыз текши көтөрүлсөк келгиндерди жерибизден сүрүп салабыз деген үмүткө жетелеген.

Ошол күнү кечке маал чабармандардын бири катары Төлө ажы уулу Ыбырайым көлдүн батыш кылаасына жөнөгөн. Эртеси таңга маал анын артынан Ыйманаалы Элебай уулу шашылыш келип, Боом капчыгайы аркылуу курал-жарак жана ок-дары жүктөлгөн жети араба менен орус аскерлери көл тарапка келе жатканын кабарлаган. Төлө ажы уулу Ыбырайым эгерде бул курал көлгө жетсе эл кырылаарын топтолгондорго түшүндүрүп, буктурмадан кол салып, куралды тартып алууну сунуш кылган.

20-30 адам Көк-Мойнокко буктурма уюштурушуп, бир аз кагылышуудан кийин орус аскерлери качып, жети араба колго түшкөн. Анда Верныйдан (Алматы) Пржевальскийге (Кара-Кол) жөнөтүлгөн 178 мылтык, 30 миңден ашуун ок бар эле.

Төлө ажы уулу Ыбырайым көл кылаасындагы арык тукумуна 80 мылтык 1440 ок, өзү менен кошо баргандарга 50 мылтык 860 ок бөлүп берип, калганын Кеминдеги көтөрүлгөн элге алып келген. Натыйжада, көтөрүлүшчүлөр аз да болсо куралданып, жазалоочу аскерлердин жүрүшүн токтотуу мүмкүндүгүнө ээ болушкан. Бул окуя көтөрүлүштүн жаркын барактарынын бири катары Жети-Суу элдерине толук угулган. Кандайдыр бир деңгээлде куралданган көтөрүлүшчүлөр кадимкидей демөөр байлап, элдик кыймылдын күч алышына өбөлгө түзгөн. Ошондой эле жазалоочулардын жолун бөгөй,

качкан элди бөөдө кыргындан сактоодо да курал-жарактын пайдасы чоң болгон.

Август айынын биринчи жарымында Кемин өрөөнүндө элдик көтөрүлүш болуп көрбөгөндөй күч алып, аёосуз эзүүдөн жапа чеккен эл колонизаторлорго каршы жапа тырмак баш көтөргөн.

9-20-август күндөрү бул аймакка шашылыш жөнөтүлгөн жазоолочу топтор менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда айыгышкан салгылашуулар болуп турган. Өзгөчөлөнгөн кандуу кагылыштар Самсоновка селосу жайгашкан Кичи-Кемин өрөөнүндө жана анын чыгыш тарабындагы тоо этегинде жүргөн. 9-11-августта көтөрүлүшчүлөр Самсоновканы курчоого алып, күндүзү мезгил-мезгили менен чабуул коюп турушкан. Бирок Пишпектен жана Верныйдан жазалоочу аскерлердин келиши менен абал оорлошуп, көтөрүлүшчүлөр тоо тарапка чегинишкен.

12-августта Кичи-Кемин менен Чоң-Кеминди бөлүп турган бөксө тоо кыркаларынын үстүндөгү Көкжон деген жерден куралданган кыргыз мергендери Төлө Ажы уулу Ыбырайымдын жалпы жетекчилиги алдында жазалоочулардын жолун тосушкан. Аскердик жагынан ыңгайлуу жерлерге өңүп жаткан кыргыз көтөрүлүшчүлөрү сан жана курал жагынан артыкчылык кылган жазалоочуларды коргонууга, ал эми кечке маал чегинип, Самсоновканы көздөй качууга аргасыз кылган.

Көтөрүлүшчүлөр өз мүмкүнчүлүктөрүн туура баалай албай, жазалоочу аскерлерди куугунга алышкан эмес. Тескерисинче, бөксө тоодогу кыя жолдор өткөн Жолбулак, Каракыя жана Кашкажол деген мерчемдүү жерлерге жигиттерин ырааттуу бөлүштүрүп, душманга бөгөт коюшкан.

Бул күнкү салгылашууда жазалоочу аскерлер 14 адамынан, анын ичинде жүз башы Величкин жана прапорщик Киселевден ажырашкан. Салгылашууну өз көзү менен көргөн белгилүү кыргыз окумуштуусу Б.Солтоноевдин маалыматтары боюнча, Төлө ажы Ыбырайым жигиттерге ок таратып, качан, кандайча атуу керектигине көрсөтмө берип турган. Анын уулу Ажымүдүн

жазалоочулардын башчысын атып өлтүргөн. Аскерлер шашылыш чегингендиктен, курман болгондорду таштап кетишкен. Согуш майданында калган башчынын тапанчасын Ыбырайым, кылычын Баяке Шадыкан уулу деген алган. Чөнтөгүнөн табылган кагазда аскер губернатору Фольбаумдун «Көтөрүлгөн кыргыздарды, - өзгөчө атаке-сарыбагыш элин аёо болбосун», - деген жардыгын Б.Солтоноев окуп берген.

Көтөрүлүшчүлөр 20-августка чейин жазалоочуларды тоо ашыртпай, токтотуп турушкан. Бул мезгилде Кемин өрөөнүндөгү согушка жарамсыз эл Чоң-Кеминдин тескейиндеги тоо койнуна көчүрүлүп, эки жүздөй жигит Новороссийка селосун курчоого алып турган.

Бул аралыкта Кыргызстандагы жана Казакстандагы көтөрүлгөн эл өз ара байланышты үзүшкөн эмес. Алсак, көл калаасынан Рысалы Такамбай уулу, Чүйдөн Төрөмбек деген жигит Кеминге келишип, жер-жерлердеги көтөрүлүштүн жүрүшүнөн кабар беришкен. Ал эми Б.Солтоноевди канатташ казак элинен кабар алып келүүгө жөнөтүшкөн. Демек, көтөрүлүштүн башталышы жана жүрүшү мезгилине жараша акылдашылып, бирдиктүү күрөшүүгө аракет жасалган. Натыйжада каршылык көрсөтүү узакка созулган.

20-августтун түнүндө гана жүздөн ашуун жазалоочу аскерлер буктурмаларды айланып өтүшүп, таңга маал Чоң-Кеминдеги Новороссийка селосун курчоодон бошотууга жетишишкен. Ошол эле күнү Шабдан баатырдын мечити, карагай тилүүчү заводу жана башка үйлөр өрттөлгөн. Тоо койнундагы эл Калмак ашуу, Үч-Кайынды, Түз ашуу, Тору-Айгыр коктуларын өрдөй, Ысык-Көлдүн батыш этегине бет алышкан. Бейкүнөө элди кыргындан сактоо үчүн эр-азаматтар душман жолун тосушуп, өңүттүү жерлерден салгылашып турушкан.

Ошентип, Кыргызстандын түндүк бөлүгүндөгү көтөрүлүштүн жалыны Кемин өрөөнүндө башталып, башка аймактарга тараган. Көтөрүлүштүн чордону катары жарым айдан ашуун согуш оту алоолонгон Кемин жергесинде жүздөгөн эр азаматтар элинин эркиндиги, келечеги үчүн каармандык менен

салгылашкан. Алардын арасында Төлө Ажы уулу Ыбырайым, Шабдан баатырдын уулдары, Алыке Алымбек уулу, Нурдин Искендер уулу, Султан Далбай уулу, Тайгүрөң, Белек Солтоноев жана башка сандаган эр көкүрөк жигиттер болгон.

Ашкере куралданган жазалоочуларга такаат бере албай сүрүлгөн мезгилде да мындай чыгаан инсандар биримдигин сактай, Кытай жергесине жеткенче эл-журтун душмандан коргошкон.

Кемин өрөөнүндөгү көтөрүлүш Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы улуттук-боштондук кыймылынын ажырагыс бөлүгү болуп, Россия империясынын колониалдык системасынын кыйроосуна белгилүү салым кошкон».

Үркүн мезгили, өзгөчө анын башталган учуру, тууралу орус тилдүүлөрдүн арасында эскергендер да көп. Алардын бири Караколдук мугалим П. Шестеркин мындай деп жазган: «Пржевальск уездиндеги көтөрүлүштүн чыгуу себептеринин арасында дагы бир өзгөчөлөнгөн түрү болгон. Буга да жетишээрлик көңүл буруу зарыл – ал апийим эле. Бийликтин уруксааты менен 1916-жылы Пржевальск уездинде бир далай жерге апийим себилген. Андан чогултулган баардык түшүм бекитилген баада Өкмөттүк комитетке тапшырылышы каралган. Апийим жыйноо мезгили жакындаганда уездге абдан көп кытайлыктар келишет. Алынган апийимди аткезчилик менен Кытайга чыгаруу аракеттери болгон. Алардын апийимин конфискациялоо, кароолчулар менен түшүнбөстүктөр жана башка чырт-чатактар болуп турган».

Согушуп жаткан Россия үчүн ошо кезде эле апийим жыйноо менен дары чыгаруу миңдеген жаралуу аскерлер үчүн өмүр менен өлүмдүн маселеси эле. Кытайлыктардын апийимди алып чыгып кетүүсүн жөнөкөй эле алып-сатуу аракети деп кароо толук абалды сүрөттөбөйт. Россиянын таасири күчөп бараткан-да ага бут тособуз деген күчтөр батышта эле болбостон, чыгышта да болгон. Алардын арасында Япония эң алдуусу болуп, 1905-жылы орус-япон согушунда жеңишке жеткен жана бир топ аралдарды өзүнө каратып алган. Андан кубаты азыраак болсо

да, Россиядан чочулап турган Кытай өзүнүн таасирин Орто Азияга таратуу үчүн башкалардан кем эмес аракет кылган. Ал эми «Чоң оюн» стратегиясын иштеп чыккан Улуу Британия болсо, орустардын кастарын колдон келишинче өзүнө пайда келтирүү үчүн колдонууга өткөн. Андыктан кытайлык аткезчилерди да тукуруп, кыргыздардын арасында наразылык туудуруу аракетин кылышы толук ыктымал эле. Ал эми биринчи дүйнөлүк согушта алсырап бараткан падышалык Россия үчүн ээлеп алган алыстагы жерлердеги элдин толкуусу аркага матырылган бычактай эле болмок. Ошол себептен падышалык бийликтин үркүн учурундагы кылган ырайымсыз аракетин жарат ыдырап, күчөп кете электе, жаңжалды түп-тамыры менен басууга, андай аракеттерди кылууга батына тургандарды жок кылууга өтүшү катары бааласа болот.

Дагы бир үркүн маселеси боюнча көңүл бура турган жагдай, ошо кездеги Россиянын Мамлекеттик думасынын депутаты Василий Степановдун айтуусуна караганда, «көтөрүлүш жана аны ырайымсыз басуу «жергиликтүү эл менен бийликтин ортосунда терең ажырымды» жаратып, эки элдешкис тарапка айландырды жана аны менен кошо эле аймактагы элдин улуттук аң-сезиминин кескин өсүүсүнө себеп болду». Абалдын кайталанышына жол бербеш үчүн генерал Куропаткин ал башкарган аймакта апартеид режимин орнотуу сунушун айтып чыккан. Анын сунушу боюнча Ысык-Көл өрөөнүндө жалаң орус тургундары жашаган атайын уезд түзүү, ал эми Теңир тоодо борбору Нарын болгон өзгөчөлөнгөн тоолук кыргыздардын уездин түзүү пландаштырыла баштаган. Ал ойлордун ишке ашуусуна февраль революциясы жолтоо болгон. Андан кийин Орто Азияда Совет бийлиги орношот жана жаңы улуттук саясаттын ишке кириши кыргыздар менен кошо эле башка улуттардын сакталып калуусуна жол ачат.

Жүз жыл бир караганда чексиздикке тең, ал эми тарыхый өңүттөн алып карасаң кеминде эле эки жарым миң жылдан ашуун мезгилден бери жашап келаткан кыргыз улуту үчүн кенедей эле мезгил үзүмү. Бирок эгемендүү Кыргызстан

болгондон бери Үркүн маселеси мамлекеттик деңгээлде алгачкы жолу расмий ирет көтөрүлүп, белгиленип жатышына Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаевдин жарлыгы өтө чоң мааниге ээ жана баардык жактан объективдүүлүктү сактаганга чакырган кадам болду. Анда төмөнкүдөй айтылат:

«1916-жылдагы каргашалуу окуялардын 100 жылдыгы жөнүндө» Жарлык

Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү жана андан кийин болгон Үркүн Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орунду ээлөөгө тийиш. Бирок бул окуялардын болгонуна дээрлик жүз жыл өткөнүнө карабастан, коомубуз алардын себептерин жана кесепеттерин тарыхый жактан объективдүү баалоого муктаж болууда.

XX кылымдын башында дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн ири империялардын күрөшү кыргыздардын жана Түркестандагы башка элдердин да абалына терс таасирин тийгизди. Россия империясынын колониалдык катаал саясаты падыша чиновниктеринин жана жергиликтүү төбөлдөрдүн элге кылган кыянаттыгынын айынан ого бетер күчөгөн. Түркестан крайынын көчүрүү башкармалыгы жүргүзгөн жер саясатынын маңызы колониялаштыруу үчүн жерлерди бошотууга багытталып, ал 1916-жылдагы окуялардын түпкү социалдык-экономикалык себеби болуп калды.

Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен падышалык саясатка болгон нааразычылык улуттук-боштондук кыймылын күчөттү. Түркестандагы жергиликтүү калкты аскердик-ооруктук жумуштарга мобилизациялоо жөнүндө падышанын жарлыгы жапырт каршылык көрсөтүүгө тикелей түрткү болду. 1916-жылдын 4-июлунда Кожент шаарында тажиктер, кыргыздар, өзбектер жана Фергана өрөөнүндөгү башка элдер алгачкы толкундоолорду баштаган. Андан көп өтпөй ар кандай калктуу конуштардагы кагылышуулар бүткүл Түркестанды кучагына алган. Анын кесепетинен жергиликтүү калк жана орус келгиндери жабыр тартышкан.

Кыргызстандагы массалык толкундоолор көтөрүлүшкө айланган, бирок ал орус элине эмес, падышачылыктын колониалдык саясатына каршы болгон. Кыргыздардын көтөрүлүшүн башка этностор да колдогон. Ысык-Көлдө орус дыйкандарынын падыша аскерлерине каршы ок аткан учурлары белгиленген.

Түркестандын бүткүл аймагы боюнча падышалык жазалоочу отряддар бул көтөрүлүштү мыкаачылык менен баскан. Алар Жети-Суу облусунда өзгөчө мыкаачылык кылышты. Ошол кезде азыркы Нарын, Чүй жана Ысык-Көл облустарында жашаган кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү жанын сактап Кытайга качууга аргасыз болушту. Качкындарды куугунга алышкан. Бул куугундан, анын ичинде ачкачылыктан жана суукка тоңуп жүз миңдеген адамдар каза болгон. Бул каргашалуу окуялардын кесепетинен, тарыхчыларыбыздын пикири боюнча, ушул аймактагы жергиликтүү калктын саны 40 %га азайган. Ашууларда каза болгондордун сөөктөрү азырга чейин жерге берилбей калууда.

Бул каргаша Россиянын прогрессивдүү күчтөрүнүн жигердүү кийлигишүүсү менен токтотулду. Түркестандагы кырдаал Россия империясынын Мамлекеттик думасында каралган. Александр Керенский жетектеген депутаттык комиссия келген. Комиссиянын ишинин натыйжасы боюнча региондогу колониалдык саясат катуу сынга алынган. Мамлекеттик думада 1916-жылдын 15-декабрында А.Керенский билдирген жазалоо отряддарынын кылган иштери жөнүндө маалымат депутаттардын кескин нааразычылыгын пайда кылган. Парламентарийлер бул окуяларды кылмыш катары баалап, ал үчүн император Николай II баш болгон күнөөлүүлөр жазага тартылууга тийиш дешкен. Падышалык Россиянын саясий элитасынын көпчүлүк бөлүгү А.Керенскийдин комиссиясынын корутундуларын колдоого алган.

1917-жылдагы Февраль жана Октябрь революциялары кыргыздардын абалын түп-тамырынан бери өзгөрттү. Советтик бийлик орногондон кийин жанын сактап калган качкындарга Кытайдан Кыргызстанга кайтып келүүсүнө шарттар түзүлдү.

Падышалык бийликтен айырмаланып, советтик бийлик кыргыздардын жана Түркестандагы башка элдердин улуттук өнүгүүсүнө кеңири жол ачты. 1924-жылы Кара-Кыргыз автономдуу облусунун түзүлүшү менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралуусуна негиз салынды. Кыргыз жергесинде жаңы турмуш башталды. Борбордон жиберилген адистер индустриализацияны ишке ашырууга жана маданий революцияны жүргүзүүгө зор салым кошту. Эгерде советтик бийлик орногонго чейин жергиликтүү калктын сабаттуулары болжол менен 1 %ды түзсө, 20 жылдан кийин алардын саны 70 %га чейин көбөйдү. Кыргызстанда профессионалдык искусство пайда болду, кыргыз тили жана маданияты өнүгүүнүн жаңы жогорку деңгээлине көтөрүлдү.

Кыргызстандын эли улуттук саясаттын түп-тамырынан бери өзгөргөндүгүн жакшы кабыл алгандыгын Экинчи дүйнөлүк согуштагы жеңишке кыргызстандыктардын кошкон салымы айгинелеп турат. Фронтко болжол менен 365 миң адам барган. Согушка өз ыктыяры менен кеткендер көп болгон. Кыргызстандын эли бул согушту өзүнүн башына түшкөн кайгы катары кабыл алды. Согуштун алгачкы айларында эле Кыргызстанга 140 миң адам эвакуацияланды, ал эми согуш жылдарында республикабызга 300 миңден ашык адам жер которуп келген.

1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздык алгандан бери Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендигин ырааттуу түрдө бекемдеп жатат. Кыргызстан чет өлкөлөр менен, анын ичинде Россия Федерациясы менен өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын эске алып, өз ара пайдалуу мамилелерди өнүктүрүүдө. Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирикмесине кошулуусу региондогу интеграциялык процесстердин ийгиликтүү өтүп жатканына далил болот.

Ушуну менен катар эле узак убакыт бою 1916-жыл трагедиясын унуткаруу боюнча ката саясат жүргүзүлүп келген. Акыркы эки он жылдыктагы жарандык коомдун ушул жааттагы айрым демилгелери иш жүзүндө мамлекеттик органдар

тарабынан кабыл алынган чечим түрүндө колдоо тапкан эмес. Анын натыйжасында 1916-жылдагы окуяларга тарыхый жактан объективдүү баа берүү, ашууларда каза болгон качкындардын сөөктөрүн жерге берүү, ошол жылы набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө калтыруу маселелери чечилбей калган.

Кыргыз Республикасында мамлекетти жана элдин биримдигин бекемдөө ишин илгерилетүү, өлкө тарыхындагы жазыла элек барактарды толтуруу, жарандыкка жана патриоттуулукка тарбиялоо максатында Кыргыз Президенти токтом чыгарат:

1. Үркүндүн жүрүшүндө набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө сактоо жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн өлкөнүн тарыхындагы жана кыргыз мамлекетинин курулушундагы татыктуу ордун аныктоо Кыргызстан элинин ыйык милдети деп эсептелсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 1916-жылдагы окуялардын 100 жылдыгына арналган иш-чараларды даярдоонун жана өткөрүүнүн планында төмөнкүлөрдү кароо сунушталсын:

– 1916-жылдагы каргашада адамдар массалык түрдө каза болгон жерлердеги адамдардын сөөктөрүн жерге берүү үчүн зарыл болгон жол-жоболорду аткаруу;

– Бишкек шаарында эстеликти, ошондой эле адамдардын сөөктөрү коюлган жерлерде обелисктерди орнотуу менен 1916-жылдагы окуяларда набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө сактоо;

– 1916-жылдагы окуяларга тарыхый жактан объективдүү баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссиянын базасында курамына тарыхчы окумуштуулар жана башка гуманитардык илимдердин өкүлдөрү кирген жумушчу топту (мындан ары – Жумушчу топ) түзүү, ошондой эле ушул маселе боюнча илимий-практикалык конференцияларды өткөрүү;

– Кыргызстан элинин биримдигин бекемдөө, жарандыкка жана патриоттуулукка тарбиялоо идеяларын жайылтуу боюнча жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын демилгелерин колдоо;

– ушул Жарлыктын жоболорун аткаруу менен байланышкан иш-чараларды жүзгө ашыруу үчүн финансы каражаттарын бөлүп берүү.

3. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн жана Үркүндүн 100 жылдыгына арналган социалдык демилгелерди колдоо үчүн Президенттик социалдык коргоо жана колдоо фондусунан бөлүнсүн:

– 3 000 000 (үч миллион) сом Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө – ашууларда каза болгондордун сөөктөрүн жерге берүү боюнча биринчи кезектеги иш-чараларды Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана мамлекеттик башка органдар менен бирдикте аткаруу үчүн;

– 5 000 000 (беш миллион) сом Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигине – 1916-жылдагы окуяларда набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө калтыруу тууралуу демилгелерди колдоо боюнча биринчи кезектеги иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн;

– 2 000 000 (эки миллион) сом – Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын «Мурас» Фондуна – 1916-жылдагы окуялар боюнча архивдик жана башка илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, Жумушчу топтун ишинин жыйынтыгы боюнча илимий-практикалык конференцияларды өткөрүү, ошондой эле анын корутундуларын жана тыянактарын жайылтуу боюнча демилгелерди колдоо үчүн.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

*Бишкек, май, 1916-жыл*

## ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУ
**(Макиавеллинин окутуусу)**

Эгемендикке жете албай, мамлекеттүүлүктү түптөөнү түшүндө гана көргөн миллиондогон калктуу улуттар бар. Алардын тизмесине элинин саны жагынан эң ири делген уйгур менен күрдтөр кирет. Уйгурлар калкынын саны боюнча 10 млн. жакындап калды. Негизги бөлүгү Кытайдын Синьзян автономдук районунда жашайт, өзүнүн түрк түптүү тили, ислам дини менен өз алдынча салты, араб алфавити, өз тилиндеги мектептери менен маалымат каражаттары бар. Бир гана нерсеге көксүп жүрүшү – өз алдынча мамлекет болууга жетише элек. Уйгурлар Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан, ал турсун Россия менен Түркияга чейин тараган. Экинчиси – күрдтөр, калкынын саны боюнча 30 млн. тегерегинде. Уйгурлардан айырмаланып, күрдтөр эгемен жана байыртан түптөлгөн үч мамлекеттин чектеш аймагында жашашат. Ал мамлекеттер Сирия, Ирак жана Түркия. Ар-биринде он миллиондун тегерегиндеги күрдтөр жашайт. Алардын көксөгөнү ишке ашпай, катуу көзөмөлдүн астында калып, ал турсун катуу кысымга алынып жатышы белгилүү. Учурда күрдтөр колуна курал алып, аларга үстөмдүк кылып келген өлкөлөрдө автономиялык укукка жетишүү аракетин кылышууда. Исламчыл экстремисттик уюм болгон ИГИЛге каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөндөр да дал ошол күрдтөр.

Аларга салыштырмалуу Орто Азиядагы илгертен жашап келаткан беш улут эгемендүүлүккө салыштырмалуу оңой жетишкен деп эсептелет. Алардын арасында 2,5 миң жылдык мамлекеттүүлүгүн далилдеген Кыргызстан да бар. Кыргыздарга тарыхынын байлыгы менен мааниси жагынан тең келе турган тажиктер эле болбосо, калгандарынын тарыхы анчалык тереңдикке кетпейт. 1991-жылы СССР таркагандан кийин Кыргызстан суверендүүлүгүн жарыя кылып, мамлекет жана коом башкаруу институттарын өз алдынча кура баштаган. Арийне ага чейинки акыркы 150 жыл аралыгында орус империясынын жана Совет бийлигинин таасири астында калган кыргыздар үчүн алардын түптөгөн башкаруу ыкмасы менен мурасынан тез арада кол үзүп, жаңыча өнүгүү жолуна түшүү кыйын болуучу. Ошентсе да жаңы тарыхта Кыргызстан эсте кала тургандай бир нече маанилүү кадамдарды өзүнө окшогон кошуна республикалардан озунуп, биринчи жасаган. 31-августта эгемен мамлекет болгонун жарыялаган, 1993-жылы жаңы Конституция кабыл алган, ошол эле жылы өзүнүн улуттук валютасын киргизген, 1998-жылы КМШ өлкөлөрүнөн биринчи болуп Дүйнөлүк соода уюмунун мүчөлүгүнө өткөн, көп партиялуулук менен сөз эркиндигине кенен жол ачкан мыйзамдарды кабыл алган. Мындай кадамдарды КМШ өлкөлөрүнүн басымдуу бөлүгү дале жасай элек, кээ бирлери жаңыдан аракет кыла баштады. Бул кадамдар кыргыздардын чечкиндүү болгонун айгинелейт. Ошол эле кезде ар-бир кабыл алынган чечим өз убагында жана терең таразаланып, анализделип кылынса, анын акыбети да тереңирээк болуп, терс кесепеттери азыраак болмок. Анын баары дүйнөлүк саясый аренада пайда болгон эгемен жаңы мамлекетти башкарууда мүчүлүштүктөр көп болуусу менен байланыштуу. Алардын бири 1993-жылы кабыл алынган жана элдик башкарууга жол ача турган Конституцияга улам-улам өзгөртүүлөрдү киргизүү аракеттери. Натыйжада мамлекеттик башкарууга үй-бүлөөлүк башкаруу аралашып, анын кесепетинен эки жолу элдик наразылык бийликтин алмашуусуна алып келип, ошо кездеги мамлекет башкаруучулар өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болушкан.

Андан тышкары акыркы мезгилде өзүнө көбүрөөк көңүл бурдуруп аткан, 1992-жылы кол коюлуп, ири эл аралык инвестициялык долбоор катары кабыл алынган «Кумтөр» алтын чыгаруу ишканасы. Алгачкы жолу кабыл алынып жатканда эле кыргыздардын аткаминерлери мамлекеттин кызыкчылыгын астыга коюунун ордуна, биринчи иретте өзүлөрүнүн кызыкчылыгын коюшкан. Андан кийинки долбоордук келишимдердин баары бир салынган чыйыр жолдон чыга албай, чатактан чатак уланып, маселе курчуп баратканы көрүнүп турат. Анын себеби тажрыйбасы жок кыргыз бийлиги чоң саясаттагы кадамдарын тактабастан, көп нерселер эске алынбастан сунушталган келишимге кол койгону болду. Ачык-айрым башкаруу саясаты бара-бара авторитардык башкаруу ыкмасына өтүп кетиши, Кыргызстанда эки жолку бийлик төңкөрүшүнүн себеби болду. Азыркы учурда да, жаңы бийликтин жасаган аракетине карабастан, мамлекеттик башкарууда Кыргызстанда кемчиликтер азайды деп айтуу эрте.

Ал эми бул маселе абдан маанилүү нерсе экенин саясат изилдөөчү окумуштуулар, философтор, мамлекеттик ишмерлер илгертен бери какшап, тарыхта калган үлгү-мисалдар менен далилдегенге аракет кылып келатышат. Андай атактуу инсандардын бири Италияда XV кылымда жашаган, универсалдуу талантка ээ болгон илимпоз, акын, философ Никколо Макиавелли болгон. Анын жазып калтырып кеткен көптөгөн чыгармаларынын биринде ага чейин топтолгон тажрыйбага таянып, мамлекеттик башкаруунун ыкмалары, анын ички көрүнбөгөн механизмдери тууралу жазган «Өкүмдар» (орусча «Государь») китебинде жөнөкөй мисалдар менен келтирилген. Ал жашаган мезгил «Кайра жаралуу» (белгилүү эл аралык аталышы «Ренессанс») деп бекеринен аталган эмес. Дал ошо кезде Европада маданий жана руханий жактан чоң кадам жасалып, илим менен билимдин мааниси болуп көрбөгөндөй өсүп чыккан. Анын замандаштарынын арасында окумуштуулар Сандро Ботичелли, Леонардо да Винчи, Рафаэль, Браманте, Микеланджело жана башка атактуу тарыхый

инсандар болгон. Макиавелли Италиянын атактуу саясатчысы делген Лоренцо ди Медичини да көрүп калган жана анын ишине баа берүүгө жараган.

Ошо кездеги жеке инсандын турмушу, анын ойлору тууралу чыгармаларды жараткан замандаштарынан айырмаланып, Макиавелли адамдарды же алардын катнашын этикалык же эстетикалык жактан эле иликтебестен, социологиялык жагынан да карай баштаган. Натыйжада бир топ маанилүү эмгектер жаралып, аларда алгачкы жолу жалпы элдин, ар-кыл катмарлардын, улуттардын маселелери көтөрүлүп, жаңы өнүгүү багыты жаралат. Анын калтырган мурасынын эң атактуусу катары биздин заманга чейин маанисин жоготпогон «Өкүмдар» китеби азыркы дүйнөлүк саясатчылар менен башкаруучуларга үлгү катары эсептелет. Ал китеп саясатчылар менен саясат таануучуларга, коомдун активдүү мүчөлөрүнө, өзгөчө бийик деңгээлдеги расмий кызматтагыларга азыр да жардамга келе тургандай акыл-насааттарга бай. Төмөндө Н. Макиавеллинин ошол китебинен которулган үзүндүлөр келтирилген.

## «Урматка жетиш үчүн Өкүмдар кандай иш-аракет кылуусу керек

Урматтоону жаратууда мамлекет башчысына пайда алып келе ала турган согуш аракеттери менен кереметтүү мамилени жарата турган иш-аракетти жасоодон өткөн эч нерсе боло албайт. Азыркы башкаруучулардан Испаниянын королу Фердинанд Арагонскийге шилтеме кыла алам, анткени ал, башында алсыз болсо да, кийин христиан дүйнөсүндө атагы жана сыпаты жагынан биринчи король болуп чыга келди; анын баардык иш-аракеттери улуулукка толгон, кээ бир жактары элестетүүгө да кыйын болгон деңгээлге чыккан. Анын кубатынын негизин, такка отургандан кийин эле, Гренада үчүн болгон согуш түзгөн. Баарынан мурун, ал согушту өлкөнүн ичинде тынчтык өкүм сүрүп турганда баштаган, ал жолтоо

кыла тургандар болот деп чочулаган эмес, согуш менен ал бастильдик барондорду ушунчалык кызыктырып, аларды согуш менен алаксытып, өзүнө каршы кутум уюштурууну унуттурган. Ошол эле учурда, башкаларга байкатпай, бүт бийликти өз колуна топтоп, барондорду өз таасирине баш ийдире алган. Аскер күчтөрүнө зарыл каражатты чиркөөдөн жана элдин өзүнөн алган, жана согуш учурунда кийин ага атак-даңк алып келе алганга жарай турган армия кураган. Андан соң, мындан да күчтүү иш-чара тууралу ойлонуп, диндин коргоочусу катары аракет кылып, такыбалуу күчтүү чараларды жаратты: ал маррандарды кууп чыгып, өз королдугун тазалаган - андан арткан ырайымсыздыкты элестетүү кыйын, бирок ошол эле кезде андан ашкан өзгөчө жүрүштү да элестетүү оор. Ошол эле шылтоо менен ал Африканын жерлерин басып алган, Италияда атайын иш-чараларды жасап, акыр-аягы Франция менен согушка кирген. Ал ушу жол менен өзүнүн улуу мүдөөлөрүн ойлоштуруп, ишке ашырган, жана ошонусу менен өзүнүн карамагындагыларды суктантып жана сестейтип кармап турган, алар кийин дагы эмне болот деп окуянын артынан берилүү менен көз салып турушкан. Ал аткарган иш-чаралар биринен бири тынымсыз чыгып тургандыктан, башкаруучуга каршы ойдун пайда болуусуна убакыт жетпей калган.

Өкүмдардын улуулугуна мамлекет ичиндеги укмуштуу көрсөтмөлөрү көмөк кылган. Ага мессер Бернабо да Миланого тиешелүү делген окуяны келтирсе болот. Башкача айтканда, качандыр кимдир-бирөө атуулдук турмушта кайсы-бир маанилүү иши үчүн, жаман болобу, жакшыбы, аны сыйлоо же жазалоо пайдалуу. Ошондо ал көп убакытка чейин эстен чыкпайт. Бирок башкаруучу үчүн эң эле башкысы – колунан келишинче жасаган иш-аракеттери менен өзүнө атак-даңкты түзүүгө аракет кылуу, ошол аркылуу өзүнүн акылы башкалардыкынан артык экенин көргөзүү.

Өкүмдарды ал өзүн ачык эле душман же дос экенин жарыялаганы үчүн сыйлашат, башкача айтканда эч бир калдастабастан бирөөгө кошулуп, экинчиге каршы чыккандыгы – четте

туруп алып, карап тургандан артыгыраак. Анткени эки күчтүү өкүмдар каршылашканда, жыйынтыгында алардын жеңүүчүсү сага коркунуч туудуруусу мүмкүн же анте албайт. Эки учурда тең согушка чечкиндүү жана ачык киришүү утуштуу болот. Анткени биринчи учурда, согушка аралашпай туруп, сен жеңүүчүнүн жеми болуп каласың, ага жеңилген тарап кубанып карап турат, а өзүң болсо эч кимдин жардамын ала албайсың: жеңүүчү досту четке кагат, анткени кыйын учурда четте турдуң дейт, ал эми жеңилген тарап кыйын учурда курал-жарагы менен кол-кабыш кылбаган тарап менен алака түзүүнү каалабайт. Этолийчилер Антиохту Грекияга римдиктерди кууп чыгууга жардамга чакырышат. Ал болсо римдиктерге дос болгон ахейлерге өзүнүн ораторлорун жиберип, аларды бул ишке аралашпоого чакырат. Римдиктер, тескерисинче, ахейлерди согушка киришүүгө үндөшөт. Ошондо чечим чыгаруу үчүн, ахейлер чоң кеңеш курушат; легат Антиох аларды курал албоого чакырат, а римдик легат минтип айтат: «Кабыл алына турган чечимге байланыштуу, силердин мамлекетке эң ылайыктуу деп айтылып жаткан сунуштан, тагыраак айтканда – согушка аралашпоодон, силер үчүн андан ашкан жаман эч нерсе жок, анткени бул чечимди кабыл алсаңар, сыйлыгы жана ардагы жок тарап катары жеңүүчүнүн жеми болуп каласыңар». Жалпы жонунан дос эместер аралашпоого чакырып, сырттан байкап турууну сунуштайт, ал эми дос болсо өз тарабында куралы менен чыгууга ачык чакырат. Чечкинсиз өкүмдарлар, эреже катары, аралашпоо кадамын тандашат, аны менен алар коркунучтан алыс болууну каалашат, натыйжада эреже катары, алардын бул кадамы талкаланууга алып келет.

Ал эми сен бир тарапты чечкиндүү тандап, урушууга катышып, сенин досуң жеңип чыкса, ал канчалык кубаттуу болбосун, канчалык сен андан көз каранды болбо, ал сага милдеттүү болуп калат – элдердин баары эле өзүнүн досуна сокку уруп, жакшылыкты билбегендикти ачык көрсөткүдөй ашып кеткен абийирсиз эмес да. Андан башка, жеңиш дайыма эле жеңүүчү эч ким менен эсептешпей калчудай толук кандуу боло бербейт

жана өзгөчө акыйкаттуулуктун чегинен өтө албайт. Эгерде сен урушта утулуп калган жакта болуп калсаң, ал сени кабыл алат жана колунан келишинче сага жардам берет. Андыктан сен анын оор турмушундагы ортомчусу, жөлөгү болосуң, балким анын бактысы бир күнү дагы ачылат.

Экинчи учурда, качан эрегишкен эки тараптан тең чочулабаганыңда, бирөөсүнө ыктоо андан да эстүүрөк кадам болот. Анткени бирөөнүн жардамы менен экинчисин талкалайсың. Бирок утуп чыккан тарап акылдуураак болсо, жеңилгенди талкалабастан, куткаруусу керек эле. Жеңиштен кийин сен досуңду өз бийлигиңе баш ийдире аласың, ал болсо сенин колдооң менен шеги жок жеңишке жетишет.

Мында бир нерсени көңүлгө алуу зарыл – өзүңдөн күчтүү менен дос болуудан алыс болууга аракет кылыш зарыл, эгерде шарт аны талап кылбаса. Анткени жеңиш күчтүү тарапта болсо, сен анын колунда каласың, ал эми өкүмдарлар башка бир өкүмдардын көзүн карап калуудан чочулануусу керек. Венециялыктар, мисалга, Франция менен дос болуп, миландык герцогко каршы чыккан. Бирок алар урушка аралашпай туруша алмак, натыйжада алар акыры кыйроого тушуккан. А эгерде дос болуудан баш тартууга мүмкүндүк болбосо, мисалы, Рим Папасы менен Испания биригип, аскерлерин Ломбардияга каршы чыгарганда, анда флорентийликтердин ишине окшошуп, өкүмдарлар согушка чыгууга аргасыз болот. Мында туура чечим болду деп ишенүүгө болбойт. Тескерисинче, алдын ала ар-бир чечим күмөндүү болуусу менен эсептешүү керек, анткени бир жагымсыз окуядан экинчиге кирип кетиш бул кадыресе нерсе. Бирок баардык жамандыктардын арасынан тандап отуруп, эң азын тандап алуу акылмандыктын белгиси.

Өкүмдар белектердин берешени да болуп көрүнүүсү керек, ал чымыны бар адамдарды өзүнө тартып, өнөрчүлүктө же искусстводо өзгөчөлөнө алгандарга урмат-сый көрсөтүүсү талап. Ал өзүнүн атуулдарын жай-баракат соода кылууга, жер иштеткенге, түрлүү өнөрчүлүккө берилүүгө түрткүлөп, алар

турмушун өзү каалагандай куруугa жарачудай шарт түзүп, ишин кимдир бирөө тартып алат деп чочулабашын камсыз кылуу керек, дагы бирөөлөр соода кылып, салыктар менен кимдир бирөө муунтат деп коркпошу керек. Ал турсун өкүмдар шаарды же мамлекетти көрктөндүргөн атуулдарына татыктуу болгон сыйлыктардын демилгечиси болуусу абзел. Мындан тышкары ал жылдын ылайыктуу мезгилинде элин майрам жана оюн-зоок менен да камсыз кылуусу абдан маанилүү. Шаардын катмарларга бөлүнгөн топторуна урматтоо менен мамиле кылып, өкүмдар алардын кее бир жыйындарына да катышуусу талап кылынат жана анда колу ачыктык менен айкөлдүктү көрсөтүүсү керек. Бирок ошол эле учурда өзүнүн каадасы менен кадыр-баркын да сактоосу зарыл. Андай сапаттар анын ар-бир кыймылында даана көрүнүп туруусу керек.

## Өкүмдардын кеңешчилери

Өкүмдардын өзүнө кеңешчилерди тандай билүүсү чоң мааниге ээ. Алардын кандай экендиги, жакшыбы же жаманбы, өкүмдардын акыл-эсинен көз каранды. Өкүмдардын акыл-ээси тууралу бүтүмдү эл эң эле биринчи кандай адамдарды өзүнө жакындатканынан чыгарышат; эгер алар ишенимдүү жана колунан келе тургандар болсо, анда анын акылмандуулугу тууралу айтса болот, анткени ал өзүнө жакындаткан адамдардын колунан келээрин көрө билген жана алардын берилгендигин сактай алган. Эгерде алар мындай боло алышпаса, анда өкүмдар тууралу да ошого жараша жыйынтык чыгарышат, себеби ал алгачкы ката болгон кадамын туура эмес жардамчыларды тандоо менен баштаган. Сиердин башчысы Пандольфо Петруччонун жардамчысы болгон мессер Антонио да Венафрону билгендердин арасында, Пандольфонун да кадыр-баркынан эч ким күмөн санаган эмес, себеби ал туура жардамчыны тандап алган.

Мунун себеби - акылдын үч теги болот: бирөө баарын өзү билүүгө аракет кылат; экинчиси биринчи билгенди калчаганга жарайт; үчүнчүсү эч нерсени түшүнүүгө аракеттенбейт жана башка бирөө түшүнгөндү да калчаганга аракет кылбайт. Биринчилер – өтө бийик деңгээлде акылга ээ, экинчилер – таасирлүү, үчүнчүлөр – акылы жарамсыз болушат. Айтылгандан эч бир каршылыгы жок төмөнкүдөй бүтүм келип чыгат - Пандольфонун акылы биринчи түргө кирбесе да, экинчи түрүнө кирген. Анткени адам качан башкалардын кылган иши менен айткан сөзүндө жакшылыкты жамандыктан ажырата билүүгө жөндөмдүү болсо, өзү ойлоп табуу жөндөмдүүлүгү болбогон күнү да, өзүнүн жардамчылары берген кеңештеринин арасынан жаманды жакшыдан ажырата биле алат жана жакшылыгы үчүн сыйлай да алат, ал эми жамандыгы үчүн чара да көрө билет; ошого жараша жардамчылары да кожоюнун алдоого жараарына ишене беришпейт жана ага акыйкаттуу кызмат кылышат.

Жардамчы эмнеге жарай ала турганын билүүдө катасыз бир ыкма бар. Эгерде ал өзү тууралу кожоюнуна караганда көбүрөөк кам көрсө, ар-бир иште өзүнө пайда көрүүнү алдыга койсо, ал эч качан өкүмдарга жакшы жардамчы болуп бербейт, башкаруучу ага эч качан ишеним арта албайт. Анткени мамлекеттин иши колунда турган министр өзү тууралу эмес, мамлекет башчысы тууралу ойлонуусу керек, жана өкүмдарга тиешелүү эмес иш менен ага эч бир ой-сунушу жок келүүсү жарабайт. Ошол эле учурда өкүмдар да өзүнүн министринин ишенимин сактап турууга аракет кылуусу керек. Ал үчүн аны сиңирген эмгегине жараша ардактап, анын ээлик кылган дүнүйөсүн көбөйтүп, аны өзүнүн ыраазылыгы менен жанына тартып, милдеттери менен сыйын кошо бөлүшүп туруусу керек. Ошондо мунун баарын көргөн министр өкүмдар ансыз иш кыла албай турганын көрөт жана жетишээрлик байлыкка жана ардакка ээ болгонуна карабастан, жаңы байлык менен ардактоону каалабайт, жана ар-кыл кызматтарды аркалап жүрүп, бийликке каршы кутум уюштуруудан чочулап

турат. Мамлекет башчысы менен анын министри экөө тең дал ушундай алакада болгондо, алар бири-бирине ишеним артышат, а эгерде алар мамилени башкача кылып жүрүшсө, анда алардын иши бирөөсү, же экинчиси үчүн жамандык менен аяктайт.

## Кошоматчылардан кантип айрылса болот

Дагы бир маанилүү жагдай тууралу кошумча айткым келет, так айтканда – бир кемчилик тууралу, эгерде өкүмдарларды өзгөчө акылмандуулук айырмалап турбаса, аларды андай кемчиликтен сактап калуу оңой эмес. Менин айтаарым – кошоматчылык жана кошоматчылар, андайларды мамлекет башчыларынын айланасында өтө эле көп байкаса болот. Анткени адамдар өтө мансапкор келишет жана жеке башына байланыштуу өтө көп азгырыктар болгондуктан, бул кемчиликтен араң дегенде айрыла алышат. Бирок маселенин дагы бир жагы бар, өкүмдар кошоматтан айрылууга аракет кылганда, ал өзүнө карата жек көрүүнү пайда кылуу коркунучуна капталат. Себеби кошоматчылыктан өзүңдү коргоп калуу үчүн, элге болгон чындыкты алар толук айтып беришсе, сен аларга таарынбай турганыңды таңуулоодон башка ыкма жок, бирок качан ар-бир адам сага чындыкты айта ала тургандай болсо, анда сага тийиштүү урматтоону кылбай калышат.

Ошондуктан акыл-эстүү өкүмдар үчүнчү жолду тандоосу абзел, тагыраак айтканда: бир нече акылман адамды жанына тартып, алар эмне ойлоорун ачык айта турган укукка ээ кылат. Бирок бир чектөө менен кошо – алар сен сураган маселе боюнча гана өз ойлорун айтуусу керек жана андан башка эч нерсени айтпашы керек. Ошону менен бирге алардан баардык нерсе тууралу сурап, алардын жообун угуу керек, ал эми чечимди өзүң гана кабыл алып, ал өзү каалагандай гана көз караште болуусу зарыл. Ар-бир кеңешчи менен болгон маек учурунда алар менен өзүңдү, башкалар билгидей кылып,

кайсы гана маселе болбосун эч коркпостон оюн ачык айтышса, ошончолук өкүмдарга жага турганын көрсөткөндөй алып жүрүү керек. Аны менен бирге кеңешчилерден сырткары башка эч кимди угууга болбойт, жана белгиленген максатка түз барууга жана кабыл алынган чечимди кармануугa даяр болуу зарыл. Кимде-ким башкача аракет кылса, ал кошоматчылыкка алданат, же түрлүү кеңештерди уккан соң, өзүнүн оюн тез-тезден алмаштыра берет, ошонусу менен кол астындагылардын урмат-сыйынан айрылат.

Бир мисалга шилтеме келтирейин. Император Максимиллиандын ишенимдүү кишиси болгон Лука ата, анын улуу урматы тууралу айтып жатып, мындай деген - ал эч кимден кеңеш сурабайт, бирок өз билгениндей да кылбайт, анткени анын кылган иши жогоруда айтылгандарга карама-каршы келет. Мунун себеби император абдан жашыруун адам, өзүнүн оюн эч кимге ишене бербейт, иш тууралу кеңеш да сурабайт. Эгерде өкүмдарда бир эмес кеңешчи болсо, анда акылмандуулукка ээ болбой туруп, ал түрлүү ой-толгоолорду бир бүтүмгө алып келе албайт; андан тышкары ар-бир кеңешчи өзүнүн гана пайдасы тууралу ойлонот, ал эми өкүмдар муну айрып биле албагандыктан чара көрбөйт. Башкараак болгон кеңешчилер жок, анткени адамдардын ичи тар болот, жана аны жакшылык кылууга зарылдык гана мажбурлай алат. Мындан төмөнкүдөй тыянак чыгарса болот: жакшы кеңеш, аны ким гана бербесин, өкүмдардын акылмандуулугунан гана жаралат, тескерисинче жакшы кеңештен акылмандуу өкүмдар эч качан жаралбайт».

Келтирилген бул үзүндүлөр мындан беш кылым мурун топтолгон тажрыйбанын негизинде Макиавелли тарабынан жазылса да, келтирилген ойлор жана корутундулар азыркы учурда да абдан актуалдуу бойдон калууда. Өзгөчө мамлекеттик башкарууда мураскорлукка кадам шилтеген кээ бир Азия мамлекеттеринде абдан көйгөйлүү экендиги так байкалууда. Ал турсун элдик башкарууга ыктаган, демократиясы батыштын стандарттарына жакыныраак болгон Кыргызстанда

да китепте келтирилген ой толгоо менен мисалдар азыркы учурда пайдалуу жыйынтык чыгарууга жарай тургандай жазылган.

Эгемен жашап келаткан Кыргызстанда төрт жолу мамлекет башчы алмашып, бул арада ага кызматы боюнча абдан жакын болууга милдеттүү болгон 28 өкмөт башчысы кошо алмашты. Орточо алганда ар-бир кыргыз президенти кеминде эле алты премьер-министр менен иштешүүгө аргасыз болгон. Алардан 3-4 эсе көбүрөөк кеңешчилер алмашты. Мындан бир бүтүм чыгарса болот – премьер-министрлер мамлекет башчынын толук ишенген жана компетенттүү кеңешчи жана жакын адамы боло алышкан эмес. Мунун себеби бир гана жакын адамдарынын кылган иштери эле болбостон, мамлекет башчынын да кетирген кемчиликтери болгон. Арасынан кошоматчылык аркылуу бийликке илинип, карьера жасоодо жакшы көрүнүп, бийик деңгээлге жетээри менен, кыргызча айтмакчы «Манастан Чубак кем бекен» кадамын жасагандар да чыкканы белгилүү. Мунун баары ошо кездеги мамлекет башында тургандар Макиавелли тууралу маалыматты билишсе да, анын терең саясый жана мамлекет башкаруудагы абдан зарыл болгон маанисине көңүл бурушкан эмес, же такыр эле билишкен эмес. Бутуна жаңыдан туруп келаткан толук кандуу мамлекет болууга кадам шилтеген Кыргызстандын жетекчилиги тарыхта белгилүү жана эффективдүү мамлекет башчыларынын басып өтүп, кийинкилерге сабак болууга жарай турган тажрыйбасы менен таанышып, аны туура колдоно ала тургандай билимдүү болуша албаса, кийинки төрт башкаруучу да 28 өкмөт башчысын кетирүүгө, ал турсун кезектеги толкундоолорго тушугушу мүмкүн.

*Бишкек, октябрь, 2016-жыл*

# ТЕРМИНДЕР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

## Саясат таануу

***Саясат таануу*** (орус. – политоло́гия; грек. πολιτικός – коомдук; грек. πολίτης - жаран, атуул; грек. πόλις - шаар; кошумча - грек. λόγος — окуу, сөз), же саясый илим – саясат тууралу илим. Адамдардын турмушунун өзгөчө бөлүгү тууралу иликтөө жүргүзгөн илим багыты, ал багыт бийлик менен болгон алаканы, мамилени, коомдун мамлекеттик-саясый уюшмасын, саясый институттар, принциптер, нормалар тууралуу талдоо жүргүзөт. Ал аракеттин баары коомдун иштешинин, адамдардын ортосундагы алаканы, коом менен мамлекеттин ортосундагы байланышты камсыз кылат.

***Саясат таануучу*** *же* ***политолог*** деп – саясат таануу иши менен алек болгон, аны иликтөөгө, талдоого алган адамды айтат.

Саясат таануунун (С.т.) илим катары калыптануу тарыхы:

Саясат таануунун тарыхын болжолдуу үч мезгилге бөлсө болот:

***Философиялык.*** С.т. илгерки заманда пайда болуп, XIX кылымдын ортосуна чейин уланат. Анын негиздөөчүсү болуп Аристотель саналат. С.т. өнүгүүсүнө белгилүү оратор Цицерон чоң салым кошкон. Өз алдынча эсептелген илим катары С.т. негиздөөчүсү деп Никколо Макиавелли – XVI кылымда Флоренцияда жашаган италиялык окумуштуу эсептелет. Бул илимдин өнүгүүсүнө өз салымын илгерки грек окумуштуусу Платон да кошкон.

***Эмпирикалык.*** XIX кылымдан тарта 1945-жылга чейинки мезгилди камтыйт. Саясат таануу процесси илимий ыкмалар (методдор) менен изилдене баштайт. Анын өнүгүшүнө коомдун катмарлык бөлүнүшүн иликтөөгө алган социология илими чоң таасир кылган. Ушу мезгилде марксизм кыймылы пайда болот. 1920-30-жылдары саясат таануу АКШда күчөп, бара-бара анын борборуна айланат. Окуу жайларында саясат таануу боюнча атайын окуу процесстери киргизилет.

***Рефлексия.*** 1945-жылдан азыркы күнгө чейинки мезгил. 1948-жылы тарыхта алгачкы жолу саясат таануучулардын атайын жыйыны ЮНЕСКОнун демилгеси менен өткөрүлүп, анда саясат илимине тиешелүү маселелер талкууга алынат. Бул илимий багыттын маңызы, анын объектиси жана карай турган маселелери аныкталат. Баардык өлкөлөргө бул илимди окуу жайларында окуу сабагы катары киргизүү сунушталат.

С.т. боюнча ушуга чейин чыккан атактуу илимий эмгектер:

***Эң илгерки*** бизге жеткен эмгек катары Аристотельдин «Саясат», Платон жана Цицерондун «Мамлекет», Аврелий Августиндин «Кудайдын шаары тууралу» китептери белгилүү. Бул илим тууралуу Илгерки Чыгыш аты менен белгилүү болгон доордогу саясый ойлор чоң мааниге ээ болгон.

***Орто кылымда:*** Саламан мектебинен чыгып, ойлору менен белгилүү болгон Фома Аквинский жана анын шакирттеринин эмгектери.

***Кайра жаралуу:*** Макиавеллинин «Өкүмдар» («Государь»), «Тит Ливийдин биринчи декада тууралуу ой жүгүртүүсү» аттуу эмгегинде кудайдын түзгөн багыты катары саясатка болгон көз караштан баш тартуу келтирилип, анда монархтардын бийлиги бүтүндөй адам-затынын бир кубулушу катары каралуусу айтылган. Ошол себептен Макиавеллинин китеби азыркыга чейин бир топ окумуштуулар өтө аша чапкан циникалык көз караштын үлгүсү деп эсептешет.

*Жаңы мезгил:* Спинозанын «Кудайлык-саясый трактат» аттуу эмгеги; Гоббстун «Левиафан» китеби; Локктун «Башкаруу тууралу эки трактаты» китеби.

XIX к.: Маркстын, Вебердин и Спенсердин социалдык концепциялары.

XX к.: Поппердин «Ачык коом жана анын душмандары» чыгармасы; тоталитардык политология делген чыгармалар (Гитлердин, Каддафинин саясый эмгектери, «тарыхый материализм»); Рим клубунун эмгектери.

Эгерде биздин мезгилге чейин саясат таануу илими негизинен Аристотельдин «Саясат» аттуу чыгармасын окуп үйрөнүү менен чектелип келсе, азыркы мезгилде бул илим тууралуу сапаттуу болгон көз караш пайда болуп, XIX кылымдан тарта социология жана позитивдик методологиясын колдонуу аркылуу өрчүп-өнүгүүгө өткөн. Адегенде саясат таануу курсу АКШнын Колумбия университетинде ачылган (1957-ж.). Андан кийин Испания (1861-ж.), Франция (1871-ж.), Германия (1883-ж.), Англиянын (1895-ж.) университеттеринде ачылган.

## Саясат таануунун объектиси жана заты

Эң алды менен саясат таанууда анын *объектиси* болуп саясый бийлик, анын негизин түзгөн укуктук система эсептелет. С.т. укуктук системанын мыйзамдуулугун (легитимдүүлүгүн) аныктайт, системанын туруктуулугунун механизмдерин иликтеп, аны башкаруу жагынан алгандагы оптималдуулугун аныктайт. Андан тышкары саясый илимдин изилдөө объектиси катары жалпы саясат, коомдук турмуштун саясый чөйрөсү кирет.

Саясат таануунун *заты* (предмети) катары саясый бийлик тууралу социалдык субъекттердин өз ара мамилесинин мыйзам ченемдүүлүгү эсептелет. Бул маселелер бир эле мезгилде философияда, социологияда, мамлекеттик-укуктук илимде да изилденет. Саясат таануу болсо бул маселелерди изилдөөдө алардын кээ бир аспектилерин кошуп туруп, изилдөөгө алат.

**Саясат таанууда** алек болгон маселелерди үч ири топко бөлсө болот:

1. Саясаттын философиялык жана идеялык-теориялык негиздери, системаны түзүүчү белгилери жана система алдындагылардын маанилүү мүнөздөмөлөрү, тиги же бул такталган тарыхый мезгилдеги саясый кубулуштар болот.
2. Саясый системалар жана саясый маданият, түрлүү саясый системалардын окшоштугу менен айырмачылыгы, саясый режимдер, алардын өзгөрүү шарттары ж.б.
3. Саясый институттар, саясый процесс, саясый кысымдар ж.б.

## Саясат таануу илиминин алдындагы маселелер

Саясат жана саясый ишмердүүлүк тууралу билимди түптөө; саясый процесстерди жана саясый өнүгүүнү түшүндүрүү жана аларды алдын ала айта билүү; концептуалдуу аппараттын саясат таануусун, ыкмаларын (методологиясын) жана саясый иликтөөнүн ыкмаларын иштеп чыгуу. Булардын арасында эң маанилүүлөрү болуп: саясый турмуштун гносиологиялык, аксиологиялык, башкаруучулук, саясый турмушту рационалдаштыруу, саясый социологиялаштыруу

функциялары. Булак: Глущенко В. В. Политология: системно-управленческий подход. -М.: ИП Глущенко В. В., 2008. — 160 с

## Саясат таануунун функциялары

- Гносиологиялык: Саясат таануу илими жаңы билимди алууга жана азыркыларды формалдаштырууга жол ачат.
- Аксиологиялык: Саясат таану баалуулуктардын системасын түзөт, саясый чечимдерге, саясый институттарга, саясый окуяларга баа берүүгө жол ачат.
- Теориялык-методологиялык: Саясат таануу саясый кубулуштарды иликтөөнүн теориясын жана методолгиясын иштеп чыгат.
- Социалдаштыруу: Адамдарга саясый процесстердин маңызын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- Мотивациялык: Саясат таануу адамдардын кылган ишинин жана анын себептерин калыптантып, аны түшүндүрө алат.
- Практикалык-саясый: Саясый чечимдерди талдоо, саясый реформалардын теориясын түзүү.
- Алдын ала билүү: Саясат таануу - саясый процесстердин алдын ала тургандай көз ачыктык кылуу.

Буларга кошумча функциялар:

- Коомдогу баардык топтор менен катмарлардын бийliктик мааниге ээ болгон кызыкчылыктарын чагылдыруу,
- Коомдогу чыр-чатактарды чечүү, аларды рационалдаштыруу,
- Жашоочулардын тиги же бул катмарларынын кызыкчылыгына жараша саясый жана коомдук процесстерди башкаруу,
- Коомдун түрлүү катмарларынын кызыкчылыгын жалпы коомдун кызыкчылыгына баш ийдирүү, коомдук системанын бүтүндүгүн камсыз кылуу, туруктуулук жана тартипти сактоо,
- Коомдун жана бүтүндөй мамлекеттин социологиялык өнүгүүсүн мураскорлукту жана инновациялуулукту сактоо аркылуу камсыз кылуу.

# Саясаттагы түшүнүктөр жана терминдер сөздүгүнүн кыска варианты

**Ааламдашуу** – бирдиктүү ааламдык системаны түзүүгө алып келе турган көп улуттуулуктун негизиндеги экономикалык, маданий жана саясый жактан биригишүү (интеграция). Мисалы, өндүрүштүн ааламдашуусу ар-кыл өлкөлөрдөгү көп улуттук компанияларга таандык заводдордун биригүү негизинде келип чыгат. Анда заводдон чыга турган буюмдар дүйнө жүзүнө тараган өндүрүштөрдөн чыккан тетиктерден куралат.

**Авангард** (франц. avant – алдыда жана garde – күзөт) – коллективдин, социалдык топтун, коомдун алдынкы, өнүккөн, жылдыруучу бөлүгү.

**Автократия** (грек. autokrateia – өзү башкаруу) – мамлекеттик башкаруу формасынын бир түрү, ал башкаруу мамлекеттеги бир адамдын чексиз жана көзөмөлсүз башкарууда толук укукка ээ болуусуна негизделген.

**Автономия** (грек. autonomia – өзүн өзү башкаруу, эгемендик) – конституцияда бекитилгендей, аймактык-саясый субъекттердин кандайдыр бир мамлекеттик түзүлүштүн курамында өз алдынча, салыштырмалуу эгемендүү иш алып баруу укугуна жетип, жөндөмдүү болуусу.

**Авторитаризм** (лат. auctoritas – бийлик) – бир адамдын же потестарндык органынын колунда бийликтин топтолушу (концентрацияланышы) менен мүнөздөлгөн саясый режим, бирок анын кандайдыр-бир чектөөлөр менен коштоолору болот: экономикалык (менчиктин көп түрлүү формаларынын бардыгы), саясый (көп учурда бир топтогу партиялар менен кыймылдарга таянуу), социалдык (бир өңчөйлүктү киргизүүгө батынбайт, түрлүү күчтөр менен класстарды жок кылууга умтулбайт), идеологиялык (салттуу болуп калган баалуулуктардан тышкаркы чектелген жана латенттик системалардын болуусуна каршы эмес).

**Авторитардык личность** – жеке адамдык өзгөчө мүнөздөрдүн топтому, дүйнөнү кабыл алууда оройлукка, чыдамсыздыкка, сабырсыздыкка жол берип, түрлүү көз караштарды кабыл алууга жөндөмү жоктук.

**Анархизм** – негизги максаты мамлекетти жоюп, мажбурлоого таянган кайсы гана бийлик болбосун, аны жарандардын эркин жана

ыктыярдуу кошууну менен алмаштыруу.

**Аристократия** (греч. aristos – эң мыкты жана kratos – бийлик) – белгилүү жана артыкчылыктарга ээ болгон, тандалма, азчылыктын бийлигине негизделген мамлекеттик башкаруунун формасы, көбүнчө ири жерге ээлик кылуучулардан турган социалдык катмар (негизинен феодалдык Россия менен орто кылымдардагы башка өлкөлөрдө тараган).

**Баалуулуктар** – максаттарга карата коомдун көпчүлүгү ортоктош болуп, ага адамдардын умтулуусун аныктаган ишенимдер, жана ага жетишүүнүн негизги аспаптары (*терминалдык* жана *инструменталдык* баалуулуктар)

**Башкаруу** – уюмдун баардык бөлүктөрүнүн иш алып баруу багытын камсыз кылуучу атайылап түзүлгөн уюмдун функциясы, кее бир бөлүктөрдүн жана уюмдун алдыга коюлган максаттардан четтөөсүнө жол бербөөгө аракет кылат.

**Башкаруучу элита** – колуна саясый жана экономикалык бийликти топтогон адамдар кирген чакан топ.

**Бийлик** – кээ бир жеке адамдардын же топтордун мүчөлөрүнүн алдын ала аныктаган максаттарга жетүү жөндөмдүүлүгү жана көрсөтүлгөн каршылыкка карабастан өзүнүн кызыкчылыгын социалдык алакалардын аймагында ишке ашыруу. Бийлик – бул элдер ортосундагы эрктүү алака, анда бир адам (же субъект) башка адамга аныкталган ыкма аркылуу иш жасоого мажбурлоо максатында таасир кылуу. Таасир кылуунун башка түрлөрүнөн айырмаланып, мында бийлик аркылуу таасир этүү - мажбурлоодо турат.

**Бийликтин бөлүнүүсү** – укуктуу мамлекетте саясый бийликтин ишке ашырылуусунун маанилүү принциби, мында мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтеринин бир адамдын жеке үстөмдүк кылуучу топтун (бийлик органынын) колунда топтолуу мүмкүнчүлүгү толугу менен эсептен чыгарылат.

**Буржуазия** – капитализм учурунда орто жана башкаруу классына таандык мүнөздөмөнү берүүдө толугу менен аныкталып, такталбастан колдонулган термин. Бул класстар капитализмдин сакталып калуусуна кызыгат жана жумушчу табы менен кошумча наркты бөлүштүрүү үчүн күрөшөт деп божомолдонот. Тагыраак айтканда капитализм доору башталганда бул термин шаарлардагы ишкерлер классы жана өнөр-жайчылар менен байланыштуу болгон.

**Бюрократия** – бийликтин иерархиясы даана так болгон уюмдун түрү, анда жүрүм-турумду аныктаган жоболор жана көрсөтмөлөр

болот. Толук жумушчу күнүн айлык үчүн иштеген кызматчылардын курамы.

**Вето** (лат. veto – тыюу салуу) – кандайдыр-бир мыйзамдуу укукка ээ болгон органдын же тараптын чечимине кенен түшүнүктө өзүнүн укугуна жараша тыюу салууну туюндурат. Саясый өңүттөн алганда бир саясый органдын же тараптын башка бир органдын же тараптын чечимин аткарууга тыюу салууга болгон мүмкүнчүлүктү вето аркылуу билдирүү.

**Геноцид** (греч. genos – уруу жана лат. caedere – өлтүрүү; түз айтканда «уруусун, укум-тукумун жок кылуу») – расалык, улуттук, диний, классалык бөлүнүүнүн себеби менен калктын кээ бир бөлүгүн кыруу. Көбүнчө геноцидди фашизм жана расизм менен байланыштырат.

**Демократия** – саясый чечимдерди кабыл алууда жана борбордук же жергиликтүү бийлик курамдарында өзүнүн өкүлдөрүн тандоодо атуулдарга катышуу укугун берген коомдук-саясый система.

**Диктатура** (лат. dictature – чексиз бийлик) – куралдуу күчтөрдү колдонуу мүнөздүү болгон мамлекеттик бийликти жүргүзүү ыкмасы. Анда толугу менен укук менен эркиндик ооздукталат. Диктатура бийлик жүргүзүү ыкмасы катары, көбүнчө өзгөчө кырдаал түзүлгөн, коомдогу класстар менен социалдык топтордун ортосундагы алака курчуган учурларда колдонулат.

**Дискриминация** – кээ бир социалдык топторго башкаларга жеткиликтүү болгон социалдык камсыздандырууга, байлыктарга, кирешe булактарына жол торогон аракет.

**Жарандык коом** – социалдык жактан алгандагы биримдик, ал коомдук турмушта экономикалык, саясый, социалдык, руханий чөйрөдө ыктыярдуулук менен түзүлгөн алгачкы мамлекеттик эмес структураларды камтыйт. Эркин адамдардын, түрлүү кошуундардын (ассоциациялардын) ишмердигин камтыган көп түрлүү чөйрө. Жарандык коомдо негизги аракет кылуучу тарап катары адам (личность) болуп, анын өзүнчө кызыкчылыгы менен талаптары болот. Андай адам жеке өзүмдүк эркиндикке ээ болуу укугуна ээ.

**Идеология** – башкаруу топторунун кызыкчылыгын актоого жана аларды колдоого кызмат кылган жалпы идея менен ишенимдер. Идеология топтордун арасында даана байкалган теңсиздик болгон коомдо жаралат. «Идеология» түшүнүгү «бийлик» түшүнүгү менен тыгыз байланышкан. Идеологиянын көп учурда колдонулган үч өзгөчө басым кылуучу түрү бар:

1. Кээ бир көз караштардын, ойлордун, ишенимдердин, идеялардын кандайдыр бир негиздик баалуулуктардын тутуму катары каралган түшүнүк (мисалы гуманизм, либерализм, фашизм, социализм, пацифизм, католицизм, исламизм ж.б.). Алар коомго колдоочулар тарабынан жайылтылат.

2. Социалдык жактан аныктамага ээ болгон идеялар менен ишенимдер. Алар коомдун түрлүү социалдык катмарлары тарабынан жана процесстерден иштелип чыгат.

3. Класстардын кызыкчылыгы айынан бурмаланып, таңууланган аң-сезим жана түзүлүп калган салт катары марксисттик деп таанылган түшүнүк.

**Инновация** (жаңылануу) – кандайдыр-бир системаны сапаттык бир абалдан башка абалга демилгеленген жана көзөмөлдөө жолу менен которуу, анын жыйынтыгында жаңылануyга жетүү.

**Капитализм** – рыноктук алмаштыруу принцибине негизделген экономикалык система. «Капитал» түшүнүгүнүн астында байлык же акча жатат, алар рынокко киреше алуу максатында инвестицияланат.

**Консерватизм** (лат. conservate – сактап туруу, кайтаруу) – жашап жаткан коомдук түзүлүштүн сакталып калуусун жактаган саясый идеология, биринчи иретте улуттук деңгээлде, динде, үй-бүлөө курууда, менчиктик кылууда моралдык-укуктук мамилелердин сакталышы.

**Коррупция** (лат. corruptio – паракорлук кылуу) – кызматтагы адамдардын түрлүү тармактарда жеке өзүнүн байышын камсыз кылууга жасаган кылмыш иши. Коррупция дайыма көмүскө ирет жасалып, сыр бойдон калуу мүнөзүнө ээ. Ал саясый, чарбалык жана коомдук иштердин башка багыттарында башкарууну ишке ашыруу максатында субъектилердин жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү негизинде ишке ашырылат. Ошо себептен аны ачуу жана жок кылуу абдан татаал.

**Конфедерация** – мамлекеттердин биргелешкен аракеттерин башкарууда жана ишке ашыруудагы жалпы саясый кызыкчылыктын негизинде, мамлекеттер аралык биримдиктин түрү. Конфедерацияда ар-бир мамлекет өзүнүн эгемендигин, суверенитетин сактап, өзүнө гана таандык башкаруу органдарына ээ жана андан чыгуу укугуна ээ. Конфедерацияда жалпыга таандык конституция, жалпы атуулдук болбойт.

**Легитимдүүлүк** – кабыл алынган саясый тартип акыйкаттуу

жана мыйзамдуу экендигине болгон ишеним (биринчи иретте моралдык). Легитимдүү бийлик – көпчүлүк элдин айтылган ишенимдерге таянган бийлик.

**Либерализм** (лат. liberaris – эркиндикке тиешелүүлүк) – жетишээрлик деңгээлде кеңири тараган идеялык, социалдык жана саясый кыймыл, анын эң маанилүү концепциясы – жекече эркиндик тууралуу идея, личносттун автономдуулугу (көз каранды эместиги) жана анын коом менен мамлекетке караганда биринчилиги. Адамдын бөлүп жаргыс укугу катары жеке менчикке ээ болуу укугу.

**Лобби** – негизинен кээ бир социалдык топтордун кызыкчылыгы козголгондо аларды колдоо үчүн саясый кысым кылуучу уюм (топ).

**Макиавеллизм** – италиялык саясый ишмер жана жазуучу Николло Макиавеллинин аты менен байланышкан термин. Анын маңызын – саясый максатка жетүүдө моралдык нормаларды этибарга албаган саясый жүрүм-турумдун түрү түзөт. Макиавелли башкарган адам (падыша) ээлеген ордуна жараша саясатчы да, жеке адам катары да карала алат деп эсептеген. Жеке адам катары ал моралдык эрежелерди аткарууга тийиш, ал коомдун кээ бир бөлүгүнүн (жеке адамдардын, социалдык топтордун, катмарлардын) кызыкчылыгына кайдыгер мамиле кылуусу мүмкүн, кээде милдеттүү.

**Мамлекет** – аныкталган аймакта укукка таянып, коомдук турмушту башкаруу функциясына негизделген институттар түзүмү (саясый аппарат, мыйзам чыгаруу органдары, борбордогу жана жер-жерлердеги аткаруучу бийлик, сот, милиция, куралдуу күчтөр). Анын эң маанилүү мүнөздөмөсү – саясый үстөмдүктүн институтташтырылган системасы, жана мыйзамдаштырылган жол менен күчтү колдонууга жалгыз өзү гана укукту.

**Меритократия** (лат. meritus – татыктуу жана греч. kratos – бийлик) – эң шыктуу, таланттуу катмардын бийлиги, жана илимий-техникалык өнүгүү шартында салттуу демократияга даярдыгы бийик, шыктуу жана таланттуу адамдар тарабынан жүргүзүлүүчү башкарууга өтүүнү далилдеген теория. Бул теориянын негиздөөчүсү англиялык социолог М. Янг болгон. Ал социалдык прогресс бийлик менен акылдын айкалышынан көз каранды деп эсептеген.

**Модернизация** – коомдо индустриализация процессине байланыштуу жана илимий-техникалык жетишкендиктерди өздөштүрүүдө аткарылып аткан экономикалык, социалдык, маданий, саясый өзгөрүүлөрдүн жыйыны.

**Монархия** – жогорку бийлик бир адамдын колуна – монархка

топтолгон учурдагы мамлекеттик башкаруунун түрү жана ал мурас катары кийинки муунга берилип турат. Монархиянын абсолюттук түрү болот – андай бийлик конституция же кандайдыр-бир башка мыйзамдар менен чектелбейт, жана конституциялык монархия түрү бар – анда монархтын бийлиги, үстөмдүгү мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруу бийликтерине тарай албайт.

**Национализм (улутчулдук)** – кайсы бир улуттук коомдук бирдик менен окшоштугун (идентификация) билдирген ишенимдердин жана символдордун системасы. Улутчулдуктун он маанисиндеги түшүнүк патриоттуулукту билдирет. Улутчулдуктун терс мааниси – өзүнүн улутун башка улуттарды кемсинтүү аркылуу артык кылып көрсөтүү. Улуттук белгилердин негизинде дискриминациялык саясат жана иш-чараларды жүзөгө ашыруу (мамлекеттик жана тыттык (бытовой) улутчулдук). Улутчулдуктун эң өткөн экстремисттик түрү – фашизм.

**Олигархия** – уюмда же коомдо экономикалык жактан үстөмдүк кылган азчылыктын башкаруусу.

**Парламент** (франц. parler – сүйлөө) – мамлекеттин өкүлчүлүк кылуу жана мыйзам чыгаруучу жогорку органы. Ал негизги социалдык-саясый күчтөрдүн өкүлчүлүк кылуу, мыйзам чыгаруу функцияларын аткарат.

**Революция** – социалдык-саясый, экономикалык жана идеологиялык өзгөрүүлөрдүн процесси, анда массалык социалдык кыймылдар жана партиялар күч колдонуу аркылуу бийликте турган саясый режимди кулатуу жолу аркылуу жаңы өкмөттү түзүүнү ишке ашырат. Бийликке кутумчулук жолу аркылуу жетүүдөн революция ага катышкандардын массалык мүнөзү менен айырмаланат жана саясый системада ирилешкен өзгөрүүлөр орун алат. *Кутумчулук (бунтка окшош эле)* - саясый жетекчини алмаштыруу үчүн бийликти куралдуу жол менен алуу формасы. Путч – ийгиликсиз аяктаган кутумчулук.

**Республика** – мамлекеттик түзүлүштүн формасы, мында бийликтин булагы катары эл чыгат. Бийликтин жогорку органдары атуулдар тарабынан шайланат, же болбосо жалпы улуттук өкүлчүлүк мекемелер (мисалы - парламент) тарабынан түзүлөт.

**Саясат** – өкмөттүк ишти алып барууда маңызы менен түпкүлүүлүгүнө таасир кылууда бийликтин жардамы менен колдонуучу каражат (күчтүк, экономикалык, маалыматтык ж.б.).

**Саясый партия** (лат. partis – бөлүк) – мамлекеттик бийликтин

түрлүү структуралык деңгээлинде бийлөө, аны сактап калуу, таасир кылуу жана катышууга умтулган бирдей ойдогу адамдардын тобу.

**Саясый режим** – кайсы бир мамлекетте бийликти ишке ашыруунун жолун билдирүү. Мындай режимдер *тоталитардык* саясый режим болот – мында кенен тараган күчтүк, көзөмөлдөөчү жана идеологиялык түзүмдөргө таянуу аркылуу коомдук турмушту толугу менен мамлекеттештирүү, абсолюттук саясый, идеологиялык (экономикалык жактан да) мамлекеттик толук үстөмдүк. Экинчиден мындай режим *авторитардык* болот – бир адамдын же бир бийлик органынын колуна топтолуусу менен мүнөздөлгөн саясый режим. Мында жеке адамдык, экономикалык, баарынан мурун саясый укуктарга кайсы бир деңгээлде чектөөлөр киргизилет. Андай режим негизинен саясый партиялар менен идеологияга эмес, армияга, салттуу динге таянат. *Демократиялык* саясый режим бийликтин булагы катары элди таануусу менен мүнөздөлөт, анда атуулдардын бирдей укугу болот, чечим кабыл алынууда азчылык көпчүлүккө баш ийет да, азчылыктын кызыкчылыгы эске алынат, ал эми мамлекеттик органдар шайланып дайындалат, укук менен эркиндик сакталат.

**Социалдык консенсус** – эки же андан көп тараптын ортосунда окшош багыттагы көз караштын жаралышы же табылышы.

**Теңдик** – төрт түрү болот: 1. *адамдардын* теңдиги – адатта мындай теңдик дин менен байланыштуу, анткени Кудай астында баары тең; 2. максатка жетүүдө *мүмкүнчүлүктөрдүн* теңдиги, коомдогу баардык орундар билимдик жетишкендиктердин жана жеке адамдык таланттын негизинде гана жетишүүгө болоору; 3. *шарттын* теңдиги – мында жашоо шарты мыйзамдуулуктун негизинде же позитивдүү дискриминациянын жардамы менен теңделет. Мындай учурда күчөп бараткан социалдык мобилдүүлүккө колдоо көрсөтүү, азчылыкты түзгөн топтордун пайдасына болот; 4. *факт* түрүндөгү теңдик.

**Укуктук мамлекет** – коомдун турмушунда мыйзамдын үстөмдүгү, жеке адамдын (личносттун) укугу менен эркиндиги реалдуу, мамлекет менен жеке адамдын бирдиктүү жоопкерчилиги, бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот болуп бөлүнүүсү, мыйзамдын ишке ашырылышында эффективдүү көзөмөлдөөсү болгон өзгөчө белгилери бар мамлекет. Укуктук мамлекет – элдин мамлекеттик суверендүүлүгүнүн формасы, башкача айтканда элдин саясый биримдик түзүүгө болгон укугун ишке ашыруу.

**Улут** – өнүккөн класска бөлүнгөн коомго мүнөздүү болгон эт-

ностун түрү, жана капитализмдин турукташы, феодалдык бөлүнүүлөрдүн жоюлушу, чарбалык байланыштардын күчөшү, өз тилинде билимди жана адабиятты жайылтуу, улуттук аң-сезимдин бекемделиши менен тарыхый жактан байланыштуу.

**Унитардык мамлекет** – мамлекеттик-аймактык түзүмдүн формасы, мында бийлик бирдиктүү конституциянын, мамлекеттик башкаруунун борбордоштурулган органдарынын, жогорку сот органдарынын үстөмдүгү аркылуу ишке ашырылат. Мындай мамлекетке кирген аймактык-административдик түзүмдөр саясый өз алдынчалыкка ээ эмес. Мамлекетте баардыгына бирдей атуулдук өкүм сүрөт.

**Фашизм** – бир расанын же улуттун башкалардан интеллектуалдык, моралдык, тарыхый жактан үстөмдүк кылууга негизделген саясый идеялардын системасы, же болбосо реалдуу саясый иш-чара.

**Федеративдик мамлекет** – мамлекеттик-аймактык түзүлүштүн системасы, мында баардык тараптарга бирдей чектөөлөр шартында бийлик бир эле мезгилде саясый башкаруу жалпы улуттук өкмөт жана автономиялык органдар тарабынан ишке ашырылат. Федерациянын субъекттери анын курамынан чыгууга укугу болбойт.

**Цивилизация** (лат. civilis – атуулдук, мамлекеттик) – 1. Кандайдыр-бир маданияттын тарыхый жактан жетишкен жыйынтыгы; 2. Белгилүү бир аймактын белгилүү тарыхый мөөнөттөгү маданияты.

**Эволюция** – (лат. evolutio – жайылтуу) – 1. Кубулуштун же процесстин акырындык менен үзгүлтүксүз өзгөрүүсүнүн өнүгүшү, бир абалдан экинчи абалга секириксиз жана тынымсыз өтүүдө, сапаттуулукту сактоо аркылуу сапаттык-сандык өзгөрүүлөр.

**Эл** – кадимки эле айтылганда: өтө чоң топтогу адамдар, алар негизинен өзүнүн турган же жайгашкан жери менен байланышкан болот (мисалы – көчөдө көп эл жыйналды); социологияда – коомдун катмарлары же класстары, алар тарыхый бир учурда коомдук өнүгүүнүн маселелерин чечүүдө катыша алышат, - тарыхый жактан кошулган этникалык жалпылыктын түрү: уруулар, улуттар.

**Эркиндик** – адамдын, топтун, коомдун өзүнүн кызыкчылыгы жана максатына ылайык аракет кылууга жөндөмдүүлүгү, бирок мында алар объективдүү социалдык-зарылчылыктан келип чыккан чектөөлөрдүн бардыгын түшүнүү аркылуу кабыл алат.

*Мында келтирилген түшүнүктөр жана терминдер эл аралык саясатта колдонулган булактардан жана Википедияда жазылган маалыматтардан алынган.*

# МАЗМУНУ

**Кириш сөз ордуну . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3**

Биринчи бөлүм
**Көп полярдуулуктун зарылдыгы . . . . . . . . . . . . . . . . 5**

Экинчи бөлүм
**Орто азия . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26**

Үчүнчү бөлүм
**Европа жана Акш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 94**

Төртүнчү бөлүм
**Кытай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 135**

Бешинчи бөлүм
**Россия . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 168**

Алтынчы бөлүм
**Кыргызстан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 207**

Жетинчи бөлүм
**Баткен окуялары жана «Кабар» . . . . . . . . . . . . . . . 253**

Сегизинчи бөлүм
**«Үркүндүн» 100 жылдыгы . . . . . . . . . . . . . . . . 272**

Тогузунчу бөлүм
**Мамлекетти башкаруу . . . . . . . . . . . . . . . . . 295**

**Терминдер жана түшүнүктөр . . . . . . . . . . . . . . . 307**

Кубан АБДЫМЕН

ТЫНЫМСЫЗ АККАН САЯСАТ
(кыргыз тилинде)

Редактору: Б.Жумабаев
Техникалык редактору: Б. Дыйканов
Корректору: Р.Таабалдиева

Терүүгө 15.09.2016-жылы берилди.
Басууга 25.11.2016-жылы кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик ыкмада басылды.
Фоматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 20 басма табак.

Нускасы 500 даана.
«ММК колдоо борбор» фондунун буйрутмасы менен
«Имак Офсет» басмаканасында басылды
Дареги: Бишкек шаары, Горький көчөсү, 1